ӨНҮКТҮРҮҮ САЯСАТ ИНСТИТУТУ
ИНСТИТУТ ПОЛИТИКИ РАЗВИТИЯ
DEVELOPMENT POLICY INSTITUTE







**Б. И. Орозбаев,**
**А. А. Чекиров,**
**С.А. Эсенбеков**

# МЕН – ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫМЫН

**Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын 150 суроосуна жөнөкөй жооптордун жыйнагы**

**Бишкек**
**Өнүктүрүү саясат институту**
**2013-ж.**

УДК 342
ББК 67.99 (2) 05
О - 69

О-69 **Б. И. Орозбаев ж. б. Н.Н. Добрецованын редакциясы астында.**

**Мен – жергиликтүү кеңештин депутатымын. Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын 150 суроосуна жөнөкөй жооптордун жыйнагы.** /Орозбаев Б.И., Чекиров А.А., Эсенбеков С.А. Н.Н. Добрецованын редакциясы астында. Б.: Өнүктүрүү саясат институту, 2013-ж.- 100 бет.

ISBN 978-9967-11-395-4

*Суроолордун жана жооптордун бул жыйнагы 2012-2013-жылдары шайланган жергиликтүү кеңештердин депутаттары тушуккан реалдуу суроолорго жана проблемаларга негизделген. Суроолор Кыргыз Республикасынын ар кайсы аймактарында фокус-топторду өткөрүү аркылуу топтолгон, ошондуктан алар депутаттардын укуктарын жана милдеттерин, муниципалдык каражаттарды жана ресурстарды башкарууну кошуп алганда, жергиликтүү жамааттардын турумушуна байланышкан темалардын кеңири чөйрөсүн камтыйт. Жооптор жөнөкөй тил менен жазылып, бирок 2013-жылдын июлундагы колдонулуп жаткан мыйзамдарга негизделди. Жооптор уникалдуу автордук жамаат тарабынан: мыйзамдар боюнча адис Б.И. Орозбаев, муниципалдык финансы жана бюджеттер аралык мамиле боюнча адис А.А. Чекиров, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын мурдагы жетекчиси, айыл өкмөтүнүн башчысы катары 12-жылдык иш тажрыйбасы бар С.А. Эсенбеков тарабынан даярдалды. Мындай курам жооптордун сапатын, толуктугун жана практикалык жактан баалуулугун кепилдеп турат. Жыйнак, биринчи иретте, Кыргыз Республикасынын муниципалитеттеринин жергиликтүү кеңештеринин депутаттарына, ошондой эле саясатчыларга, мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларга, коомдук ишмерлерге, студенттерге жана «Мамлекеттик жана муниципалдык башкаруу» адистиги боюнча окутуучуларга арналган.*

*Бул маалamаттык баракча «Введение депутатов местных кенешей в местное самоуправление» долбоорунун алкагында Кыргыз Республикасындагы АКШ Элчилигинин Демократиялык комиссиясынын каржылык колдоосу менен даярдалган.*

Embassy of the United States of America

*Бул долбоор Кыргыз Республикасындагы АКШ Элчилиги тарабынан каржыланган. Бул жерде келтирилген сунуштар, корутундуулар жана пикирлер, авторлордун оюн гана билдирет. АКШ мамлекеттик департаментинин коз карашына дал келбеши мүмкүн.*

О 1203020100-13
ISBN 978-9967-11-395-4

УДК 342
ББК 67.99 (2) 05

© Орозбаев Б. И., Чекиров А. А., Эсенбеков С. А., 2013
© Н. Н. Добрецованын ред. астында, 2013
© Өнүктүрүү саясат институту, 2013

Все права защищены. Просьба при распространении в любой форме и любыми средствами, электронными или механическими, включая фотокопирование, звукозапись, любые запоминающие устройства и системы поиска информации, уведомлять правообладателя по адресу электронной почты

# МАЗМУНУ


Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негиздери жөнүндө ........ 11
1. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу» деген эмне? ........ 11
2. «Муниципалитет» деген эмне? ........ 12
3. «Жергиликтүү маанидеги маселелер» жана «мамлекеттик маанидеги маселелер» деген эмне? ........ 12
4. «Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусу» деген эмне жана анын жүзөгө ашырылышы? ........ 13
5. «Мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү» деген эмне? ........ 14
6. «Жергиликтүү жамааттын уставы» деген эмне? Жергиликтүү жамааттын уставы айыл өкмөтүнүн жана жергиликтүү кеңештин жобосунан (уставынан) эмнеси менен айрымаланат? ........ 15

Жергиликтүү кеңештин депутатын шайлоо жөнүндө ........ 17
7. Айыл аймагындагы шайлоо округу боюнча айыл кеңешинин депутаттыгына талапкерлер кантип көрсөтүлөт жана катталат? Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкерлер айыл аймагында шайлоо округун өз каалосуна ылайык тандай алышабы? ........ 17
8. Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого катышууга кимдердин укугу бар? ........ 18
9. Жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүүдө мыйзамда билими боюнча чектөө барбы? ........ 19
10. Башка жарандыгы бар Кыргыз Республикасынын жарандары (мисалы Россия Федерациясынын) өздөрүнүн талапкерлигин жергиликтүү кеңештердин депутаттыгына, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчылыгынын кызматына көрсөтүүгө, ошондой эле шайлоолордо добуш берүүгө укуктары барбы? ........ 19
11. Айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы бир эле учурда айылдык кеңештин депутаты болууга укугу барбы? ........ 20

Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу жөнүндө ........ 21
12. «Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу» деген эмне? ........ 21
13. Эмне үчүн депутатка эмгек акы төлөнбөйт? ........ 21
14. Депутаттык иштин кепилдиги кандай? ........ 21
15. Депутат кандай учурда депутаттык мандатынан ажырайт? ........ 22
16. Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусун кайсы кызматтар жана иштин түрлөрү менен айкалыштырса болот? Жаңы мыйзамдар боюнча мектептин директорлору жергиликтүү кеңештин депутаты боло алышабы, эгерде алар шайланып калышкан болсо? ........ 23
17. Жергиликтүү кеңештин депутатынын ишмердиги муниципалдык стаж катары эсептелинеби? ........ 24
18. Депутат жергиликтүү кеңеште жана анын органдарында кандай укуктарга ээ? ........ 24
19. Айылдык кеңештин депутаттары депутаттык фракцияларды

же топторду түзө алышабы? ........................................................................................ 26

Жергиликтүү кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссиялары жөнүндө ................ 27
20. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары кандай жол менен жана эмне үчүн түзүлөт? ........................................................................................ 27
21. Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссияларынын ыйгарым укуктарына кандай маселелер кирет? ........................................................................................ 28
22. Туруктуу комиссиянын жыйналышын ким чакырат, жыйналышты өткөрүүнүн тартиби кандай? ........................................................................................ 29
23. Туруктуу комиссиянын төрагасы кандай ыйгарым укуктарга ээ? ...................... 30
24. Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрүндө кандай укуктар жана милдеттер бар? ........................................................................................ 31
25. Туруктуу комиссиялардын депутаттары туруктуу комиссиялардын кошмо жыйналыштарын өткөрө алышабы? ........................................................................................ 32
26. Жергиликтүү кеңештин убактылуу комиссиялары кандай учурларда жана кантип түзүлөт жана аны түзүүнүн тартиби? ........................................................................................ 32

Жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары жөнүндө .......................... 34
27. Айылдык кеңештин төрагасы жана анын орун басары кандай ыйгарым укуктарга ээ? ........................................................................................ 34
28. Айылдык кеңештин төрагасын жана анын орун басарын көрсөтүүнүн жана шайлоонун тартиби кандай? ........................................................................................ 36
29. Жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары өздөрүнүн кызматынан ыктыярдуу түрдө кете алышабы? ........................................................................................ 37
30. Жергиликтүү кеңештин депутаттары кандай учурларда жана кантип жергиликтүү кеңештин төрагасына жана анын орун басарына ишеним көрсөтпөөнү билдире алышат? ........................................................................................ 38

Жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктары жана сессиялары жөнүндө ..................... 39
31. Жергиликтүү кеңештин компетенциясына кандай маселелер киргизилген? ... 39
32. Айылдык кеңештин биринчи сессиясын ким чакырат жана уюштурат? ............ 40
33. Айылдык кеңештин сессиясын кантип уюштуруу керек (кворум, маалымдоо, сессияда депутаттарды каттоонун тартиби)? ................................ 41
34. Жергиликтүү кеңештин сессиясында депутатта кандай милдеттер бар? .......... 42
35. Жергиликтүү кеңештин кандай маселелери жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн бири тарабынан демилгеленет? ........ 43
36. “Кворум” деген эмне? ........................................................................................ 43
37. Кандай маселелер боюнча жергиликтүү кеңеш депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен, кайсы маселелер боюнча депутаттардын жалпы санынын үчтөн эки добушу менен чечим кабыл алууга укуктуу? .......... 44
38. Жергиликтүү кеңештин сессиясынын протоколун жана жергиликтүү кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларынын протоколдорун жүргүзүүнүн тартиби кандай? ........................................................................................ 45
39. Айылдык кеңештин кезексиз сессиялары кандай учурларда чакырылат? ........ 46
40. Сессияны өткөрүүнүн максималдуу жана минималдуу узактыгы кандай? ....... 46
41. Жергиликтүү кеңештин сессиясынын күн тартибинин долбоору кантип

түзүлөт, аны кабыл алуунун тартиби? ........ 47
42. Жергиликтүү кеңештин сессиясын ким алып барат? Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары, туруктуу комиссиянын төрагасы, фракциялардын лидери, фракциялардын коалиясынын жетекчиси же жергиликтүү кеңештин төрагасынын тапшырмасы боюнча депутаттардын бири сессияны алып бара алабы?........ 48
43. Сессияга төрагалык кылуучунун укуктары жана милдеттери кандай? ........ 48
44. “Жергиликтүү кеңештин сессиясынын ачыктыгы” деген эмне? Жергиликтүү кеңештин сессиясына жана комиссияларынын жыйналыштарына жергиликтүү кеңештин депутаты болуп саналышпаган адамдар кантип жана канча жолу катыша алышат?........ 49
45. Депутаттарга жана жергиликтүү кеңештин сессиясына жана туруктуу комиссияларынын жыйналыштарына катышып жаткан адамдарга кандай жүрүм-турум этикасы каралган?........ 50
46. Жергиликтүү кеңештин депутатына кандай чектөөлөр коюлат?........ 51
47. Жергиликтүү кеңештин сессиясында токтомдун долбоорун талкуулоонун, кароонун жана кабыл алуунун тартиби кандай? Токтом долбоорун талкуулаган учурда ким чыгып сүйлөй алат? ........ 52
48. Жергиликтүү кеңештин токтомунун тексттин жол-жоболоштуруунун талаптары кандай? ........ 53
49. Жергиликтүү кеңештин сессиясынын кайсы маселелери жол-жоболор (процедуралык) маселесине кирет? Жол-жоболор маселеси боюнча чечимдерди кабыл алуу үчүн кандай кворум керек? ........ 54
50. Чыгып сүйлөөлөрдүн түрлөрүнө жараша алар үчүн убакыт белгилөө боюнча кандай чектөөлөр белгиленет?........ 55
51. Жергиликтүү кеңештин сессияларында добуш берүү кантип жүргүзүлөт? ........ 56
52. Депутат ишеним кат аркылуу башка депутатка добуш берүү укугун өткөрө алабы же сырттан добуш бере алабы? ........ 56
53. Жашыруун добуш берүүдө эсептөө комиссиясына кандай роль жүктөлгөн? Жашыруун добуш берүүнү өткөрүүнүн тартиби кандай?........ 57
54. Жергиликтүү кеңештин токтомдорунун аткарылышын көзөмөлдөө кантип ишке ашырылат? ........ 58
55. “Регламент” деген эмне? Жергиликтүү кеңештин регламентине канча жолу өзгөртүү киргизсе болот? ........ 59
56. Регламенттин жоболорунун сакталышын көзөмөлдөөнү ким жүзөгө ашырат?........ 59
57. Айыл аймагында, шаардын аймагында жайгашкан көчөлөрдү жана башка обьекттерди кайра атоо боюнча чечимди алууга ким ыйгарым укуктуу? ........ 60
58. Жергиликтүү кеңештин депутаттары өз алдынча административдик айыптардын өлчөмүн белгилей алышабы жана административдик жаза бере алышабы?........ 61

Депутаттын иштөө тартиби жана шарттары ........ 62
59. Жергиликтүү кеңеш кандай документтерди: токтомду, чечимди же тескемени чыгарат? ........ 62
60. Жергиликтүү кеңештин токтому менен салыштырганда кайсы нормативдик

укуктук актылар кыйла жогорку юридикалык күчкө ээ? ..... 62
61. Жергиликтүү кеңештин ар бир токтомун милдеттүү түрдө жарыялоо керекпи? Аны кантип жасоо керек? Жарыялоону кайсы каражаттан каржылоо зарыл? ..... 63
62. Жергиликтүү кеңештин иш планы эмне үчүн керек жана ага эмнелер кирүүгө тийиш? Ал жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинде пайдаланылып жаткан башка пландар, программалар, стратегиялар менен кантип байланышкан? ..... 65
63. "Депутаттык суроо" жана "депутаттык суроо талап" деген эмне? ..... 66
64. Партиялык тизме боюнча шайланган шаардык кеңештин депутаты кайсы аймакта иштөөгө тийиш? ..... 67
65. Айыл өкмөтү депутаттарга отчет берүү үчүн жана шайлоочулар менен жолугушуу үчүн аларга шарт түзүүгө (шайлоочуларды кабыл алуу үчүн иш ордун түзүп берүүгө) милдеттүүбү? ..... 67
66. Жергиликтүү кеңеш документтерге же долбоорлорго эксперттик баа берүү үчүн адистерди тарта алабы? Мындай консультациялык чыгымдарды кандай каражаттардан каржыласа болот? ..... 69
67. Жергиликтүү кеңеш депутаттарды жергиликтүү бюджеттик каражаттардын эсебинен квалификациясын жогорулатуу курсуна жөнөтө алабы? ..... 69
68. Айылдык кеңеш айылдык кеңештин жооптуу катчысынын кызмат ордун киргизе алабы? ..... 70
69. Жергиликтүү кеңештин депутаты соопчулук иш чараларын уюштура алабы? ..... 70

Жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарын токтотуу жана чечимдерин жокко чыгаруу жөнүндө ..... 72
70. Жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктары кандай учурларда токтотулат? ..... 72
71. Айылдык кеңештин депутаттары айыл өкмөтүнүн чечимин жараксыз деп таба алабы? ..... 73
72. Жергиликтүү кеңештин депутаттары өздөрүнүн токтомдорун же мурунку чакырылыштагы жергиликтүү кеңештердин токтомдорун жокко чыгара алышабы? ..... 74

Жарандар менен өз ара мамилелер жөнүндө ..... 75
73. Айыл өкмөтүнүн башчысы жана шаардын мэри өз ишинин натыйжалары жөнүндө калк алдында отчет берүүгө милдеттүүбү? ..... 75
74. Айыл өкмөтүнүн башчысы жана шаардын мэри өз ишинин натыйжалары жөнүндө курултайда отчет берүүгө милдеттүүбү? ..... 75
75. Пропорционалдык тутум боюнча (партиялык тизме боюнча) шайланган шаардык кеңештин депутаттары кимге отчет берет: партиягабы же калккабы? ..... 76
76. Депутаттын шайлоочулар менен байланышы кандай? Жергиликтүү кеңештин депутаты жалпысынан кимге отчет берет? ..... 76
77. Жергиликтүү кеңештин депутаттары шайлоочулардын алдында канча жолу отчет берүүлөрү керек? ..... 77

78. «Шайлоочулардын сунуш-талаптары» деген эмне?........................................... 78
79. Жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан шайлоочулардын сунуш-талаптарын аткаруунун механизмдери кандай?..................................... 78
80. «Жарандардын ченем чыгаруу демилгеси» деген эмне жана жергиликтүү кеңеш тарабынан аны кароонун тартиби кандай?....................... 79
81. Депутат калктын артыкчылыктуу (учурдагы башкы) керектөөлөрүн кантип биле алат?........................................................................................ 80
82. «Коомдук угуулар» деген эмне жана алар эмне үчүн колдонулат?.................. 82
83. Айыл өкмөтүнүн башчысы же жергиликтүү кеңештин депутаты айылдык аймактын жашоочусу болуп саналган агротехниканын менчик ээсин айылдык аймактын же айылдын гана аймагында иштөөгө милдеттендире алабы?.............................................................................. 83
84. Никеге туруп жаткан адамдарга жаш курактык цензин кандай негизде төмөндөтүүгө болот? .................................................................... 83

Мамлекеттик башкаруу органдары менен өз ара мамилелер жөнүндө ..................... 85
85. Жергиликтүү кеңеш райондук мамлекеттик администрациянын жана райондун акиминин ишин көзөмөлдөй алабы? ...................................... 85
86. Жергиликтүү мамлекеттик администрация (акимиат) жергиликтүү кеңештин жумушуна кийлигише алабы жана тескерисинче? .......................... 86
87. Жергиликтүү кеңештер маселелерди сессияларда жана туруктуу (убактылуу) комиссялардын жыйналыштарында райондук мамлекеттик уюмдардын (Мамкаттоо, Соцфонд, райархитектура ж.б.) катышуусу менен карай алабы? ........................................................................................ 86
88. Депутат мамлекеттик же башка түзүмдөрдөн жоопторду кантип ала алат?.... 87
89. Депутаттар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына өзгөртүүлөрдү киргизүүгө кандайча таасир тийгизе алышат?................................................... 88
90. Депутат мамлекеттик уюмдардын жана мекемелердин кадр саясатына кийлигише алабы? ............................................................................ 89
91. Депутат уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын, мамлекеттик түзүмдөрдүн жана жеке менчик компаниялардын аймактык бөлүмдөрүнүн иштерин текшере алабы? ......................................................... 89
92. Жергиликтүү кеңеш прокуратура, сот жана башка ыйгарым укуктуу органдардын актыларын кандай тартипте карайт?........................................... 91

Кадрлар жана муниципалдык кызматкерлердин өз ара аракеттенүүлөрү жонүндө.................................................................................................................... 92
93. Кандай учурларда депутаттар шаардын мэрине, айыл өкмөтүнүн башчысына жана райондун акимине ишенбестик көрсөтө алышат? ............... 92
94. Айыл өкмөтүнүн башчысы жана шаардын мэри өздөрүнүн иштеринин натыйжалары жөнүндө жергиликтүү кеңештин алдында канчалык тез-тез отчет берүүлөрү керек? ......................................................................... 93
95. Жеригиктүү кеңештин депутаты айыл өкмөтүнүн жана мэриянын кызматкерлерин тандап алуу процессине катыша алабы? .............................. 94
96. Кайсы мунуципалдык кызматчылар жергиликтүү кеңештин макулдугу менен кызмат ордуна дайындалат жана бошотулат?....................................... 94

97. Эгерде айыл өкмөтүнүн же мэриянын аппаратынын кызмат ордунан бошотулган кызматкерлери колдоо үчүн жергиликтүү кеңештин депутаттарына кайрылышса, депутаттар кандай чечим чыгара алышат?........ 96
98. Мэрия жана айыл өкмөтүнүн аппаратынын штаттык ырааттамасын ким аныктайт, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ушул процесске кийлигишүүгө укуктары барбы?........................................................................ 96
99. Жергиликтүү кеңештин депутаттары айыл өкмөтүнүн, мэриянын кызматкерлерине кызмат акыларын белгилей алышабы? .............................. 97
100. Жергиликтүү кеңештин депутаттары айыл өкмөтүнүн, мэриянын аппаратынын кызматкерлерин (муниципалдык кызматчыларды) ээлеген кызмат орундарынан бошото алышабы?............................................ 98
101. Айылдык кеңеш айыл статусуна ээ эмес, өзүнчө жайгашкан калктуу конуштарда айыл башчысынын штаттык бирдигин киргизе алабы же айыл башчысынын кызмат орду расмий айыл статусуна ээ болгон айылдарда гана киргизилиши керекпи? ........................................................ 99
102. Соттолгондугу жоюлган жана алып салынган адамдар айыл өкмөт башчысынын кызмат ордуна талапкер катары көрсөтүлүүгө укуктары барбы? ..................................................................................... 100

Стратегия жөнүндө ....................................................................................... 101
103. Өнүгүүнүн стратегиялык планын иштеп чыгууда жана бекитүүдө депутаттардын ролу кандай? Депутаттар өздөрү стратегия иштеп чыга алышабы? ............................................................................. 101
104. Эгерде депутаттардын ар түрдүү пикири болсо, муниципалитеттин өнүгүү стратегиясынын артыкчылыктуу багыттары кантип аныкталат? ......... 101

Жергиликтүү бюджет жөнүндө........................................................................ 102
105. Бюджеттик процессте депутаттардын ролу кандай?.................................... 102
106. Депутаттар кантип бюджеттин киреше бөлүгүнүн көбөйүшүнө таасир тийгизе алышат ............................................................................ 102
107. Депутаттар кантип инвестицияларды тартууга жана жергиликтүү экономикалык өнүгүүгө өбөлгө боло алышат?.......................................... 103
108. Жергиликтүү бюджеттин каражаттарын кайда багыттоого болот, кайда багыттоого болбойт? ........................................................................ 104
109. Жергиликтүү бюджетке акча каражаттары кайдан келип түшөт, жана депутатка мындай маалыматтарды ким бериши керек? ...................... 104
110. Жергиликтүү бюджеттен каржылануучу тармактардын тизмеги барбы? Бюджеттик каражаттарды чыгымдоонун артыкчылыктуу багыттарын ким аныктайт? ..................................................................................... 105
111. Депутат кандай салыктарга таасир тийгизе алат? ......................................... 106
112. Депутаттар жергиликтүү бюджеттин чыгымдоолорун текшере алышабы?... 107
113. Депутат жергиликтүү бюджеттин каражатына товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алууга кантип катышат?................................... 107
114. Кеңештин туруктуу комиссияларынын чыгымдоолорунун орду кантип толтурулат? ............................................................................... 108
115. Кандай учурларда жергиликтүү бюджетке өзгөртүүлөрдү киргизүүгө жана

каражаттардын бир статьяданбашкасына  которууга болот? ........................ 108
116. Бюджеттин райондук финансы башкармалыктары берген «контролдук сандар» боюнча түзүлүшү туурабы?.......................................... 108
117. Жергиликтүү кеңештин депутатынын жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин келип түшүүсүн текшерүүгө укугу барбы?........................... 109
118. Бюджетти талкуулоонун убагында азчылыктын пикирин кантип эске алууга болот? ................................................................................ 109

Муниципалдык менчик жөнүндө ........................................................................ 111
119. «Муниципалдык менчик» деген эмне, муниципалдык менчикке эмнелер кирет?.......................................................................................... 111
120. Муниципалдык менчик кантип түзүлөт? ........................................................ 112
121. Кандай учурларда муниципалдык менчикке укук токтотулат? ..................... 113
122. Мамлекеттик мүлк эмне үчүн муниципалдык менчикке өткөрүлүп берилген?............................................................................................. 113
123. «Муниципалдык менчикти башкаруу» деген эмне?....................................... 114
124. Эмне үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына муниципалдык менчикти натыйжалуу башкаруу маанилүү? ........................ 115
125. «Муниципалдык менчик объектеринин классификациясы» деген эмне?..... 115
126. Муниципалдык менчик объекттеринин классификациясын иштеп чыгыш үчүн эмне кылуу керек? ........................................................... 118
127. Муниципалдык менчикти башкаруу маселелеринде жергиликтүү кеңеште жана анын аткаруу органында кандай ыйгарым укуктар бар? ........ 118
128. Кандай жерлер муниципалдык менчик болуп саналат?................................ 120
129. Муниципалдык менчик объекттеринин эсебин алуу жана инвентаризациялоону жүргүзүү керекпи?...................................................... 121
130. Муниципалдык менчик объекттерин эсепке алууда жана инвентаризациялоодо кандай көйгөйлөр бар?.............................................. 122
131. Муниципалдык менчик объекттеринин реестрин ким жүргүзөт? ................. 123

Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун (АЖМФ) жерлери жөнүндө......... 125
132. АЖМФ жерлерин ижарага берүүдө жергиликтүү кеңештин депутаттарынын кандай ыйгарым укуктары бар?........................................... 125
133. Айыл өкмөтүнүн башчысы АЖМФ жерлерин жеке жана юридикалык жактарга өз алдынча бере алабы? ............................................ 127
134. АЖМФ кандай жерлери акцион аркылуу берилет, ал кандай өткөрүлөт? ..... 127
135. Кандай АЖМФ жерлери конкурс аркылуу берилет, ал кандайча өткөрүлөт? 129
136. Айылдык кеңештин жер комиссиясы өткөргөн АЖМФнун жерлери боюнча аукциондордо жана конкурстарда соодалар өткөрүлүп жаткан айылдык аймактын жашоочулары гана катышуусу жөнүндө айылдык кеңеш чечим кабыл алалабы? ................................................... 130
137. АЖМФ жерлери тооруктарды өткөрбөстөн түздөн-түз берүү жолу менен кандай учурларда жана кимге берилиши мүмкүн?............................ 131
138. АЖМФ жерлерин пайдалангандыгы үчүн ижара акыларынан табылган акчалай каражаттар кайда келип түшөт? ......................................... 132
139. АЖМФ жерлерин максаттуу пайдаланууну көзөмөлдөөнү ким

жүзөгө ашырат? ........................................................................................ 132
140. Жер комиссиясынын салыктар боюнча карыздары бар жеке жана юридикалык жактарга тооруктарга (аукциондорго, конкурстарга) катышуусуна бөгөт коюуга укугу барбы? ........................................................ 133
141. Айыл өкмөтүнүн башчысы Жер комиссиясынын мүчөсү болуу менен бир эле убакта аукциончу боло алабы жана аукцион өткөрө алабы? ............ 133
142. Жер комиссиясы тооруктардын катышуучулары болуп саналбаган адамдар үчүн аукционго кирүү акысын белгилей алабы? .............................. 134

Жайыттар жөнүндө .................................................................................... 135
143. Кандай жерлер жайыттарга кирет, алар эмнеге арналган? ............................ 135
144. Айылдык аймакта жайыттардын талаш-тартыш участоктор бар. Мындай маселени кантип чечүү керек? ........................................................ 135
145. Жайыттарды башкаруу маселелери боюнча депутаттардын кандай ыйгарым укуктары бар? ........................................................ 137
146. Жайыт пайдалануучулар бирикмесине жана жайыт-комитеттеринин курамына ким кирет? ........................................................ 137
147. Жайыттарды пайдалангандыгы үчүн акыны ким белгилейт? ........................ 139
148. Жайыт жерлерин пайдалануудан түшкөн каражаттар кайда багытталат? ..... 139
149. Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планынын жана жайыттарды пайдалануунун жылдык планынын ортосундагы айырмачылык эмнеде? ........................................................ 140
150. Жайыттарды пайдалануу укугун Мамкаттоодо каттоонун зарылдыгы барбы? ........................................................ 141

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН НЕГИЗДЕРИ ЖӨНҮНДӨ

## 1. «ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ» ДЕГЕН ЭМНЕ?



Конституцияга ылайык, жергиликтүү өз алдынча башкаруу - бул жергиликтүү жамааттардын (калктын) жергиликтүү маанидеги маселелерди өз кызыкчылыктарында жана өз жоопкерчилиги менен өз алдынча чечүүсүнүн Конституция менен кепилденген укугу жана чыныгы мүмкүнчүлүгү.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында жергиликтүү жамааттар (калк) тарабынан жүзөгө ашырылат (КР Конституциясы, 110-берене).

Ал эми, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамга ылайык, жергиликтүү жамаат – бул административдик-аймактык бирдиктин аймагында туруктуу жашаган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдары аркылуу жергиликтүү маанидеги маселелерди өзүнүн жоопкерчилигинде чечүү кызыкчылыктары менен бириккен Кыргыз Республикасынын жарандарынын тобу («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 2-беренеси).

Өз кезегинде Конституция жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын системасын - жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдары болгон айылдык, шаардык кеңештерди жана алардын аткаруу органдары болгон айыл өкмөттөрүн, шаарлардын мэрияларын белгилеген, алар өздөрүнүн чек араларында жергиликтүү жамааттар жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырган административдик-аймактык бирдиктерге ээ.

Мындан тышкары, Конституциянын нормаларында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары жана алардын кызмат адамдары өз иштеринде жергиликтүү кеңешке отчет бере тургандыгы каралган.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул өлкөдөгү башкаруу системасынын адамга эң жакын бөлүгү, ал жалпысынан алганда жергиликтүү жамааттын жана жеке алганда жарандардын күнүмдүк турмушушун бышып жетилген маселелерин чечүү менен алектенет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу – бул башкаруунун демократиялык түрү, анткени калк тарабынан тике шайланган жергиликтүү кеңештер жергиликтүү өз алдынча башкаруу системасында жогорку бийлик органы катары эсептелинет.

Өнүккөн, ийгиликтүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу саясий, административдик жана финансылык жактан көз карандысыз (автономиялуу) болуп саналат, бул жергиликтүү маанидеги маселелерди натыйжалуу чечүүгө мүмкүнчүлүк берет.



## 2. «МУНИЦИПАЛИТЕТ» ДЕГЕН ЭМНЕ?

Кыргыз Республикасынын мыйзмадарында «муниципалитет» деген түшүнүк колдонулбайт, бирок эркин колдонулган учурлар бар, алар: муниципалдык менчик – жергиликтүү жамаатарга тийиштүү менчик; муниципалдык кызматчы – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кызматкери. Ошентип, «муниципалдык» деген түшүнүк жергиликтүү өз алдынча башкарууга же жергиликтүү жамааттарга таандык экендикти билдирет.

Дүйнөлүк практикада бул түшүнүк калктуу пунктту белгилөө үчүн гана эмес, ошондой эле башкаруу органдарын белгилөө үчүн да кеңири колдонулат. Айрым өлкөлөрдө шаар конуштары, айрымдарында калктуу пункттардын райондору же топтору муниципалитет катары түшүдүрүлөт. Муниципалитетти аймактын үч бирдиги катары, атап айтканда аймак, ошол аймакта жашаган калк, ошондой эле калктын кызыкчылыгында ошол аймактагы жергиликтүү маанидеги маселелерди чечкен орган же башкаруу органы катары түшүнүү да кеңири жайылтылган.

Кыргыз Республикасында «Мунципалитет» - бул илимий-популярдуу журналдын аталышы, дээрлик жергиликтүү жамааттардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана муниципалдык башкаруунун өнүгүүсүнө арналган,өлкөдөгү бирден-бир мезгилдүү басма сөзү. . «Мунципалитет» журналынын мазмуну менен кыргыз жана орус тилдеринде www.municipalitet.rg сайтынан таанышса болот.



## 3. «ЖЕРГИЛИКТҮҮ МААНИДЕГИ МАСЕЛЕЛЕР» ЖАНА «МАМЛЕКЕТТИК МААНИДЕГИ МАСЕЛЕЛЕР» ДЕГЕН ЭМНЕ?

Мааниси жагынын баарына тийиштүү жана жашаган жерине карабастан Кыргыз Республикасынын ар бир жаранынын таламдарын козгогон маслелер бар. Маселен, мыйзам чыгаруу, улуттук коопсуздук, эл аралык бирликтерге кирүү жана Олимпиадага улуттук курама командалардын катышуусу сыяктуу маселерлер Нарын жана Баткен областтарынын жашоочуларына тийиштүү болгон сыяктуу эле, республиканын башка бардык шаарларынын же айылдарынын тургундарына да тийиштүү маселелер болуп саналат. Булар мамлекеттик маанидеги маселелер, аларды чечүү менен мамлекеттик бийлик алектенет. Бул маслелер кайсы жерде гана жашабасын Кыргыз Республикасынын бардык жарандары үчүн бирдей деңгээлде чечилет.

Бирок башка түрдүү маселелер дагы бар, айталык, жолдорду жарык кылуу же калдыктарды чыгаруу, бул маселелер чын-чынында конкреттүү аймактын, шаардын же айылдын, муниципалитеттин тургандарын гана түйшөлтөт. Булар жергиликтүү маанидеги маселелер, мындай маселелерди чечүү менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ситемасы алектенет. Жергиликтүү маанидеги тигил же бул маселенин чечилиши ар бир шаар же айыл үчүн индивидуалдуу болушу мүмкүн, бирок ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык кабыл алынууга тийиш. Андай чечимдердин мыйзамдарга ылайык келишин прокуратура органдары көзөмөлдөйт.

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 18-беренесинде жергиликтүү маанидеги маселелердин төмөндөгүдөй тизмеги белгиленген:

- муниципалдык менчикти башкаруу;
- жергиликтүү бюджетти түзүү, бекитүү жана аткаруу;
- калкты ичүүчү суу менен жабдуу;

- калктуу конуштарда канализация жана тазалоочу курулмалардын тутумунун ишин камсыз кылуу;
- калктуу конуштардагы муниципалдык жолдордун иштешин камсыз кылуу;
- жалпы пайдалануудагы жерлерге жарык берүүнү уюштуруу;
- көрүстөндөрдүн иштешин жана ырасым кызматтарынын көрсөтүлүшүн камсыз кылуу;
- жалпы пайдалануудагы жерлерди көрктөндүрүү жана жашылдандыруу;
- парктардын, спорттук курулмалардын жана эс алуу жайларынын иштешин камсыз кылуу;
- турмуш-тиричилик калдыктарын жыйноону, ташып кетүүнү жана керектен чыгарууну уюштуруу;
- муниципалдык транспорттун иштешин камсыз кылуу жана калктуу конуштардын чегинде коомдук транспорттун иштешин жөнгө салуу;
- жер пайдалануу эрежелерин белгилөө жана шаар куруу менен архитектуранын нормаларын жана эрежелерин сактоону камсыз кылуу жана башкалар.

Бюджеттик каражаттарды натыйжалуу башкаруу үчүн жергиликтүү маанидеги айрым маслелер юридикалык жана жеке жактарга аткаруу үчүн өткөрүлүп берилиши мүмкүн. Жергиликтүү маанидеги айрым маселелердин аткарылышын өткөрүп берүү жөнүндө чечим жергиликтүү кеңештин макулдугу менен айыл өкмөтүнүн башчысы же шаардын мэри тарабынан кабыл алынат («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 19-беренеси).

Ошентип мамлекеттик жана жергиликтүү маанидеги маселелер адамдын ишмердигинин бардык чөйрөлөрүн камтыйт, бирок башкаруу системасынын ар түрдүү органдары – мамлекеттик бийилик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан чечилет. Эки бийликтин тең түзүлүшү боюнча ар түрдүү тартиби, ар түрдүү курамы, ар түрдүү иш-милдеттери бар, бирок алар акыры келип Кыргыз Республикасынын бирдиктүү башкаруу системасын түзөт.

## 4. «ЖАРАНДАРДЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУГА КАТЫШУУСУ» ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА АНЫН ЖҮЗӨГӨ АШЫРЫЛЫШЫ?



Кыргыз Республикасында жергиликтүү өз алдынча башкаруу жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга өкүлчүлүктүү жана тикелей катышуу формаларында жүзөгө ашырылат.

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга өкүлчүлүктүү катышуусу жергиликтүү кеңештер аркылуу ишке ашырылат. Мыйзамдарда каралган учурларда, шаардын же айыл аймагынын жергиликтүү жамаатынын өкүлчүлүктүү катышуусу жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысы аркылуу да жүзөгө ашырылат.

Жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууга тикелей катышуусу төмөнкү формада жүзөгө ашырылат:

1) коомдук жана мамлекеттик турмуштун бардык маанилүү маселелерин жана жергиликтүү маанидеги маселелерди жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн чогулушта-

рында (жыйындарында), коомдук угууларда, курултайларда талкуулоо;

2) жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо;

3) ченем чыгаруу демилгесин көтөрүү жана/же жергиликтүү маанидеги өзгөчө маанилүү маселелер боюнча тикелей добуш берүүгө катышуу.

Ошондуктан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун негизги принциптеринин тизмесинде төмөндөгү принциптер белгиленген:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдында ачыктыгы жана жоопкерчиликтүүлүгү жана алардын өз иш-милдеттерин жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарында жүзөгө ашырышы;
- жарандардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын тутуму аркылуу, ошондой эле жарандардын жыйындары, чогулуштары жана курултайлары аркылуу эрктерин билдириши;
- коомдук ой-пикирдин ачыктыгы жана эсепке алынышы;
- тиешелүү маселелерди чечүүдө коллегиялдуулук, эркин талкуулоо.

Ошол эле учурда жарандар жынысына, расасына, этностук тиешелүүлүгүнө, тилине, тегине, мүлктүк жана кызматтык абалына, динге мамилесине, ынанымдарына, коомдук бирикмелерге тиешелүүлүгүнө карабастан, түздөн-түз жана өз өкүлдөрү аркылуу дагы жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашырууда бирдей укуктарга ээ экендигин белгилөө зарыл.

Жарандар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоого жана шайланууга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана алардын кызмат адамдарына кайрылууга, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иши жөнүндө маалымат алууга укуктуу.



## 5. «МАМЛЕКЕТТИК ЫЙГАРЫМ УКУКТАРДЫ ӨТКӨРҮП БЕРҮҮ» ДЕГЕН ЭМНЕ?

Мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү – бул мамлекеттик бийлик органдары тарабынан мыйзамдын же келишимдин негизинде өздөрүнө таандык болгон ыйгарым укуктардын бир бөлүгүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүү дегендикти билдирет.

Бул жергиликтүү калкка кыйла сапаттуу кызмат көрсөтүү жана бюджеттик каражаттарды натыйжалуу пайдалануу үчүн жасалат. Маселен, мамлекет үчүн ар бир айылдык муниципалитетте социалдык камсыз кылуу бөлүмүн күтүү кыйла кымбатка турат, ошондуктан мамлекет ошол ыйгарым укукту жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына айрым мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү берилип жаткан ыйгарым укуктарды ишке ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык жана каржылык каражаттар кошо берүү менен жүзөгө ашырылышы маанилүү. Бүгүнкү күндө мындай талап мамлекет тарабынан аткарылбай келет.

Мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзамдын же мамлекеттик орган менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органын ортосунда түзүлгөн келишимдин негизинде жүзөгө ашырылат (Конституцияга жана «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамга ылайык). Бүгүнкү күндө мындай талап мамлекет тарабынан аткарылбай келет.

Ошол эле учурда бүгүнкү күндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тийиштүү финансылык жана башка ресурстары жок төмөндөгү өткөрүлүп берилген ыйгарым укуктарды аткарып келүүдө:

- калктын жумуштуулугу жана миграциясы маселелери;
- жарандардын эсебин алууну каттоо, жарандарды белгиленген тартипте эсепке коюуну жана эсептен чыгарууну жүргүзүү, шайлоочулардын тизмелерин түзүү;
- жарандык абалдын актыларын каттоо;
- нотариаттык аракеттерди жасоо;
- аскерге милдеттүүлөрдүн жана аскерге чакырылуучулардын алгачкы эсепке алынышын жүргүзүү, аларды аскердик эсепке кабыл алуу жана эсептен чыгаруу, аскердик кызматка чакырууну уюштурууга көмөктөшүү;
- айыл чарбасына жарактуу жерлердин Мамлекеттик фондунун жерлерин бөлүштүрүү жана пайдалануу;
- статистиканы жүргүзүү;
- салыктарды, алымдарды жана камсыздандыруу төгүмдөрүн жыйноо;
- тиешелүү аймакта жылуулук менен жабдууну уюштуруу;
- даректүү социалдык коргоону уюштуруу максатында аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдү иликтеп билүү;
- айыл жерлериндеги балдары бар, аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө ар ай сайын берилүүчү жөлөкпулга үй-бүлөнүн муктаждык даражасын баштапкы аныктоо жана башкалар.

## 6. «ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТЫН УСТАВЫ» ДЕГЕН ЭМНЕ? ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЖАМААТТЫН УСТАВЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ЖОБОСУНАН (УСТАВЫНАН) ЭМНЕСИ МЕНЕН АЙРЫМАЛАНАТ?



Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы (айыл өкмөтү, мэрия, айылдык жана шаардык кеңештер) юридикалык жактар болуп саналышат жана «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» Мыйзамда белгиленген тартипте мамлекеттик каттоого жатат. Мамлекеттик каттоо учурунда жергилктүү өз алдынча башкаруу органы каттоочу органга (Юстиция мин-не) башка документтер менен бирге жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жөнүндө (айыл өкмөтү, мэрия, айылдык жана шаардык кеңештер жөнүндө) жобону (уставды) кошо берет. Бул документ укуктук мүнөзгө ээ жана анда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын иши, анын компетенциясы жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин ыйгарым укуктары каралат.

Айыл аймагынын же шаардын жергиликтүү жамаатынын уставы айыл өкмөтүнүн жана айыл кеңешинин (мэриянын жана шаардык кеңештин) уставы болуп саналбайт. Жергиликтүү жамааттын (калктын) уставы жергиликтүү жамааттын чогулушунда (жыйынында) же курултайында талкуулоонун жыйынтыгы боюнча жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынат жана юстиция органында эмес, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органында катталат.

Жергиликтүү жамааттын уставы жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн өздөрүнүн

түздөн-түз катышуусу менен иштелип чыгат; анда уставды кабыл алуунун максаттары, шарттары жана жүйөлөрү көрсөтүлүү менен ошол жамааттын жана айыл аймагынын (шаардын) өнүгүү багыттары белгиленет.  Жергиликтүү жамааттын уставынан айрымаланып, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жобосу (уставы) жергиликтүү калктын катышуусуз органдын өзү тарабынан иштелип чыгат.

Жергиликтүү жамааттын уставы – бул жергиликтүү калктын (айыл аймагынын, шаардын) негизги документи, анда жергиликтүү калктын ички жашоо-турмушушун негизги принциптери жана эрежелери, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнүн укуктары жана милдеттери, жергиликтүү маанидеги, анын ичинде калктын бюджеттик процесстерге катышуусу боюнча маселелерди жана өлкөнүн мыйзамдарында камтылбаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу ишинин башка маселелерин кошкондо, жергиликтүү маанидеги маселерди чечүүдө жергиликтүү калк менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын өз ара мамилесинин тартиби жол-жоболоштурулган.

Мыйзамдар жергиликтүү калктын жашоо-турмушунун бардык маселерин дээрлик камтый албайт, бирок жергиликтүү калктын кайталангыс өзгөчөлүктөрүн жана салттарын жергиликтүү жамааттын уставы аркылуу эске алса болот. Мындай документ  кээ бир учурда жергиликтүү калк тарабынан «Айыл мыйзамы» деп аталып жүрөт, бирок мыйзамда жазылгандай, аны «Жергиликтүү жамааттын уставы» деп атаса туура болот.

Жергиликтүү жамааттын уставы жергиликтүү жамааттын негизги укуктук документи болуп саналат, анда жамаат төмөндөгүлөрдү белгилей алат:

- калктуу конуштун салттуу, этностор ортосундагы, географиялык жана башка өзгөчөлүктөрүнө байланышкан жергиликтүү ички маселелерди чечүүгө багытталган нормаларды жана эрежелерди;
- жергиликтүү кеңеште чогулуштарды (жыйындарды), коомдук (бюджеттик) угууларды, курултайларды өткөрүүнүн, калк тарабынан токтом долбоорлорун демилгелөөнүн тартибин;
- айыл көйгөйлөрүн аныктоо боюнча жана аларды чогуу күч-аракеттер аркылуу чечүүдө жергиликтүү жамааттар менен жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өз ара аркеттерин тартибин.

Башкача айтканда, жергиликтүү жамааттын уставы жергиликтүү жамааттын ички жашоо-турмушунун эрежелерин белгилейт; өздөрүнүн күчү менен чечүүгө  мүмкүн болгон  жергиликтүү маанидеги кошумча маселелерди аныктайт; жергиликтүү жамааттар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен өз ара аркеттенүүгө жана муниципалитеттин аймагында өз көйгөйлөрүн өзү чечүүгө укуктуу болгон эрежелерди белгилейт. Демек, жергиликтүү калк өзүнүн уставында айыл аймагында же шаардын аймагында өлкөнүн мыйзамдарына карама каршы келбеген «ыңгайлуу жашоонун» эрежелерин белгилөөгө мүмкүнчүлүк алышат.

Азыркы учурда жергиликтүү жамааттардын уставы, тилекке каршы, өзүнүн статусу боюнча ченемдик укуктук актыларга караганда, кыйла аз юридикалык күчкө ээ болгон укуктук актынын категориясына кирет. Мындай жагдайда  жергиликтүү кеңештин токтому жергиликтүү жамааттын уставына караганда кыйла жогорку юридикалык күчкө ээ.

Жергиликтүү жамааттын кыргыз жана орус тилдериндеги болжолдуу уставын Өнүктүрүү саясат институтунун сайтынан: www.dpi.kg  «Мыйзам чыгаруу» бөлүмүнөн тапса болот.

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫН ШАЙЛОО ЖӨНҮНДӨ

## 7. АЙЫЛ АЙМАГЫНДАГЫ ШАЙЛОО ОКРУГУ БОЮНЧА АЙЫЛ КЕҢЕШИНИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕР КАНТИП КӨРСӨТҮЛӨТ ЖАНА КАТТАЛАТ? АЙЫЛДЫК КЕҢЕШ-ТИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕР АЙЫЛ АЙМАГЫНДА ШАЙЛОО ОКРУГУН ӨЗ КААЛОСУНА ЫЛАЙЫК ТАНДАЙ АЛЫШАБЫ?



**Айылдык кеңештин депутаттыгына талапкер айыл аймагынын кайсы жеринде жашагандыгына карабастан айыл аймагынын ичинде кайсы гана шайлоо округунан болбосун бир жолу эркин талапкерлигин көрсөтө алат**. Мыйзамдар айыл кеңешинин депутаттыгына талапкер өзүнүн тапакерлигин өзү мүчөсү болуп саналган жамааттын айыл аймагынын кайсы гана шайлоо округунда болбосун бир жолудан ашык эмес көрсөтүүгү уруксат берет. Мындай учурда бир эле адам айыл аймагынын жана/же башка айыл аймагынын шайлоо округунда бир жолудан ашык көрсөтүүгө жол бербейт.

Жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоо мажортиардык система боюнча жүргүзүлөт.

Айыл кеңешине талапкерлерди көрсөтүү укугу саясий партияларга, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп саналган шайлоочулардын топторуна жана өзүн өзү көрсөтүү жолу менен жарандарга таандык.

Айылдык кеңештердин депутаттыгына талапкерлерди көрсөтүү шайлоо дайындалган күндөн тартып башталат жана шайлоо күнүнө чейин 30 календардык күн калганда аяктайт.

Көп мандаттуу шайлоо округу боюнча айылдык кеңештин депутаттарын шайлоону өткөрүү үчүн аймактык шайлоо комиссиясы көп мандаттуу шайлоо округдарын түзүү жана алардын ар биринде мандаттардын санын (эсебин) аныктоо менен, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда шайлоо округдарынын схемасын жана чек араларын иштеп чыгат.

Маселен, эгерде бир айыл аймагында 5 айыл жайгашса, жана калкынын саны 5000 адамды түзсө, анда аймактык шайлоо комиссиясы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын өкүлдөрүнүн катышуусунда 5 округду түзө алат, мындай учурда депутаттык мандаттын саны 11ден ашпоого тийиш. Мындай учурда, беш округдун төртөөсүндө эки мандаттан, ал эми бешөөсүнүн биринде – 3 мандаттан аныктаса болот.

Андан тышкары, аймактык шайлоо комиссиясы шайлоо участокторун түзөт, ал жерде добуш берүү жүргүзүлүп, добуштар эсептелет. Шайлоо участоктору шайлоочулар үчүн максималдуу ыңгайлыктарды түзүү максатында жергиликтүү жана башка шарттарды эске алуу менен түзүлүүгө тийиш.

Шайлоо участоктору ар бир участокто 2500 шайлоочудан ашык эмес эсепте түзүлөт. Мындай учурда шайлоо округдарынын чек аралары участоктордун чек аралары менен

кесилишине жол берилбейт.

Айыл кеңешине депутаттыкка талапкерлерди каттоонун тартиби төмөндөгүдөй. Талапкерлер же талапкерлердин ыйгарым укуктуу өкүлдөрү добуш берүүгө чейин 30 календардык күндөн кеч эмес, тигил же бул шайлоо округуна талапкерлерди көрсөтүү жөнүндө саясий партиянын, шайлоочулар тобунун чечимин аймактык шайлоо комиссиясына берүүгө тийиш. Эгерде талапкер мажоритардык система боюнча саясий партиядан же шайлоочулар тобунан көрсөтүлсө, анда АШКга төмөнкү документтерди берүүгө тийиш:

а. талапкер тарабынан атайын формада толтурулган өзү жөнүндө маалымат (өмүр баяны жана башка маалыматтар);

б. талапкердин пастортунун көчүрмөсү жана эгерде талапкер өзүн өзү көрсөтсө өзүн өзү көрсөтүү жөнүндө арызы.

Талапкерди каттоодо төмөнкүлөр баш тартуунун негиздери боло алат:

1) талапкерлерди каттоо үчүн зарыл болгон документтерди бербөө, ошондой эле көрсөтүүнүн ушул Мыйзам менен каралган тартибин сактабоо:

2) талапкерде пассивдүү шайлоо укугунун жоктугу;

3) ушул шайлоодо талапкердин башка шайлоо округунда катталгандыгынын фактысынын бар экендиги;

4) талапкердин башка мамлекеттин жарандыгына таандыктыгы же болбосо анда Кыргыз Республикасынын жарандыгынын жоктугу.

Талапкерлердин тизмесин каттоодон баш тартуу жөнүндө чечим Борбордук шайлоо комиссиясына же сотко даттанылышы мүмкүн.



## 8. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТАРЫН ШАЙЛООГО КАТЫШУУГА КИМДЕРДИН УКУГУ БАР?

«Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамга ылайык, шайлоо өткөрүлүп жаткан тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин жергиликтүү жамаатынын мүчөлөрү болуп саналган, 18 жашка толгон Кыргыз Республикасынын жарандары жергиликтүү кеңештин депутаттарын шайлоого катышууга укугу бар («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» Мыйзамдын 3-беренеси).

Добуш берүүгө катышуу жана мамлекеттик бийлик органдарына көрсөтүлгөн адамдарды шайлоо Кыргызстандын жарандарынын конституциялык укугу болуп саналат.

Жергиликтүү кеңештердин депуттарын шайлоого катышуу үчүн жарандар шайлоо өтүп жаткан жергиликтүү жамааттын мүчөсү болууга тийиш, б.а. айылдык аймактын (шаардын) аймагында туруктуу жашоочусу болуусу керек, ал анын инсандыгын ырастаган документте (паспортто) каттоону эсепке алуучу органдын каттоо белгиси менен тастыкталат.

Андан кийин жаран тийиштүү айылдык аймактын (шаардын) шайлоочуларынын тизмесине киргизилүүгө тийиш, болбосо, жаран жергиликтүү жамааттын мүчөсү болсо дагы шайлоо күнү ал добуш берүүгө катыша албай калат.

Сот тарабынан жөндөмдүүлүккө жараксыз деп таанылган же эркиндигинен ажыратылган жерде кармалып турган Кыргызстандын жараны добуш берүүгө укугу жок. Аскер бөлүктөрүнүн мөөнөттүү кызмат өтөгөн аскер кызматчылары, өзүнүн туруктуу жашаган жеринен тышкары альтернативдүү кызмат өтөгөн адамдар, ошондой эле тиешелүү

жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү болуп саналбаган, окутуунун күндүзгү формасынын студенттери жана аспиранттар иш жүзүндө жайгашкан жери (кызматы, окуусу) боюнча жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоого катышпайт.

Кылмыш жасоодо шектүүлөр жана айыпталуучулар катары камакта кармоо жайларында (СИЗО, ИВС) кармалып турган Кыргызстандын жарандары, алар шайлоо өтүп жаткан тиешелүү административдик-аймактык бирдиктин аймагында туруктуу жашаган жана алардын камакта кармоо жайлары ушул административдик-аймактык бирдиктин аймагында жайгашкан шартта, камакта кармоо жайларында добуш берүүгө укуктуу.

## 9. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА ТАЛАПКЕРЛЕРДИ КӨРСӨТҮҮДӨ МЫЙЗАМДА БИЛИМИ БОЮНЧА ЧЕКТӨӨ БАРБЫ?



Кыргыз Республикасынын Конституциясына жана мыйзамдарына ылайык жергиликтүү кеңештердин жана Жогорку Кеңештин депутаттыгына көрсөтүлгөн талапкерлерге алардын билими боюнча чектөөлөр белгиленилген эмес.

Курагы боюнча чектөө, турган жери жана жарандыгы боюнча чектөө, жөндөмдүүлүгү, соттуулугу, ошондой эле эркиндигинен ажыратылган жерлерде (түзөтүү колонияларында) турган адамдарга чектөөлөр бар.

## 10. БАШКА ЖАРАНДЫГЫ БАР КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН ЖАРАНДАРЫ (МИСАЛЫ РОССИЯ ФЕДЕРАЦИЯСЫНЫН) ӨЗДӨРҮНҮН ТАЛАПКЕРЛИГИН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ДЕПУТАТТЫГЫНА, ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУНУН АТКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН БАШЧЫЛЫГЫНЫН КЫЗМАТЫНА КӨРСӨТҮҮГӨ, ОШОНДОЙ ЭЛЕ ШАЙЛООЛОРДО ДОБУШ БЕРҮҮГӨ УКУКТАРЫ БАРБЫ?



Чет өлкөнүн жарандыгын алган адамдар чет өлкөнүн жараны болуп саналат, демек Кыргызстанда активдүү жана пасивдүү шайлоо укугунан, башкача айтканда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына шайлоо жана шайлануу укугунан ажырайт.

Конституциянын нормаларына ылайык, Кыргыз Республикасынын жарандары болуп эсептелген адамдардын мыйзамдарга жана Кыргыз Республикасы катышуучу болуп саналган эл аралык келишимдерге ылайык, башка мамлекеттин жарандыгына тийиштүүлүгү да таанылат (КР Конституциясынын 50-бер. 2-б.).

Бирок 2013-жылдын июлуна карата Кыргыз Республикасынын мыйзамдары кош жарандуулук боюнча чет өлкөлөрдүн мыйзамдарына карата жөнгө салынган эмес, анткени Кыргыз Республикасы менен башка мамлекеттердин ортосунда кош жарандуулук маселеси боюнча эл аралык келишимдер түзүлгөн эмес.

Ошондуктан Кыргыз Республикасынын жарандары башка мамлекеттин жарандыгын алган учурда (чет өлкөлүк жарандыкты алуу жол-жоболору КР жарандыгынан баш тартуу менен коштолот), чет өлкөнүн жараны болуп эсептелинет.



# 11. АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН ЖООПТУУ КАТЧЫСЫ БИР ЭЛЕ УЧУРДА АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ БОЛУУГА УКУГУ БАРБЫ?

Жооптуу катчы бир эле учурда жергиликтүү кеңештин депутаты боло албайт, анткени ал муниципалдык кызматта турган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы айылдык кеңешке отчет берип турат («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 22-бер. 1-б. 2-п.).

Айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы муниципалдык кызматчы болуп саналат, ал айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан кызматка дайындалат жана бошотулат. Жергиликтүү кеңештин депутаттары айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысын кызматка дайындоого жана бошотууга кийлигишүүгө укугу жок.

Жооптуу катчы айылдык кеңештин жана айыл өкмөтүнүн ишин уюштурууну камсыз кылуу боюнча иштерди координациялайт, жергиликтүү кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларына жана депутаттарына, түзүмдүк бөлүмдөрүнө жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башка органдарына жардам көрсөтөт. Айылдык кеңештин сессияларын, айыл өкмөтүнүн жыйналыштарын жана жергиликтүү жамааттардын курултайларын уюштуруу жана өткөрүү боюнча керектүү материалдарды даярдайт.

Айылдык кеңештин катчысынын иш-милдети айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына жүктөлгөн, ал айылдык кеңештин ишин камсыз кылуу боюнча төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- айылдык кеңештин токтомун каттоо журналын жүргүзүү;
- айылдык кеңештин сессиясына жана анын туруктуу комиссиясынын жыйынына материалдарды даярдоо, анын ичинде айылдык еңештин токтомунун жана анын туруктуу (убактылуу) комиссияларынын корутундуларынын долбоорун даярдоо боюнча ишти уюштуруу;
- айылдык кеңештин жана анын туруктуу комиссиясын иш пландарынын долбоорун иштеп чыгуу, бекитилгенден кийин алардын аткарылышын контролдоо;
- сессияларды, туруктуу комиссиялардын жыйындарын чакыруу жөнүндө айылдык кеңештин депутаттарын маалымдоону ишке ашыруу;
- айылдык кеңештин сессияларынын протоколун жүргүзүү, кабыл алынган чечимдерди жүзөгө ашыруу боюнча ишти камсыз кылуу;
- жергиликтүү кеңештин документтеринин, анын ичинде туруктуу жана башка депутаттык комиссиялардын документтерин сактоону, системага салууну жана тийиштүү деңгээлде кармап турууну камсыз кылуу;
- убактылуу депутаттык комиссияларга уюштуруучулук жактан жардам көрсөтүү;
- жергиликтүү кеңештин иш кагаздарын, анын ичинде айылдык кеңешке жарандардын даттануулары жана кайрылуулары боюнча иштерди, ошондой эле кайрылуучуларды кабыл алуу, депутаттарга жарандардын кайрылууларын каттоо журналын жүргүзүү;
- жергиликтүү жамааттын уставына, жергиликтүү кеңештин регламентине ылайык жана жергиликтүү кеңештин төрагасынын жана айыл өкмөтүнүн башчысынын тапшырмасы боюнча башка иш-милдеттерди жүзөгө ашыруу.

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫНЫН СТАТУСУ ЖӨНҮНДӨ



## 12. «ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫНЫН СТАТУСУ» ДЕГЕН ЭМНЕ?

Депутатка талапкер ал шайланган жана депутаттык мандат алган учурдан баштап жергиликтүү кеңештин депутатынын статусуна ээ болот.

Жергиликтүү кеңештин депутатынын статусу – бул жергиликтүү кеңештин депутатынын укуктук абалы, ал мыйзам жана жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат. Бул депутаттык мандаттын саясий-укуктук табиятына, анын пайда болуусуна, токтотулушуна жана иштеп туруу мөөнөтүнө байланышкан жергиликтүү кеңештин депутатынын укугун жана милдеттерин аныктаган мыйзамдардын нормаларынын жана регламенттин эрежелеринин жыйындысы. Статус ошондой эле депутаттардын ыйгарым укуктарын, алардын иштерине кепилдиктерди, ошондой эле депутаттардын шайлоочулардын алдында отчет берүүсүн, көзөмөлдө турушун жана жоопкерчилигин баяндайт.



## 13. ЭМНЕ ҮЧҮН ДЕПУТАТКА ЭМГЕК АКЫ ТӨЛӨНБӨЙТ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн ыйгарым укуктарын өндүрүштүк же кызматтык ишинен кол үзбөй туруп жүзөгө ашырат. Башкача айтканда, эгерде мыйзам бул кызматты же ишти депутаттык иш менен айкалыштырууга жол берсе, жергиликтүү кеңештин депутаты өзү жергиликтүү кеңешке депутат болуп шайланганга чейин ээлеген кызматында (жумуш ордунда), иштөөнү улантуу менен өзүнүн депутаттык ишмердигин коомдук башталышта (шаардык кеңештин төрагасын кошпогондо) жүзөгө ашырат («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 4-бер.).

Бул учурда депутат өзүнүн негизги кесипкөйлүк ишинен эмгек акы алат, сессия өткөрүлгөн учурда иш берүүчү депутаттын эмгек акысын сактоо менен иш ордун убактылуу калтырууга мүмкүнчүлүк берүүгө милдеттүү.



## 14. ДЕПУТАТТЫК ИШТИН КЕПИЛДИГИ КАНДАЙ?

Жергиликтүү кеңеш менен алдын ала макулдашпай туруп, депутат менчигинин түрүнө карабастан ишканалардын жетекчисинин демилгеси боюнча жумуштан бошотулууга, ошондой эле тартиптик жаза иретинде төмөн акы төлөнүүчү ишке (кызматка) которулууга тийиш эмес. Жергиликтүү кеңештин сессияларынын аралыгында жергиликтүү кеңештин төрагасынын жана мандат комиссиясынын, депутаттык ишмердик жана этика боюнча комиссиясынын макулдугу талап кылынат. Ишкана, мекеме, уюм толук жоюлган учурларды кошпогондо.

Депутаттын ыйгарым укуктары ага берилген депутаттын күбөлүгү жана төш белгиси менен ырасталат. Депутаттын күбөлүгүнүн жана төш белгисинин үлгүлөрү, ошондой эле алар жөнүндөгү жобо мыйзам аркылуу бекитилет.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында  жана башка  уюмдарда өзүнүн шайлоочуларын колдоо, алардын укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоо, Кыргыз Республикасынын Конституциясында, мыйзамында жана башка ченемдик укуктук актыларында каралган жергиликтүү маанидеги меслерелерди чечүү боюнча ыйгарым укуктарды ишке ашыруу жергиликтүү кеңештин депутатынын негизги милдеттери болуп саналат.

Кыргыз Республикасынын Конституциясында жана колдонуудагы мыйзамдарында каралган учурлардан тышкары, жергиликтүү кеңештин депутатынын ыйгарым укуктарын эч ким чектөөгө укуксуз.

Тийиштүү жергиликтүү кеңештер жана алардын органдары депутаттар өз ыйгарым укуктарын натыйжалуу жүзөгө ашыруусу үчүн зарыл шарттарды камсыз кылышат. Мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун жана жарандардын бирикмелеринин органдары, ишканалар, мекемелер, уюмдар, алардын кызмат адамдары депутаттардын ыйгарым укуктарын жүзөгө ашыруусуна көмөк көрсөтүүгө милдеттүү («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 1,2,24,25-бер.).



## 15. ДЕПУТАТ КАНДАЙ УЧУРДА ДЕПУТАТТЫК МАНДАТЫНАН АЖЫРАЙТ?

Депутаттык мандат төш белги жана аймактык шайлоо комиссиясынын төрагасы кол койгон күбөлүк менен ырасталат, ал шайлоонунун аныкталган жыйынтыктарына ылайык жергиликтүү кеңештин депутаттыгына шайлангандан кийин депутатка тапшырылат.

Жергиликтүү кеңештин депутаты төмөндөгүдөй учурларда депутаттык мандатынан ажыратылат:

1. турган жеринде депутаттык функцияларын натыйжалуу жүзөгө ашырууга мүмкүнчүлүк бербеген башка жерге туруктуу жашоого көчүп кеткенде;
2. депутаттык ыйгарым укуктарын ыктыярдуу тапшырганда;
3. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамда каралган айрым кызматтарды депутаттык иши менен  айкалыштырууга мүмкүнчүлүк болбогон кырдаалдар пайда болгондо;
4. депутаттык мандатты белгиленген тартипти бузуу менен алынгандыгы билингенде (шайлоонун натыйжалары анык эмес деп табылганда же шайлоонун натыйжалары четке кагылганда);
5. депутат соттун чечими боюнча аракетке жөндөмсүз же жөндөмү чектелүү деп табылганда;
6. депутат өлгөндө же ал дайынсыз жок же өлдү деп жарыялоо жөнүндө соттун чечими мыйзамдуу күчүнө киргенде;
7. катары менен төрт жолудан ашык жүйөлүү себепсиз жергиликтүү кеңештин сессияларына катышпаганда;
8. депутатка карата соттун айыптоочу өкүмү мыйзамдуу күчүнө киргенде;
9. кеңеш таркатылганда («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 24-бер.).

## 16. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫНЫН СТАТУСУН КАЙСЫ КЫЗМАТТАР ЖАНА ИШТИН ТҮРЛӨРҮ МЕНЕН АЙКАЛЫШТЫРСА БОЛОТ? ЖАҢЫ МЫЙЗАМДАР БОЮНЧА МЕКТЕПТИН ДИРЕКТОРЛОРУ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ БОЛО АЛЫШАБЫ, ЭГЕРДЕ АЛАР ШАЙЛАНЫП КАЛЫШКАН БОЛСО?



«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» жана «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» мыйзамдарына жакында эле киргизилген өзгөртүүлөргө ылайык жергиликтүү кеңештин депутаттарына, төмөндө көрсөтүлгөн кызматтарды кошпогондо, бир эле учурда мамлекеттик жана муниципалдык кызматтарды ээлөөгө уруксат берилет.

Тактап айтканда, жергиликтүү кеңештин депутаты төмөнкү учурлардамамлекеттик же муниципалдык кызматты айкалыштыра албайт:

1) эгерде ал жетекчилик кызмат ордун ээлеген (айыл өкмөтүнүн башчысы, шаардын мэри, райондун акими ж.б.) мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы өзү депутаты болуп саналган айылдын, шаардын аймагынын чектеринде жайгашкан болсо;

2) эгерде ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган мамлекеттик орган же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы ал депутаты болуп саналган айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңешине отчеттуу болсо;

3) эгерде ал мамлекеттик же муниципалдык кызматта турган мамлекеттик органдын же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисин шайлоого, дайындоого, бошотууга сунуштоо ал депутаты болуп саналган айылдык аймактын же шаардын жергиликтүү кеңешинин ыйгарым укуктарына тийиштүү болсо.

Андан тышкары, депутаттык ыйгарым укуктарды республикалык жана жергиликтүү бюджеттердин каражаттарынын эсебинен тиешелүү айылдык аймактын же шаардын калкына кызматтарды көрсөткөн мамлекеттик же муниципалдык ишкананын, мамлекеттик же муниципалдык билим берүү жана саламаттыкты сактоо мекемесинин жетекчисинин кызмат орду менен айкалыштырууга мындан ары тыюу салынат.

Мындай учурда мамлекеттик жана муниципалдык ишканалардын жетекчилери, ЖОЖдордун ректорлору, кесиптик лицейлердин, колледждердин, мектептердин директорлору, ооруканалардын, поликлиникалардын башкы врачтары, балдар бакчаларынын башчылары жана башка республикалык жана жергиликтүү бюджеттерден жергиликтүү калкка кызмат көрсөтүп жаткан уюмдардын жетекчилери депутат боло алышпайт («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 22-бер., «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 5-бер.).

Бирок мыйзамдын (ченемдик укуктук актынын) колдонулушу ал күчүнө киргизилгенге чейин келип чыккан мамилелерге карата жайылтылбайт.

Жогоруда саналган чектөөлөрдү караган «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Мыйзам 2013-жылдын 3-майында күчүнө кирген. Демек, жогоруда аталган мамлекеттик жана муниципалдык уюмдарда жана мекемелерде жетекчи кызматтарды ээлеген жана 2013-жылдын 3-майына чейин жергиликтүү кеңештин депутаттыгына көрсөтүлүп шайланган адамдарга мындай чектөө жайылтылбайт.

Жаңы чектөөлөр 2013-жылдын 3-майындагы «Кыргыз Республикасынын айрым мыйзам актыларына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө» Мыйзам күчүнө киргенден кийин жергиликтүү кеңешке талапкерлиги коюлгандарга тийиштүү болот.



## 17. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫНЫН ИШМЕРДИГИ МУНИЦИПАЛДЫК СТАЖ КАТАРЫ ЭСЕПТЕЛИНЕБИ?

Муниципалдык кызматта муниципалдык кызмат орундары аныкталган. Муниципалдык кызмат оруну - бул жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү жана аткаруу органдарындагы (жергиликтүү кеңештердеги, айыл өкмөттөрүндөгү, шаардын мэрияларындагы) ыйгарым укуктардын жана жоопкерчиликтердин белгиленген көлөмдөгү кызмат оруну.

Муниципалдык кызмат орундары саясий жана административдик болуп бөлүнөт.

Саясий муниципалдык кызмат орундарына жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын, айыл өкмөттөрүнүн башчыларынын шаарлардын мэрлеринин жана түз же кыйыр шайлоо жолу менен шайлануучу жана башка шайлануучу кызматтар кирет.

Административдик муниципалдык кызмат орундарына болсо өткөрүлгөн конкурстун жыйынтыктары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчиси тарабынан эмгек келишимин (контрактты) түзүү жолу менен дайындалуучу муниципалдык кызмат орундары кирет.

«Муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамга ылайык муниципалдык кызматтын стажын эсептөөдө жарандардын мурдагы СССРдин партиялык, советтик, профсоюздук жана комсомолдук органдарынын аппараттарындагы бошотулган кызмат орундарындагы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарындагы кызмат орундарындагы иши, ошондой эле СССРдин жана Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүндөгү жана укук коргоо органдарындагы кызмат өтөө жана туруктуу негизде депутаттык милдеттерин аткаруу, эгерде мыйзамда башкача белгиленбесе, муниципалдык кызмат стажына кошулуп эсептелет.

Муниципалдык кызматчы мамлекеттик кызматка киргенде муниципалдык кызмат стажы мамлекеттик кызматчыга тийиштүү жеңилдиктери жана башка укуктары менен бирге мамлекеттик кызмат стажына кошулуп эсептелет («Муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын 1,2,31-бер.).

Ошентип «Муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзам депутаттык ишмердикти муниципалдык стаж катары эсептөөгө уруксат берет, анткени жергиликтүү кеңештин депутаты калктын укуктарын жана кызыкчылыгын коргоого, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органында шайлоочулардын эркин билдирүүгө, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселерди чечүүгө багытталган депутаттык ишти аткаруу үчүн жергиликтүү калк тарабынан шайланат.



## 18. ДЕПУТАТ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕ ЖАНА АНЫН ОРГАНДАРЫНДА КАНДАЙ УКУКТАРГА ЭЭ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңештин жана өзү курамына кирген туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйындарында каралуучу бардык маселе-

лер боюнча чечүүчү добуш укугуна  ээ. Ар бир депутат жергиликтүү кеңештин сессиясында жана курамына кирген туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйынында бир гана добушка ээ. Жергиликтүү кеңештин кайсы бир органынын курамына кирбеген депутат анын ишине кеңеш берүүчү добуш укугу менен катыша алат.

Жергиликтүү кеңештин депутаты:

- тийиштүү жергиликтүү кеңештин органына шайлоого жана шайланууга;
- жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын кароосуна маселелерди сунуш кылууга;
- жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын жыйналыштарынын күн тартиби, талкууланууч маселелерди кароонун тартиби жана алардын маани -маңызы боюнча сунуштарды жана сын-пикирлерди киргизүүгө;
- чечимдердин долбоорлорун, жергиликтүү кеңеш же анын органдарыы кабыл алуучу башка документтерди кароого, аларга карата түзөтүүлөрдү  киргизүүгө;
- жергиликтүү кеңеш түзүүчү органдардын жекече курамы жана жергиликтүү кеңеш тарабынан шайлануучу, дайындалуучу же бекитилүүчү кызмат адамдарынын талапкерлери боюнча ой-пикирин айтууга;
- жергиликтүү кеңеш түзгөн органдарга, алардын курамына кирген адамдарга, ошондой эле жергиликтүү кеңеш шайлаган, дайындаган же бекиткен адамдарга ишеним көрсөтпөө жөнүндө маселе коюуга;
- талаш-тартыштарга катышууга, суроо-талаптар менен кайрылууга, баяндамачыларга, кошумча баяндамачыларга, жыйналышка төрагалык кылуучуга суроолорду берүүгө;
- жергиликтүү кеңешке отчет берүүчү же көзөмөлүндө турган  ар кандай органдын же кызмат адамынын отчетун же маалыматын жергиликтүү кеңештин сессиясында угуу жөнүндө, ошондой эле тийиштүү жергиликтүү кеңештин компетенциясына кирген маселелер боюнча анын аймагында иштеген башка органдардын жана кызмат адамдарынын отчетун же маалыматын угуу тууралуу сунуштарды киргизүүгө;
- өзүнүн сунуштарын негиздөө менен жана добуш берүүнүн жүйө - себептери боюнча чыгып сүйлөөгө, маалыматтарды берүүгө;
- жергиликтүү кеңештин сессияларында жана анын органдарынын жыйналыштарында, эгерде алар коомдук мааниге ээ болсо, жарандардын же алардын бирикмелеринин кайрылууларынын, арыздарынын, резолюцияларынын, петицияларынын тексттерин жергиликтүү кеңеш белгилеген тартипте жарыялоого укуктуу.
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында жана жергиликтүү кеңештин Регламентинде каралган башка укуктарды пайдаланууга.

Депутаттын жергиликтүү кеңештин сессиясында айткан жана жыйналышына төрагалык кылуучуга кат түрүндө берилген сунуштары менен сын-пикирлери жергиликтүү кеңеш тарабынан, болбосо анын тапшыруусу боюнча жергиликтүү кеңештин комиссиялары тарабынан каралат же тийиштүү органдардын жана кызмат адамдарынын кароосуна жөнөтүлөт. Мамлекеттик органдар жана кызмат адамдары  бул сунуштарды жана сын-пикирлерди, эгерде жергиликтүү кеңеш тарабынан башка мөөнөт белгиленбесе, бир айлык мөөнөттөн кечиктирбей кароого милдеттүү жана кароонун жыйынтыгы боюнча сунуштарды киргизген жана сын-пикирлерин айткан депутаттардын тикелей

өздөрүнө, ошондой эле жергиликтүү кеңештин төрагасына билдирет («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 10-бер.).



## 19. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ ДЕПУТАТТЫК ФРАКЦИЯЛАРДЫ ЖЕ ТОПТОРДУ ТҮЗӨ АЛЫШАБЫ?

Айылдык кеңештин депутаттары айылдык кеңештерде депутаттык фракцияларды, фракциялардын коалициясын түзүүгө же депутаттык фракцияларга, фракциялардын коалициясына биригүүгө укугу жок.

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын талаптарына ылайык депутаттык фракцияларга депутаттык мандат алгандан кийин шаардык кеңештин депутаттары биригишет.

Бирок айылдык кеңештин депутаттары депутаттык топторго ыктыярдуу түрдө биригүүгө укугу бар. Депутаттык топтор – бул чогуу иштөө үчүн жана айылдык кеңеш карап жаткан маселелер боюнча бирдиктүү позицияны билдирүү, ошондой эле шайлоо округдарында депутаттык ыйгарым укуктарды ишке ашыруу боюнча чогуу иш жүргүзүү үчүн жалпы кызыкчылыктын негизинде айылдык кеңеште депутаттардын демилгеси менен түзүлгөн (үчтөн кем эмес) депутаттардын ыктыярдуу бирикмеси («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 21-бер.).

Депутаттык топ, ошол шайланган жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктарынын мөөнөтүнүн ичинде, кайсыл мезгилде болбосун анын курамына кирүүнү каалагандарын билдирген депутаттардын чогулушунун чечими боюнча уюштурулушу мүмкүн.

Депутаттык топту түзүү уюштуруу жыйыналышынын протоколу менен жол-жоболоштурулат. Протоколдо депутаттык топтун максаттары жана милдеттери, анын расмий аталышы, тизмелик курамы, жеткечиси, депутаттык топтун атынан чыгып сүйлөөчү жана айылдык кеңештин сессиясында анын атынан чыгуучу ыйгарым укуктуу адам жөнүндө маалымат көрсөтүлөт.

Топтун жетекчисинин сунуштамасы боюнча депутаттык топ айылдык кеңеште каттоодон өтөт.

Депутаттык топту каттоо депутаттык топ түзүлгөндүгү жөнүндө айылдык кеңештин төрагасынын жазуу жүзүндөгү билдирмесинин; депутаттык топтун уюштуруу жыйналышынын протоколунун; депутаттык топтко киргендиги жөнүндө депутаттардын жазуу жүзүндөгү арыздарынын негизинде айылдык кеңештин токтому менен жүргүзүлөт.

Айылдык кеңештин төрагасы депутаттык топ катталгандыгы жөнүндө депутаттарга маалымат берет, катталган депутаттык топтун ишине көмөктөшөт, алардын ишин координациялайт жана депутаттык топтун иши жөнүндө маалыматты уга алат.

Депутаттык топтун ички иш-аракеттери өздөрү тарабынан жүргүзүлөт жана кеңештин регламентине жана башка ченемдик укуктук актыларга карама каршы келбөөсү керек.

Депутат бир гана депутаттык топто болууга укуктуу.

Депутаттык топтун курамына кирген депутаттар депутаттык топтун жетекчисин шайлашат. Депутаттык топтун иши төмөндөгү негиздер болюнча токтотулушу мүмкүн: айылдык кеңештин ыйгарым укуктары токтогондо; депутаттык топ түзүлгөн мөөнөт бүткөндө; андан айрым депутаттар чыгып кеткенде; эгерде анын курамында үчтөн аз депутаттар калса.

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТУРУКТУУ ЖАНА УБАКТЫЛУУ КОМИССИЯЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

## 20. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРЫ КАНДАЙ ЖОЛ МЕНЕН ЖАНА ЭМНЕ ҮЧҮН ТҮЗҮЛӨТ?



Жергиликтүү кеңештин ишинде туруктуу (убактылуу) комиссияларга өзгөчө роль жүктөлөт, аларсыз жергиликтүү кеңеш өзүнүн сессияларында маслелерди кароого укугу жок. Туруктуу комиссияларда алдын ала каралбай, тийиштүү корутундусу жок чыгарылган маселелер формалдуу-декларативдүү мүнөзгө ээ болот. Мындай маселер боюнча чечим «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын талаптарын бузгандык деп эсептелинет.

Ошол эле учурда туруктуу комиссиялар кароону талап кылбаган маселелер бар экендигин эске алуу керек, алсак арыздар, кайрылуулар, депутаттык суроо-талаптар жана суроолор сыяктуу маселелер, булар күн тартибиндеги «ар кандай маселерлер» категориясына киргизилип каралуусу мүмкүн.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары кеңештин карамагына кирген маселелерди алдын ала кароо жана даярдоо, ошондой эле кеңештин чечимдерин жүзөгө ашырууга катышуу, ведомстволук баш ийүүдөгү аймакта жайгашкан мекемелердин жана уюмдардын ошол чечимдерди аткаруусун контролдоо үчүн түзүлөт («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 32,33,34-бер.).

Жергиликтүү кеңештин сессиясына чыгарылган маселелер туруктуу комиссиянын мүчөлөрү тарабынан дыкат каралып чыгууга тийиш. Зарыл болгон учурда адистер, көз карандысыз эксперттер тартылат. Комиссия маселени отчет берүүчү жана кызыкдар уюмдардын, мекемелерди, ишканалардын жана алардын кызмат адамдарынын катышуусунда карай алат. Маселени алдын ала кароонун жыйынтыктары боюнча туруктуу комиссия тийиштүү сунушу менен өзүнүн оң же терс корутундусун берет, ал жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан талкуулоо жана тийиштүү чечим кабыл алуу үчүн сессияга чыгарылат.

Туруктуу комиссиялар жергиликтүү кеңештин ыйгарым укугунун мөөнөтүнө жергиликтүү кеңештин токтому менен түзүлөт. Туруктуу комиссиялардын тизмеси жана алардын сандык курамы жергиликтүү кеңешке шайланган депутаттардын сандык курамын эске алуу менен жергилктүү кеңеш тарабынан аныкталат жана депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен бекитилет.

Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен шайланат.

Жергиликтүү кеңештин депутаты бир гана туруктуу комиссиянын мүчөсү болууга укуктуу, зарылчылык пайда болгон учурда, курамы 11 депутаттан турган айыл кеңеши депутаттын эки туруктуу комиссияга мүчөсү болуу укугу жөнүндө чечим кабыл ала алат. Мындай аракеттер туруктуу комиссиялардын мүчөлөрүнүн кворумун үзгүлтүккө

учуратпай сактоого жана чечимдерди кабыл алууга шарт түзүшү мүмкүн.

Жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары туруктуу комиссиялардын курамына кире албайт. Шаардык кеңештин депутаты фракциялардын же фракциялардын коалицияларынын лидерлеринин туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү болуусуна, чектөөнү регламентте карай алат, бирок милдеттүү эмес.

Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү комиссиянын мүчөлөрүнүн ичинен көпчүлүк добуш менен комиссиянын төрагасын шайлоого укуктуу. Туруктуу комиссиянын төрагасы жергиликтүү кеңештин сессиясында депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен бекитилет.

Комиссиянын төрагасы өзүнүн милдетин аткарбаган учурда комиссиянын мүчөлөрүнүн көпчүлүгүнүн добушу менен кайра шайланышы мүмкүн.

Туруктуу комиссия жергиликтүү кеңештин сессиясынын алдында жоопкерчилик алып жүрөт жана ага отчет берет. Кезектеги жыл аяктаганда туруктуу комиссия өз иши тууралуу жергиликтүү кеңешке отчет берет.

Жергиликтүү кеңеш өзүнүн мөөнөтүндө, зарылчылык жаралган учурда, жаңы туруктуу комиссяларды түзүүгө, мурда түзүлгөндөрүн жоюуга жана кайра түзүүгө, анын курамына өзгөртүү киргизүүгө укугу бар.

***ТУРМУШТАН МИСАЛ***

*Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын курамын эске алуу менен жергиликтүү кеңеште төмөндөгү маселер боюнча туруктуу комиссиялар түзүлүшү мүмкүн:*

- *регламент, депутаттык этика жана мандат боюнча;*
- *ишти уюштуруу, жергиликтүү өз алдынча башкарууну өнүктүрүү, жалпыга маалымдоо каражаты, коомдук уюмдар жана жергиликтүү жамааттар менен байланыш боюнча;*
- *бюджет, экономика, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик иштер жана тышкы экономикалык байланыш боюнча;*
- *мыйзамдуулукту, укук тартибин сактоо, жарандардын укгун жана кызыкчылыгын коргоо боюнча;*
- *архитектура, курулуш, транспорт боюнча;*
- *жер, айыл чарбасы жана экология боюнча;*
- *жаштар, спорт жана маданият боюнча.*



## 21. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫНА КАНДАЙ МАСЕЛЕЛЕР КИРЕТ?

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары өздөрүнүн компетенцияларынын чектеринде:

- шаарды, айыл аймагын экономикалык, социалдык жана маданий жактан өнүктүрүүгө байланышкан маслелерди даярдоону жана алдын ала кароону, аларды тийиштүү корутундусу же чечими менен жергиликтүү кеңештин сессиясында кароого киргизүүнү ишке ашырат;
- жергиликтүү бюджетти, пландардын жана бюджеттин аткарылышын алдын ала карайт, алар боюнча өздөрүнүн сын-пикирлерин даярдайт, жергиликтүү

бюджеттин долбооруна корутундусун жана сунуштарын берет;

- өздөрүнүн карамагындагы маселелер боюнча коомдук угууларды өткөрүү боюнча сунуштарды киргизет;
- өздөрүнүн ишин уюштуруу маселелерин чечет;
- жергиликтүү кеңештин чечимдеринин, жергиликтүү жамааттын уставынын жоблорунун аткарылышына көзөмөл жүргүзүүнү ишке ашырат;
- каралып жаткан маселени талкуулоо үчүн башка комиссияга өткөрүп берүү жөнүндө жергиликтүү кеңештин төргасына сунуш киргизет;
- башка комиссия караган маселе боюнча өзүнүн пикирин билдирет.

Регламентке жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык башка ыйгарым укуктарды аткарат.

Туруктуу комиссиялар төмөндөгүлөргө укуктуу:

- өзүнүн ишине илимпоздорду, адистерди, практикалык кызматкерлерди жана башка адамдарды тартууга;
- өздөрүнүн кармагындагы маселер боюнча шаардын, айыл аймагынын территориясында жайгашкан мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, менчигинин түрүнө картабастан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилерин жана адисттерин угууга;
- мамлекеттик жана коомдук органдардан жана уюмдардан, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынан, кызмат адамдарынан өздөрүнүн иши үчүн керектүү материалдарды жана документтерди суратып алууга, алар бир айлык мөөнөттөн кеч эмес аларды комиссияга берүүгө милдеттүү;
- башка туруктуу комиссиялар менен бирдикте кошмо жыйналыштарды өткөрүүгө;
- өздөрүнүн карамагындагы маселелер боюнча коомдук угууларды өткөрүлүүсүнө көмөк көрсөтүүгө.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары шаардын жана айыл аймагынын территориясында жайгашкан уюмдардын жана мекемелердин финансылык-чарбалык жана оперативдүү-чарбалык иштерине кийлигишүүгө укугу жок («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 33-бер.).

## 22. ТУРУКТУУ КОМИССИЯНЫН ЖЫЙНАЛЫШЫН КИМ ЧАКЫРАТ, ЖЫЙНАЛЫШТЫ ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ КАНДАЙ?



Туруктуу комиссиянын жыйналышы комиссиянын иштөө планына ылайык чакырылат. Комиссиянын жыйналышы комиссиянын төрагасы өзүнүн демилгеси сыяктуу эле, комиссиянын мүчөлөрүнүн үчтөн биринин, ошондой эле жергиликтүү кеңештин төрагасынын жана анын орун басарынын талабы боюнча чакырат.

Туруктуу комиссиянын маселелери анын мүчөлөрү тарабынан эркин талкуулоо жана чечимдерди коллегиялдуу кабыл алуу жолу менен каралат. Туруктуу комиссиянын чечими комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат жана корутунду же чечим түрүндө жол-жоболоштурулат.

Комиссиянын курамынын жарымынан көбү катышса комиссиянын жыйналышы укуктуу болот. Комиссиянын чечими комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын

көпчүлүк добушу менен  кабыл алынат.

Туруктуу комиссиялардын жыйналыштары коомчулук үчүн ачык, кызыккан бардык тараптар жергиликтүү кеңештин регламентинде белгиленген тартипте туруктуу комиссиялардын жыйналыштарына  катыша алышат.

Эгерде каралып жаткан маселе мыйзамдарга ылайык  мамлекеттик жашыруун сырга таандык болсо, туруктуу комиссиянын мүчөлөрү  комиссиянын жыйналышын жабык өтөкөрүү тууралуу чечим кабыл алышы мүмкүн.

Комиссиянын төрагасы үч суткадан кеч эмес мөөнөттө жыйналышты өткөрүү датасы жана анда каралуучу маселерлер жөнүндө комиссиянын мүчөлөрүнө, жергиликтүү кеңештин төрагасына жана анын орун басарына кабарлайт, ошондой эле жарандарды жана чакырылган адамдарды алдын ала маалымдоо жөнүндө чараларды кабыл алат.

Туруктуу комиссиянын жыйналышына кеңеш берүүчү добуш укугу менен ошол комиссиянын мүчөсү эмес жергиликтүү кеңештин депутаттары, ошондой эле жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары катыша алат. Алар талкууланып жаткан маселе боюнча өздөрүнүн пикирлерин айта алышат.

Комиссиянын чечимине жана корутундусуна анын төрагасы кол коет, ал жок болгон учурда комиссиянын чечимине комиссиянын төрагасынын орун басары кол коет.

***ТУРМУШТАН  МИСАЛ***

*АӨ башчысына муниципалдык балдар бакчасынын директору өрт өчүрүүчү буюмду-өрт өчүргүчтү сатып алуу үчүн финасылык жардам көрсөтүү өтүнүчү менен  кайрылды. Анткени өрт инспекциясынын инспектору протокорлдо аны сатып алуунун зарылчылыгы тууралуу билдирип, бир айдын ичинде  шашылыш түрдө бул мүчүлүштү жоюуну көрсөткөн.*

*Башчы  айыл өкмөтүнүн финансы-экономикалык  бөлүмүнүн начальнигине финансы-бюджет боюнча туруктуу комиссия менен бирдикте өтүнүчтү талкуулап, чечим кабыл алууну тапшырган.*

*Финансы-экономикалык   бөлүмдүн начальниги туруктуу комиссиянын төрагасына маалымат берген, ал  туруктуу комиссиянын мүчөлөрүн, балдар бакчасынын директорун жана ата-энелер комитетинин төрагасын кошуп,  3 күндөн кийин жыйналыш чакырган.*

*Туруктуу комиссиянын жыйналышында айылдык кеңештин кезектеги жыйналышында өрт өчүргүчтү сатып алууга  балдар бакчасына кошумча каражат бөлүү жөнүндө  маселени кароо тууралуу  чечим кабыл алынат.*



## 23. ТУРУКТУУ КОМИССИЯНЫН ТӨРАГАСЫ КАНДАЙ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРГА ЭЭ?

Комиссиянын төрагасы:

- комиссиянын дарегине келип түшкөн  документтер жөнүндө комиссиянын мүчөлөрүнө малымдайт;
- комиссиянын мүчөлөрү менен бирдикте иш планын жана комиссиянын жыйналышынын күн тартибин түзөт;
- комиссиянын жыйналышын чакырат  жана керектүү документтерди жана башка материалдарды  даярдоону уюштурат;

- комиссиянын чечими боюнча комиссиянын мүчөлөрүнө тапшырмаларды берет;
- комиссиянын ишине байланышкан материалдар жана документтер менен комиссиянын мүчөлөрүн тааныштырат;
- убактылуу жана жумушчу комиссиялардын ишине катышууга комиссия мүчөлөрүн сунуш кылат;
- туруктуу комиссиянын жыйналышына жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүн, мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, коомдук уюмдардын өкүлдөрүн, адистерди, эксперттерди жана илипоздорду катышуу үчүн чакырат;
- комиссиянын жыйналышына төрагалык кылат;
- жергиликтүү кеңештин төрагасы жана төраганын орун басары менен туруктуу байланыш түзүп турат, комиссиянын жыйналыштарында каралган маселелер жөнүндө, ошондой эле комиссиянын чечимдерин жана сунуштарын ишке ашыруу үчүн кабыл алынган чаралар тууралуу маалымат берет;
- комиссиянын чечимдерин аткаруу боюнча ишти уюштурат, чечимдердин аткарылышы жана комиссиянын сунуштарынын каралышы жөнүндө комиссиянын мүчөлөрүн маалымдайт;
- жергиликтүү кеңештин сессиясында комиссиянын иши жөнүндө жыл сайын отчет берет.

## 24. ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРДЫН МҮЧӨЛӨРҮНДӨ КАНДАЙ УКУКТАР ЖАНА МИЛДЕТТЕР БАР?



Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү жергиликтүү кенештин депутаттары тарабынан депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен шайланат. Ал үчүн депутаттар жергиликтүү кеңештин төрагасына арызда көрсөтөүлгөн туруктуу комиссиянын курамына киргизүү тууралуу арыздарын беришет. Мындай учурда жергиликтүү кеңештин төрагасы жергиликтүү кеңештин депутаттарынын сандык курамын жана уюштурулган туруктуу комиссиялардын санын эске алып, аларда кворумдун болушун камсыз кылуу максатында депутаттарды тигил же бул туруктуу комиссияларга сунуш кылууга укугу бар, анткени туруктуу комиссиялар үч адамдан кем депутаттардын саны менен уюштурулушу мүмкүн эмес.

Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү мына буларга укуктуу:

- туруктуу комиссиянын жыйналыштарында кароо үчүн сунуштарды киргизүүгө;
- комиссиянын жыйналышынын күн тартиби, кароонун тартиби жана талкууланууучу маселенин манызы боюнча сунуштарды жана сын-пикирлерди киргизүүгө;
- комиссиянын компетенциясына кирген маселелер боюнча кызмат адамдарынын маалыматтарын угуунун зарылдыгы тууралуу сунуштарды киргизүүгө;
- комиссиянын чечимдеринин, корутундуларынын долбоорлоруна сын-пикирлерди жана сунуштарды киргизүүгө;
- өзүнүн сунуштарын негиздеп чыгып сүйлөөгө, маалымат берүүгө;
- комиссиянын компетенциясына кирген маселелер боюнча маалымат алууга.

Туруктуу комиссиялардын мүчөлөрү мына буларга милдеттүү:

- жергиликтүү кеңештин Регламентинин жоболорун сактоого;алар мүчөлөрү болуп саналышкан туруктуу комиссиянын бардык жыйналыштарына катышууга.

Жүйөлүү себептер менен комиссиянын жыйналышына катышууга мүмкүнчүлүк болбой калган учурда комиссиянын төрагасына билдирүүгө;

- ал кабыл алган чечимдерди турмушка ашырууга активдүү катышууга, комиссиянын тапшырмаларын аткарууга.

Комиссия карап жаткан маселелерди чечүүгө активдүү катышуу үчүн комиссиянын мүчөлөрү шарттар менен камсыз кылынат жана аларга керектүү материалдар берилет.

Комиссиянын тапшыруусу боюнча комиссиянын мүчөлөрү комиссиянын карамагына кирген маслелерди жеринде иликтешет, комиссияга өздөрүнүн тыянактарын жана сунуштарын билдирет.

Комиссия тарабынан сунуштары колдоого алынбай калган комиссиянын мүчөлөрү ошол маселе жергиликтүү кеңештин жыйналышында талкууланган учурда сунуштарын жазуу же оозеки формасында жергиликтүү кеңештин сессиясына алып чыга алат.



## 25. ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРДЫН ДЕПУТАТТАРЫ ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРДЫН КОШМО ЖЫЙНАЛЫШТАРЫН ӨТКӨРӨ АЛЫШАБЫ?

Бир нече туруктуу комиссиялардын карамагына кирген маселелерди туруктуу комиссиялардын төрагаларынын сунуштары боюнча, ошондой эле жергиликтүү кеңештин тапшырмасы боюнча туруктуу комиссиялар чогуу карашат.

Бир нече туруктуу комиссиялардын карамагына кирген маселелерди иликтөө жана кароо кошмо жыйналыштарда жүргүзүлөт.

Кошма жыйналыш эгерде ага ар бир туруктуу комиссиянын курамынын жарымынан көбү катышса, укуктуу болот. Комиссиялардын кошмо жыйналышын өз ара макулдашуу менен ошол комиссиялардын төрагалары алып барышат.

Кошмо жыйналышта каралган маселелер боюнча чечим жөнөкөй көпчүлүк добуш менен кабыл алынат жана ага ошол комиссиялардын төрагалары кол коет.



## 26. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН УБАКТЫЛУУ КОМИССИЯЛАРЫ КАНДАЙ УЧУРЛАРДА ЖАНА КАНТИП ТҮЗҮЛӨТ ЖАНА АНЫ ТҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ?

Жергиликтүү кеңеш зарылчылыкка жараша, кечиктирилгис комиссиялык кароого тийиш болгон ар кандай маселелер боюнча, убактылуу комиссия түзүүгө укугу бар.

Убактылуу комиссия жергиликтүү кеңештин төрагасынын, анын орун басарынын, туруктуу комиссиялардын төрагаларынын, фракциялардын, фракциялардын коалицияларынын, депутаттык топтордун жетекчилеринин сунушу боюнча, ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринин демилгеси менен түзүлөт.

Убактылуу комиссиянын иши төмөнкү учурлар менен чектелет:

- убактылуу комиссия түзүлгөн тийиштүү мезгил менен;

- убактылуу комиссия чечүү үчүн түзүлгөн тийиштүү тапшырмалар менен чектелет.

Убактылуу комиссияны түзүү жергиликтүү кеңештин токтому менен жол-жоболоштурулат, токтомдо убактылуу комиссиянын аталышы; убактылуу комиссиянын мүчөлөрүнүн сандык жана жеке курамы; убактылуу комиссия чечүүгө тийиш болгон тапшырмалар; түзүлгөн убактылуу комиссиянын мөөнөтү көрсөтүлөт.

Убактылуу комиссиянын мүчөлөрү депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен жергиликтүү кеңештин депутаттарынан шайланат, чечим жергиликтүү кеңештин токтому менен бекитилет.

Комиссиянын төрагасын убактылуу комиссиянын мүчөлөрү өз курамынан көпчүлүк добуш менен шайланат.

Өз иштеринин жыйынтыгы боюнча убактылуу комиссия жергиликтүү кеңешке, ошол маселени кароо үчүн түзүлгөн, маслеленин маңызы боюнча отчет берет, өзгөчө пикирге ээ комиссиянын мүчөсү аны сессияда баяндоого укугу бар.

Убактылуу комиссия өз ишин төмөнкү учурларда токтотот: убактылу комиссия иштөө үчүн бекитилген мөөнөт аяктаганда, алдына коюлган тапшырмалар чечилген учурда; жергиликтүү кеңештин чечими боюнча башка учурларда өз ишин токтотот.

Зарылчылкка жараша убактылуу комиссиянын ишине адистер, эксперттер, демилгечи топтор жана башка кызыкдар адамдар тартылышы мүмкүн.

Убактылуу комиссия каралган маселе боюнча убактылуу комиссиянын мүчөлөрүнүн жалпы санынын көпчүлүк добушу менен корутунду кабыл алат.

Убактылуу комиссиянын бардык мүчөлөрү маслени караган жана чечимдерди кабыл алган учурда бирдей укуктан пайдаланышат.

Убактылуу комиссиянын жыйналышы туруктуу комиссиялар үчүн белгиленилген тартипте өткөрүлөт («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 32-бер. 1-б.).

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫ ЖАНА АНЫН ОРУН БАСАРЫ ЖӨНҮНДӨ



## 27. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫ ЖАНА АНЫН ОРУН БАСАРЫ КАНДАЙ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРГА ЭЭ?

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамга ылайык жергиликтүү кеңештин төрагасы:

- жергиликтүү кеңештин сессиясын чакырат;
- сессияга төрагалык кылат;
- сессияда кабыл алынган жергиликтүү кеңештин токтомуна кол коет;
- эмгек сиңирген адамдарды мамлекеттик сыйлыктар менен сыйлоо, Кыргыз Республикасынын ардактуу наамдарына көрсөтүү жөнүндө сунуштайт («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 37-бер.7,8-б.).

Жергилиткүү кеңештин төрагасынын орун басары кеңештин төрагасынын тапшырмасын аткарат, ал жокто же өзүнүн милдеттерин аткарууга мүмкүн болбой калганда анын ордуна иштейт («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 38-бер.2-б.).

Мындан тышкары, жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары жергиликтүү кеңеш тарабынан аларга жүктөлгөн милдеттерди аткарат.

Маселен, айылдык кеңеш, айылдык кеңештин жана анын туруктуу (убактылуу) комиссияларынын ишин координациялоо жана өз учурунда уюштуруу, айылдык кеңештин сессиясына, туруктуу (убактылуу) комиссияларынын жыйналыштарына керектүү материалдарды даярдоону көзөмөлдөө, депутаттардын шайлоочулар менен ишин камсыз кылуу, мыйзамдарда көрсөтүлгөн депутаттардын укуктарын ишке ашыруу максатында айылдык кеңештин төрагасына жана анын орун басарына кошумча ыйгарым укуктарды жүктөшү мүмкүн.

Кошумча ыйгарым укуктардын чектеринде айылдык кеңештин төрагасы, Регламентке ылайык, төмөндөгүлөрдү аткарат:

- айылдык кеңештин сессиясын алып барат;
- айылдык кеңештин иш планын бекитүүгө киргизет;
- айылдык кеңештин сессиясын даярдоого жалпы жетекчиликти ишке ашырат, айылдык кеңештин сессиясында кароого киргизилген маселелердин даярдыгын көзөмөлдөйт, айылдык кеңештин сессиясынын күн тартибинин долбоорун түзөт;
- айылдык кеңештин токтомуна кол коет жана анын жарыяланышын жана ишке ашырылышын контролдойт;
- айылдык кеңештин туруктуу жана убактылуу комиссияларынын ишин координациялайт;
- катталган депутаттык топтордун ишине көмөктөшөт, алардын ишин координациялайт;

- айылдык кеңештен төрагасынын орун басарынын, жана туруктуу жана убактылуу комиссиялардын төрагаларынын кызматтык иш-милдеттерин аткаруусун көзөмөлдөйт;
- депутаттардын ыйгарым укуктарын ишке ашырышына, жарандарды кабыл алуусуна, шайлоочулардын алдында отчет беруусүнө көмөк көрсөтөт, маалыматтар менен камсыз кылат, депутаттардын укуктарын жана милдеттерин жүзөгө ашырууга байланышкан маселелерди карайт;
- айылдык кеңештин жана анын органдарынын иши жөнүндө ачык-айкындуулукту камсыз кылат;
- айылдык кеңештин мамлекеттик органдар, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер жана жарандар менен мамилесинде анын атынан аракеттенет;
- айылдык кеңештин жергиликтүү жамааттар, аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдары, коомдук бирикмелер, айыл аймагында жайгашкан мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрү жана башка юридикалык жактар менен өз ара аракеттерди уюштурат;
- айылдык кеңештин, анын органдарынын иштиктүү аброюн, депуаттардын ар-намысын жана кадыр-баркын коргоо жана сактоо боюнча чараларды көрөт;
- айылдык кеңештин карамагында турган орун-жайларды, курулмаларды, жабдууларды, транспортту пайдаланууну көзөмөлдөйт;
- айылдык кеңештин Регламентине жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык башка маселелерди чечет.

Төраганын тескемеси айылдык кеңештин токтому менен өзгөртүлүшү, толуктальшы жана жокко чыгарылышы мүмкүн.

Айылдык кеңештин Регламентине ылайык айылдык кеңештин төрагасынын орун басары:

- айылдык кеңештин төрагасы бөлүштүрүп белгилеген милдеттерге ылайык иш-милдеттерин аткарат;
- айылдык кеңештин төрагасы жок болгон учурда же ал өзүнүн милдеттерин аткарууга мүмкүн болбой калган учурда айылдык кеңештин төрагасынын иш-милдеттерин аткарат, ошондой эле айылдык кеңештин төрагасынын тапшырмасы боюнча айылдык кеңештин сессиясын алып барат;
- айылдык кеңештин туруктуу комиссияларынын ишин уюштурат жана багыттап турат, алардын өз ара аркеттерин координациялайт;
- айылдык кеңеш тарабынан түзүлгөн убактылуу комиссиялардын ишине жетекчиликти же координациялоону ишке ашырат;
- жергиликтүү жамааттар жана айыл аймагында жайгашкан башка юридикалык жактар менен тыкыс байланышты колдоого алат;
- туруктуу комиссиялардын төрагалары менен бирдикте айылдык кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдерди, жергиликтүү жамааттын Уставын аткарылышына көзөмөлдү камсыз кылат;
- айылдык кеңештин Регламентинде жана башка ченемдик укуктук актыларда белгиленген башка иш-миледеттерди аткарат.



# 28. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫН ЖАНА АНЫН ОРУН БАСАРЫН КӨРСӨТҮҮНҮН ЖАНА ШАЙЛООНУН ТАРТИБИ КАНДАЙ?

Жергиликтүү кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкерди күрсөтүүнүн жана шайлоонун тартибин депутаттар өздөрү аныкташат. Анын тартиби жана башка жол-жоболук маселелери жергиликтүү кеңештин Регламентинде баяндалыш керек («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 37-бер.3-б.).

Иш жүзүндө айылдык кеңештин төрагасын жана анын орун басарын көрсөтүүнн жана шайлоонунун төмөндөгүдөй тартибин колдонуу кыйла деңгээлде максатка ылайыктуу. Мындай тартип Өнүктүрүү саясат институтунун юридикалык кызматы тарабынан сунуш кылынат жана Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарына карама каршы келбейт.

Жергиликтүү кеңештин төрагасын күрсөтүүнүн жана шайлоонун тартиби

Айылдык кеңештин төрагасы айылдык кеңештин сессиясында айылдык кеңештин депутаттарынын ичинен жашыруун добуш менен, депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кенештин ыйгарым мөөнөтүнө шайланат.

Айылдык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна шайлоо үчүн талапкерлерди көрсөтүү укугу төмөндөгүлөргө таандык:

- депутатка ( өзүн өзү көрсөтүүгө же башка депутатты талапкер катары көрсөтүүгө);
- саны эки депутаттан аз эмес топторго.

Ар бир депутат же депутаттардын тобу бир талапкерди көрсөтүүгө укугу бар.

Депутут айылдык кеңештин төрагалыгына өзүн өзү көрсөткөн учурда, сессияга төрагалык кылуучуга өзүн өзү талапкер катары көрсөткөндүгү тууралуу арызын берет.

Айылдык кеңештин төрагасынын кызмат ордуна талапкер депутат же депуттардын тобу тарабынан көрсөтүлгөн учурда, сессияга төрагалык кылуучуга аталган депутатты талапкер катары көрсөтүү тууралуу арыз берилет.

Өзүн өзү көрсөтүү тууралу арыз жана талапкерди көрсөтүү тууралуу арыз төрагалык кылуучунун колу менен күбөлөндүрүлөт жана жашыруун добуш берүү бюллетенине киргизүү үчүн ээсептөө комиссиясына берилет.

Айылдык кеңештин төрагасынын кызматына талапкер айылдык кеңештин депутаттарынын алдында сөз сүйлөйт, суроолоруна жооп берет. Ар бир талапкерге сөз сүйлөө үчүн ___ минутка чейин, суроолорго жооп берүү үчүн ____минутка чейин, корутунду сөз сүйлөө үчүн ___минутка чейин убакыт берилет.

Айылдык кеңештин төрагасынын кызматына талапкерлерди колдоону же каршы чыгууну каалагандарга ___минутка чейин убакыт берилет.

Айылдык кеңештин төрагасынын кызматына талапкер добуш берүү жол-жобосу башталганга чейин баш тарта алат. Баш тартуу талапкер шайлоого катышуудан баш тартуу тууралуу төрагалык кылуучуга арыз берүү жолу менен добуш берүүсүз кабыл алынат.

Талкуулар токтотулгандан кийин эсептөө комиссиясы айылдык кеңештин төрагасынын кызматына талапкерлердин фамилияларын жашыруун добуш берүү үчүн бюллетенге киргизет.

Айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгү добуш берген талапкер айылдык кеңештин төрагасынын кызматына шайланды деп эсептелинет.

Эгерде:

- бир депутат көрсөтүлүп, ал депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушун ала албай калса, талапкерлерди жаңыдан көрсөтүү жүргүзүлөт;
- эки талапкер көрсөтүлүп, алардын бири да депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушун ала албай калса, добуштардын кыйла көбүн алган бир талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру жүргүзүлөт. Эгерде биринчи турда эки талапкер тең депутаттардын бирдей добуштарын алышса, талапкерлерди жаңыдан көрсөтүү жүргүзүлөт;
- экиден көп талапкер көрсөтүлүп, алардын бири да депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушун ала албай калса, добуштардын кыйла көбүн алган эки талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру жүргүзүлөт. Эгерде биринчи турда талапкерлердин бири добуштардын кыйла көп санын алса, ал эми кийинки эки талапкер добуштардын бирдей санын алса, добуштардын кыйла көбүн алган бир талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру жүргүзүлөт. Эгерде биринчи турда эки талапкер добуштардын кыйла көп тең санын алса, ал эми кийинки тапкерлер добуштардын эң аз санын алышса, добуштардын кыйла көп тең санын алган эки талапкер боюнча добуш берүүнүн экинчи туру жүргүзүлөт. Эгерде биринчи турда бардык талапкерлер бирдей сандагы добуштарды алышса,талапкерлерди жаңыдан көрсөтүү жүргүзүлөт.

Жаңы тапкерлерди көрсөтүү менен кайра шайлоолор айылдык кеңештин өз эрки боюнча биринчи сессиянын күнүндө же башка күнү, бирок биринчи сессиянын күнүнөн 5 күндөн кеч эмес өткөрүлөт.

Айылдык кеңештин төрагасы өзүнүн милдеттерин коомдук башталышта аткарат, бирок айылдык кеңештин сессиясынын иш учурунда бир жолку компенсация ала алат.

## 29. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫ ЖАНА АНЫН ОРУН БАСАРЫ ӨЗДӨРҮНҮН КЫЗМАТЫНАН ЫКТЫЯРДУУ ТҮРДӨ КЕТЕ АЛЫШАБЫ?



Жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары алардын жеке өтүнүчтөрү боюнча, ошондой эле өздөрүнүн милдеттерин аткаруу мүмкүнчүлүгүн жокко чыгарган шарттарга байланыштуу ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токто алышат.

Жергиликтүү кеңештин төрагасынын жана анын орун басарынын ыйгарым укуктарын ыктыярдуу же мөөнөтүнөн мурда токтотуу тууралуу маселе алардын жеке арыздары түшкөн учурда же депутаттардын жалпы санынын үчтөн биринен аз эмесинин демилгеси боюнча каралат:

- соттун жаза өкүмү күчүнө кирген учурда;
- сот тарабынан ал жөндөмсүз деп таанылган учурда;
- аны өлдү, дайынсыз жок болду деп жарыялоо тууралуу соттун чечими мыйзамдуу күчүнө кирген учурда;
- курман болгон учурда.

Жергиликтүү кеңештин төрагасынын жана анын орун басарынын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу тууралуу токтом ачык добуш берүү аркылуу, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

Эгерде ергиликтүү кеңештин төрагасынын жана анын орун басарынын ыйгарым

укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу тууралуу арыздары жергиликтүү кеңеш тарабынан канаатандырылбаса, анда арыз берген адам КР Эмгек кодексинде белгиленген тартипке ылайык өзүнүн кызматтык милдеттерин аткарууну токтотууга укугу бар.



## 30. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ КАНДАЙ УЧУРЛАРДА ЖАНА КАНТИП ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНА ЖАНА АНЫН ОРУН БАСАРЫНА ИШЕНИМ КӨРСӨТПӨӨНҮ БИЛДИРЕ АЛЫШАТ?

Жергиликтүү кеңештин депутаттары жергиликтүү кеңештин төрагасы өзүнүн милдеттерин аткарбаган жана талаптагыдай аткарбаган учурларда аны ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуу (ишеним көрсөтпөө) тууралуу чечим кабыл ала алышат. Жергиликтүү кеңештин төрагасын ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуу тууралуу чечим шайланган депутаттардын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмес добушу менен кабыл алынат. Мындай түрдөгү маселени кароо үчүн депуттардын үчтөн биринин же жергиликтүү кеңештин фракциясынын демилгеси зарыл.

Мындан тышкары, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басарын ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотууга (ишеним көрсөтпөөгө) укугу бар. Жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басарын ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуу шайланган депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат, бул үчүн ошондой эле жергиликтүү кеңештин депуттарынын үчтөн биринин демилгеси талап кылынат.

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ ЖАНА СЕССИЯЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ

## 31. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН КОМПЕТЕНЦИЯСЫНА КАНДАЙ МАСЕЛЕЛЕР КИРГИЗИЛГЕН?



«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамга ылайык шаардык жана айылдык кеңештер Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында аныкталган ыйгарым укуктарынын чегинде шаардык, айылдык кеңештердин сессияларында маселелерди кароого жана алар боюнча чечим кабыл алууга укуктуу.

Маселен, шаардык, айылдык кеңештердин сессияларында төмөнкүдөй маселелер чечилет:

1) жергиликтүү маанидеги маселелерди башкаруунун тартибин белгилөө;

2) жергиликтүү бюджетти жана анын аткарылышы жөнүндө отчетту бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышынын жүрүшү жана бюджеттен тышкаркы фонддордун пайдаланылышы жөнүндө маалыматты угуу;

3) аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн жана калкты социалдык жактан коргоонун программаларын бекитүү жана алардын аткарылышын контролдоо;

4) жергиликтүү салыктарды, жыйымдарды жана жеңилдиктерди киргизүү, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларда алар боюнча ставкаларды аныктоо;

5) жергиликтүү жамааттын муниципалдык менчигин пайдалануунун жана ага ээлик кылуунун тартибин аныктоо, анын ичинде муниципалдык менчиктин объектилерин менчиктештирүү программаларын бекитүү жолу менен аныктоо, муниципалдык менчиктин пайдаланышына контролду ишке ашыруу;

6) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун тиешелүү аткаруу органынын иши жөнүндө отчетту угуу;

7) мыйзамдарда белгиленген учурларда депутаттардын ыйгарым укуктарын мөөнөтүнөн мурда токтотуу;

8) жергиликтүү жамааттын уставын бекитүү;

9) тиешелүү мамлекеттик бийлик органдарына киргизүү максатында административдик-аймактык түзүлүш боюнча сунуштарды иштеп чыгуу;

10) кеңештин төрагасын, анын орун басарын шайлоо, аларды кызмат орундарынан бошотуу, кеңештин төрагасынын Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама-каршы келүүчү чечимдерин жокко чыгаруу;

11) кеңештин регламентин кабыл алуу;

12) өз чечимдери аткарылышына контролдук кылуу;

13) Өкмөт тарабынан аныкталуучу типтүү ченемдердин негизинде жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын штаттык сан-эсебин жана түзүмүн бекитүү;

14) муздак сууну, канализацияны, жылуулук менен камсыз кылууну пайдаланган-дык, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык катуу тиричилик таштандыларын жыйнагандык, ташып чыгаргандык жана жок кылгандык үчүн тарифтерди бекитүү;

15) алкоголдук ичимдиктерди жана тамеки буюмдарын сатуунун ырым-жырымдарды өткөрүүгө тыюу салганга чейинки чектөөлөрүн аныктоо;

16) ирригациялык тармактарды, үйдөгү жана үй жанындагы участкаларды күтүүнүн тартибин аныктоо;

17) жергиликтүү жамааттын уставына жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык башка маселелерди чечүү.

Шаарлардын кеңештеринин сессияларында төмөндөгүдөй маселелер кошумча чечилет:

1) шаардын мэрин шайлоо;

2) мыйзамда белгиленген тартипте шаардын мэрине ишенбестик билдирүү;

3) мыйзамдарда бекитилген шаар жерлерине салыктын базалык ставкалардын чегинде шаар жерлерине салыктын жиктелген ставкаларын белгилөө.

Айылдык кеңештердин сессияларында кошумча иретинде төмөндөгүдөй маселелер чечилет:

1) айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоо;

2) мыйзамда белгиленген тартипте айыл өкмөтүнүн башчысына ишенбестик билдирүү;

3) тиешелүү район үчүн мыйзамдарда базалык ставканын базасында эсептелген айыл аймагы үчүн белгиленген жер салыгынын жалпы суммасынын чегинде топурактын бонитетинин баллдарын эсепке алуу менен айыл чарбасына жарактуу жерлерди пайдалангандык үчүн салыктын жиктелген ставкаларын аныктоо;

4) Айыл чарбасына жарактуу жерлердин мамлекеттик фондунун ижарага берүүнүн тартибин аныктоо;

5) талап кылынбаган жана пайдаланылбаган жайыттарды пайдалануу («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 31-бер.).



## 32. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН БИРИНЧИ СЕССИЯСЫН КИМ ЧАКЫРАТ ЖАНА УЮШТУРАТ?

Жаңы шайланган айыл кеңешинин биринчи сессиясын мурдагы чакырылыштагы кеңештин төрагасы Борбордук шайлоо комиссиясы жергиликтүү кеңешке депутаттарды шайлоонун жыйынтыктарын аныктагандан кийин, эки жумадан кеч эмес мөөнөттө чакырат.

Жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясын айылдык кеңештин жашы боюнча эң улуу депутат ачат.

Жаңы түзүлгөн айыл аймагынын айылдык кеңешинин биринчи сессиясы, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын шайлоосунун жыйынтыктары белгилүү болгондон кийин, эки жумадан  кеч эмес мөөнөттө Борбордук шайлоо комиссиясы тарабынан чакырылат.

Айыл өкмөтүнүн аппараты биринчи сессияны өткөрүүнү даярдайт.

Айылдык кеңештин биринчи сессиясынын күн тартибине төмөндөгү маселелер

кирет:

- айылдык кеңештин төрагасын, төраганын орун басарын шайлоо;
- туруктуу комиссиялардын тизмесин, алардын курамдарын жана төрагаларын бекитүү;
- кеңештин ишин уюштуруунун башка маанилүү маселелери.

Төраганы шайлоо тууралуу токтомго сессияга төрагалык кылуучу (курагы боюнча эң улуусу) кол коет. Андан ары кабыл алынган бардык токтомдорго жана протоколдорго жаңыдан шайланган төрага кол коёт.

## 33. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫН КАНТИП УЮШТУРУУ КЕРЕК (КВОРУМ, МААЛЫМДОО, СЕССИЯДА ДЕПУТАТТАРДЫ КАТТООНУН ТАРТИБИ)?



Жергиликтүү кеңештин сессиясы маселени коллективдүү талкуулоону жана кабыл алынган чечимдер боюнча токтомдорду кабыл алууну камсыз кылган жергиликтүү кеңештин ишинин негизги уюштуруучулук-укуктук түрү болуп саналат.

Айылдык кеңештин сессиясы депутаттардын жалпы санынын жарымысынан аз эмеси катышкан учурда укук ченемдүү болот. Бирок айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоодо айылдык кеңештин сессиясы айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинен кем эмеси катышканда укук ченемдүү болот.

Депутаттарды каттоо башталгандан кийин 15 мүнөттүн аралыгында кворум жок болгон учурларда, 30 мүнөттүк тыныгуу жарыяланышы мүмкүн. Эгерде 30 мүнөттүн аралыгында кворум камсыз кылынбаса, анда сессия болгон жок деп эсептелинет (бул учурда убакыт жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан өз ыктыярына жараша коюулушу мүмкүн).

Айылдык кеңештин сессиясын айылдык кеңештин төрагасы: өзүнүн демилгеси боюнча; айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринен кем эмесинин демилгеси боюнча.

Айылдык кеңештин сессиясы кварталына бир жолудан кем эмес өткөрүлөт. Мындан тышкары, маселелер кечиктирилгис каралган учурларда же айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринин демилгеси болгон учурда да кезексиз сессия өткөрүлүшү мүмкүн.

Айылдык кеңештин сессиясы коомчулук үчүн ачык. Сессияга айыл өкмөтүнүн башчысы, анын орун басары, жергиликтүү калк, чакырылган адамдар, ошондой эле айылдык кеңештин регламентине ылайык бардык кызыкдар адамдар катыша алат.

Эгерде каралып жаткан маселе, мыйзамдарга ылайык мамлекеттик жашыруун сырга таандык болгон учурда айылдык кеңеш жабык сессия өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.

Айылдык кеңештин сессиясын чакыруу жөнүндө билдирүү сессияга чейин 3 же 5 жумушчу күндөн кечиктирилбестен (мөөнөттөр жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыктыярына жараша) калкка маалымдалат.

Мыйзамда жана жергиликтүү кеңештин регламентинде белгиленген тартипте сессияда айылдык кеңештин компетенциясына кирген маселелер чечилет.

Сессияга катышып жаткан айылдык кеңештин депутаттарынын саны каттоонун натыйжасы боюнча аныкталат. Депутаттарды каттоо ар бир сессиянын алдында

башталат жана каттоонун убактысын көрсөтүү менен ал бүткөнгө чейин жүргүзүлөт. Депутаттарды каттоо баракчасы айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысында сакталат. Депутат өзүнүн каттоосун жокко чыгарууну талап кылууга укугу жок.

Сессияда катталган депутаттардын тизмеси сессияга төрагалык кылуучуга берилет.

Документтер менен тастыкталган ооруп калуу, иш сапары, өргүү жана Эмгек кодексине ылайык жүйөлүү деп эсептелинген башка себептер айылдык кеңештин сессиясына депутаттардын катышпай калуусунун жүйөлүү себептери болуп саналат.

Мындай учурда депутат жүйөлүү себептер боюнча сессияга катышууга мүмкүн эместиги жөнүндө төраганын атына жазуу жүзүндөгү арызын жөнөтөт.

Катары менен төрт жолудан ашык жүйөлүү себептерсиз катышпай калган депутаттарга айылдык кеңештин сессиясынын чечими боюнча алардын депутаттык ыйгарым укуктарын алып коюу жөнүндө айылдык кеңештин чечими кабыл алынат.

Арыздар жана кайрылуулар күн тартибиндеги “ар түрдүү маселелердин” алкагында каралат.

Айылдык кеңештин сессиясынын же жыйналышка төрагалык кылуучунун чечими боюнча күн тартибинин “ар түрдүү маселелеринин” алкагындагы маселелерге билдирүү, жарыялоо, кайрылуу жана протоколдук чечимдер үчүн 30 мүнөткө чейин убакыт бөлүнүшү мүмкүн.



## 34. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫНДА ДЕПУТАТТА КАНДАЙ МИЛДЕТТЕР БАР?

Жергиликтүү кеңештин депутаты сессияда төмөндөгүлөргө милдеттүү:

- ар бир сессиянын алдында каттоодон өтүүгө жана сессиянын ишине катышууга;
- регламентти, сессиянын күн тартибин жана сессияга төрагалык кылуучунун укук ченемдүү талаптарын сактоого;
- кол көтөрүү аркылуу сөз суроого;
- сессияда төрагалык кылуучунун уруксаты менен гана сөз сүйлөөгө;
- жүрүм-турумдун этикасынын эрежелерин сактоого;
- чыгып сүйлөгөндө же маселени жүйөлөштүргөндө баяндамачыдан (кошумча баяндамачыдан) жана сессияга төрагалык кылуучудан башка залда катышып отургандарга жеке кайрылууларга жол бербөөгө;
- чыгып сүйлөгөндө катышып отургандардын ар намысына жана кадыр-баркына залака келтирген одоно, кемсинткен сөздөрдү пайдаланбоого, мыйзамсыз аракеттерге чакырбоого, көз көрүнөө жалган маалыматтарды пайдаланбоого, сессиянын катышуучуларына жана алардын айткан сөздөрүнө баа бербөөгө, ким гана болбосун анын дарегине негизсиз жалаа жабууга жол бербөөгө;
- төраганын уруксаты менен сессиядан чыгып кетүүгө.

Жергиликтүү кеңештин депутаты жеке кызыкчылыгына, башкача айтканда ал үчүн, анын жубайы, анын ата-энеси, балдары, бир туугандары үчүн материалдык пайдага тийиштүү маселе (айыл өкмөтүнүн башчысын, шаардын мэрин шайлоого тийиштүү маселелерден тышкары) каралып жаткан учурда добуш берүүгө укуктуу эмес.

## 35. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН КАНДАЙ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН ЖАЛПЫ САНЫНЫН ҮЧТӨН БИРИ ТАРАБЫНАН ДЕМИЛГЕЛЕНЕТ?



Жергиликтүү кеңештин депутаттары жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринин демилгеси менен төмөндөгү маселелерди демилгелөөгө укуктуу:

- өздөрүнүн милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган учурда жергиликтүү кеңештин төрагасын, жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басарын мөөнөтүнөн мурда бошотууну;
- кезексиз тартипте жергиликтүү кеңештин сессиясын чакырууну;
- мурда кабыл алынган жергиликтүү жамааттын уставына өзгөртүү жана толуктоо киргизүүнү.

Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын үчтөн биринин демилгеси кайрылуу же билдирүү түрүндө жол-жоболоштурулуп, аларга кол коюлуп, тийиштүү чечим кабыл алуу үчүн жергиликтүү кеңештин төрагасына жөнөтүлөт.

Жергиликтүү кеңештин төрагасы жергиликтүү кеңештин депутаттарынын үчтөн биринин демилгеси менен кайрылуу же билдирүү келип түшкөн күндөн баштап 5 (беш) календардык күндүн ичинде (кароонун мөөнөтү депутатардын ыктыяры менен өзгөртүлүшү мүмкүн) жогоруда аталган маселелер боюнча алардын демилгесин канааттандыруу тууралуу чечим кабыл алат.

## 36. “КВОРУМ” ДЕГЕН ЭМНЕ?



***Кворум*** (лат. *Quorum* – жетиштүү деңгээлде катышуу) - жыйналышты укук ченемдүү деп, ал эми кабыл алынган чечимдерди мыйзамдуу деп таануу үчүн жетиштүү, мыйзам же регламент менен белгиленген жыйналыштын (чогулуштун) катышуучуларынын саны.

Кворум органдын мүчөлөрүнүн жалпы санына карата катышуучулардын саны же катышуучулардын санына проценттик катышы аркылуу аныкталышы мүмкүн.

Кворумдун өтө көп колдонуучу вариантына төмөндөгүлөр кирет:

- эгерде жалпы курамдын жарымынан көбү (51 %) же үчтөн экиден ашыгы (2/3) катышса, жыйналыш тигил же бул маселени кароого укуктуу;
- тигил же бул чечимди кабыл алуу үчүн добуш берүүгө бардык добуш берүүгө укуктуулардын жарымынан көбү (51 %) же үчтөн экиден ашыгы (2/3) катышуусу талап кылынат;
- жыйналыштын күн тартибинин ар кандай жол-жоболук маселелери үчүн добуш берүүгө укугу бар катышкан адамдардын ичинен көпчүлүк добуштардын белгилениши мүмкүн.

Кворум төмөндөгүдөй жол менен аныкталат:

- жыйналыштын (сессиянын) башталышында катышуучулар катталганда, каттоодон кийин гана чогулуштун катчысы же эсептөө комиссиясы кворумдун бар экендиги же жок экендиги тууралуу маалымдайт;
- чогулуштун катчысынын же эсептөө комиссиясынын жардамы менен катышуучулардын талабы боюнча ар бир чечим кабыл алынар алдында (кол көтөрүү жолу менен же электрондук система аркылуу).

Зарыл керектүү кворум жок болгон учурда, эреже катары, жыйналыш (сессия) башталбайт, чечим кабыл алынбайт.

Жергиликтүү кеңештин сессиясы депутаттардын жалпы санынын жарымынан кем эмеси катышкан учурда укуктуу болот. Ал эми жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органынын башчысын (айыл өкмөтүнүн башчысын, шаардын мэрин) шайлоо учурунда кворум үчүн жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экиден кем эмеси талап кылынат (“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдын 28-бер. 2-б., 43-бер. 4-б., 49-бер., 3-б.).



## 37. КАНДАЙ МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ДЕПУТАТТАРДЫН ЖАЛПЫ САНЫНЫН КӨПЧҮЛҮК ДОБУШУ МЕНЕН, КАЙСЫ МАСЕЛЕЛЕР БОЮНЧА ДЕПУТАТТАРДЫН ЖАЛПЫ САНЫНЫН ҮЧТӨН ЭКИ ДОБУШУ МЕНЕН ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛУУГА УКУКТУУ?

“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамга ылайык жергиликтүү кеңеш депутаттардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен төмөндөгү маселелер боюнча чечим кабыл алууга укугу бар (кворум 51 %);

- жергиликтүү кеңештин төрагасын жана анын орун басарын шайлоодо;
- жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басарын ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотууда;
- айыл өкмөтүнүн башчысын, шаардын мэрин шайлоодо;
- прокуратура органдары тарабынан белгиленген мыйзамдардын, Президенттин жана Өкмөттүн ченемдик укуктук актыларын же өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарбагандыгы же талаптагыдай аткарбагандыгы үчүн айыл өкмөтүнүн башчысын акимдин (шаардын мэрин - премьер-министрдин) мөөнөтүнөн мурда бошотууга жергиликтүү кеңештин депутаттарынын макулдук берүүсү;
- жергиликтүү жамааттын уставын бекитүүдө;
- мыйзамда депутаттардын жалпы санынын үчтөн эки добушу менен кабыл алуу белгиленбеген, жергиликтүү маанидеги башка маселелер боюнча.

Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн эки добушу менен төмөндөгү маселелер боюнча чечимдер кабыл алынат (кворум 2/3):

- жергиликтүү кеңештин төрагасын ээлеген кызматынан мөөнөтүнөн мурда бошотуу;
- айылдык кеңештин депутаттарынын демилгеси боюнча жергиликтүү кеңешти мөөнөтүнөн мурда таркатуу;
- мурда кабыл алынган жергиликтүү жамааттын уставына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү;
- мыйзамда депутаттардын жалпы санынын үчтөн эки добуштары менен чечим кабыл алуу белгиленген жергиликтүү маанидеги башка маселелер.

Сессияда, туруктуу комиссиялардын жыйналыштарында катышкан депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен жол-жобо (процедуралык) маселелери боюнча чечимдер кабыл алынат (кворум катышкандардын санынын 51% ).



# 38. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫНЫН ПРОТОКОЛУН ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТУРУКТУУ (УБАКТЫЛУУ) КОМИССИЯЛАРЫНЫН ПРОТОКОЛДОРУН ЖҮРГҮЗҮҮНҮН ТАРТИБИ КАНДАЙ?

Жергиликтүү кеңештин сессияларынын туруктуу (убактылуу) комиссияларынын жыйналыштарынын жүрүшүндө протокол жүргүзүлөт, ага чакырылыштын алкагында иреттик номер коюлат.

Жергиликтүү кеңештин сессиясынын протоколдорун жүргүзүүайыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы же протоколдорду жүргүзүү жана сактоо үчүн жооптуу болгон шаардык кеңештин аппаратынын кызматкери (мындан ары – жергиликтүү кеңештин сессиясынын катчысы) жүргүзөт.

Айылдык кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларынын жыйналыштарынын протоколдорун жүргүзүүайылдык кеңештин төрагасы менен макулдашуу боюнча айыл өкмөтүнүн башчысынын тапшырмасы менен айыл өкмөтүнүн кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт.

Шаардык кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларынын жыйналыштарынын протоколдорун жүргүзүүшаардык кеңештин аппаратынын кызматкерлери тарабынан жүргүзүлөт.

Протоколдун тексти эки бөлүктөн: киришүү жана негизги бөлүктөрдөн турат.

Жергиликтүү кеңештин сессиясынын (жыйналышынын) протоколунун киришүү бөлүгүндө номери, өткөрүлгөн датасы, убактысы жана орду; жергиликтүү кеңештин чакырылган жылы, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы саны, катышкан депутаттардын саны жана тизмеси, чакырылгандардын тизмеси, баяндамачылардын (кошумча баяндамачылардын) фамилиялары көрсөтүлүү менен күн тартиби, эсептөө комиссиясынын курамы чагылдырылат. Эгерде чакырылгандар 10 (ондон) ашса, анда чакырылгандардын тизмеси протоколго кошо тиркелет.

Протоколдун негизги бөлүгүндө сессияны алып баруунун жүрүшү, каралган маселелер, баяндама жасоого жана жарыш сөздөргө чыгып сүйлөгөндөр, добушка коюлган маселелер жана сунуштар, аларды чечүүнүн жолдору; добуш берүүнүн жыйынтыктары жана кабыл алынган чечимдер, сессиянын жүрүшүндө берилген кошумча материалдар чагылдырылат.

Депутаттарга карата протоколдо алардын фамилиялары көрсөтүлөт, башка адамдарга карата кызмат орду жана иштеген жери милдеттүү түрдө көрсөтүлөт. Жергиликтүү калк катышкан учурда жарандын фамилиясы жана турган жери көрсөтүлөт.

Сессиянын протоколу сессиянын иши бүткөндөн кийин 5 (беш) жумушчу күндөн кеч эмес жол-жоболоштурулат, ага жергиликтүү кеңештин төрагасы жана жергиликтүү кеңештин сессиясынын катчысы кол коёт.

Жергиликтүү кеңештин сессиясынын катчысы жергиликтүү кеңештин төрагасынын уруксаты менен депутаттарга жана башка кызыкдар адамдарга протоколдордун жана токтомдордун көчүрмөлөрүн бере алат.

Жергиликтүү кеңештин сессиясынын учурунда видео-, аудио жазылмалар жүргүзүлүшү мүмкүн, алар жергиликтүү кеңештин депутаттары үчүн жеткиликтүү болууга тийиш.

Протоколдордун, видео-, аудио жазылмалардын түп нускалары жергиликтүү

кеңештин сессиясынын катчысында сакталат. Жыйналыштардын жана сессиялардын протоколдору, аларга тиркелген документтер тийиштүү жергиликтүү кеңештин ыйгарым мөөнөтүндө сакталат. Жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктары аяктаганда жыйналыштардын, сессиялардын протоколдору жана аларга тиркелгендер туруктуу сактоо үчүн архивге өткөрүлөт.

Жергиликтүү кеңештин жабык сессиясынын материалдары Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген эрежелери боюнча жүргүзүлөт.



## 39. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН КЕЗЕКСИЗ СЕССИЯЛАРЫ КАНДАЙ УЧУРЛАРДА ЧАКЫРЫЛАТ?

Кечиктирилгис маселелерди чечүү үчүн айылдык кеңештин төрагасы өзүнүн демилгеси боюнча же айыл өкмөтүнүн башчысынын, айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринин сунуштары боюнча айылдык кеңештин кезексиз сессиясын чакырууга укуктуу.

Айылдык кеңештин кезексиз сессиясын чакыруу жөнүндө сунуштар кезексиз сессияны чакыруу сунуш кылынган маселелерди көрсөтүү жана аны чакыруунун зарылчылыгын кыскача негиздөө менен жазуу жүзүндө берилет.

Кезексиз сессия сунуш келип түшкөн күндөн баштап 5 күндүк мөөнөттөн кеч эмес же жергиликтүү кеңештин депутаттарынын кароосу боюнча башка мөөнөттө чакырылат.

Туруктуу комиссия жергиликтүү кеңештин төрагасынын тапшырмасы боюнча шашылыш тартипте кезексиз сессияга киргизилип жаткан маселени кароого укугу бар.

Кезексиз сессияны дайындоо жөнүндө айылдык кеңештин депутаттарына маалымдоо кезексиз сессияны чакыруу жөнүндө айылдык кеңештин төрагасы чечим кабыл алган учурдан баштап бир сутканын ичинде жүргүзүлөт.

Өзгөчө кырдаалдар пайда болгон учурда айылдык кеңештин төрагасы кезексиз сессияны чакырууга жана депутаттарды маалымдоонун мөөнөтүн милдеттүү түрдө сактабай туруп, шашылыш тартипте депутаттарды маалымдоого укугу бар.

Кезексиз сессиянын күн тартибинин долбоору жана каралууга тийиш болгон материалдар айылдык кеңештин кезексиз сессиясына чейин 2 (эки) күндөн кеч эмес депутаттарга жана чакырылган адамдарга, ал эми калган катышуучуларга – кезексиз сессияны өткөрүү алдында же жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыктыярына жараша башка учурда таркатылып берилет.



## 40. СЕССИЯНЫ ӨТКӨРҮҮНҮН МАКСИМАЛДУУ ЖАНА МИНИМАЛДУУ УЗАКТЫГЫ КАНДАЙ?

Жергиликтүү кеңештин депутаттары сессиянын узактыгын өздөрүнүн ыктыяры боюнча жергиликтүү кеңештин регламентинде аныктайт.

Маселен, жергиликтүү кеңештин сессиясынын ишинин узактыгы эртең мененки 9.00 сааттан кечки 18.00 саатка чейин белгиленип, ар бир 2 саатта 20 мүнөттөн тыныгуу, ошондой эле 1 саатка түштөнүү үчүн тыныгуу белгилениши мүмкүн.

Мындай учурда каралып жаткан маселенин санына жана алардын маанисине жараша жергиликтүү кеңештин депутаттарынын чечими боюнча сессиянын иштөө убактысы кыскартылышы же алар белгилеген мөөнөткө узартылышы мүмкүн.

# 41. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫНЫН КҮН ТАРТИБИНИН ДОЛБООРУ КАНТИП ТҮЗҮЛӨТ, АНЫ КАБЫЛ АЛУУНУН ТАРТИБИ?



Жергиликтүү кеңештин сессиясынын күн тартибинин долбоору сессияда каралууга тийиш болгон маселелердин тизмесинен турат, ал жерде аларды кароонун кезеги, ар бир маселе боюнча баяндамачы (кошумча баяндамачы) белгиленилет.

Кезектеги сессиянын күн тартибинин долбоору жергиликтүү кеңештин иш планынын, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын, фракциялардын лидерлеринин, фракциялардын коалициясынын, депутаттардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларынын сунуштарынын негизинде жыйналыш өткөргөнгө чейин 10 күн мурда жана айылдык кеңештин кезексиз сессиясына чейин 3 күн мурда жергиликтүү кеңештин төрагасы тарабынан түзүлөт (депутаттардын каалоосу боюнча көрсөтүлгөн мөөнөттө регламентте алмаштырылышы мүмкүн).

Сессиянын күн тартибинин долбооруна маселелер туруктуу (убактылуу) комиссиялардын төрагалары, депутаттык фракциялардын лидерлери, жергиликтүү кеңештин фракцияларынын коалициясы менен алдын-ала талкуулагандан кийин төрага тарабынан киргизилет.

Токтомдордун долбоорлору жергиликтүү кеңештин тийиштүү туруктуу комиссиялары тарабынан алдын-ала каралгандан кийин сессиянын күн тартибинин долбооруна киргизилет.

Төрага түзгөн сессиянын күн тартибинин долбоору убактысы жана анын өтүүчү жери, токтомдордун долбоору жана сессияда каралууга тийиш болгон башка документтер менен материалдар депутаттарга, чакырылган адамдарга сессиянын иши башталганга чейин 2 күндөн кеч эмес мөөнөттө жөнөтүлөт. Ошону менен бирге аталган документтер айыл өкмөтүнүн маалымат тактасына жайгаштырылат (депутаттардын ыктыяры боюнча көрсөтүлгөн мөөнөт жергиликтүү кеңештин регламентинде алмаштырылышы мүмкүн).

Кызыкдар адамдар үчүн жергиликтүү кеңештин сессиясынын күн тартибинин долбоору көрүнүктүү жерге илинип коюлат жана башталар алдында таркатылып берилет. Эгерде жергиликтүү кеңештин депутаттары зарыл деп тапса, сессиянын күн тартибинин долбоору жергиликтүү газеталарда жарыяланып, телекөрсөтүү жана радио уктуруу боюнча берилет.

Сессиянын күн тартибинин долбоорун негиз катары кабыл алуу үчүн төрага добушка коёт. Негиз катары кабыл алынган сессиянын күн тартибинин долбооруна өзгөртүүлөр жана толуктоолор киргизилиши мүмкүн.

Негиз катары кабыл алынган күн тартибинин долбоорун жаңы маселелер менен толуктоо жөнүндө сунуш, эгерде сунуш кылынган маселе мурда жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясында каралса, катышкандардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен киргизилет.

Күн тартибинин долбооруна киргизилген маселелерди алып салуу же маселелерди өзгөртүү (техникалык мүнөздөгү) тууралуу сунуш жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары тарабынан алдын-ала каралбай туруп, катышуучулардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

Жыйналыштын күн тартибинин долбоору ага өзгөртүүлөр жана толуктоолор

киргизүү жөнүндө чечим кабыл алынгандан кийин төрага тарабынан сессиянын күн тартиби толук кабыл алуу үчүн добушка коюлат, сессиянын күн тартиби катышкан депутаттардын санынын көпчүлүк добушу менен кабыл алынат.

Кошумча материалдар жергиликтүү кеңештин сессиясында жергиликтүү кеңештин төрагасынын визасы коюлгандан кийин таркатылат.



## 42. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫН КИМ АЛЫП БАРАТ? ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ОРУН БАСАРЫ, ТУРУКТУУ КОМИССИЯНЫН ТӨРАГАСЫ, ФРАКЦИЯЛАРДЫН ЛИДЕРИ, ФРАКЦИЯЛАРДЫН КОАЛИЯСЫНЫН ЖЕТЕКЧИСИ ЖЕ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТӨРАГАСЫНЫН ТАПШЫРМАСЫ БОЮНЧА ДЕПУТАТТАРДЫН БИРИ СЕССИЯНЫ АЛЫП БАРА АЛАБЫ?

Жергиликтүү кеңештин сессиясын сессияга төрагалык кылуучу алып барат. Жергиликтүү кеңештин төрагасы сессияга төрагалык кылуу укугу бар, ал жок учурда жергиликтүү кеңештин төрагасынын тапшырмасы боюнча жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары төрагалык кылат. Туруктуу комиссиялардын төрагасы, фракциялардын лидерлери, фракциялардын коалициясынын жетекчилери, депутаттардын тобу же депутаттар жергиликтүү кеңештин сессиясын алып барууга укуктары жок. Жүйөлүү себептер менен жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары жок болгон учурларда сессия өткөрүлбөйт.



## 43. СЕССИЯГА ТӨРАГАЛЫК КЫЛУУЧУНУН УКУКТАРЫ ЖАНА МИЛДЕТТЕРИ КАНДАЙ?

Жергиликтүү кеңештин сессиясында төрагалык кылуучу төмөндөгүлөргө укуктуу:

- сессияны жүргүзүүгө, жергиликтүү кеңештин сессиясын ачуу жана жабуу тууралуу жарыялоого;
- маселелерди кароого катышууга, каралып жаткан маселелер боюнча сунуштарды жана сын-пикирлерди киргизүүгө;
- маалымат берүү үчүн депутаттарга жана кызмат адамдарына кайрылууга;
- эгерде сүйлөп жаткан адам жергиликтүү кеңештин регламентинде белгиленген эрежени бузуп жатса, анын сөзүн токтотууга (эгер күн тартиби боюнча сүйлөбөй, шылдыңдоо сөздөрүн колдонсо);
- протоколдук чечимдерди кабыл алганда көпчүлүктүн басымдуулук кылганы ачык көрүнгөндө добуштарды саноого барбоого;
- пландаштырылбаган талаш-тартыштарды токтотууга;
- сессияда пайда болгон ар түрдүү көз караштарды жана маселелерди чечүү максатында депутаттар, адистер менен консультация жүргүзүүнү уюштурууга;
- жыйналыштар залында алар тартип бузган учурда депутат болуп саналбаган адамдарды жыйналыштар залынан чыгаруу тууралуу сунуш киргизүүгө;
- залда өзгөчө кырдаал жаралган, ошондой эле коомдук тартип одоно бузулган учурда сессиянын жүрүшүн токтотууга;

- уюштуруу жана жол-жобо (процедуралык) маселелери боюнча сунуш киргизүүгө;
- жергиликтүү кеңештин регламентинде каралган башка укуктары бар.

Жергиликтүү кеңештин сессиясына төрагалык кылуучу төмөндөгүлөргө милдеттүү:
- жергиликтүү кеңештин регламентин сактоого жана аны сессиянын бардык катышуучуларынын сактоосун камсыз кылууга;
- чыгып сүйлөгөндөрдүн убакытты сактоосун камсыз кылууга, белгиленген убакыт бүткөндүгү тууралуу чыгып сүйлөөчүнү өз учурунда эскертүүгө;
- сессиянын күн тартибине ылайык келип түшкөн сунуштардын ирети боюнча чыгып сүйлөө үчүн сөз берүүгө;
- сессиянын күн тартибине кирген маселелерди добушка коюуга;
- келип түшкөн депутаттардын сунуштарын кезегине жараша добушка коюуга;
- добуш берүүнү жана добуштарды эсептөөнү уюштурууга, добуштардын жыйынтыгын жарыялоого;
- депутаттардын жазуу жүзүндөгү суроо-талаптарын жана кайрылууларын жарыя кылууга, суроо-талаптар үчүн, алар боюнча суроо-жоопторго, маалыматтарга, билдирүүлөргө, жарандардын кайрылууларына, жарыяларга, ошондой эле жыйналышты алып баруу боюнча сын-пикирлер үчүн, жергиликтүү кеңештин токтомунун долбоору боюнча сунуштарды жана түзөтүүлөрдү киргизүү боюнча сөз берүүгө, добуш берүүнүн жүйөсү боюнча сөз сүйлөөгө;
- сессиянын протоколун жүргүзүүнү уюштурууга, сессиянын протоколуна жана жергиликтүү кеңештин токтомуна кол коюуга;
- сессиянын катышуучуларына урматтоо менен мамиле кылууга, жеке сын-пикирлерин таңылоодон жана сессиянын катышуучуларынын сөздөрүнө баа берүүдөн, комментарий берүүдөн четте болууга;
- сессияны алып баруунун эрежеси жана жол-жоболору боюнча билдирүүлөрдү жана түшүндүрмөлөрдү эске алууга;
- эгерде өзү каралып жаткан маселе боюнча докладчы болуп саналса жана өзүн жергиликтүү кеңештин төрагасынын кызматынан бошотуу тууралуу маселени жергиликтүү кеңеш караган учурда сессияны алып барууну орун басарына тапшырууга.

## 44. “ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫНЫН АЧЫКТЫГЫ” ДЕГЕН ЭМНЕ? ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫНА ЖАНА КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЖЫЙНАЛЫШТАРЫНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ БОЛУП САНАЛЫШПАГАН АДАМДАР КАНТИП ЖАНА КАНЧА ЖОЛУ КАТЫША АЛЫШАТ?



Жергиликтүү кеңештин сессиясы коомчулук үчүн ачык болууга тийиш. Ар бир жаран жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген регламентке ылайык жергиликтүү кеңештин бардык сессияларына жана туруктуу комиссияларынын жыйналыштарына катышууга укугу бар. Жергиликтүү кеңештин сессияларына жана туруктуу комиссиялардын жыйналыштарына катышууну каалаган адамдар үчүн чектөө коюлбайт.

Жегиликтүү кеңеш, эгерде каралып жаткан маселе мыйзамга ылайык мамлекет-

тик жашыруун сырга тийиштүү болсо, жабык сессия жана туруктуу комиссиянын жабык жыйналышын өткөрүү жөнүндө чечим кабыл алышы мүмкүн.

Жергиликтүү кеңеш сессиялардын датасы жана күн тартиби жөнүндө жарандарга алдын-ала маалымдоо боюнча бардык чараларды көрүүгө, сессияга кирүү үчүн шарттарды түзүүгө, ошондой эле жергиликтүү кеңеш кабыл алган чечимдер жөнүндө калкты маалымдоого милдеттүү (“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдын 30-беренеси).

Айыл аймагында, шаарлардын, райондордун аймагында иштерин жүзөгө ашырып жаткан айыл өкмөтүнүн башчысы, шаардын мэри, райондун акими, алардын орун басарлары, ошондой эле башка кызмат адамдар кеңеш берүүчү добуш укугу менен жергиликтүү кеңештин ачык сессияларына жана анын туруктуу комиссияларынын жыйналыштарына катышууга укугу бар.

Жергиликтүү кеңештин ачык сессияларына жана анын туруктуу комиссияларынын жыйналыштарына жалпыга маалымдоо каражаттарынын өкүлдөрү, ошондой эле бардык кызыкдар адамдар катышууга укугу бар, алар жергиликтүү кеңештин регламентинде белгиленген эрежелерди бузбоосу зарыл.

Өздөрүнүн карамагына кирген маселелерди жергиликтүү кеңеш карап жаткан учурда айыл өкмөтүнүн, шаардын мэриясынын аппаратынын кызматкерлери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жетекчилери, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилери өздөрүнүн катышуусу тууралуу жергиликтүү кеңештин төрагасы менен алдын-ала макулдашпай туруп эле ачык жыйналыштарга катышууга укугу бар.

Жергиликтүү кеңештин төрагасы сессияны ачар алдында депутат болуп саналышпаган адамдардын сессияга катышып жаткандыгы жөнүндө билдирет. Сессияга катышып жаткандарга сессияга катышуунун жол-жоболорун жана сессиянын аягына чейин регламентти сактоону түшүндүрөт.

Сессияга жана комиссиялардын жыйналыштарына катышып жаткан адамдар үчүн жыйналыштар залында өзүнчө орун бөлүнөт. Эгерде сессия жана комиссиянын жыйналышы өтүп жаткан жыйналыштар залы бардык адамдарды (айылдардын, шаарлардын тургундарын) жайгаштыра албаса, жыйналышка төрагалык кылуучунун тапшырмасы боюнча адамдардын аталган топторунан өкүлдөрдүн кирүүсүнө жол берилиши мүмкүн. Өкүлчүлүк бир көчөдөн, кварталдан, райондон, айылдан, уюмдан, мекемеден ж.б. бир өкүлдү (жергиликтүү кеңештин ыктыяры боюнча эки же үч) бөлүп катыштыру аркылуу ишке ашырылат.



## 45. ДЕПУТАТТАРГА ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫНА ЖАНА ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЖЫЙНАЛЫШТАРЫНА КАТЫШЫП ЖАТКАН АДАМДАРГА КАНДАЙ ЖҮРҮМ-ТУРУМ ЭТИКАСЫ КАРАЛГАН?

Жүрүм-турум этикасынын эрежеси жергиликтүү кеңештин ишинин регламентинде баяндалат.

Депутаттар жана жергиликтүү кеңештин сессиясына, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйналыштарына катышып жаткан адамдар жүрүм-турум этикасынын

эрежелерин сактоого тийиш, сүйлөп жаткан учурда одоно, шылдыңдаган сөздөрдү пайдаланууга, мыйзамсыз аракеттерге чакырууга, кимдин гана болбосун дарегине негизсиз жалаа жабууга жол берүүгө, талкууланган маселенин темасынан чыгып кетүүгө укугу жок, мындай жоболорду бузган учурда сессияга төрагалык кылуучу чыгып сүйлөөчүнү эскертет. Регламенттин талаптарын кайталап бузган учурда төрагалык кылуучу сүйлөп жатканды сөз сүйлөөсүн токтотуу жөнүндө маселени добушка коюуга укуктуу, талкууланган маселе боюнча кайталап сөз сүйлөө үчүн ага сөз берилбейт.

Сессия учурунда депутаттар кыйкыруу, кол чабуу, тура калуу, комментарий берүү ж.б.у.с. аркылуу чыгып сүйлөгөндөрдүн баяндоосуна же угуусуна жолтоо болгон аракеттерди жазабоого тийиш.

Сессияга чакырылган жана катышып жаткан адамдар төрагалык кылуучунун уруксаты жок сессияда же жыйналыштарда жергиликтүү кеңештин, анын органдарынын ишине кийлигишүүгө: сөз сүйлөөгө, билдирүү жасоого, өз пикирин айтууга, комментарий берүүгө укуктары жок.

Сессия учурунда залдагы катышкандардын баары, депутаттарды кошуп алганда, уюлдук байланыш аппаратын өчүрүп коюуга (же үнсүз режимге которууга) милдеттүү.

Эгерде депутат кеңештин регламентинин талаптарын бузса, сессияга төрагалык кылуучу анын жеке өзүн эскертет жана тартипке чакырат.

Төрт жолу катары менен жергиликтүү кеңештин сессияларына жүйөлүү себепсиз катышпаган, ошондой эле туруктуу (убактылуу) комиссияларга, жергиликтүү кеңештин иш чараларына туруктуу түрдө катышпаган, шайлоочулардын алдында отчёт беришпеген депутаттар жөнүндө маалымат жергиликтүү кеңештин сессиясында жарыяланат жана тийиштүү чечим кабыл алуу үчүн этика жана мандат боюнча туруктуу комиссияга берилет.

## 46. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫНА КАНДАЙ ЧЕКТӨӨЛӨР КОЮЛАТ?



Жергиликтүү кеңештин депутаты төмөндөгүлөргө укуктуу эмес:

- саясий максаттар же жеке пайда алуу үчүн купуя маалыматтарды пайдаланууга;
- жергиликтүү кеңештин жабык сессияларында, туруктуу (убактылуу) комиссияларында ага белгилүү болгон маалыматтардыжарыя кылууга;
- өз сөзүндө мыйзамдуу түрдө күчүнө кирген чечимдери жок жазык жана жарандык иштердеги фактылар жөнүндө баяндоого;
- жергиликтүү кеңештин мүлкүн жеке максаттары үчүн пайдаланууга;
- депутаттык милдеттерин аткарууга байланышкан аракеттери же аракетсиздиги үчүн белек түрүндө акча каражаттарын жана кызматтарды жеке жана юридикалык жактардан сый акы катары алууга.



## 47. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫНДА ТОКТОМДУН ДОЛБООРУН ТАЛКУУЛООНУН, КАРООНУН ЖАНА КАБЫЛ АЛУУНУН ТАРТИБИ КАНДАЙ? ТОКТОМ ДОЛБООРУН ТАЛКУУЛАГАН УЧУРДА КИМ ЧЫГЫП СҮЙЛӨЙ АЛАТ?

Айылдык кеңештин сессиясында күн тартибине киргизилген жана сессиянын ишинин башталышында айылдык кеңештин депутаттары тарабынан бекитилген маселелер каралат.

Күн тартибине киргизилген маселе боюнча маселенин демилгечиси же маселени алдын-ала кароо үчүн тапшырылган туруктуу (убактылуу) комиссиянын төрагасы баяндама жасайт. Эгерде органдын же кызмат адамынын отчёту угулуп жатса, отчёт берген адам чыгып сүйлөйт, эгерде уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын, бирикмелердин иштери жөнүндө маалымат угулуп жатса, анда анын жетекчиси чыгып сүйлөйт, баяндамачы жок болуп калган учурда анын келбей калуусунун себебин аныктоо менен маселе кийинки сессиянын кароосуна жылдырылат.

Айылдык кеңештин депутаттары сессияга катышканда каралып жаткан маселе боюнча баяндамачыга суроо берүүгө, каралып жаткан маселе боюнча мыйзамдын долбооруна жазуу же оозеки түрүндө сын-пикирлерин жана сунуштарын (өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду) билдирүүгө укугу бар.

Маселени жана токтомдун долбоорун караган учурда туруктуу (убактылуу) комиссиянын корутундусу, ошондой эле депутаттардын келип түшкөн жазуу жана оозеки түрүндөгү бардык  сын-пикирлери жана сунуштары (өзгөртүүлөр, толуктоолор) угулат, алар талкууланып, добуш берүүгө чыгарылат.

Талкуулоо (жарыш сөз) аяктагандан кийин баяндамачы корутунду сөз сүйлөөгө укуктуу. Андан ары депутаттар добуш берүүнүн түрү боюнча (ачык же жашыруун) чыгып сүйлөөгө укуктуу.

Талкууланган маселе боюнча токтомдун долбоорунун текстине депутаттардан сунуштар (өзгөртүүлөр, толуктоолор) түшкөн учурда төрага депутаттардан келип түшкөн бардык сунуштарды (өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду) келип түшкөн иретине жараша добушка коёт. Депутаттардын көпчүлүгү добуш берген депутаттын сунушу кабыл алынды деп эсептелинет жана токтомдун долбоорунун текстине киргизилет. Депутаттардын көпчүлүк добушун албаган сунуш четке кагылды деп эсептелинет.

Токтомдун долбоору добуш берүү аркылуу киргизилген сунуштарды жана сын-пикирлерди эске алуу менен жалпысынан добушка коюлат. Эгерде токтомдун долбоору жалпысынан кабыл алынбаса, ал четке кагылды деп эсептелинет. Четке кагылган токтомдун долбоору айылдык кеңештин кезектеги сессиясында кайталап каралышы мүмкүн.

Талкуулоонун жыйынтыгы боюнча айылдык кеңештин депутаттары, эгерде берилген суроолорду баяндамачынын жооптору канааттандырбаган  же каралган маселе алар тарабынан толук түрдө иликтенбеген же мыйзамдардын нормаларына карама-каршы келген учурда депутаттардын сын-пикирлерин жана сунуштарын эске алып, айылдык кеңештин кезектеги сессиясына киргизүү укугу аркылуу маселени кайра иштеп чыгууга кайтаруу жөнүндө көпчүлүк добуш менен чечим кабыл алууга укуктуу.

Талкуулоонун жүрүшүндө баяндамачы каралып жаткан маселени кийинки

сессияга жылдыруу тууралуу төрагалык кылуучуга расмий түрдө жазуу же оозеки билдирүү жасоого укугу бар. Мындай учурда талкуулоо токтотулат, каралып жаткан маселе кийинки сессияда каралууга жатат.

## 48. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУНУН ТЕКСТТИН ЖОЛ-ЖОБОЛОШТУРУУНУН ТАЛАПТАРЫ КАНДАЙ?



Токтомдун тексти жана ага тиркелгендер адабий тилдин жана юридикалык терминологиянын нормаларын сактоо менен баяндалууга тийиш. Эскирген жана көп маанилүү сөздөрдү жана сөз айкалыштарын, эпитеттерди, метафораларды, кыскартылган сөздөрдү пайдаланууга жол берилбейт. Пункттун тексти башка пунктта кайталап баяндалбайт.

Токтомдун тексти ички мааниси боюнча макулдашылган, жүйөсү боюнча так жана норма жаратуучу техникага ылайык келип турууга тийиш.

Токтомдун текстин баяндаган учурда алгач жалпы, андан кийин конкреттүү жоболор жайгаштырылат. Укуктун нормаларын баяндаган учурда өтө эле жалпылоолордон же өтө эле майдалап баяндоодон качуу зарыл. Токтомдун аталышы, бөлүктөрү, бөлүмдөрү, бөлүмчөлөрү, главалары жана пункттары кыска жана так баяндалып, негизги маанини чагылдырып турууга тийиш. Токтомдун текстинде пайдаланылган терминдер жана түшүнүктөр түшүнүктүү жана бир маанилүү болууга тийиш. Ченемдик укуктук актыларда пайдаланылган терминдерди жана түшүнүктөрдү тактоо керек болгон учурда, ал жерге анын маанисин түшүндүрүп берген пункт киргизилет.

Жергиликтүү кеңештин негизги токтомдоруна гана өзгөртүү жана (же) толуктоо киргизилет. Жергиликтүү кеңештин токтомунун күчүнө кирүү тартиби корутунду жобо түрүндө текстин аягында баяндалат.

Жергиликтүү кеңештин токтомунда төмөндөгү реквизиттердин болуусу тийиш:

- Кыргыз Республикасынын мамлекеттик герби;
- актынын түрүн көрсөтүү;
- ошол ченемдик укуктук актылар жөнгө салуучу предметти билдирген аталыш;
- кабыл алынган жери жана датасы;
- каттоо номери;
- тийиштүү ченемдик укуктук актыга кол коюуга ыйгарым укуктуу адамдын колу;
- жергиликтүү кеңештин герб түшүргөн мөөрү.

Жергиликтүү кеңештин токтомунун текстин баяндоонун жана түзүмдүк элементтеринин тартиби, жергиликтүү кеңештин токтомуна өзгөртүүлөрдү, толуктоолорду киргизүүнүн тартиби, аны күчүн жоготту деп табуу “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын талаптарына ылайык жүзөгө ашырылат (“Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамдын 11, 12, 17-бер.).



# 49. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯСЫНЫН КАЙСЫ МАСЕЛЕЛЕРИ ЖОЛ-ЖОБОЛОР (ПРОЦЕДУРАЛЫК) МАСЕЛЕСИНЕ КИРЕТ? ЖОЛ-ЖОБОЛОР МАСЕЛЕСИ БОЮНЧА ЧЕЧИМДЕРДИ КАБЫЛ АЛУУ ҮЧҮН КАНДАЙ КВОРУМ КЕРЕК?

Сессияны жалпысынан өткөрүүнүн тартибине тийиштүү, уюштуруу мүнөзүндөгү маселелер жол-жоболор маселелерине кирет. Жол-жоболоштуруу маселеси боюнча жергиликтүү кеңештин токтому кабыл алынбайт. Жол-жоболор маселелери сессияга же депутаттардын комиссияларынын жыйналыштарына катышкандардын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен чечилет.

Жол-жоболор маселесине төмөндөгүлөр кирет:

- сессиядагы тыныгуу, аны жылдыруу, жабуу же узартуу жөнүндө;
- сессияны өткөрүү убактысын узартуу же кыскартуу жөнүндө;
- добуш берүүнүн жолдорун өзгөртүү тууралуу;
- чыгып сүйлөөчүлөрдүн кезегин өзгөртүү тууралуу;
- кошумча каттоону жүргүзүү жөнүндө;
- кворумду тастыктоо жана добуштарды кайра саноо тууралуу;
- талкууланган маселе боюнча жарыш сөздөрдү каторуу же токтотуу жөнүндө;
- маселени туруктуу (убактылуу) комиссиялардын кароосуна өткөрүп берүү жөнүндө;
- чыгып сүйлөөлөрдүн убактысын чектөө же узартуу тууралуу;
- күн тартибинин башка маселелерине өтүү (кайрылуу) жөнүндө;
- сессияда маселелерди кароонун жана талкуулоонун ирети тууралуу;
- добуш берүүнү жүргүзүү жөнүндө;
- маселени кароону кийинки сессияга жылдыруу жөнүндө;
- күн тартибинин маселелерин талкуулоонун убактысынын узактыгын белгилөө тууралуу;
- күн тартибине маселени киргизүү же алып коюу жөнүндө;
- суроолорго жооп берүү үчүн убакытты белгилөө жөнүндө;
- чыгып сүйлөөлөрдүн жана суроо берүүлөрдүн санын чектөөнү белгилөө тууралуу;
- суроолорго жана жоопторго убакытты чектөө же узартуу тууралуу;
- каралып жаткан маселе боюнча адамдарды жыйналышка чакыруу жөнүндө;
- чакырылган адамдарга сөз берүү жөнүндө;
- талкуулабай туруп күн тартибинин маселеси боюнча добуш берүүгө өтүү жөнүндө;
- добуштарды саноо жөнүндө;
- жол-жоболорго кирген башка маселелер.

# 50. ЧЫГЫП СҮЙЛӨӨЛӨРДҮН ТҮРЛӨРҮНӨ ЖАРАША АЛАР ҮЧҮН УБАКЫТ БЕЛГИЛӨӨ БОЮНЧА КАНДАЙ ЧЕКТӨӨЛӨР БЕЛГИЛЕНЕТ?



Чыгып сүйлөөлөрдүн убактысын ар бир жергиликтүү кеңеш өзүнүн регламентинде белгилейт.

Иш жүзүндө сессияда жана жергиликтүү кеңештин комиссияларынын жыйналыштарында чыгып сүйлөөнүн ар түрдүү түрлөрү үчүн төмөндөгүдөй убакытты белгилөө максатка ылайыктуу.

Адатта баяндама жасоо үчүн узактыгы 15 мүнөткө, кошумча баяндама жасоо - 10 мүнөткө чейин белгиленет. Башка чыгып сүйлөөлөрдүн узактыгын төмөндөгүдөй белгилесе болот:

- баяндамаларды жана кошумча баяндамаларды талкуулоо үчүн – 10 мүнөткө чейин;
- күн тартибин талкуулоо үчүн – 5 мүнөткө чейин;
- талкууланган маселе боюнча корутунду сөз сүйлөө үчүн – 3 мүнөткө чейин;
- шайланууччу кызматка талапкердин чыгып сүйлөөсү үчүн – 5 мүнөткө чейин;
- талкууланып жаткан талапкер боюнча жарыш сөзгө чыгып сүйлөө үчүн – 5 мүнөткө чейин;
- добуш берүүнүн түрлөрү боюнча чыгып сүйлөө үчүн – 3 мүнөткө чейин;
- сунуштар, маалымкаттар, билдирүүлөр, кайрылуулар үчүн – 3 мүнөткө чейин;
- кайталап чыгып сүйлөө үчүн – 3 мүнөткө чейин.



Депутаттар регламентте төрагалык кылуучуга зарылчылыкка жараша сөз сүйлөө үчүн убакытты 3 мүнөткө узартуу укугун бере алышат. Ошондой эле регламентте депутаттар бир эле маселе боюнча бир депутаттын эки жолудан ашык эмес чыгып сүйлөөсүн чектей алат.

Баяндама, кошумча баяндама, шайлануучу кызматка талапкердин чыгып сүйлөөсү трибунада ишке ашырылат, калган чыгып сүйлөөлөр трибунадан же отурган жеринен ишке ашырылат.

Депутат жыйналышта өзүнө төрагалык кылуучу сөз бергенден кийин гана чыгып сүйлөйт.

Сөз берүү жөнүндө сунуш жазуу түрүндө сыяктуу эле, оозеки түрүндө да төрагалык кылуучунун атына берилет.

Айыл өкмөтүнүн башчысы, шаардын мэри, райондун акими жана анын орун басарлары каралып жаткан маселе боюнча кезексиз чыгып сүйлөө үчүн сөз алууга укуктуу.

Сессияны алып баруунун тартиби, добуш берүүнүн түрлөрү, маалымат берүү, суроолорго жооп берүү, түшүндүрмө берүү боюнча сөз төрагалык кылуучу тарабынан сессияда кезексиз түрдө берилиши мүмкүн, узактыгы 1 (бир) мүнөттөн ашпоого тийиш.



## 51. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН СЕССИЯЛАРЫНДА ДОБУШ БЕРҮҮ КАНТИП ЖҮРГҮЗҮЛӨТ?

Жергиликтүү кеңеш сессияларында ачык же жашыруун добуш берүү аркылуу чечим кабыл алат.

Добуш берүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ачык кол көтөрүүсү аркылуу жана сессиянын эсептөө комиссиясы же төрагалык кылуучу тарабынан добуштарды саноо аркылуу жүргүзүлүшү мүмкүн.

Керектүү кворум болбой калган учурда сессияга төрагалык кылуучу кворум камсыз кылынганга чейин добуш берүүнү жылдырышы мүмкүн.

Бардык маслелер боюнча добуш берүүнүн натыйжалары айыл өкмөтүнүн катчысы, шаардык кеңештин аппаратанын катчысы тарабынан жергиликтүү кеңештин сессиясынын протоколуна киргизилет.

Ачык добуш берүү - бул добуш берүүнүн түрү, мында жооптордун бир варианты (“макул”, “каршы”, “калыс”) боюнча ар бир депутаттын билдирген эрки катталууга жатат.

Ачык добуш берүүдө добуштарды саноону сессиянын эсептөө комиссиясы же төрагалык кылуучу жүргүзөт. Добуштарды саноодон кийин сессияга төрагалык кылуучу чечим кабыл алынгандыгын же кабыл алынбагандыгын жарыялайт.

Добуш берүүдө жол-жоболор боюнча ката кетирилгени билинсе (эсептөө комиссиясынын, төрагалык кылуучунун катасы), жергиликтүү кеңештин депутаттары кайрадан добуш берүүнү өткөрүү боюнча чечим кабыл алышы мүкүн.

Жашыруун добуш берүү – бул добуш берүүнүн түрү, мында депутаттардын добуш берүүсү анонимдүү жүргүзүлөт жана жооптордун бири (“макул”, “каршы”. “калыс”) боюнча добуш берүүчүнүн эркин көзөмөлдөө жокко чыгарылат.

Жашыруун добуш берүү зарыл болуп саналган маселе боюнча, ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушунун чечими менен жүргүзүлөт.

Бюлллетендерди пайдалануу аркылуу жашыруун добуш берүү ар бир депутат тарабынан бюллетенди толтуруу жолу менен ишке ашырылат, бюллетен ар бир депутатка депутаттардын тизмесине ылайык берилет жана депутаттын өз эркин жашыруун билдирүүнү камсыз кылган атайын кабинада толтурулуп, эсептөө комиссиясы тарабынан мөөр басылып жабылган добуш берүүчү үкөккө салынат.

Бюлллетендерди пайдаланып жашыруун добуш берүүнүн натыйжалары кошумча бекитүүнү талап кылбайт. Жергиликтүү кеңештин тийиштүү актысына кошумча добуш берилбестен сессияга төрагалык кылуучу тарабынан кол коюлат.



## 52. ДЕПУТАТ ИШЕНИМ КАТ АРКЫЛУУ БАШКА ДЕПУТАТКА ДОБУШ БЕРҮҮ УКУГУН ӨТКӨРӨ АЛАБЫ ЖЕ СЫРТТАН ДОБУШ БЕРЕ АЛАБЫ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү кеңештин сессияларында жана курамына өзү кирген туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйналыштарында каралган бардык маселелер боюнча чечүүчү добуш берүү укугуна ээ. Ар бир депутат жергилктүү кеңештин сессиясында жана курамына өзү кирген анын туруктуу (убактылуу) комиссия-

ларында бир добушка ээ. Жергиликтүү кеңештин кайсы бир органынын курамына кирбеген депутат анын ишине кеңеш берүүчү добуш укугу менен катыша алат. (“Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамдын 10-бер.).

Демек, жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн добуш берүү укугун өзү ишке ашырат. Депутат ишеним кат же башка жол менен  башка депутатка добуш берүү укугун өткөрүүсүнө жол берилбейт, анткени ар бир депутат берилген депутаттык мандатка ылайык бир добушка ээ.

Бир маселе боюнча добуш берген учурда  айылдык кеңештин депутаты чечимди кабыл алуу үчүн “макул” же “каршы”,  же болбосо  чечимди кабыл алууда “калыс”  болуу менен бир добушка ээ. Добуш берүүдө жок болгон жергиликтүү кеңештин депутаты добуш берүү аяктагандан кийин өз добушун берүүгө укугу жок. Ал жыйналыштар залында болгон шартта, депутаттын добуш берүүгө катышпай калуусу добуш берүүнүн жыйынтыктарын кайра кароо үчүн негиз болуп саналбайт. Добуш берүүнүн башталуусу жарыя кылынгандан кийин аны тототууга эч кимдин укугу жок. Сырттан добуш берүү  мыйзамдарда каралган эмес.

## 53. ЖАШЫРУУН ДОБУШ БЕРҮҮДӨ ЭСЕПТӨӨ КОМИССИЯСЫНА КАНДАЙ РОЛЬ ЖҮКТӨЛГӨН? ЖАШЫРУУН ДОБУШ БЕРҮҮНҮ ӨТКӨРҮҮНҮН ТАРТИБИ КАНДАЙ?



Жашыруун добуш берүүнү өткөрүү жана анын жыйынтыктарын чыгаруу үчүн айылдык кеңештин депутаттары алгач ачык (же жашыруун) добуш берүү менен эсептөө комиссиясын шайлашат, эсептөө комиссиясынын мүчөлөрүнүн саны так санда болууга тийиш.

Эсептөө комиссиясы өзүнүн курамынан эсептөө комиссиясынын төрагасын жана катчысын шайлайт, ошондой эле эсептөө комиссиясынын мүчөлөрүнүн ортосундагы милдеттерди бөлүштүрөт. Эсептөө комиссиясынын төрагасын жана катчысын шайлоо жөнүндө, ошондой эле эсептөө комиссиясынын мүчөлөрүнүн ортосундагы милдеттерди бөлүштүрүү тууралуу чечимди эсептөө комиссиясы көпчүлүк добуш менен кабыл алат жана протокол менен жол-жоболоштурат, протокол айылдык кеңештин депутаттарынын көпчүлүк добушу менен бекитилет.

Жашыруун добуш берүү үчүн бюллетендер сунуш кылынган форма боюнча эсептөө комиссиясы тарабынан айылдык кеңештин депутаттарынын санына  ылайык келген санда даярдалат жана айылдык кеңештин чечими менен бекитилет. Добуш берүү бюллетенинде “макул”, “каршы”, “калыс” жоопторунун варианттары каралат.  Эсептөө комиссиясынын мүчөлөрү ар бир  бюллетендин артына кол коюшат.

Эсептөө комиссиясы жашыруун добуш берүү үчүн кабиналарды даярдоо менен депутаттардын өз эркин жашыруун билдирүүсү үчүн шарттарды түзөт.

Добуш берүүнүн алдында  эсептөө комиссиясы айылдык кеңештин бардык депуттарынын  катышуусунда добуш берүүчү үкөктү  жаап бекитет.

Депутат жашыруун добуш берүү үчүн бир бюллетен алып, жашыруун добуш берүү үчүн ведомстводогу өзүнүн фамилиясынын тушуна кол коюп, жашыруун добуш берүү үчүн кабинага кирет. Добуш бергенден кийин депутат бюллетенин добуш берүүчү үкөккө салат.

Добуш берүү аяктагандан кийин, эсептөө комиссиясында калган бюллетендер эсептелип, депутаттардын катышуусунда эсептөө комиссиясынын төрагасынын  бюллетендин

оң жактагы бурчун кесүү жолу менен жарактан чыгарылат.

Депутаттардын добушун эсептеген учурда белгисиз формадагы бюллетендер, ошондой эле депутаттардын өз эркин билдиргенин аныктоо мүмкүн болбогон бюллетендер жараксыз деп эсептелинет. Бюллетенге киргизилген толуктооолор добуштарды саноодо эске алынбайт.

Жашыруун добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө эсептөө комиссиясы протокол түзөт, ага эсептөө комиссиясынын бардык мүчөлөрү кол коюшат жана ал эсептөө комиссиясынын төрагасы тарабынан сессияда жарыя кылынат.

Эсептөө комиссиясынын төрагасы баяндаган протоколдун негизинде сессияга төрагалык кылуучу чечим кабыл алынгандыгы же кабыл алынбагандыгы тууралуу жарыялайт. Жашыруун добуш берүүнүн жыйынтыктары жөнүндө протокол айылдык кеңештин токтому менен бекитилет.



## 54. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМДОРУНУН АТКАРЫЛЫШЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨ КАНТИП ИШКЕ АШЫРЫЛАТ?

Жергиликтүү кеңештин ар бир токтомунда: жергиликтүү кеңештин токтомунун аткарылышын көзөмөлдөө жүктөлгөн жак же орган; пункттарынын же токтомдун толугу менен күчүнө киришинин конкреттүү мөөнөтү; аны аткаруунун мөөнөтү көрсөтүлүүгө тийиш.

Кабыл алынган токтомдордун аткарылышын көзөмөлдөө кабыл алынган токтомдун максатына жетүүсүнө багытталган маанилүү элемент болуп саналат. Көзөмөлдөөнүн максатына төмөндөгүлөр кирет:

- токтомдун аткарылышынын натыйжалуулугунун деңгээлин ачып көрсөтүү;
- аны аткарууга кыйынчылык жараткан себептерди ачып көрсөтүү;
- токтомдун аткарылышына жолтоо болгон жактарды (органдарды) ачып көрсөтүү, зарылчылыкка жараша аларды жоопкерчиликке тартуу, токтомдун аткарылышын соттук тартипте камсыз кылуу (эгерде мына ушундай зарылчылык бар болсо).

Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү ишке ашыруу үчүн токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жүктөлгөн жакка же органга кошумча атайын ишеним каттар талап кылынбайт.

Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жүктөлгөн кызмат адамынын же органдын маалыматын уккандан кийин жергиликтүү кеңеш төмөндөгүлөргө укуктуу:

- аткарылган катары токтомду көзөмөлдөөн алууга;
- аткарылган катары токтомдун айрым пункттарын көзөмөлдөөн алууга;
- ошол токтомдун аткаруу мөөнөтүн узартууга;
- көзөмөлдөө ыйгарым укуктарын башка жакка же органга жүктөөгө;
- токтомду жокко чыгарууга;
- токтомго өзгөртүү жана толуктоо киргизүүгө;
- кошумча токтом кабыл алууга.

Көзөмөлдөө боюнча отчет берүүнүн мөөнөтү токтомдун өзүндө белгиленилет. Жергиликтүү кеңештин төрагасы токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жүктөлгөн жакка (органга) жергиликтүү кеңештин сессиясында анын аткарылышынын жүрүшү жөнүндө маалымат берүүнү тапшырууга укугу бар.

## 55. “РЕГЛАМЕНТ” ДЕГЕН ЭМНЕ? ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН РЕГЛАМЕНТИНЕ КАНЧА ЖОЛУ ӨЗГӨРТҮҮ КИРГИЗСЕ БОЛОТ?



Жергиликтүү кеңештин регламенти – бул мамлекеттик ыйгарым укуктуу орган бекиткен типтүү регламенттин негизинде жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан иштелип чыккандокумент. Регламент жергирликтүү кеңештин сессияларын, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйналыштарын өткөрүүнүн тартибин жана жол-жоболорун аныктайт, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын башка ыйгарым укуктарын ишке ашыруунун тартибин жол-жобалоштурат.

Жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан кабыл алынган жергиликтүү кеңештин регламенти жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында катталууга жатат. Регламентти бекитүү тууралуу жергиликтүү кеңештин токтому жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарында катталууга жатат, андан кийин ЖМКда жарыяланат жана ченемдик укуктук актылардын Реестирине киргизүү үчүн юстициянын аймактык органдарына жөнөтүлөт. Ошондон кийин гана жергиликтүү кеңештин регламенти юридикалык жактан күчүнө кирди деп эсептелинет.

Жергиликтүү кеңештин соңку типтүү регламенти 2013-жылдын 23-январында КР Өкмөтүнө караштуу курулуш жана аймактык өнүктүрүү боюнча мамлекеттик агенттиктин директорунун буйругу менен бекитилген. Бирок бул типтүү регламент жергиликтүү кеңештердин сессияларын уюштурууга жана өткөрүүгө тийиштүү болгон көп жол-жоболук маселелерди камтыбайт.

Өнүктүрүү саясат институтунун эксперттери тарабынан кыйла толук, баарын камтыган жергиликтүү кеңештин типтүү регламенти иштелип чыккан, ал Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына карама каршы келбейт жана өлкөнүн жергиликтүү кеңештери тарабынан пайдаланууга сунуш кылынат. Типтүү регламенттин толук текстин www.dpi.kg" сайтынын “Мыйзамдар” бөлүмүнөн тапса болот.

Регламентке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду жергиликтүү кеңештин депутаттары өз ыктыярлары менен чектөөсүз каалашынча киргизсе болот. Бирок ар бир киргизилген өзгөртүү жана толуктоо өлкөнүн колдонуудагы мыйзамдарына ылайык келүүсү абзел.

Жергиликтүү кеңештин регламентине өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жөнүндө сунуштар депутаттардын ар бири, туруктуу комиссиялар, депутаттык фракциялар, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын топтору же алардын жалпы санынын үчтөн бири, анын ичинде жергиликтүү кеңештин төрагасы жана анын орун басары демилгелесе болот. Регламентке өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү жооптуу туруктуу комиссиялар тарабынан каралгандан кийин жергиликтүү кеңештин сессиясынын күн тартибине киргизилет жана биринчи кезектеги тартипте каралат.

## 56. РЕГЛАМЕНТТИН ЖОБОЛОРУНУН САКТАЛЫШЫН КӨЗӨМӨЛДӨӨНҮ КИМ ЖҮЗӨГӨ АШЫРАТ?



Жергиликтүү кеңештин регламентинин жоболоруна түшүндүрмө берүүнү жана анын сакталышын көзөмөлдөөнү регламент жөнөндөгү маселе карамагына кирген жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясы жүзөгө ашырат. Бул комиссия талаш-тартыш кырдаалдар жаралган учурда дагы жергиликтүү кеңештин регламентинин нормалары боюн-

ча түшүндүрмөлөрдү бере алат.

Жергилктүү кеңештин регламентинин талаптарын бузуу менен кабыл алынган токтом анык эмес деп эсептелинет. Мындай кырдаалдар пайда болгон учурда депутаттар, туруктуу комиссиялар, депутаттык фракциялар, депутаттык топтор регламент боюнча комиссияга түшүндүрмө берүү үчүн кайрылууга, ошондой эле регламенттин талаптарын бузуу менен кабыл алынган токтомду жокко чыгаруу боюнча сессияга сунуш киргизүүгө укуктуу.

Жергилктүү кеңештин регламентинин сакталышын көзөмөлдөө жергиликтүү кеңештин төрагасына жана регламент боюнча комиссияга жүктөлөт. Жергиликтүү кеңештин сессиясынын учурунда регламенттин сакталышын көзөмөлдөө сессияга төрагалык кылуучуга жүктөлөт. Жергиликтүү кеңештин туруктуу (убактылуу) комиссияларынын жыйналыштарында регламенттин сакталышын көзөмөлдөөнү комиссиянын жыйналышына төрагалык кылуучуга жүктөлөт.



## 57. АЙЫЛ АЙМАГЫНДА, ШААРДЫН АЙМАГЫНДА ЖАЙГАШКАН КӨЧӨЛӨРДҮ ЖАНА БАШКА ОБЬЕКТТЕРДИ КАЙРА АТОО БОЮНЧА ЧЕЧИМДИ АЛУУГА КИМ ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ?

“Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө” Мыйзамга ылайык шаарлардын, айылдардын, суулардын, каналдардын, көпүрөлөрдүн, саздардын, көлдөрдүн, шаркыратмалардын, тоолордун, тоо кыркаларынын, тоо чокуларынын, ашуулардын, мөңгүлөрдүн, капчыгайлардын, өзөндөрдүн, аскалардын, үңкүрлөрдүн, кыштоолордун, конуштардын, жайыттардын, көчөлөрдүн, аянттардын, проспекттердин, гүлзарлардын, аллеялардын, парктардын, жаратылыш парктарынын, коруктардын жана башка ушуга окшош обьектилердин, ошондой эле тарыхый окуяларга жана тарыхый инсандардын ишмердигине байлланышкан жерлердин аталыштары Кыргыз Республикасынын географиялык аталыштары болуп саналат.

“Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө” Мыйзам жергиликтүү кеңештин депутаттарына проспекттерди, аллеяларды, аянттарды, шаардык же айылдык парктарды, гүлзарларды, көчөлөрдү жана бурулуш көчөлөрүн атоо жана кайра атоо боюнча ыйгарым укуктарды берет. Ал үчүн жергиликтүү кеңештин тийиштүү токтому талап кылынат. Проспекттерди, аллеяларды, аянттарды, шаардык же айылдык парктарды, гүлзарларды, көчөлөрдү жана бурулуш көчөлөрүн атоо жана кайра атоо үчүн документтерди даярдоо боюнча уюштуруу маселелери жергиликтүү кеңештин аткаруу органдарына жүктөлгөн.

Айылдык аймактарды, шаарларды, райондорду, областтарды, айылдарды адамдардын аттары менен атоого жана кайра атоого тыюу салынган.

Кыргыз Республикасындагы географиялык обьекттерди атоого жана кайра атоого байланышкан чыгымдар ошол обьекттер жайгашкан аймактагы жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын бюджетинин эсебинен жүргүзүлөт (“Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө” Мыйзамдын 1,5,6,7,12-бер.).

# 58. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ ӨЗ АЛДЫНЧА АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК АЙЫПТАРДЫН ӨЛЧӨМҮН БЕЛГИЛЕЙ АЛЫШАБЫ ЖАНА АДМИНИСТРАЦИЯЛЫК ЖАЗА БЕРЕ АЛЫШАБЫ?



Азыркы учурда көптөгөн айыл аймактарында административдик укук бузууларды (жосундарды) жасашкан адамдарды тарбиялоо жана жаңы административдик укук бузууларды жасоонун алдын алуу максатында айылдык кеңештин депутаттары өз алдынча административдик айыптардын (төлөмдөрдүн) суммасын белгилешип, административдик укук бузууларды жасашкан адамдарга өз алдынча жаза колдонушууда.

Бирок жергиликтүү кеңештин депутаттарынын мындай аракеттери мыйзамсыз болуп саналат, анткени “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” КР Мыйзамынын 31-беренесине ылайык административдик укук бузуулар боюнча айыптардын (төлөмдөрдүн ж.б.) суммасын белгилөө жана аларды укук бузуучуларга салуу жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктарына кирбейт.

Бардык административдик укук бузуулар Административдик жоопкерчилик жөнүндө кодекс (мындан ары - Кодекс) менен гана жөнгө салынат, ага ылайык административдик айыптарды  Кодексте көрсөтүлгөн органдар гана жүргүзөт.

Кодекстин 506-беренесине ылайык административдик айыптарды (төлөмдөрдү ж.б.) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан түзүлгөн административдик комиссиялар салышат. Айыптардын өлчөмү (суммасы) Кодексте белгиленилет, мындай учурда административдик укук бузуулар үчүн айыптардын суммасы тийиштүү жергиликтүү бюджетке чегерилет (614-бер., 6-бөл.).

Демек, депутаттар административдик айыптарды белгилөөгө жана салууга  укуктары жок, бирок аларды жасоого ыйгарым укукту комиссиялардын курамына кире алышат. Комиссия, өз кезегинде, айыл өкмөтүнүн башчысынын  (мэрдин) чечими же жергиликтүү кеңештин чечими менен түзүлөт.

# ДЕПУТАТТЫН ИШТӨӨ ТАРТИБИ ЖАНА ШАРТТАРЫ



## 59. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ КАНДАЙ ДОКУМЕНТТЕРДИ: ТОКТОМДУ, ЧЕЧИМДИ ЖЕ ТЕСКЕМЕНИ ЧЫГАРАТ?

Жергиликтүү кеңештин токтомун - ченемдик укуктук актысын кабыл алуу укугуна ээ жергиликтүү кеңеш ченем чыгыруучу орган болуп саналат. Жергиликтүү кеңештин токтому жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктарынын чектеринде жергиликтүү маанидеги маслелерди чечүү үчүн Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын негизинде жана аны аткаруу максатында кабыл алынат.

Жергиликтүү кеңештин токтому айыл аймагында, шаардын аймагында милдеттүү юридикалык күчкө ээ жана ЖМКда (жергиликтүү гезиттерде) расмий жарыяланган күндөн тартып күчүнө кирет жана ченемдик укуктук актылардын Реестирине киргизилүүгө (облюстка) жөнөтүлөт.

Айылдык, шаардык кеңештин төрагасы өз алдынча жергиликтүү кеңештин ички уюштуруу маселелерин чечүү арналган ченемдик укуктук актынын статусуна ээ эмес тескемекабыл алууга укугуна ээ.

Айыл өкмөтүнүн башчылары, шаарлардын мэрлери коюлган маселелердин мааниси жана мазмуну боюнча ченемдик укуктук актылардын статусуна ээ эмес токтом, чечим, тескеме түрүндөгү нормативдик документтерди кабыл алат, аларды ЖМКда расмий жарыялоо жана ченемдик укуктук актылардын Реестирине киргизүү талап кылынбайт (КР Өкмөтүнүн 2012-жылдын23-июлундагы №517 токтому менен бекитилген “Кыргыз Республикасындагы иш кагаздарын жүргүзүү” боюнча типтүү нускама, ошондой эле типтүү нускамага №2,3 тиркемелер).

Өз компетенциясынын чектеринде кабыл алынган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын нормативдик документтери тийиштүү аймакта жайгашкан, менчигинин түрүнө карабастан бардык ишканалар, уюмдар, мекемелер, ошондой эле кызмат адамдары, коомдук бирикмелер жана жарандар тарабынан аткаруу үчүн милдеттүү болуп саналат.



## 60. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ТОКТОМУ МЕНЕН САЛЫШТЫРГАНДА КАЙСЫ НОРМАТИВДИК УКУКТУК АКТЫЛАР КЫЙЛА ЖОГОРКУ ЮРИДИКАЛЫК КҮЧКӨ ЭЭ?

“Ченемдик укуктук актылар жөнүндө” Мыйзамга ылайык ченемдик укуктук актыларды кабы алуу, ошондой эле өздөрү кабыл алаган ченемдик укуктук актыларды жокко чыгаруу, күчүн жоготту деп табуу, өзгөртүү, толуктоо укугу төмөндөгүлөргө берилген:

- Президентке;
- Жогорку Кеңешке;

- Өкмөткө;
- Улуттук банкка;
- Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясына;
- Жергиликтүү кеңештерге.

Юридикалык күчүнүн деңгээли боюна жогоруда аталган ченем чыгаруу органдары жана кызмат адамдары тарабынан кабыл алынган ченемдик укуктук актылар төмөндөгү иерархия боюнча жайгашат:

1) Конституция, Конституцияга өзгөртүү жана толуктоо киргизген мыйзам;
2) конституциялык мыйзам;
3) кодекс;
4) мыйзам;
5) Президенттин жарлыгы;
6) Жогорку Кеңештин токтому;
7) Өкмөттүн токтому;
8) Борбордук банктын, Шайлоо жана референдум өткөрүү боюнча борбордук шайлоо комиссиясынын актылары;
9) ченем жаратууга ыйгарым укуктарын башкага ыйгаруу актыларына ылайык ченемдик укуктук актыларды чыгарууга ыйгарым укук алган мамлекеттик органдардын ченемдик укуктук актылары;
10) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актылары.

Бул учурда ченемдик укуктук актылар иерархияга ылайык ага караганда кыйла жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актыларга карама каршы келбөөгө тийиш.

Эгерде ченемдик укуктук актынын мамлекеттик тилдеги тексти расмий тилдеги текстен айрымаланып турса, мамлекеттик тилдеги текст түп нуска деп эсептелинет жана колдонууга жатат (“КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамдын 4,5,6-бер.).

## 61. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН АР БИР ТОКТОМУН МИЛДЕТТҮҮ ТҮРДӨ ЖАРЫЯЛОО КЕРЕКПИ? АНЫ КАНТИП ЖАСОО КЕРЕК? ЖАРЫЯЛООНУ КАЙСЫ КАРАЖАТТАН КАРЖЫЛОО ЗАРЫЛ?



Конституцияга, “КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамга ылайык бардык мыйзамдардын жана ченемдик укуктук актылардын күчүнө кирүүсү үчүн алар жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялanuuга, ошондой эле юстиция органдарындагы ченемдик укуктук актылардын Реестрине киргизилүүгө тийиш. (КР Конституциясынын 6-бер. 4-б.).

Айылдык кеңештин токтому ченемдик укуктук актылардын тизмесине кирет, ошондуктан милдеттүү түрдө ЖМК (жергиликтүү гезиттерде) жарыяланууга же жергиликтүү кеңештин интернет-сайтында (эгер бар болсо) жайгаштырылууга тийиш. Жергиликтүү кеңештин токтомун жарыялоо үчүн депутаттар жергиликтүү кеңештин

бюджетин түзүп жана бекитип жатканда “башка чыгымдар” категориясына керектүү каражаттарды киргизип чектеп коюуга укуктуу.

Жергиликтүү кеңештин токтому күчүнө кирүүсү үчүн ал ошол айылдык аймакта, шаарда таркатылуучу гезиттерде жарыяланса болот, эгер бар болсо жергиликтүү кеңештин интернет-сайтында жайгаштырылышы мүмкүн. Жергиликтүү кеңештин токтомун “Эркин Тоо” гезитинде жарыялоо же Өкмөттүн, Жогорку Кеңештин, Юстиция министирлигинин сайтында жайгаштыруу милдетүү эмес.

Ченемдик укуктук актылар мамлекеттик жана расмий тилдерде кабыл алынат жана жаряланат. Бирок “КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө” Мыйзамы тарабынан, эгерде айылдык аймактын жана шаардын аймактарында мамлекеттик тилди билген адамдар басымдуулук кылса, жергиликтүү кеңештер өздөрүнүн токтомдорун мамлекеттик тилде гана кабыл алууга жана жарыялоого уруксат берет. Бирок ченемдик укуктук актыны мамлекеттик тилде гана кабыл алуу жана жарылоо үчүн жергиликтүү кеңештин тийиштүү чечими зарыл.

Жергиликтүү кеңештин токтомун каттоону: 1) республикалык маанидеги, областтык маанидеги жана райондук маанидеги шаардык кеңештердин токтомун – шаардык кеңештердин аппараттары; 2) айылдык кеңештердин токтомдорун – айыл өкмөттөрүнүн аппараттары жүргүзүшөт. Ченемдик укуктук актыларды каттоо алардын төмөндөгү реквизиттерин: 1) актынын түрүн; 2) ошол ченемдик укуктук актыны жөнгө салган предметти билдирген аталышты; 3) кабыл алынган жерин жана датасын; 4) каттоо номерин; 5) аткаруу жүктөлгөн аткаруучу жөнүндө маалыматты; 6) аткаруу мөөнөтүн көрсөтүү менен ченемдик укуктук актыларды каттоо жөнүндөгү журналга жазып түшүрүү аркылуу ишке ашырылат.

Андан кийин расмий жарыяланган жергиликтүү кеңештин токтомдорунун көчүрмөлөрү аларды каттоону ишке ашырган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан, ченемдик укуктук актылардын Мамлекеттик реестирине киргизүү үчүн жарыяланган булакты жана жарыяланган датасын көрсөтүү менен мамлекеттик жана расмий тилдерде эки нускада, кагаз жана электрондук түрүндө Юстиция министрлигинин тийиштүү аймактык бөлүмдөрүнө жөнөтүлөт.

Бул талаптарды аткарбаган учурда жергиликтүү кеңештердин токтомдору юридикалык күчкө ээ боло албайт, ал эми мындай токтомду аткарууга багытталган аракеттер мыйзамсыз деп табылат.

Жергиликтүү кеңештин токтомун жарялоонун жана каттоонун тартибин кеңири билүү үчүн “КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө” КР Мыйзамынын 4-беренесинин 1-бөлүгүнүн 11-абзацын, 6, 27, 28, 29 жана 30-беренелерин, ошондой эле төмөндөгүлөөрдү иликтеп билүү зарыл.

- Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын ченемдик укуктук актыларын каттоонун тартиби жөнүндө типтүү жобо (КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 25-мартынадагы № 184 токтому менен бекитилген);
- Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларынын Мамлекеттик реестирин жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 8-декабрындагы № 743 токтому менен бекитилген);
- “Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актыларын расмий жарыялоонун булактары жөнүндө” КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 26-февралындагы № 117 токтому.

# 62. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ИШ ПЛАНЫ ЭМНЕ ҮЧҮН КЕРЕК ЖАНА АГА ЭМНЕЛЕР КИРҮҮГӨ ТИЙИШ? АЛ ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНЫН ИШИНДЕ ПАЙДАЛАНЫЛЫП ЖАТКАН БАШКА ПЛАНДАР, ПРОГРАММАЛАР, СТРАТЕГИЯЛАР МЕНЕН КАНТИП БАЙЛАНЫШКАН?



Кандай гана уюм болбосун анын иш планы негизги документ болуп саналат, ага ылайык анын иши жүзөгө ашырылат. Жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын (туруктуу, убактылуу комиссияларынын) иш пландарынын өзгөчөлүгү Конституцияга, мыйзамдарга ылайык кеңеш жергиликтүү жамааттардын иштерин кантип өнүктүрүү жана камсыз кылуу жөнүндө чечимдерди кабыл алган жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органы болуп саналгандыгы болуп саналат. Бирок жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү жана жамааттарды өнүктүрүү боюнча иш жүзүндөгү аракеттерди аткаруу органы – айыл өкмөтү же мэрия аткарат.

Ошондуктан кеңештин иш планынын негизинде айыл өкмөтүнүн же мэриянын иш планы иштелип чыкса идеалдуу болот. Бирок мазмуну жагынан аткаруу органынын планы кеңештин планынан айрымаланып турат, аткени жергиликтүү кеңеш чечим кабыл алуучу жергиликтүү маанидеги маселелерден тышкары аткаруу органынын иш планына жер-жерлердеги мамлекеттик программалардын иш-чаралары бөлүгүндөгү мамлекеттик ыйгарым укуктарды өткөрүп берүү боюнча иш-чаралар кирет.

Жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын ишин пландаштыруу – бул ЖӨАБнын аткаруу органдары менен бирдикте ишке ашырылуучу үзгүлтүксүз процесс. Шарттуу түрдө аны төмөндөгү бир топ этапка бөлсө болот:

Биринчи этап: кеңештин мурдагы иш тажрыйбасын иликтөө, анын натыйжаларын аңдап билүү; шайлоочулардын суроо-талаптарын топтоо жана кайтарымдуу байланышын талдоо – жергиликтүү кеңештин ишине калктын реакциясы. Кайтарымдуу байланышты талдоо үчүн төмөндөгү маселелерге жарандардын жооптору алынууга тийиш: 1) кеңештин ишин шайлоочулар кандай баалашат, алар кандай кемчиликтерди көрүп турушат жана аларды четтетүнүн кандай жолдорун сунуш кылышат? 2) кеңештен шайлоочу конкреттүү түрдө эмнени күтөт? 3) чечилген кайсы иштер жана каралган кандай маселелер керектүү жана кызыктуу маселелер катары эстеринде калды?

Экинчи этап: иштин жана милдеттердин кыйла маанилүү багыттарын талкуулоо жана аныктоо.

Үчүнчү этап: кеңештин жана аткаруу органдарынын иштеринин мазмунун, формасын жана усулун аныктоо.

Төртүнчү этап: келечектеги планды даярдоо жана бекитүү, анын негизинде учурдагы пландарды түзүү жана анын аткарылышын уюштуруу.

Жогорудагылардын натыйжасы болуп бир жылга түзүлгөн кеңештин келечектеги иш планы саналат. Бирок кеңештин депутаттары төрт жылга шайлангандыгына байланыштуу, кеңеш чакырылыштын толук мезгилиндеги иштеринин стратегиясын иштеп

чыгып, кабыл ала алат. Келечектеги планда уюмдун негизги иштери, өткөрүү мөөнөтү, кимге тапшырылганы, аткарылгандыгы тууралуу маалымат көрсөтүлөт. Келечектеги пландын бир нече тиркемелери: кеңештин сессияларынын планы жана туруктуу комиссиялардын жана депутаттык топтордун иш планы болот.

Келечектеги пландын негизинде кеңештин жана анын органдарынын учурдагы иштерин башкаруу үчүн календардык иш планы түзүлөт, ал бир катар артыкчылыктарга: уюмдун бардык ишин ырааттуу көрсөтүүгө; пландаштырылбаган иштерди өткөрүү үчүн салыштырмалуу бош күндөрдү белгилөөгө мүмкүнчүлүк берет.

Жергиликтүү кеңештин жана анын органдарынын, туруктуу жана убактылуу комиссияларынын иштеринин уюштурулгандыгына жараша, депутаттардын шайлоочулар менен кандай иштөөсү, муниципалитеттин жашоо турмушун камсыз кылуу системасынын иштеп турушу жана өнүгүшү, калкка көрсөтүлүп жаткан кызматтын сапатын жана жеткиликтүүлүгүн билсе болот.



## 63. “ДЕПУТАТТЫК СУРОО” ЖАНА “ДЕПУТАТТЫК СУРОО ТАЛАП” ДЕГЕН ЭМНЕ?

Депутаттык суроо-талап - бул депутаттын жергиликтүү кеңештин сессиясын өткөрүүгө чейин же сессиясынын убагында жергиликтүү кеңештин төрагасына, төраганын орун басарына, айыл өкмөтүнүн башчысына, шаардын мэрине, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун бөлүмдөрүнүн, башкармалыктарынын жана башка органдарынын жетекчилерине, менчигинин түрүнө карабастан жергиликтүү кеңештин аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилерине, ошондой эле райондун акимине, анын орун басарына, жергиликтүү мамлекеттик администрациянын (акимиаттын) бөлүмдөрүнүн, башкармалыктарынын жана башка кызматтарынын жетекчилерине коомдук мааниге ээ болгон жана жергиликтүү кеңештин тескөөсүнө кирген маселелерди чечүү боюнча, расмий түшүндүрмө берүү же көз карашын баяндоо талабы.

Суроо-талап депутат же депутаттар тобу тарабынан жазуу жүзүндө же оозеки түрдө киргизилиши мүмкүн, суроо-талап жергиликтүү кеңештин сессиясынын күн тартибине (“ар түрдүү маселелер” категориясына) киргизилүүгө тийиш, ал боюнча талкуулоо жүргүзүлүп, чечим кабыл алынат.

Жергиликтүү кеңештин төрагасы депутаттардын суроо-талаптары келип түшкөндө анын текстин ал кайрылган тийиштүү органга же кызмат адамына жөнөтөт.

Суроо-талап коюлган орган же кызмат адамы жергиликтүү кеңеш белгилеген мөөнөттө ага оозеки же жазуу жүзүндө жооп берүүгө тийиш. Суроо талапка жооп жергиликтүү кеңештин сессиясында каралат.

Депутаттык суроо – бул тигил же бул маселе боюнча депутаттын маалымат алуу же түшүндүрмө алуу жолу. Суроо депутат тарабынан жергиликтүү кеңештин сессиясында же сессиядан тышкары убакта берилиши мүмкүн. Суроого жооп жергиликтүү кеңештин сессиясында жарыя кылынышы мүмкүн же депутаттык суроо багышталган адам тарабынан жеке тартипте депутаттын өзүнө берилиши мүмкүн. Суроо сессиялардын күн тартибине киргизилбейт, талкууланбайт жана ал боюнча чечим кабыл алынбайт (“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамдын 11-бер.).

## 64. ПАРТИЯЛЫК ТИЗМЕ БОЮНЧА ШАЙЛАНГАН ШААРДЫК КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ КАЙСЫ АЙМАКТА ИШТӨӨГӨ ТИЙИШ?

Шаардык кеңештердин депутаттарын шайлоодо шаардын бардык административдик аймагы шайлоо округу деп эсептелинет, ага шаардын курамына кирген айылдардын (эгерде ал бар болсо) аймактары да кошулат. Ушуга байланыштуу шаардык кеңештин депутаты шаардын, шаардын курамына кирген айылдардын административдик аймактарында жашаган бардык шайлоочулар тарабынан бирдиктүү шайлоо округунда шайланышат.

Демек, шаардык кеңештин депутаты шаардын жана шаардын курамына кирген айылдардын бүткүл аймагында бардык шайлоочулар менен иш жүргүзүүгө милдеттүү, ошондуктан шаарда жана шаардын курамына кошулган айылдарда (эгерде алар бар болсо) жашашкан бардык шайлоочулардын алдында отчёт берүүгө тийиш.

Шаардык кеңештин депутаттары шаардык кеңешке шайлоолордун натыйжалары боюнча депутаттык фракцияларга же фракциялардын коалициясына бириге алышат, ошого жараша саясий партиялардан келишкен ар бир фракция же (бир нече саясий партиялардан келишкен) фракциялардын коалициясы фракциялардын коалициясынын чечимдерине, жергиликтүү кеңештин чечимине же жергиликтүү кеңештин регламентине ылайык шайлоочулар менен иштөөнүн тартибин бекитүүгө жана аны жергиликтүү кеңештин сессияларынын ортосундагы мезгилде уюштурууга укуктуу (“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдын 21-беренесинин 5-бөлүгү).

Фракциялардын же фракциялардын коалициясынын депутаттары өздөрүнүн курамынын ичинде депутаттардын шайлоочулар менен ишин ыңгайлуу уюштуруу үчүн шайлоочулардын участокторун белгилей алышат же шаардын жана шаардын курамына кирген (эгерде алар бар болсо) айылдардын бүткүл аймагында башка фракциялардын депутаттары менен ишти чогуу же башкача жолдор менен жүргүзө алышат.

## 65. АЙЫЛ ӨКМӨТҮ ДЕПУТАТТАРГА ОТЧЕТ БЕРҮҮ ҮЧҮН ЖАНА ШАЙЛООЧУЛАР МЕНЕН ЖОЛУГУШУУ ҮЧҮН АЛАРГА ШАРТ ТҮЗҮҮГӨ (ШАЙЛООЧУЛАРДЫ КАБЫЛ АЛУУ ҮЧҮН ИШ ОРДУН ТҮЗҮП БЕРҮҮГӨ) МИЛДЕТТҮҮБҮ?

Өздөрүнүн ыйгарым укуктарын ишке ашырууда жергиликтүү кеңештин депутаттарына көмөктөшүү максатында жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдары – айыл өкмөтү жана мэрия – жергиликтүү кеңештин сессиясын, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйналыштарын өткөрүү үчүн орун жай берүүгө жана зарыл керектүү шарттарды түзүүгө милдеттүү. Аткаруу органы мүмкүнчүлүгүнө жараша жарандарды кабыл алуу үчүн депутатка өзүнчө кабинет бөлүп берүүгө, кошумча кабинет жок болгон учурда жыйналыштар залын тоскоолдуксуз пайдалануу мүмкүнчүлүгүн берүүгө милдеттүү.

Жергиликтүү кеңештердин ишин камсыз кылууну уюштуруу, туруктуу, убактылуу комиссияларга жана депутаттарга жардам көрсөтүү, зарыл керектүү материалдарды

даярдоо үчүн Өкмөт тарабынан белгиленген түптүү нормативдердин негизинде шаардык кеңештер өздөрүнүн аппараттарын түзө алышат.

Айылдык кеңештердин ишин камсыз кылууну уюштуруу айыл өкмөтүнүн аппаратына жүктөлөт.

Жергиликтүү кеңештердин аппараттарынын ишин материалдык-техникалык камсыз кылуу (орун жайларды, эмеректерди, концтоварларды берүү, башка шарттарды түзүү) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына (айыл өкмөтүнө, мэрияга) жүктөлөт, ал эми жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын ишин материалдык-техникалык камсыз кылуу райондук мамлекеттик администрацияга – акимиатка жүктөлөт (“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдын 35-бер.).

Депутат отчёт берүүнү өткөрүү жана шайлоочулар менен жолугуу үчүн зарыл шарттар менен камсыз кылынат. Жергиликтүү кеңеш шайлоочулардын алдында депутаттардын отчётторун өткөрүүнү болжолдуу мөөнөтүн белгилейт, отчёт үчүн керектүү болгон маалымат жана башка материалдар менен аларды өз учурунда камсыз кылат.

***ТУРМУШТАН МИСАЛ***

*Айыл өкмөтүнүн административдик имаратында бош орун жай жок болгон учурда аткаруу органы башка муниципалдык обьекттен (мектепте, балдар бакчасында, клубда) орун жай түзүп берүүгө тийиш, ошондой эле депутаттык ишмердикти жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон буюм-тайымдар менен депутаттарды камсыз кылат.*

Депутаттын отчёту өткөрүлүп жаткан айыл өкмөтүнүн аппараты, шаардык кеңештин аппараты, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациялары, жарандык бирикмелердин органдары жыйналыштарды өткөрүү үчүн орун жайларды бөлүп беришет, шайлоочуларга аларды өткөрүүнүн убактысы жана орду жөнүндө маалымдайт, ошондой эле шайлоо округунда депутаттардын ишине көмөктөшкөн башка чараларды кабыл алат.

Депутаттардын шайлоочуларга берген отчёту жана алар менен жолугушуулар жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырылат. Депутаттардын шайлоочулардын алдында берген отчётун уюштурууга байланыштуу чыгымдар жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен ишке ашырылат (“Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө” Мыйзамдын 16-бер.).

Мындан тышкары, жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнө келип түшкөн сунуштарды, арыздарды жана даттанууларды карайт, алардын туура жана өз учурунда чечилиши үчүн чараларды кабыл алат, жарандарды кабыл алууну жүргүзөт.



## 66. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ДОКУМЕНТТЕРГЕ ЖЕ ДОЛБООРЛОРГО ЭКСПЕРТТИК БАА БЕРҮҮ ҮЧҮН АДИСТЕРДИ ТАРТА АЛАБЫ? МЫНДАЙ КОНСУЛЬТАЦИЯЛЫК ЧЫГЫМДАРДЫ КАНДАЙ КАРАЖАТТАРДАН КАРЖЫЛАСА БОЛОТ?

Кеңештин карамагына кирген маселелерди алдын-ала кароо жана сессияга даярдоо үчүн, ошондой эле ведомстволук аймакта жайгашкан мекемелер жана уюмдар тарабынан жергиликтүү кеңештин чечимдерин аткарууну көзөмөлдөө үчүн жергиликтүү кеңеш туруктуу комиссияларды түзөт.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары жергиликтүү кеңештин карамагына кирген маселелерди алдын-ала кароодо жана аларды сессияга даярдоодо өзүнүн ишине илимпоздорду, адистерди, практикалык кызматкерлерди жана башка адамдарды тартууга укуктуу.

Зарылчылыкка жараша жергиликтүү кеңештин депутаты туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйналыштарына же жергиликтүү кеңештин сессиясына сессияда каралуучу айрым маселелерге түшүндүрмө (чечмелөө) берүү үчүн адистерди жана эксперттерди чакыра алат.

Консультациялык, эксперттик кызмат көрсөтүүлөргө байланышкан чыгымдар жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен төлөнүп берилет (“Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө” Мыйзамдын 33-бер.).

***ТУРМУШТАН МИСАЛ***

*Айылдык клуб кыйроо алдында турат. Андан ары пайдалануу жана ремонтоо үчүн көп чыгым талап кылынат. Депутаттар курулуш жана сейсмология институтунан аны иликтөө үчүн эксперттерди чакырган.*

## 67. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ДЕПУТАТТАРДЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИК КАРАЖАТТАРДЫН ЭСЕБИНЕН КВАЛИФИКАЦИЯСЫН ЖОГОРУЛАТУУ КУРСУНА ЖӨНӨТӨ АЛАБЫ?



Мыйзамдарда жергиликтүү кеңештин депутаттарын окутуу каралган эмес. Мамлекет тарабынан жергиликтүү кеңештин депутаттарын окутууну уюштуруунун механизмдери иштелип чыккан эмес. Бирок Өкмөт Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларын окутуу боюнча иштеп чыккан программаларда жергиликтүү кеңештин депутаттарын окутууга багытталган жоболорду, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын квалификациясын жогорулатууга багытталган колдонуудагы мыйзамдарга өзгөртүү жана толуктоо киргизүүнү карап көрсө болот.

Бирок, колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү бюджеттик каражаттардын эсебинен окуусун (даярдыкты, кайра даярдыкты, кайрадан квалификациялоону, квалификациясын жогорулатууну) өткөрө албайт. Бирок, жергиликтүү кеңештин депутатына жеке өзүнүн каражатынын эсебинен окууга (даярдыктан өтүүгө, кайра даярдыктан өтүүгө, кайрадан квалификацияга ээ болууга, квалификациясын жогорулатууга) тыюу салынбайт.

Ошол эле учурда административдик муниципалдык кызматка дайындалган муниципалдык кызматчы муниципалдык кызматка конкурстук комиссия аны бекиткенге чейин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жетекчисинин (айыл өкмөтүнүн башчысынын, шаардын мэринин) чечими менен жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен функционалдык милдеттерин тийиштүү түрдө аткаруу программасы боюнча квалификациясына кайра даярдоо же жогорулатуунун кыска мөөнөттүү курсунда тийиштүү окуудан өтө алат.



## 68. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ЖООПТУУ КАТЧЫСЫНЫН КЫЗМАТ ОРДУН КИРГИЗЕ АЛАБЫ?

Шаардык кеңештердин (республикалык, областтык, райондук маанидеги шаарлардын) ишин уюштуруучулук жактан камсыз кылуу, туруктуу комиссияларга жана депутаттарга зарыл материалдарды даярдоого жардам көрсөтүү үчүн, мыйзам шаардык кеңештерге Өкмөт тарабынан бекитилген түзүмүнө жана штаттык санына жараша, жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен өзүнүн аппаратын түзүүгө укук берет.

Айылдык кеңештерге карата жагдай башкачараак. Мамлекет азырынча аларга өздөрүнүн аппараттарын түзүү укугун бере элек. Айылдык кеңештердин ишин уюштуруучулук жактан камсыз кылуу айыл өкмөтүнүн катчыларына жүктөлгөн, алар туруктуу комиссияларга жана депутаттарга жардам көрсөтүшөт, сессия үчүн зарыл болгон материалдарды даярдашат ж. б. Шаардык кеңештин бухгалтердик эсебин жана отчеттуулугун жүргүзүү мэриянын башкы бухгалтери тарабынан жүзөгө ашырылат.



## 69. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ СООПЧУЛУК ИШ ЧАРАЛАРЫН УЮШТУРА АЛАБЫ?

Уюштура алат, бирок жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен эмес.

Кыргыз Республикасынын кайсы гана жараны болбосун, анын ичинде жергиликтүү кеңештин депутаты жана юридикалык жактар тоскоолдуксуз, өз ыктыяры менен, жекече же башка адамдар менен биригип меценаттык жана кайрымдуулук ишин жүзөгө ашырууга укуктуу. Депутаттын, ошондой эле өлкөнүн кайсыл гана болбосун жаранынын мындай аракеттери мыйзамдарда колдоого алынат. Ошол үчүн Кыргызстанда «Меценаттык жана соопчулук иши жөнүндө» Мыйзам кабыл алынган, ага ылайык, эгерде жаран ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаты, жарандарга же юридикалык жактарга мүлктү, анын ичинде акчалай каражаттарды берүү жолу менен искусство, илим, маданият, билим берүү, агартуу чөйрөсүндө пайда көздөбөстөн, акысыз жардам көрсөтсө, анда жарандын жана депутаттын мындай аракеттери меценаттык деп эсептелет.

Меценаттык коомдо руханий баалуулуктарды сактоо, түзүү жана жайылтуу максаттарында жүзөгө ашырылат жана ошонун өзү менен инсандын чыгармачылык жана руханий башаттарынын өнүгүүсүнө көмөктөшөт.

Эгерде жаран ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаты пайда көздөбөй, акысыз же жеңилдетилген шарттарда жарандарга же юридикалык жактарга мүлктү, ошондой эле акча каражаттарын өткөрүп берсе, пайда көздөбөгөн иштерди аткарса, кызмат көрсөтсө, башка колдоолорду көрсөтүү боюнча иштерди жүзөгө ашырса, анда жарандын жана депутаттын мындай аракеттери соопчулук иши катары таанылат.

Соопчулук иши төмөнкү максаттарда жүзөгө ашырылат:

- жарандарды социалдык жактан колдоо жана коргоо, анын ичинде жардыжармачтардын материалдык абалын жакшыртуу, жумушсуздарды, майыптарды жана өздөрүнүн мүчө-боюнун жана (же) интеллектуалдык өзгөчөлүктөрүнөн, башка жагдайлардан улам өз укуктарын жана мыйзамдуу кызыкчылыктарын өз алдынча ишке ашыра албаган башка адамдарды социалдык жактан

реаблитациялоо;

- табигый кырсыктардын, экологиялык, өнөр жайлык же башка кыйроолордон, социалдык, улуттук, диний чыр-чатактардан жана айласыздан көчүүдөн жапа тарткандарга жардам берүү;
- элдер ортосундагы тынчтыкты, достукту жана ынтымактуулукту чыңдоого, социалдык, улуттук, диний чыр-чатактардын алдын алууга көмөк көрсөтүү;
- инсандын билим берүү, илим, маданият, искусство, агартуу чөйрөсүндөгү ишине, рухий өнүгүшүнө көмөк көрсөтүү;
- энени, баланы коргоого көмөк көрсөтүү;
- жарандардын саламаттыгын профилактикалоо жана коргоо чөйрөсүндөгү ишке, ошондой эле, саламаттыкты сактоочу турмуш ыңгайын пропагандалоого, жарандардын адептик-психилогиялык абалын жакшыртууга көмөк көрсөтүү;
- дене тарбия маданияты жана массалык спорт чөйрөсүндөгү ишке көмөк көрсөтүү;
- курчап турган табигый чөйрөнү сактоо жана жаныбарларды коргоо;
- тарыхый, диний, маданий же табиятты сактоочу мааниге ээ болгон имараттарды, объекттерди жана аймактарды жана көрүстөндөрдү сактоо жана талаптагыдай күтүү.

Соопчулук уюмдарынын булактары төмөнкүлөр болуп саналат:

- соопчулук уюмдарынын уюштуруучуларынын кошумчалары, мүчөлүк акылар;
- жарандар же юридикалык жактар акчалай же натуралай түрдө берген соопчулук кайрымдуулуктары, анын ичинде максаттуу мүнөздөгү (соопчулук гранттары) кайрымдуулуктары;
- ресурстарды тартуу боюнча иштен түшкөн каражаттар (соопкерлерди жана ыктыярдууларды тартуу боюнча өнөктүктөрдү өткөрүү, анын ичинде оюн-зоок, маданий, спорттук жана башка массалык иш-чараларды уюштуруу, соопчулук кайрымдуулуктарын жыйноо боюнча өнөктүктөрдү өткөрүү, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык лотереяларды жана тооруктарды өткөрүү, соопкерлерден түшкөн мүлктү жана кайрымдуулуктарды алардын каалоолоруна жараша ишке ашыруу);
- мыйзам уруксат берген ишкердик иштен түшкөн кирешелер;
- соопчулук уюму уюштурган чарбалык коомдордун ишинен түшкөн кирешелер;
- ыктыярдуулардын эмгеги.

Жарандарга (анын ичинде депутаттарга) жана юридикалык жактарга меценаттык жана соопчулук иштерин жүзөгө ашырууларына тоскоолдук кылган кызмат адамдары КР мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат («Меценаттык жана соопчулук иши жөнүндө» Мыйзамдын 1,3,8,11-ст.).

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫН ТОКТОТУУ ЖАНА ЧЕЧИМДЕРИН ЖОККО ЧЫГАРУУ ЖӨНҮНДӨ



## 70. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ КАНДАЙ УЧУРЛАРДА ТОКТОТУЛАТ?

Жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктары үч учурда токтотулат.

Биринчи учурда, алар шайланган мөөнөттүн мыйзамдуу бүткөнүнө байланыштуу. Жаңыдан шайланган жергиликтүү кеңештин биринчи сессиясынын күнү жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктарынын токтогон күнү болуп саналат.

Экинчи учурда, жергиликтүү кеңештин ыйгарым укуктары мөөнөтүнөн мурда таркатылышына байланыштуу токтотулат, ал эми мөөнөтүнөн мурда таркатуу жөнүндө Президенттин Жарлыгы күчүнө кирген күн жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктары токтогон күн болуп саналат. Жергиликтүү кеңештер мөөнөтүнөн мурда төмөнкүдөй үч себеп менен таркатылышы мүмкүн: 1) жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын добуштарынын үчтөн экиден кем эмес көпчүлүгүнүн чечими боюнча – өзүн өзү таркатканда; 2)Премьер-министрдин же Борбордук шайлоо комиссиясынын сунушу боюнча Президент тарабынан төмөнкү учурларда:

- кайра шайлоодо депутаттар тарабынан айыл өкмөтүнүн башчысы же шаардын мэри кайта шайланбай калганда;
- акимдин кызмат ордуна дайындоо үчүн премьер-министрге сунуштоо үчүн талапкерлдиктер кайта тандалып алынбаганда,

3) айылдык аймактын же шаардын чек араларынын өзгөрүлүшүнө алып келген кайра уюштуруу учурларында.

Бул учурларда депутаттар кезектеги же кезексиз сессияларды, туруктуу жана убактылуу комиссиялардын отурумдарын өткөрүү үчүн жана жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктары токтогон күнгө чейин алардын копетенциясына киргизилген маселелерди кароого мыйзамдуу негиздерге ээ болушат.

Иш жүзүндө көпчүлүк учурларда депутаттар мөөнөтүнөн мурда таркатуу жөнүндө Президенттин Жарлыгы расмий күчүнө киргенге чейин башка маселелерди кароого укуктары болсо да, аларжергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башчысы (айыл өкмөтүнүн башчысы же шаардын мэри) кайта шайланбай калган күндөн тартып иштегенди токтотуп салышат.

Үчүнчү учур, эгерде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары Кыргыз Республикасынын Конституциясына, мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына ылайык келбеген актыларды кабыл алганда келип чыгышы мүмкүн. Эгерде бул актылар конституциялык түзүлүшкө жана улуттук коопсуздукка түздөн-түз коркунуч келтирүүчү аракеттерге, ошондой эле мамлекеттин аймактык бүтүндүгүн бузууга,

улуттар аралык жана диний карама-каршылыктарды пропагандалоого жана козутууга багытталган аракеттерге мүмкүнчүлүк берсе. Бул учурда Президент жана Өкмөт Конституцияда, өзгөчө кырдаал жөнүндө конституциялык мыйзамда каралган чараларды көрүүгө, анын ичинде жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин токтото турууга жана соттук чечим чыгарганга чейин ошол аймакта тикелей мамлекеттик башкаруу киргизүүгө укуктуу. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан көрсөтүлгөн бузуулар жана аракеттер жасалгандыгынын фактысы сот тартибинде белгиленген учурда, Президент жергиликтүү кеңешти таркатууга жана жергиликтүү кеңештин жаңы курамын шайлоону жарыялоого укуктуу.

Жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктарын токтотуунун тартиби жана учурлары «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамда кеңири жөнгө салынган («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 39-ст., «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Мыйзамдын 14-ст., 5-б. 2абзацы).

## 71. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН ЧЕЧИМИН ЖАРАКСЫЗ ДЕП ТАБА АЛАБЫ?



Жергиликтүү кеңештин депутаттары, эгерде ал мыйзамга карама-каршы келсе, айыл өкмөтүнүн башчысына өз чечимин жокко чыгарууну сунуштай алышат.

Айыл өкмөтүнүн башчысынын, курултайлардын, жарандардын, аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органдарынын жыйындарынын чечимдери Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана башка ченемдик укуктук актыларына карама-каршы келбеши керек. Айыл өкмөт башчысынын чечимдери, тескемелери, буйруктары өз статусу боюнча, айылдык кеңештин токтому  кирген ченемдик укуктук актыларга караганда кыйла аз юридикалык күчкө ээ болгон укуктук актылардын категориясына кирет.

Жергиликтүү кеңештин компетенциясында айыл өкмөтүнүн башчысынын чечимдерин жараксыз деп табуу каралган эмес, бирок айыл өкмөтүнүн башчысынын чечими, ага караганда кыйла жогорку юридикалык күчкө ээ болгон айылдык кеңештин токтомуна, Кыргыз Республикасынын мыйзамына же башка ченемдик актыларына ачыктан-ачык карама-каршы келген учурда, анда жергиликтүү кеңештин депутаттары айыл өкмөтүнүн башчысына мындай чечимди жокко чыгарууну сунуштамалоо менен айылдык кеңештин токтомун кабыл ала алышат. Бирок, укуктук актыны жокко чыгаруу укугу ошол укуктук актыны кабыл алган органга же кызмат адамына – бул учурда айыл өкмөтүнүн башчысына таандык.

Эгерде башчы өзүнүн мыйзамга каршы актысын жокко чыгарбаса, анда, «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 12-статьясына ылайык ал жазыктык же административдик жоопкерчиликке тартылат.

Мындан тышкары, прокурордук чара көрүү (каршылык кат , эскертме, сунуштама, эскертүү) актылары айыл өкмөтүнүн башчысынын Конституцияга, конституциялык мыйзамга, кодекске, мыйзамга жана башка ченемдик укуктук актыларга какрама-каршы келген чечимин токтото туруу, жокко чыгаруу же күчүн жоготту деп табуу үчүн негиз болуп кызмат кылат. Прокурордук чара көрүү актысы четке кагылган учурда, прокурор сотко кайрылууга укуктуу («КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамдын 35-ст.).

***ПРАКТИКАДАН МИСАЛ***

*2003-жылы айыл өкмөтү чечимдин жана келишимдин негизинде айылдык эс алуу багын жеке адамга 10 жылга ижарага берген. Жеке адам өзүнө эс алуу багынын чөлкөмүн калыбына келтирүү жана көрктөндүрүү, жаңы бактарды тигүү, эс алуу багынын аймагын тосуу, балдар үчүн орундуктарды жана селкинчектерди орнотуу милдеттенмесин алган.*

*2012-жылы райондун прокуратурасы текшерүү жүргүзүп, каршылык катта айыл өкмөтү менен жеке адамдын ортосундагы эс алуу багын ижаралоо тууралуу 2013-жылкы чечимди жана келишимди 10 күндүк мөөнөттө жокко чыгарууну талап кылган.*

*Айыл өкмөтү прокуратуранын каршылык катынын негизинде эс алуу багын ижаралоо тууралуу чечимди жана келишимди жокко чыгарган.*



## 72. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ ӨЗДӨРҮНҮН ТОКТОМДОРУН ЖЕ МУРУНКУ ЧАКЫРЫЛЫШТАГЫ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕРДИН ТОКТОМДОРУН ЖОККО ЧЫГАРА АЛЫШАБЫ?

Ооба, анткени «КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзам ченем чыгаруучу органга өзүнүн ченемдик укуктук актыларын чыгарууга, ошондой эле жокко чыгарууга же токтото турууга укук берет («КР ченемдик укуктук актылары жөнүндө» Мыйзамдын 10-бер. 1-б. 5-абзацы).

Жергиликтүү кеңештер өз токтомдорун жана өткөн чакырылыш тарабынан кабыл алынган токтомдорду төмөнкү учурларда жокко чыгарууга укуктуу:

- ченемдик укуктук акт эсеп кылынган мөөнөт бүткөндө;
- жаңы ченемдик укуктук акт кабыл алынганда ага мурда кабыл алынган ченемдик укуктук актынын жоболору каршы келгенде же ченемдик укуктук актыны өзүнө сиңирип алганда;
- мыйзамда белгиленген тартипте ченемдик укуктук акт конституциялык эмес же жараксыз деп табылганда;
- ченемдик укуктук актыны кабыл алган орган же буга ыйгарым укугу бар башка орган тарабынан күчүн жоготту деп табылганда же актынын колдонулушу токтотулганда.



Жергиликтүү кеңештин мындай чечими мыйзамдарга ылайык жүйөлөштүрүлгөн жана негизделген болуусу абзел, ошондой эле жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталып, же болбосо Конституциянын, конституциялык мыйзамдын, кодекстин, мыйзамдын жана аларга салыштырмалуу кыйла жогорку юридикалык күчкө ээ болгон башка ченемдик укуктук актылардын ченемдерине ылайык келтирүүгө багытталган болушу керек.

Прокурордук чара көрүү актылары да ошондой эле КР мыйзамдарына карама-каршы келген ченемдик укуктук актыны токтото туруу, жокко чыгаруу же болбосо күчүн жоготту деп табуу үчүн негиз болуп кызмат кыла алат. Прокурордук чара көрүү актысы четке кагылган (макул болбогон) учурда прокурор сотко кайрылууга укуктуу.

# ЖАРАНДАР МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

## 73. АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫ ЖАНА ШААРДЫН МЭРИ ӨЗ ИШИНИН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ КАЛК АЛДЫНДА ОТЧЕТ БЕРҮҮГӨ МИЛДЕТТҮҮБҮ?



Милдеттүү, анткени Конституциянын жана «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын жоболору жергилктүү өз алдынча башкаруу органдарынын калк алдында отчеттуулугун абдан так көрсөтөт:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары мамлекет жана анын органдарынын алдында мыйзамдардын аткарылышы үчүн, жергиликтүү жамааттын алдында – өз ишинин натыйжасы үчүн жоопкерчиликтүү болушат (КР Конституциясы 113-бер., 3-б.);
- жергиликтүү бюджетти түзүү жана аткаруу ачык-айкындыктын, коомчулуктун катышуусунун, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жергиликтүү жамааттын алдындагы отчеттуулугунун принцибин сактоо менен жүзөгө ашырылат (КР Конституциясы 110-бер., 5-б.);
- жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн натыйжалары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы тиешелүү аймактын жергиликтүү жамаатына отчет берет («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 17-ст. 4-б.).

Ошондой эле «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» Мыйзамга ылайык, ар бир жарандын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын карамагындагы маалыматтарды алууга укугу бар. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштери ачык, айкын жана маалымдуу болуп саналат. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын иштери жөнүндө маалыматтар, мамлекеттик сырларга киргизилген, чектелүү жетимдүүлүктөгү, ошондой эле купуя маалыматтардан тышкары маалыматтардын баарысы жалпыга жеткиликтүү болуп саналат («Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» КР Мыйзамынын 3 жана 4-ст.).

## 74. АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫ ЖАНА ШААРДЫН МЭРИ ӨЗ ИШИНИН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ КУРУЛТАЙДА ОТЧЕТ БЕРҮҮГӨ МИЛДЕТТҮҮБҮ?



«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жана жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР «эски» Мыйзамында (күчүн жоготкон) калк алдында эки жылда бир жолудан кем эмес өзүнүн иштеринин натыйжалары жөнүндө отчет берүү шаарлардын мэрлеринин жана айылдык муниципалитеттердин башчыларынын милдетине кирген болчу.

Бул ченем «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР «жаңы» Мыйзамында (2011-жылдын 15-июлундагы № 101) алынып салынган. Эми жергиликтүү коомдоштуктун курултайы коомдук пикирдин кеңири спектрин эсепке алуу жана анын жашоо-тиричилигин уюштуруунун эң маанилүү маселелерин чечүүгө калкты катыштыруу максаттарында өткөрүлөт. Курултайга аймакты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүүнүн, жергиликтүү бюджетти түзүүнүн, муниципалдык менчикти пайдалануунун жана өнүктүрүүнүн маселелери алып чыгылса болот. («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 59-бер.).

Бирок мыйзамдарда жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарынын башчыларынын тийиштүү курултайларда өз иштеринин жыйынтыктары жөнүндө калкты кабардар кылуудагы укуктары чектелген эмес, алар өз кезегинде айыл өкмөтүнүн башчыларынын жана шаарлардын мэрлеринин калк алдында иштеринин натыйжаларын эл алдында жарыялоого мүмкүнчүлүк түзөт.



## 75. ПРОПОРЦИОНАЛДЫК ТУТУМ БОЮНЧА (ПАРТИЯЛЫК ТИЗМЕ БОЮНЧА) ШАЙЛАНГАН ШААРДЫК КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ КИМГЕ ОТЧЕТ БЕРЕТ: ПАРТИЯГАБЫ ЖЕ КАЛККАБЫ?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары (жергиликтүү кеңештер, айыл өкмөтү, мэриялар) жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүнүн натыйжалары боюнча жергиликтүү коомдоштукка (калкка) отчет берет. Жергиликтүү кеңештин депутаты аны депутаттыкка талапкерликке көрсөткөн саясий партия менен байланышта болууга укуктуу, бирок жергиликтүү кеңештеги өз ишинин натыйжалары үчүн шайлоочулардын алдында жоопкерчиликтүү жана аларга отчет берет («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 6-ст.).



## 76. ДЕПУТАТТЫН ШАЙЛООЧУЛАР МЕНЕН БАЙЛАНЫШЫ КАНДАЙ? ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ ЖАЛПЫСЫНАН КИМГЕ ОТЧЕТ БЕРЕТ?

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн шайлоочулары менен такай байланышта болууга милдеттүү, ал аларды төмөнкүлөр жөнүндө үзгүлтүксүз кабарландырып турат:

- жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүдө жергиликтүү кеңештин иши жөнүндө;
- экономикалык жана социалдык өнүгүүнүн пландарын жана программаларын аткаруу жөнүндө;
- шайлоочулардын наказдарын аткаруу боюнча жергиликтүү кеңештин чечимдери жөнүндө.

Ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаты шайлоо округунун аймагында өткөрүлгөн массалык иш чараларга катышат, коомдук пикирди, калктын керектөөлөрүн иликтейт, алар жөнүндө жергиликтүү кеңешке маалымдайт, жарандардын жамааттык

муктаждыктарын жана мыйзамдуу талаптарын канааттандыруу боюнча башка чараларды көрөт.

Депутат өзүнүн шайлоо округунун шайлоочуларынын алдында жоопкер жана аларга отчет берип турат.

Шайлоо округундагы өз ишинде депутат коомдук комитеттердин, айыл башчыларынын (айыл старосталарынын), жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын, жарандардын бирикмелеринин жардамдарына таянат.

## 77. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ ШАЙЛООЧУЛАРДЫН АЛДЫНДА КАНЧА ЖОЛУ ОТЧЕТ БЕРҮҮЛӨРҮ КЕРЕК?



Жергиликтүү кеңештин депутаты шайлоочулардын алдында өзүнүн иши жана өзү шайланган жергиликтүү кеңештин иши жөнүндө мезгил-мезгили менен, бирок жылына бир жолудан кем эмес отчет берип турууга тийиш.

Отчетту уюштуруунун жана берүүнүн тартиби, шайлоочуларга отчет берүүнүн мезгилдүүлүгү, шайлоочулар менен иштөө убактысы жергиликтүү кеңештин чечими менен же жергиликтүү кеңештин регламенти менен аныкталат. Бул жумуштар жергиликтүү кеңештин сессияларынын ортосундагы мезгилде алып барылат. Жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан жарандарды кабыл алуусу жеке түзүлгөн график боюнча, же болбосо жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген график боюнча жүзөгө ашырылат.

Депутаттын отчету шайлоочулардын талабы боюнча кандай убакта болбосун берилиши мүмкүн. Депутаттын отчету чогулуштарда, коомдук угууларда, курултайларда жана шайлоо округунун аймагында өткөрүлгөн башка иш чараларда, ошондой эле эмгек жамааттарынын, жарандардын бирикмелеринин чогулуштарында (конференцияларда) берилсе болот.

Отчет депутаттын жергиликтүү кеңештеги, анын туруктуу (убактылуу) комиссияларындагы; шайлоо округундагы жумуштары жөнүндө; жергиликтүү кеңештин чечимдери жана аларды аткаруунун жүрүшү жөнүндө; жергиликтүү кеңештин чечимдерин талкуулоого жана аткарууга жеке өзүнүн салымдары жөнүндө; жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган маселелерди жеке өзүнүн демилгелөөсү жана алардын натыйжалары жөнүндө; шайлоочулардын наказдарын аткаруунун жүрүшү жөнүндө; шайлоочуларды кабыл алуу жөнүндө; өз округунун (же бирдиктүү округдун) шайлоочуларынын кайрылууларын, даттанууларын кароонун натыйжалары жөнүндө маалыматтарды камтышы керек.

Депутат 7 күн калгандан кечиктирбестен, ЖМК аркылуу же башка ыктар менен отчет берүүнүн убактысы жана орду жөнүндө шайлоочуларды кабарландырат. Шайлоочуларды кабарландыруунун убактысы депутаттын ыктыяры боюнча, жеригиликтүү кеңештин регламентине же чечимине жараша өзгөрүшү мүмкүн.

Отчетту өткөрүү жөнүндө депутат жергиликтүү кешешке маалымдайт, ал отчетторду жана шайлоочулар менен жолугушууларды өткөрүү үчүн зарыл болгон шарттарды камсыз кылат.

Жергиликтүү кеңеш шайлоочулардын алдында депутаттардын отчетторун өт-

көрүүнүн болжолдуу мөөнөттөрүн аныктайт, аларды отчет үчүн зарыл болгон маалыматтар жана маалыматтык материалдар менен өз убагында камсыз кылат.

Депутаттын отчету өткөрүлүп жаткан жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары, шаардык кеңештердин аппараттары, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациялары, жарандар бирикмелеринин органдары чогулуштарды өткөрүү үчүн орун жайларды бөлүп беришет, шайлоочуларды аларды өткөрүүнүн убактысы жана орду жөнүндө кабарландырышат, ошондой эле анын шайлоо округундагы иштерине өбөлгө түзүүчү башка чараларды көрүшөт.

Депутаттардын отчеттору жана шайлоочулар менен жолугушуулары массалык маалымат каражаттарында чагылдырылат. Депутаттардын шайлоочулар алдындагы отчетторун өткөрүүгө байланышкан чыгымдар тийиштүү жергиликтүү бюджеттердин эсебинен жүзөгө ашырылат («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 6,13,15,16-статьялары).



## 78. «ШАЙЛООЧУЛАРДЫН СУНУШ-ТАЛАПТАРЫ» ДЕГЕН ЭМНЕ?

Шайлоочулар шайлоо өнөктүгүнүн алдында жергиликтүү кеңештин депутаттыгына талапкерлерге сунуш-талаптарды берүүгө укуктуу.

Шайлоочулардын сунуш-талаптары - бул коомдук мааниге ээ болгон жана жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө багытталган шайлоочулардын тапшырмасы. Сунуш-талаптар талапкерге шайлоочулар менен жолугушуу учурунда берилет.

Сунуш-талап катары аны аткаруу тийиштүү жергиликтүү кеңештин жана анын туруктуу (убактылуу) комиссияларынын компетенциясына кирген шайлоочулардын тапшырмалары эсептелет.

Депутаттыкка талапкер, анын шайлоо алдындагы программасына карама-каршы келген же болбосо аны чечүү жергиликтүү кеңештин компетенциясына кирбеген шайлоочулардын сунуш-талаптарын кабыл албай коюуга укуктуу.

Шайлоонун натыйжасында депутаттыкка шайланбай калган депутаттыкка талапкерлерге берилген сунуш-талаптар шайлоочулардын сунуштары катары эске алынат, жергиликтүү кеңештин тийиштуу органдары тарабынан жалпыланат жана жергиликтүү кеңештин төрагасы тарабынан тийиштүү органдарга жана кызмат адамдарына чара көрүү үчүн жөнөтүлөт («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 22-статьясы).



## 79. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ ТАРАБЫНАН ШАЙЛООЧУЛАРДЫН СУНУШ-ТАЛАПТАРЫН АТКАРУУНУН МЕХАНИЗМДЕРИ КАНДАЙ?

Шайлочулардын сунуш-талаптарын жалпылаштыруу жана алдын ала кароо жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы же катчылыгы тарабынан тийиштүү жергиликтүү мамлекеттик администрация менен биргеликте жүзөгө ашырылат.

Шайлоочулардын сунуш-талаптарын ишке ашыруу боюнча алар даярдаган иш-чаралардын планынын долбоору жергиликтүү кеңештин кароосуна киргизилет.

Жергиликтүү кеңеш шайлоочулардын сунуш-талаптарынын аткарууга кабыл алуу жөнүндө чечим кабыл алат жана аларды ишке ашыруу боюнча иш-чаралардын планын бекитет. Жергиликтүү кеңештин айрым сунуш-талаптардын аткарылышынын максатка ылайыксыздыгы жөнүндө жүйөлөштүрүлгөн чечим кабыл алууга укугу бар. Сунуш-талаптарга карата жергиликтүү кеңештин чечими депутаттар тарабынан шайлоочуларга жана тийиштүү аймактын калкына жеткирилет.

Шайлоочулардын сунуш-талаптары тийиштүү аймактын экономикалык жана социалдык өнүгүшүнүн пландарын жана программаларын, жергиликтүү экологиялык программаларды иштеп чыгууда, бюджетти түзүүдө, ошондой эле башка маселелер боюнча чечимдерди даярдоодо эске алынат.

Жергиликтүү кеңеш аткарууга кабыл алган шайлоочулардын сунуш-талаптары жергиликтүү кеңеш өзүнүн ыйгарымдуу укуктарынын чегинде берген тапшырмаларга ылайык, аткаруу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына же башка органдарга, айылдык аймактын, шаардын аймактарында жайгашкан ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга өткөрүлүп берилет.

Сунуш-талаптардын аткарылышына көзөмөл жүргүзүү тийиштүү жергиликтүү кеңештер, алардын туруктуу комиссиялары жана депутаттар тарабынан жүзөгө ашырылат.

Шайлоочулардын сунуш-талаптарын аткаруу жүктөлгөн органдар, жергиликтүү кеңештер тарабынан аныкталган мөөнөттөрдө, бирок жылына бир жолудан кем эмес, алардын аткарылышынын жүрүшү тууралу жергиликтүү кеңештерге баяндап турушат.

Депутаттар өздөрүнүн шайлоо округдарынын шайлоочуларына алар берген сунуш-талаптардын акарылышынын жүрүшү жөнүндө такай маалымдап турушат. Шайлоочулардын сунуш-талаптарынын депутаттар тарабынан аткарышынын жүрүшү жалпыга маалымдоо каражаттарында чагылдырылат («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 23-ст.).

## 80. «ЖАРАНДАРДЫН ЧЕНЕМ ЧЫГАРУУ ДЕМИЛГЕСИ» ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ТАРАБЫНАН АНЫ КАРООНУН ТАРТИБИ КАНДАЙ?



Жергиликтүү калк (шайлоочулар) «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамга жана жергиликтүү жамааттын уставына ылайык ченем чыгаруу демилге укугуна ээ.

Ченем чыгаруу демилгеси – бул жергиликтүү калктын жергиликтүү өз алдынча башкарууну ишке ашырууга түздөн-түз катышуусунун формасы.

Жергиликтүү калк (шайлоочулар) жергиликтүү маанидеги маселелер боюнча ченем чыгаруу демилгесине укуктуу. Бул шайлоочулар жергиликтүү маанидеги маселени (жергиликтүү көйгөйдү) чечүү максатында токтомдун долбоорун даярдоого жана аны кароо жана чечим кабыл алуу үчүн жергиликтүү кеңешке киргизүүгө укуктуу экенин билдирет. Ошонун өзү менен шайлоочулар ченем чыгаруу демилге жолу менен жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүүгө түздөн-түз катыша алышат.

Жергиликтүү ченем чыгаруу демилгесин ишке ашыруунун тартиби мыйзамга ылайык жергиликтүү жамааттын уставында аныкталат.

Мында жергиликтүү ченем чыгаруу (элдик) демилге укугуна жергиликтүү коомдо-

штуктун үчтөн биринен кем эмеси ээ болушарын көңүлгө алуу керек. Бул учурда шайлоочулардын үчтөн биринен кем эмеси бул демилгени колдоосу (кол коюсу) керек.

Жергиликтүү жамаат тарабынан жергиликтүү кеңештин кароосуна киргизилген жана жергиликтүү жамааттын уставында жана жергиликтүү кеңештин регламентинде белгиленген тартипте жол-жоболонгон ченемдик укуктук актынын долбоору (токтомдун долбоору) адагенде демилгечил топтордун катышуусу менен жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясында каралат.

Андан ары токтомдун долбоору туруктуу комиссиянын корутундусун эсепке алуу менен, демилгечи топтун, жергиликтүү жамааттын катышуусунда жергиликтүү кеңештин кезектеги же кезексиз сессиясында каралат.

Жергиликтүү жамаат (шайлоочулар) тарабынан демилгеленген токтомдун долбоорун кароонун натыйжалары боюнча кабыл алынган жергиликтүү кеңештин чечими расмий түрдө, жазуу жүзүндө аны киргизген демилгечи топтун, жергиликтүү жамааттын мүчөлөрүнө кабарлануусу тийиш («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 7,14-статьялары).



## 81. ДЕПУТАТ КАЛКТЫН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ (УЧУРДАГЫ БАШКЫ) КЕРЕКТӨӨЛӨРҮН КАНТИП БИЛЕ АЛАТ?

Ресурстар ар дайым чектелген, өзгөчө жергиликтүү өз алдынча башкаруунун деңгээлинде, бул Кыргызстандын салыштырмалуу борборлоштурулган бюджеттик тутумуна байланыштуу. Жөнөкөй айтканда, акча ар дайым жетишпейт. Бир да мамлекеттик башкаруу органына, бир да муниципалитетке. Жада калса, акча дүйнөдө бир да бюджетте жетиштүү эмес, анткени адамдын керектөөсү, аларды канаатандыруунун мүмкүнчүлүгүнө караганда тезирээк өсөт. Ушуга байланыштуу каражаттарды биринчи кезекте кайсыл муктаждыктарды канааттандырууга коротуу жөнүндө үзгүлтүксүз чечим кабыл алуунун зарылдыгы келип чыгат. Же – эмне артыкчылыктуу. Ушундан улам жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары үчүн калктын күтүүлөрүнө жакшыраак жооп берүү, ага отчеттуу болуу үчүн жергиликтүү бюджеттерди башкаруу чөйрөсүндө көйгөйлөрдү жана керектөөлөрдү иргеп артыкчалаштырып туруунун зарылдыгы келип чыгат. Башкача айтканда, ЖӨБ органдарын жана калкты каражаттарга жараша жашоого жана жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн көбөйтүүнүн жолдорун издеп табуу зарылдыгы пайда болору көзкөрүнө. Артыкчалаштыруу ошондой эле өздүк капиталдык чыгымдарды пландаштырууга жардам берет, буга байланыштуу ЖӨБ органдарында жана калкта айылдын артыкчылыктуу көйгөйлөрүн чечүү үчүн инвестицияларды тартуунун жаңы механизмдерин жана жолдорун издөөнүн мүмкүнчүлүктөрү жаралат.

Жергиликтүү кеңештин депутаты өзүнүн шайлоочулары менен туруктуу байланышты кармап, аларды жергиликтүү кеңештин жумуштары жөнүндө, аймакты экономикалык жана социалдык өнүктүрүүнүн пландарынын жана программаларынын, жергиликтүү кеңеш тарабынан кабыл алынган чечимдердин жана шайлоочулардын сунуш-талаптарынын аткарылышы жөнүндө үзгүлтүксүз кабарландырып турууга милдеттүү.

Мындан тышкары, депутаттар шайлоо округунун аймагында өткөрүлгөн массалык иш чараларга катышышат, коомдук ой пикирди, айылдын (шаардын) көйгөйлөрүн жана калктын артыкчылыктуу керектөөлөрүн иликтешет, алар жөнүндө жергиликтүү кеңеш-

ке маалымдайт, жарандардын жамааттык муктаждыктарын жана мыйзамдуу талаптарын канааттандыруу боюнча чараларды кабыл алышат.

Ошентип, жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары жана жергиликтүү коомдоштук менен бирдикте жергиликтүү маанидеги маселелерди иликтөөгө, табууга жана чечүүгө катышууга укуктуу.

Жергиликтүү кеңештин депутатынын жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүүгө катышуусу айылдын (шаардын) муктаждыктарын биргелешип иликтөө жолу менен жүзөгө ашырылышы мүмкүн.

Айылдын (шаардын) муктаждыктарын биргеликте иликтөө айылдын (шаардын) жашоочуларынын ой пикирлерин жана кызыкчылыктарын эсепке алуу менен, жергиликтүү калктын артыкчылыктуу керектөөлөрүн табуу жана аларды демилгечил жана башка жумушчу топтор аркылуу чечүү боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын жана жергиликтүү калктын биргелешкен иш процессин карайт.

Айылдын (шаардын) муктаждыктарын биргеликте иликтөө үчүн жергиликтүү кеңештин депутаттары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун органдары жана жергиликтүү коомдоштуктун мүчөлөрү менен бирдикте төмөнкү иш чаралардын комплексин жүзөгө ашыруулары керек:

- маалыматтарды жыйноо жана айылдагы, шаардагы кырдаалды иликтөө;
- айылдын, шаардын көйгөйлөрүн, калктын керектөөлөрүн аныктоо;
- айылдын (шаардын) муктаждыктарын, калктын керектөөлөрүн талдоо: себептер жана кесепеттер;
- биринчи кезекте чечилүүгү жаткан артыкчылыктуу маселелерди аныктоо;
- артыкчылыктуу маселелерди чечүүнүн жолдорун биргеликте талкуулоо;
- артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча демилгечил топторду калыптандыруу;
- биргелешкен иш аракеттердин пландарын иштеп чыгуу;
- артыкчылыктуу маселелерди чечүү боюнча биргелешкен иш аракеттердин пландарын жергиликтүү коомдоштук менен айылдык жыйындарда, коомдук угууларда талкуулоо;
- биргелешкен иш аракеттердин пландарын жергиликтүү бюджетте чагылдыруу;
- биргелешкен иш аракеттердин пландарын ишке ашыруу;
- ишке ашырылып жаткан биргелешкен иш аракеттердин пландарынын биргелешкен мониторинги жана баасы;
- биргелешкен иш аракеттердин пландарын ишке ашыруу боюнча иштердин натыйжалары жөнүндө айылдык жыйындарда, коомдук угууларда, курултайларда отчет берүү.

Айылдын (шаардын) муктаждыктарын биргеликте иликтөө процессине төмөнкүлөр катыша алышат:

- жынысына, расасына, улутуна, тилине, тутунган ишинимине, кызматтык жана мүлктүк абалына карабастан, 18 жашка чыккан жергиликтүү жамааттын мүчөлөрү;
- мамлекеттик уюмдардын, ишканалардын, мекемелердин, мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн, коммерциялык жана коммерциялык эмес уюмдардын, коомдук бирикмелердин ж. б өкүлдөрү;
- жергиликтүү кеңештеин депутаттары;
- айыл өкмөтүнүн (мэриянын) аппаратынын кызматчылары.



# 82. «КООМДУК УГУУЛАР» ДЕГЕН ЭМНЕ ЖАНА АЛАР ЭМНЕ ҮЧҮН КОЛДОНУЛАТ?

Коомдук угуулар – бул биринчи кезекте калктын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен пикирлешүүсүнүн натыйжалуу формасы. Бул пикирлешүү маанилүү маселени талкуулоого, ой пикирлер менен алмашууга эле мүмкүнчүлүк бербестен, ошондой эле жергиликтүү бийликтерге жарандардын муктаждыктарына ылайык жергиликтүү өз алдынча башкаруунун саясатын оңдоп-түзөөгө да мүмкүнчүлүк берет.

Башкача айтканда, коомдук угуу – бул калктын ой пикирин иликтөө, анын катышуучуларынан сунуштарды жана сунуштамаларды алуу жана калктын жашоо-тиричилигинин маанилүү маселелери боюнча оптималдуу, теңдемеленген чечимди табуу үчүн ачык талкуулоо формасында уюштурулган, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан демилгеленген иш чара.

Коомдук угуунун башкы максаты – бардык кызыкдар тараптардын катышуусу менен муниципалитеттин маанилүү маселелерин көпчүлүк алдында жана ачык-айкын талкуулоо жана чечимдерди жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын эсепке алуу менен кабыл алуу.

Тигил же бул маанилүү маселе боюнча калкты талкуулоо процессине тартуу механизмдеринин бири катары коомдук угуулар натыйжалуу маалыматтык жана коммуникациялык канал катары кызмат кылат. Анткени коомдук угуулар коомчулук жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан сунушталган чечимди канчалык колдоору тууралуу баалуу маалыматтарды берет, калкка талкууланып жаткан маселе боюнча өз көз карашын айтууга, суроолорго жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, мамлекеттик органдардын, уюмдардын жана мекемелердин аймактык бөлүмдөрүнүн жетекчилеринен жооп алууга жана айрым фактыларды ачык түшүнүүгө мүмкүнчүлүк түзөт. Экинчи жагынан, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилерине, анын ичинде жергиликтүү кеңештердин депутаттарына коомдук угуулар өз жумуштарынын сапаты жөнүндө калктын ой пикирин билүүнүн, зарыл болгон учурда коомдоштуктун кызыкчылыктарында стратегияны жана тактиканы оңдоп-түзөөнүн эң сонун мүмкүнчүлүгүн берет.

Коомдук угуулар айылдык аймактын же шаардын бардык жашоочуларына тийиштүү, жергиликтүү маанидеги ар түрдүү маселелерге арналышы мүмкүн. Мисалы, иш жүзүндө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары көп убактарда туура чечим кабыл алуу үчүн жергиликтүү коомдоштуктун ой пикири милдеттүү жана өзгөчө маанилүү болгон төмөнкү маселелер боюнча коомдук угууларды өткөрөт:

- жергиликтүү бюджетти түзүү боюнча коомдук угуулар;
- жергиликтүү бюджеттин аткарылышы боюнча коомдук угуулар;
- муниципалдык менчикти башкаруу боюнча коомдук угуулар;
- тарифтерди бекитүү боюнча (ичүчү сууга, сугат суусуна, канализацияга, жылуулук менен жабдууга, турмуш-тиричиликтин катуу калдыктарын жыйноого жана ташып кетүүгө, ж. б.) коомдук угуулар;
- жергиликтүү коомдоштуктун жашоо-тиричилигин камсыз кылууга байланышкан башка суроолор.

## 83. АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫ ЖЕ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ АЙЫЛДЫК АЙМАКТЫН ЖАШООЧУСУ БОЛУП САНАЛГАН АГРОТЕХНИКАНЫН МЕНЧИК ЭЭСИН АЙЫЛДЫК АЙМАКТЫН ЖЕ АЙЫЛДЫН ГАНА АЙМАГЫНДА ИШТӨӨГӨ МИЛДЕТТЕНДИРЕ АЛАБЫ?



Менчик ээси өзүнүн мүлкүнө эркин ээлик кылуу, пайдалануу жана тескөө жана андан пайда табуу укугуна ээ, ал эми айыл өкмөтүнүн башчысы, ошондой эле айылдык кеңештин депутаттары агротехника ээсинин укугун өз мүлкүн бир айылдык аймактын же айылдын аймагынын чектеринен тышкары пайдалануусуна чектөө коюуга укугу жок.

Менчик ээси өзүнө таандык болгон мүлккө карата өзү каалоосу боюнча, мыйзамдарга карама-каршы келбеген кандай гана болбосун аракеттерди жасоого, анын ичинде өзүнүн мүлкүн сатууга, убактылуу пайдаланууга берүүгө, күрөөгө коюга, башкача ыкмаларда тескөөгө укуктуу.

Конституциянын ченемдеринде мындай деп айтылган, Кыргыз Республикасында менчиктин ар кандай түрлөрү таанылат жана жеке, мамлекеттик, муниципалдык жана башка менчиктин түрлөрүнүн тең укуктуу корголушуна кепилдик берилет. Менчик кол тийгис. Эч ким өзүм билемдик менен мүлкүнөн ажыратылышы мүмкүн эмес. Менчик ээсинин эркинен тышкары мүлктү алып коюуга соттун чечими менен гана жол берилет (КР Конституциясы 12-бер.). Ар ким өзүнүн менчигинде же башка укуктук ээлигинде турган турак-жай менен башка объектилердин кол тийбестик укугуна ээ (КР Конституциясы 12-бер.). Өкмөт менчиктин бардык түрлөрүн өнүктүрүүнүн жана аларды коргоонун бирдей шарттарын камсыз кылуу боюнча, мамлекеттик менчик объекттерин башкаруу боюнча чараларды ишке ашырат (КР Конституциясы 88-бер., 7-б.).

## 84. НИКЕГЕ ТУРУП ЖАТКАН АДАМДАРГА ЖАШ КУРАКТЫК ЦЕНЗИН КАНДАЙ НЕГИЗДЕ ТӨМӨНДӨТҮҮГӨ БОЛОТ?



Кыргыз Республикасынын Үй бүлө кодексине жана «Жарандык абалдын актылары жөнүндө» КР Мыйзамына ылайык, никеге туруу жарандык абалдын актыларын жазуу органдарында (ЗАГСта), ошондой эле айыл өкмөтүндө жүргүзүлөт. Никеге тургузуу ыйгарым укуктары, аларды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон материалдык жана финансылык каражаттарды өткөрүп берүү менен, аймактарында жарандык абалдын актыларын жазуу органы болбогон айыл өкмөттөрүнө, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилет. Функционалдык милдеттерге ылайык, никеге тургузуу ыйгарым укугу айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысына ыйгарылып берилет.

Никени каттоо, никеге туруп жаткан эркектин жана аялдын өз ара жана ыктярдуу макулдугунда, ошондой эле алар нике курагына – 18 жашка чыкканда жүзөгө ашырылат.

Жүйөлүү себептер болгондо никеге турууну каалаган адамдардын жашаган жери боюнча айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысы бул адамдардын өтүнүчү боюнча балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрүнүн комиссиялык корутундусунун негизинде эркектер жана аялдар үчүн нике курагын бир жылдан ашырбастан төмөндөтүүгө укуктуу.

Төмөндөгүлөрдүн ортосунда никеге турууга жол берилбейт:

- адамдардын бирөөсү  башка адам менен катталган никеде турса;
- жакын туугандарга (улуулата жана кичүүлөтө түз тараган туугандарга (ата-энелери менен балдары, чоң атасы, чоң энеси, таята, таянеси жана неберелери), бир ата-энеден төрөлгөн жана атасы же энеси бир эркек-кыз бир туугандарга;
- асырап алуучулар менен асырап алынгандарга;
- психикалык бузулуулардан улам сот тарабынан аракетке жөндөмсүз деп экөөсүнүн бирөөсү табылганда.

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында никеге турууну каалаган, 18 жашка толо элек адамдар үчүн нике курагын төмөндөтүү бөлүгүндө карама-каршылыктар бар.

Алып айтканда, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын 2011-жылдын 21-июлундагы № 149 тескемеси менен бекитилген «Кыргыз Республикасында жарандык абалдын актыларын каттоонун тартиби жөнүндө» Нускаманын 29-пунктунда жүйөлүү себептер болгондо никеге турууну каалаган адамдардын жашаган жери боюнча ЗАГС бөлүмдөрү аялдар үчүн нике курагын эки жылдан ашырбастан төмөндөтүүгө укуктуу экени айтылган.

Бирок Кыргыз Республикасынын Үй бүлө кодексинин 14-статьясыда жүйөлүү себептер болгондо никеге турууну каалаган адамдардын жашаган жери боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдары бул адамдардын өтүнүчү боюнча балдарды коргоо боюнча ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын аймактык бөлүмдөрдүн комиссиялык корутундусунун негизинде эркектер жана аялдар үчүн нике курагын бир жылдан ашырбастан төмөндөтүүгө укуктуу экени белгиленген.

Нускамага салыштырмалуу Кыргыз Республикасынын Үй бүлө кодекси кыйла жогорку юридикалык күчкө ээ. Ошондуктан, Кыргыз Республикасынын Үй бүлө кодексинин 14-статьясын жетекчиликке алуу керек.

Кошумча:

- КР Үй бүлө кодексинин 11, 14, 15-статьялары;
- «Жарандык абалдын актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын 4, 24-32-статьялары;
- КР Жарандык кодексинин 56-статьясы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Мамлекеттик каттоо кызматынын 2011-жылдын 21-июлундагы № 149 тескемеси менен бекитилген «Кыргыз Республикасында жарандык абалдын актыларын каттоонун тартиби жөнүндө» Нускаманын 29-пункту.

# МАМЛЕКЕТТИК БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫ МЕНЕН ӨЗ АРА МАМИЛЕЛЕР ЖӨНҮНДӨ

## 85. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯНЫН ЖАНА РАЙОНДУН АКИМИНИН ИШИН КӨЗӨМӨЛДӨЙ АЛАБЫ?



Жергиликтүү кеңеш райондун акиминин ишин үстүнөн көзөмөлдөөнүн айрым функцияларына ээ болот.

Конституциянын 89-беренесинин 7-пунктунда Премьер-министр мамлекеттик администрациялардын башчыларын жергиликтүү кеңештердин сунушу боюнча дайындайт жана бошотот деп айтылган. Жергиликтүү кеңеш тарабынан райондун акиминин кызмат ордуна талапкерлерди тандоонун, тандап алынган талапкерди дайындоо үчүн премьер-министрге сунуштарды киргизүүнү тартиби «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» КР Мыйзамынын 14-беренесинде кеңири жасылган.

Бүгүнкү күндө райондук кеңеш институту жоюлган, бирок «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 21-1-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштары түзүлгөн. Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналыштарынын курамына райондун административдик аймагында жайгашкан айылдык жана шаардык (райондук маанидеги шаардын) кеңештери кирет.

Жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын компетенциясына төмөнкү маселелер кирет:

1) премьер министрге акимдин кызмат ордуна дайындоо үчүн талапкерлерди боюнча сунуш киргизүү;

2) жылына бир жолудан кем эмес, райондун аймагындагы иштердин абалы жөнүндө акимдин отчетун угуу;

3) өз милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн акимге жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын депутаттарынын жалпы санынын добуштарынын үчтөн экиси менен ишеним көрсөтпөөнү билдирүү;

4) аймактык шайлоо комиссиясынын курамына, ошондой эле аймактык шайлоо комиссиясынын резервинин курамына киргизүү үчүн талапкерликтерди Борбордук шайлоо комиссиясына көрсөтүү.

Ошентип, райондук мамлекеттик админситрация башчысы–аким – райондун аймагында жайгашкан бардык айылдык жана шаардык кеңештерге отчет берет. Ал жергиликтүү кеңештердин алдында жылына бир жолудан кем эмес райондун аймагындагы иштердин абалы жөнүндө отчет берүүгө милдеттүү.

Өз милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай эмес аткарган учурда райондун акимине жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын депутаттары ишеним көрсөтпөөнү билдире алышат. Бул учурда премьер-министр акимди кызмат ордунан бошотуу тууралуу чечим кабыл алууга же болбосо жергиликтүү кеңештердин кошмо

жыйналышынын чечими менен макул болбоого укуктуу. Эгерде жергиликтүү кеңештердин кошмо жыйналышынын депутаттары үч айдын ичинде кайталап акимге ишеним көрсөтпөө жөнүндө чечим кабыл алышса, премьер-министр акимди ээлеген кызмат ордунан бошотууга милдеттүү.



## 86. ЖЕРГИЛИКТҮҮ МАМЛЕКЕТТИК АДМИНИСТРАЦИЯ (АКИМИАТ) ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ЖУМУШУНА КИЙЛИГИШЕ АЛАБЫ ЖАНА ТЕСКЕРИСИНЧЕ?

Райондук мамлекеттик администрация жергиликтүү кеңештердин ыйгарым укуктарына кирген маселелерди чечүүгө кийлигишүүгө укугу жок.

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамга ылайык, жергиликтүү кеңештердин жергиликтүү мамлекеттик администрация менен мамилелери алардын иш-милдеттеринин чегин ажыратуунун, кеңешке жана жергиликтүү мамлекеттик администрацияга өздөрүнө таандык жана мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарды ыйгаруу принцибинин негизинде түзүлөт.

Ошондой эле жергиликтүү кеңештер жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын компетенциясына кирген маселелерди чечүүгө кийлигишүүгө укуксуз. Ошонтипн ар бир орган өзүнө мыйзамда белгиленген функцияларды гана аткарышат.

Бирок, аймактардын кызыкчылыктарына тиешелүү маселелер боюнча жергиликтүү кеңеш сессиянын ишине, туруктуу комиссиялардын жыйналыштарына катышуу үчүн тиешелүү министрликтердин, мамлекеттик комитеттердин, административдик ведомстволордун жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын өкүлдөрүн чакыра алат.

Жергиликтүү мамлекеттик администрациялар аймакты өнүктүрүүнүн (айылдык аймактын же райондук маанидеги шаардын) турмуштук маанилүү маселелери боюнча өз чечимдерин кабыл алууда тиешелүү жергиликтүү кеңештер менен консультациялашып жана жазуу жүзүндө макулдашуусу керек («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 27-бер.).



## 87. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕР МАСЕЛЕЛЕРДИ СЕССИЯЛАРДА ЖАНА ТУРУКТУУ (УБАКТЫЛУУ) КОМИССЯЛАРДЫН ЖЫЙНАЛЫШТАРЫНДА РАЙОНДУК МАМЛЕКЕТТИК УЮМДАРДЫН (МАМКАТТОО, СОЦФОНД, РАЙАРХИТЕКТУРА Ж.Б.) КАТЫШУУСУ МЕНЕН КАРАЙ АЛАБЫ?

Жергиликтүү кеңештин сессиясында же туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйналыштарында мамлекеттик органдардын аймактык бөлүмдөрүнүн өкүлдөрүнүн катышууларын талап кылган маселелер каралышы мүмкүн. Ошондой эле депутаттарда жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн ушул органдардан тиешелүү маалыматтарды алуунун зарылдыгы пайда болушу ыктымал. Бул учурда жергиликтүү кеңештин депутаттары райондук мамлекеттик уюмдардын өкүлдөрүн жергиликтүү кеңештин сессиясына катышууга чакырууга жана тийиштүү маалыматтарды суратып алууга укуктуу («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 10-ст., 8-п.).

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиялары, алардын карамагына кирген маселелер боюнча жергиликтүү мамлекеттик администрация органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана айылдык аймактын же шаардын аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилеринин жана адистерин угууга укуктуу.

Жергиликтүү кеңештин депутаттары ошондой эле көрсөтүлгөн уюмдардын жетекчилерине жана өкүлдөрүнө сын-пикир  айтып, сунуштарды жана сунуштамаларды бере алышат.

Жергиликтүү кеңештердин сессияларында, өздөрүнүн ыйгарым укуктарынын чектеринде кабыл алынган чечимдери айылдык аймагында, шаар аймагында жайгашкан бардык жарандар, мамлекеттик бийликтин аймактык органдары, ошондой эле менчигинин түрүнө карабастан, мыйзамдарда белгиленген ыйгарым укуктарынын чегинде бардык ишканалар, уюмдар жана мекемелер аткарууга милдеттүү («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 33, 36-беренелери).

## 88. ДЕПУТАТ МАМЛЕКЕТТИК ЖЕ БАШКА ТҮЗҮМДӨРДӨН ЖООПТОРДУ КАНТИП АЛА АЛАТ?



Жергиликтүү кеңештин депутаты бардык мамлекеттик органдарга, айыл өкмөттөрүнө, шаарлардын мэрлерине, жарандардын бирикмелерине, менчигинин формасына карабастан, ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга, кызмат адамдарына депутаттык ишке байланышкан маселелер боюнча оозеки жана жазуу жүзүндө кайрылууга жана өзү койгон маселелерди кароого катышууга укуктуу. Көрсөтүлгөн органдар жана кызмат адамдары анын кайрылуусун карап чыгуута жана создуктурбай жооп берүүгө, ал эми кошумча иликтөө же текшерүү зарыл болгон учурда бир айлык мөөнөттөн кечиктирбестен жооп берүүгө милдеттүү.

Депутаттык иштин маселелери боюнча жергиликтүү кеңештин депутаты айылдык аймактын же шаардын аймагындагы мамлекеттик органдарга, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жана жарандардын бирикмелерине, менчигинин түрүнө карабастан ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга тоскоолдуксуз кирүү укугунан, ошондой эле алардын жетекчилеринин жана башка кызмат адамдарынын токтоосуз кабыл алуу укугунан пайдаланат.

Айылдык аймактын же шаардын аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин жана уюмдардын жетекчилери депутаттын өтүнүчү боюнча ага депутаттык ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон маалыматтык материалдарды жана башка маалыматты беришет.

Депутаттын иши мамлекеттик сырга же мыйзам менен корголгон башка жашыруун сырга байланышкан ишканаларга, мекемелерге жана уюмдарга келип-кетүү тартиби өзүнчө мыйзам актылары менен белгиленет.

Мындан тышкары, жергиликтүү кеңештин депутаты жарандардын укуктарын бузулушу же башка мыйзам бузуулардын бети ачылганда депутат укук бузууну токтотууну талап кылууга, ал эми зарыл болгон учурларда укуктун бузулушуна бөгөт коюу талабы менен тийиштүү органдарга жана кызмат адамдарына кайрылууга укуктуу.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандардын бирикмелеринин кызмат адамдары, менчигинин түрүнө кара-

бастан, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясы, ошондой эле депутаттын талабы багытталган милиция кызматкерлери укук бузууларды жоюуга карата токтоосуз чараларды көрүүгө, ал эми зарыл болсо - бул жөнүндө кийин депутатка маалымдоо менен күнөөлүүлөрдү жоопко тартууга чаралар көрүүгө милдеттүү. Чаралар көрүлбөгөн учурда, депутат кайрылган кызмат адамдары мыйзамда белгиленген тартипте тартиптик, администрациялык же жазыктык жоопкерчиликке тартылышат («Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 18,19,20-ст.).

Мыйзамдарды жарандардын (анын ичинде жергиликтүү кеңештин депутатынын) кайрылууларын өз убагында карабоо бөлүгүндө бузгандыгы үчүн, органдардын жетекчилери, менчигинин формасына карабастан Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык жоопкерчилик тартышат. Мисалы: «Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө» Кодекстин 62-статьясына ылайык, кызмат адамынын жарандардын же юридикалык жактардын кайрылууларын кароодон мыйзамсыз баш тартышы, жүйөөлүү себептерсиз аларды кароонун мөөнөттөрүн бузушу, негизсиз, мыйзамга каршы келген чечимдерди кабыл алышы, ошондой эле жарандын же юридикалык жактын бузулган укуктарынын калыбына келтирилишин камсыз кылбашы, – кызмат адамдарына эсептүү көрсөткүчтүн ондон жыйырма өлчөмүнө чейин администрациялык айып салууга алып келет.



## 89. ДЕПУТАТТАР КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН МЫЙЗАМДАРЫНА ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮГӨ КАНДАЙЧА ТААСИР ТИЙГИЗЕ АЛЫШАТ?

Депутаттын статусу мыйзам чыгаруу демилгесине карата атайын ыйгарым укуктарды бербейт.

КР Конституциясынын 79-беренесине ылайык, мыйзам чыгаруу демилге укугу төмөнкүлөргө таандык:

1) 10 миң шайлоочуга (элдик демилге);

2) Жогорку Кеңештин депутатына;

3) Өкмөткө.

Элдик демилге укугу жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан жарандардын, шайлоочулардын катарында гана, «Кыргыз Республикасындагы элдик мыйзам чыгаруу демилгеси жөнүндө» КР Мыйзамында белгиленген тартипке ылайык жүзөгө ашырылат. 10 миңден кем эмес шайлоочулар мыйзамдын жаңы редакциясынын долбоорун же колдонуудагы мыйзамдарга өзгөртүүлөрдү караган мыйзам долбоорун эркин жана өз ыктыяры менен демилгелей алышат жана Жогорку Кеңештин кароосуна киргизе алышат.

Жергиликтүү жамаат жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен консультацияларды жана талкууларды өткөргөндөн кийин жергиликтүү кеңештин депутаттары ошондой эле жергиликтүү кеңештин депутаттарын же жергиликтүү жамааттын кызыкчылыктарын түздөн-түз козгогон мыйзамдардын долбоорлорун алардын кароосу жөнүндө Жогорку Кеңештин депутаттарына жазуу жүзүндө коллективдүү кат жөнөтө алышат (почта аркылуу, факс аркылуу, Жогорку Кеңештин каттар бөлүмүнө колмо-кол жеткизип берүү менен).

Эгерде Жогорку Кеңеш жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жана жергиликтүү жамааттын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызыкчылыктарын козгогон мыйзамдын долбоорун биринчи окууда кароону баштаса, анда жергиликтүү кеңештин депутаттары аны экинчи окууда караганга чейин (мыйзам долбоору боюнча ар бир окуунун аралыгы 10 жумушчу күндөн кем эмес жана 30 жумушчу күндөн ашык эмес убакыт болушу мүмкүн) Жогорку Кеңештин депутаттарына почта аркылуу же факс аркылуу өздөрүнүн сын пикирлерин жана сунуштарын жибере алышат. Мыйзам долбооруна карата жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан киргизилген сын пикирлер жана сунуштар боюнча Жогорку Кеңештин жооптуу комитети бир айлык мөөнөттө жооп берүүгө милдеттүү.

Жергиликтүү кеңештин депутаттары ошондой эле мыйзам долбоорун Жогорку Кеңешке киргизгенге чейин мыйзам долбоорунун демилгечилери тарабынан өткөрүлүүчү коомдук угууларга; мыйзам долбоорун биринчи жана экинчи окууларда кароодо Жогорку Кеңештин жооптуу комитети тарабынан өткөрүлүүчү парламенттик угууларга катыша алышат.

Жергиликтүү кеңештин депутаттары Жогорку Кеңешке киргизилгенге чейин жана киргизилгенден кийин мыйзамдардын долбоорлору дайыма илинип туруучу Жогорку Кеңештин интернет-сайты аркылуу өздөрүнүн сын пикирлерин жана сунуштарын жөнөтүүгө укуктары бар. Мындай талаптар «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» КР Мыйзамынын 22 жана 23-беренелеринде бардык мыйзам долбоолоруна карата белгиленген.

## 90. ДЕПУТАТ МАМЛЕКЕТТИК УЮМДАРДЫН ЖАНА МЕКЕМЕЛЕРДИН КАДР САЯСАТЫНА КИЙЛИГИШЕ АЛАБЫ?



Кийлигише албайт. Айылдык аймактын жана шаардын аймагында жайгашкан мамлекеттик уюмдарда жана мекемелерде дайындоо, бошотуу, дайындоого жана бошотууга макулдук берүү, кызмат орундарына дайындоо үчүн талапкерлерди көрсөтүү жергилкитүү кеңештин компетенциясына кирбейт.

Анын үстүнө, жергиликтүү кеңештин депутаттарына менчигинин формасына карабастан, айылдык аймактын, шаардын аймагында жайгашкан уюмдардын, мекемелердин жана ишканалардын финансылык-чарбалык жана оперативдүү-чарбалык иштерине кийлигишүүгө тыюу салынат.

## 91. ДЕПУТАТ УЮМДАРДЫН, МЕКЕМЕЛЕРДИН, ИШКАНАЛАРДЫН, МАМЛЕКЕТТИК ТҮЗҮМДӨРДҮН ЖАНА ЖЕКЕ МЕНЧИК КОМПАНИЯЛАРДЫН АЙМАКТЫК БӨЛҮМДӨРҮНҮН ИШТЕРИН ТЕКШЕРЕ АЛАБЫ?



Жергиликтүү кеңештин депутаты өз алдынча текшерүү жүргүзө албайт, бирок ал жергиликтүү кеңештин сессиясында жана туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйналыштарында менчигинин формасына карабастан анын аймагында жайгашкан ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын (жеке менчик компанияларды кошуп алганда), ошондой эле мамлекеттик органдардын жана жарандардын бирикмелеринин органдарынын иштерин текшерүүнүн зарылдыгы жөнүндө маселе коюуга укуктуу.

Депутат финансылык-чарбалык ишти текшере албасын, ал турмак андай текшерүү жөнүндө маселе коё албасын эске туткан маанилүү.

Финансылык-чарбалык иштерди тийиштүү мамлекеттик органдар гана текшере алат. Мындай текшерүү тиешелүү мамлекеттик органдар тарабынан жергиликтүү кеңештин токтомунда же кайрылуусунда баяндалган фактылар боюнча жүргүзүлүшү мүмкүн. Мындай текшерүүлөр колдонуудагы мыйзамдарга ылайык жүргүзүлүшү керек.

Ыйгарым укуктуу орган текшерүүлөрдүн натыйжалары боюнча, текшерүүлөр жергиликтүү кеңештин же анын туруктуу (убактылуу) комиссияларын сунуштамасы боюнча жүргүзүлүп жаткандыктан аларга маалымдап турууга милдеттүү.

Текшерүүлөрдүн натыйжалары боюнча ыйгарым укуктуу орган текшерилген ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын жана органдардын жетекчилерине же менчик ээлерине табылган кемчиликтерди жана мыйзам бузуулардын четтетилиши тууралуу сунуш киргизет, ошондой эле жогорудагы орган тарабынан мыйзам бузууга күнөөлүү болгон адамдарды жоопкерчиликке тартуу жөнүндө маселе коюлат.

Депутаттар сессияга, туруктуу (убактылуу) комиссиялардын жыйналышына менчигинин формасына карабастан, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын, жетекчилерин чакырууга жана ошондой эле айылдык аймактын же шаардын аймагында жайгашкан мамлекеттик органдардын жана жарандардын бирикмелеринин органдарынын иштери жөнүндө зарыл маалыматтарды алууга укуктуу. Маалыматтарды (же отчеттуу уюмдардын отчетун) угуунун натыйжалары боюнча жергиликтүү кеңеш, эгерде текшерүүлөрдү жүзөгө ашыруунун зарылдыгы болсо, менчигинин формасына карабастан, тигил же бул уюмдардын ишин текшерүү жөнүндө маселе коюуга укуктуу. Бирок текшерүүнү ушул тармакта адистешкен ыйгарым укуктуу тиешелүү мамлекеттик органдар жүзөгө ашыруусу керек. Мисалы, эгерде салык төлөөнү азайтуу үчүн жеке менчик пансионат кирешесин төмөндөтүп жатса, анда депутаттар салык органдарына салык посттун коюу жөнүндө кайрыла алышат. Мыйзам бузуулар табылган учурда, депутаттар укук коргоо органдарына кайрыла алышат, бирок депутаттар өздөрү текшерүү жүргүзүүгө укуксуз, анткени бул тармакта адис болуп саналышпайт жана мындай текшерүүлөрдү жүзөгө ашыруу боюнча ыйгарым укуктарга ээ эмес.

Анын үстүнө, жергиликтүү кеңештин депутаттарынын уюмдардын, мекемелердин, ишканалардын ж. б. финансылык-чарбалык жана оперативдүү-чарбалык иштерине кийлигишүүгө укуктары жок.

***ПРАКТИКАДАН МИСАЛ***

*Айыл жашоочусу ушул айылдын жашоочуларынын балдарына бала-бакчада орун жетпей жаткан убакта, балдар бакчасына башка айылдардын балдарын кабыл алып жатканына даттануу менен кайрылган. Мындай даттануу социалдык маселелер боюнча туруктуу комиссиянын жыйналышында каралып, ага балдар бакчасынын директору; ата-энелер комитетинин мүчөлөрү жана башка адамдар чакырылган.*

*Чакырылгандар тараптан маалыматтар жана балдардын тизмеси үй даректери жана акча төлөнгөнү тууралуу документтер жөнүндө маалыматтар билдирилген.*

*Туруктуу комиссиянын (же сессиянын) жыйналышында ушул маселени жерине чыгып баруу менен Кыргыз Республикасынын мыйзамдарынын алкагында кароо жөнүндө чечим кабыл алынган.*



## 92. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ ПРОКУРАТУРА, СОТ ЖАНА БАШКА ЫЙГАРЫМ УКУКТУУ ОРГАНДАРДЫН АКТЫЛАРЫН КАНДАЙ ТАРТИПТЕ КАРАЙТ?

Жергиликтүү кеңештин төрагасы прокуратурадан, соттон жана башка ыйгарым укуктуу органдардан келип түшкөн документтерди каттоого алынгандан кийин үч күндүн ичинде тийиштүү туруктуу комиссяга корутундуларды же чечимдерди даярдап киргизүү үчүн анын кароосуна жиберет.

Жергиликтүү кеңештин туруктуу комиссиясында прокуратура, сот жана башка ыйгарым укуктуу органдардын актыларын талкуулоо кызыкдар кызмат адамдарын чакыруу менен ачык жана айкын өткөрүлөт.

Прокурордун кыйла жогорку юридикалык күчкө ээ болгон ченемдик укуктук актыга карама-каршы келген укуктук актыга каршылык каты, ченемдик укуктук актыны бузуударды четтетүү тууралуу эскертмеси, ошондой эле административдик жана дисциплинардык өндүрүштү козгоо жөнүндө прокурордун токтому алар алынган күндөн тартып 10 күндүн ичинде каралууга жатат.

Ченемдик укуктук актыны бузууларды четтетүү тууралуу прокурордун көрсөтмөсү, соттук актылар, башка мамлекеттик органдардын эскертмелери алар чыгарылган күндөн тартып бир айдын ичинде каралууга жатат. Жергиликтүү кеңештин сессиясында кабыл алынган чечим, ага жергиликтүү кеңештин төрагасы кол койгондон кийин актыларды, каршылык каттарды, эскертмелерди жиберген органдарга билдирилет.

***ПРАКТИКАДАН МИСАЛ***

*Райондун прокуратурасы тарабынан айылдык кеңештин токтомдорун милдеттүү түрдө мамлекеттик тилде жалпыга маалымдоо каражаттарында жарыялоо жана мындан ары мындай бузуулардын жол берилбестиги тууралуу эскертмеси чыгарылган.*

*Прокурордун эскертмесин алгандан кийин айылдык кеңештин төрагасы айылдык кеңештин туруктуу комиссияларынын төрагаларын жана айыл өкмөтүнүн жооптуу катчысын чакырган. Талкуулоонун жүрүшүндө эскертмеде көрсөтүлгөн катачылыктарды четтетүү тууралуу чечим кабыл алынган жана мөөнөттөрү жана жооптуу адамдар белгиленген. Андан кийин бул маселе сессиянын кароосуна киргизилип тийешелүү чечим кабыл алынып, ал тууралуу прокуратурага маалымат билдирилген.*

# КАДРЛАР ЖАНА МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТКЕРЛЕРДИН ӨЗ АРА АРАКЕТТЕНУҮҮЛӨРҮ ЖӨНҮНДӨ



## 93. КАНДАЙ УЧУРЛАРДА ДЕПУТАТТАР ШААРДЫН МЭРИНЕ, АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫНА ЖАНА РАЙОНДУН АКИМИНЕ ИШЕНБЕСТИК КӨРСӨТӨ АЛЫШАТ?

Көпчүлүк убактарда жергиликтүү кеңештин депутаттары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысына (шаардын мэрине, айыл өкмөтүнүн башчысына) жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын иштери жөнүндө отчетттун натыйжалары боюнча ишенбестик көрсөтүү жөнүндө маселени демилгелешет.

Шаарлардын мэрлеринин, айыл өкмөт башчыларынын шаардагы, айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, жергиликтүү бюджеттин аткарылышы жана муниципалдык менчикти пайдалануу, аймакты социалдык-экономикалык өнүктүрүү жана калкты социалдык коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө отчету жергиликтүү кеңештин депутаттары тарабынан жарым жылда кеминде бир жолу угулууга жатат.

Тиешелүү аймактагы иштин абалы жөнүндө акимдин отчетун жергиликтүү кеңештин биргелешкен жыйналышынын депутаттары жылына кеминде бир жолудан угат.

Эгерде депутаттар жылдын жыйынтыктары боюнча жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысынын ишин канаатандырарлык эмес деп эсептесе же алардын өз милдеттерин аткарбаган же талаптагыдай аткарбаган фактыларын тапса, алар жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин добушу менен ишенбестик билдирүү жөнүндө чечим кабыл ала алышат.

Шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин добуштары менен шаардын мэрине ишенбестик билдирилген учурда, премьер-министр шаардын мэрин кызмат ордунан мөөнөтүн мурда бошотуу же шаардык кеңештин чечимине макул болбоо жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Шаардык кеңештин депутаттары тарабынан үч айдын ичинде шаардын мэрине кайра ишенбестик билдирилген учурда, премьер-министр аны кызмат ордунан бошотот. Бул учурда премьер-министр жаңы мэрди шайлаганга чейин өзүнүн акты менен мэрдин милдетин аткаруучуну дайындай алат («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 43-бер. 9-п. 6,7,8,9-б.).

Айыл өкмөтүнүн башчысы үчүн да ушундай эле жол-жобо белгиленген, айыл өкмөтүнүн башчысына айыл кеңешинин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн эки добушу менен ишенбестик билдирилген учурда, аким аны кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотуу же айыл кеңешинин чечимине макул болбоо жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу. Айыл өкмөтүнүн башчысына айыл кеңешинин депутат-

тары тарабынан үч айдын ичинде кайра ишенбестик билдирилген учурда, аким аны ээлеген кызматынан бошотот жана жаңы айыл өкмөтү шайланганга чейин өзүнүн акты менен айыл өкмөтүнүн милдетин аткаруучуну дайындай алат («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 49-бер. 9-п. 7,8,9,10-б.).

Ишенбестик билдирүүнүн райондун акимине тийиштүү дагы бир жол-жобосу бар. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 21-1-беренесине ылайык, жергиликтүү кеңештин биргелешкен жыйналышынын депутаттары алардын жалпы санынын үчтөн экисинин добуштары менен анын өз милдеттерин аткарбаганы же талаптагыдай эмес аткарганы үчүн ишенбестик билдире алышат.

Эгерде райондун аймагында жайгашкан жергиликтүү кеңештин биргелешкен жыйналышынын депутаттарынын саны 150 депутатты түзсө, анда райондун акимине ишенбестик билдирүү үчүн 100дөн ашуун депутат (үчтөн экиси) добуш бериши керек.

Акимге ишенбестик билдирүү жөнүндө маселени демилгелөө үчүн жергиликтүү кеңештин биргелешкен жыйналышынын депутаттарынын жалпы санынын үчтөн биринен кем эмеси (мисалы, 150 депутаттын 50дөн кем эмеси) кол койгон жазуу жүзүндөгү сунуштама зарыл. Сунуштамага кол койгон депутаттын өзүнүн койгон колун артка чакырып алууга укугу жок.

Жергиликтүү кеңештин биргелешкен жыйналышынын депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин добуштары менен райондун акимине ишенбестик билдирилген учурда, премьер-министр аны кызмат ордунан бошотуу же жергиликтүү кеңештин биргелешкен жыйналышын чечимине макул болбоо жөнүндө чечим кабыл алууга укуктуу.

Эгерде жергиликтүү кеңештин биргелешкен жыйналышынын депутаттары үч айдын ичинде акимге ишенбестик билдирүү жөнүндө кайра чечим кабыл алса, премьер-министр аны кызмат ордунан бошотот жана жаңы талапкерди шайлаганга чейин акимдин милдетин аткаруучуну дайындай алат («Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» Мыйзамдын 15-бер. 10-п., 1,2,3,4-б.).

## 94. АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫ ЖАНА ШААРДЫН МЭРИ ӨЗДӨРҮНҮН ИШТЕРИНИН НАТЫЙЖАЛАРЫ ЖӨНҮНДӨ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН АЛДЫНДА КАНЧАЛЫК ТЕЗ-ТЕЗ ОТЧЕТ БЕРҮҮЛӨРҮ КЕРЕК?



Шаардын мэри, айыл өкмөтүнүн башчысы жылына экиден кем эмес шаардагы, айылдык аймактагы иштердин жалпы абалы, бюджеттин аткарылышы, муниципалдык менчиктин жана бюджеттен тышкаркы фонддун каражаттарынын пайдаланылышы, калкты социалдык-экономикалык жактан өнүктүрүү жана социалдык жактан коргоо программаларынын аткарылышы жөнүндө жергиликтүү кеңештин алдында отчет берет («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 44-бер. 9-п. 1-б., 50-бер., 2-п., 1-б.).



## 95. ЖЕРИГИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН ЖАНА МЭРИЯНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИН ТАНДАП АЛУУ ПРОЦЕССИНЕ КАТЫША АЛАБЫ?

«КР муниципалдык кызматтын бош административдик кызмат ордун ээлөөгө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө» Жобонун жаңы редакциясына ылайык, жергиликтүү кеңештин депутаттары бош муниципалдык кызмат ордуна талапкерлерди тандап алууда конкурстук комиссиянын курамына кире алышпайт (Кыргыз Республикасынын Президентинин 2012-жылдын 2-августундагы УП № 141 Жарлыгы менен жергиликтүү кеңештин депутаттары жана жергиликтүү кеңештин төрагасынын орун басары конкурстук комиссиянын курамынан чыгарылган).

Муниципалдык кызматтын бош административдик кызмат ордун ээлөөгө конкурс «Муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын жана «Кыргыз Республикасында муниципалдык кызматтын бош административдик кызмат ордун ээлөөгө конкурс өткөрүүнүн тартиби жөнүндө» Жобонун (КР Президентинин 2006-жылдын 28-июнундагы № 327 Жарлыгы менен бекитилген) талаптарына ылайык, ага катышуу тууралуу арыз берген жарандардын арасында өткөрүлөт.

Көрсөтүлгөн Жобого ылайык, конкурсту уюштуруу жана өткөрүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын персоналды башкаруу кызматына жана конкурстук комиссияга жүктөлөт. Конкурс жарыялаган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы бош муниципалдык кызмат ордун ээлөөгө талапкерлерди тандап алууну жүзөгө ашырууга ыйгарым укуктуу комиссияны түзөт.

Комиссиянын түзүмүнө жана курамына төмөнкүлөр кирет:

- комиссиянын төрагасы – шаардын мэриясынын аппарат жетекчиси, тешелүүлүгүнө жараша айыл өкмөтүнүн жоопту катчысы;
- комиссиянын катчысы – жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысы аныктаган муниципалдык кызматкер;
- юридикалык кызматтын жетекчисин (кызматчысын), ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органынын башка түзүмдүк бөлүмдөрүнүн жана райондук маанидеги шаарларда жана айылдык аймактарда конкурс өткөрүүдө жергиликтүү мамлекеттик администрациянын өкүлдөрүн кошуп алганда, комиссия мүчөлөрү.

Мындан тышкары, комиссияга катышуу үчүн кызыкдар муниципалдык органдардын өкүлдөрү, көз карандысыз эксперттер же кесипкөй коомдук бирикмелердин өкүлдөрү чакырылышы мүмкүн.



## 96. КАЙСЫ МУНУЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАР ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН МАКУЛДУГУ МЕНЕН КЫЗМАТ ОРДУНА ДАЙЫНДАЛАТ ЖАНА БОШОТУЛАТ?

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө» Мыйзамга ылайык ЖӨБ финансы экономикалык бөлүмүнүн башчысы кызмат ордуна тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын көпчүлүгүнүн жана жогору турган финансы органынын (райфин башкармалыгы, шаарфин башкармалыгы) макулдугу менен айыл өкмөтүнүн башчысы же мэр тарабынан дайындалат, ошондой эле кызмат ордунан тиешелүү жергиликтүү кеңештин депутаттарынын көпчүлүгүнүн

макулдугу менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун башчысы же мэри тарабынан бошотулат («Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө» Мыйзамдын 15-ст., 3,4-б.).

Шаардын мэри мыйзамдарды, Президенттин жана Өкмөттүн ченемдик укуктук актыларын же өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн, бул прокуратура органдары тарабынан аныкталганда – шаардык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен, ал эми кайрадан мыйзамдарды бузуу фактылары ачылган учурда – шаардык кеңештин депутаттарын кабардар кылуу менен, премьер-министр тарабынан ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 43-бер. 2-п. 6-б.).

Ушундай эле учур айыл өкмөтүнүн башчысы үчүн да каралган, ал мыйзамдарды, Президенттин жана Өкмөттүн ченемдик укуктук актыларын же өткөрүлүп берилген мамлекеттик ыйгарым укуктарды аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн,  прокуратура органдары тарабынан аныкталганда – айылдык кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүгүнүн макулдугу менен, ал эми кайрадан мыйзамдарды бузуу фактылары ачылган учурда – айылдык кеңештин депутаттарын кабардар кылуу менен, аким тарабынан ээлеген кызмат ордунан мөөнөтүнөн мурда бошотулушу мүмкүн («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 49-бер. 2-п. 7-б.).

Мындан тышкары, айыл кеңешинин чечими боюнча өзүнчө жайгашкан калк конуштардын жергиликтүү маанидеги маселелерин ыкчам чечүүнү уюштуруу максатында айыл кеңешинин чечими боюнча айыл башчысынын (айыл старостасынын) кызмат орду киргизилсе болот, ал тиешелүү аймактагы тургундардын жыйындарынын макулдугу менен айыл башчысы тарабынан дайындалат жана муниципалдык кызматчы болуп эсептелет («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 52-бер.).

Жогоруда көрсөтүлгөндөн тышкары, айылдык кеңеш тарабынан төмөнкү негиздер боюнча айыл өкмөт башчысынын орун басары кызмат ордунан бошотулушу мүмкүн:

- айыл өкмөт башчысынын орун басарынын жеке арызынын негизинде;
- мыйзамдарды, Президенттин жана Өкмөттүн ченемдик укуктук актыларын аткарбагандыгы же талаптагыдай эмес аткаргандыгы үчүн,  прокуратура органдары тарабынан аныкталганда.

Бул учурда айылдык кеңештин депутаттары, айыл өкмөт башчысынын орун басарын, депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинин добуштары менен кызматынан бошотуу тууралуу сунуш киргизүүгө укуктуу, ал айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан милдеттүү түрдө аткарылууга жатат. Жергиликтүү кеңештин сунушу боюнча айыл өкмөтүнүн башчысы айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын бошотпогон учурда, сунуш киргизилген күндөн тартып 10 жумушчу күндүн ичинде айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басары ээлеген кызматынан бошотулду деп эсептелет («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 51-бер.).



## 97. ЭГЕРДЕ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН ЖЕ МЭРИЯНЫН АППАРАТЫНЫН КЫЗМАТ ОРДУНАН БОШОТУЛГАН КЫЗМАТКЕРЛЕРИ КОЛДОО ҮЧҮН ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНА КАЙРЫЛЫШСА, ДЕПУТАТТАР КАНДАЙ ЧЕЧИМ ЧЫГАРА АЛЫШАТ?

Эгерде сөз ЖӨБ органдарынын административдик кызматкерлери тууралуу болуп жатса, анда жергиликтүү кеңештин депутаттары мындай маселелерди кароого укуксуз, анткени эмгектик талаш-тартыштарды кароо жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ыйгарым укуктарына кирбейт. Саясий кызмат орундарына карата кырдаал башкачараак.

Шаардын мэри шаардын вице-мэрлерин, түзүмдүк бөлүмдөрдүн жетекчилерин, ошондой эле мэрия аппаратынын финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысын кошпогондо, мэриянын аппаратынын кызматчыларын кызмат орундарына өз алдынча дайындоого жана бошотууга укуктуу («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 44-бер., 1-б., 3-п.).

Айыл өкмөтүнүн башчысы да ошондой эле айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын, айыл өкмөтүнүн аппаратынын финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысын, аскерге эсепке алуу устолунун адисин жана мыйзамда көрсөтүлгөн учурда айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын бошотуу жагын эске албаганда, айыл өкмөтүнүн аппаратынын аппаратынын кызматчыларын кызмат орундарына өз алдынча дайындоого жана бошотууга ыйгарым укуктуу («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 50-бер., 1-б., 7-п.).

Муниципалдык кызматчылардын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын эмгектик талаш-тартышы Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каралат. Башкача айтканда, кызматчы аны кызмат ордунан бошотуу боюнча мэрдин, айыл өкмөт башчысынын чечими менен макул болбогон учурда, кызматчы эмгектик талаш-тартыштарды кароо боюнча органдарга же болбосо сотко кайрылууга укуктуу («Муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын 9-ст., 1-б., 6-п., 33-ст.).



## 98. МЭРИЯ ЖАНА АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН АППАРАТЫНЫН ШТАТТЫК ЫРААТТАМАСЫН КИМ АНЫКТАЙТ, ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН УШУЛ ПРОЦЕССКЕ КИЙЛИГИШҮҮГӨ УКУКТАРЫ БАРБЫ?

Жергиликтүү кеңештин депутаттары мэриянын жана айыл өкмөтүнүн аппараттарынын штаттык ыраатамасын аныктоого укуксуз жана бул процесске кийлигише алышпайт.

Муниципалдык кызматчылардын штаттык санынын чеги жана эмгек акысын төлөөнүн бирдиктүү тутуму «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын штаттык санынын чеги жөнүндө жана эмгек акысын төлөөнүн шарттары тууралуу» Мыйзамга ылайык аныкталат.

Көрсөтүлгөн мыйзамга ылайык, муниципалдык кызматчылардын штаттык санынын чегин жана эмгек акысын төлөөнүн шарттарын аныктоо Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө жүктөлгөнжана «КР жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү тууралуу» (2011-жылдын 5-августу, №451) токтому менен төмөнкүлөрдү бекиткен:

- айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмүн жана штаттык санын;
- райондук маанидеги шаарлардын мэрияларынын аппараттарынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын;
- областтык маанидеги шаарлардын мэрияларынын аппараттарынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын.

Аталган токтом менен ошондой эле жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына штаттык кызматчыларды алуудан жана атайын каражаттардын же каржылоонун башка булактарынын эсебинен каржылоодон карманууу сунуштама жасалган.

## 99. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН, МЭРИЯНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИНЕ КЫЗМАТ АКЫЛАРЫН БЕЛГИЛЕЙ АЛЫШАБЫ?



Жок, белгилей алышпайт. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 31-беренесинде көрсөтүлгөн депутаттардын ыйгарым укуктарында, жана башка мыйзамдарда айыл өкмөтүнүн же мэриянын кызматкерлеринин кызматтык маяналарын белгилөө же бекитүү боюнча ыйгарым укуктар каралган эмес.

Айыл өкмөтүнүн, мэриянын кызматкерлеринин кызматтык маяналары «КР жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү тууралуу» КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 5-августундагы №451 токтому менен бекитилген, КР Өкмөтү тарабынан аныкталган  айыл өкмөтүнүн жана мэриянын аппараттарынын түзүмүнө жана штаттык санына ылайык айыл өкмөтүнүн башчысы, шаардын мэри тарабынан белгиленет.

Ошону менен бирге, жергиликтүү кеңештин депутаттарына муниципалдык кызматчынын эмгек акысын төлөөнүн бирдиктүү тутуму Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган кызматтык маянадан жана кошумча төлөмдөрдөн турган кызматтык акыны өзүнө камтырын көңүлгө алуулары тийиш.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары кызматтык маяналарга башка да үстөк акыларды жана жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгү болгондо, жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилген төлөмдөрдү (материалдык жардам, дарылоо каражаттарды, турак жай-коммуналдык кызмат көрсөтүүгө акы төлөө жагынан жеңилдиктерди) белгилей алат («Муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын 28-ст.).



# 100. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫ АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН, МЭРИЯНЫН АППАРАТЫНЫН КЫЗМАТКЕРЛЕРИН (МУНИЦИПАЛДЫК КЫЗМАТЧЫЛАРДЫ) ЭЭЛЕГЕН КЫЗМАТ ОРУНДАРЫНАН БОШОТО АЛЫШАБЫ?

Жок, бошото алышпайт. Айыл өкмөтүнүн же мэриянын аппаратынын кызматкерлерин ээлеген кызмат орундарынын бошотуу укугу айыл өкмөтүнүн башчысына жа шаардын мэрине гана таандык.

Жергиликтүү кеңештин депутаттары добуштардын көпчүлүгү менен айыл өкмөтүнүн жана мэриянын аппаратынын финансы-экономикалык бөлүмүнүн башчысын дайындоого макулдук берүүгө, ошондой эле «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 51-беренесинде көрсөтүлгөн учурларда айыл өкмөтүнүн башчысына депутаттардын жалпы санынын үчтөн экисинин добушу менен айыл өкмөтүнүн башчысынын орун басарын бошотуу жөнүндө сунуш киргизүүгө укуктуу. Бирок, шаарлардын вице-мэрлерин шаардык кенештин сунушу боюнча бошотуу жөнүндө жол-жобосу мыйзамдарда каралган эмес.

Бирок, жергиликтүү кеңештин депутаты, бардык эле жарандар сыяктуу айыл өкмөтүнүн башчысына, шаардын мэрине айыл өкмөтүнүн, мэриянын кызматкеринин канаатандырарлык эмес жумушу жөнүндө оозеки же жазуу жүзүндө кайрылууга укуктуу.

Айыл өкмөтүнүн, мэриянын кызматкери тарабынан же кандайдыр башка адам тарабынан жарандардын укуктарынын бузулушу же башка мыйзамдуулукту бузууларын аныктаган учурда, депутат укук бузууну токтотууну талап кылууга, ал эми зарыл болгон учурларда тийиштүү органдарга жана кызмат адамдарына укуктун бузулушуна бөгөт коюу талабы менен кайрылууга укуктуу.

Мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жарандардын бирикмелеринин жетекчилери, менчигинин түрүнө карабастан, ишканалардын, мекемелердин, уюмдардын администрациясы, ошондой эле депутаттын талабы багытталган милиция кызматкерлери укук бузууларды жоюуга карата токтоосуз чараларды көрүүгө, ал эми зарыл болгондо – бул жөнүндө депутатка маалымдоо менен, күнөөлүүлөрдү жоопко тартуу боюнча чараларды көрүүгө милдеттүү. Чаралар көрүлбөгөн учурда, депутат кайрылган жетекчилер мыйзамда белгиленген тартипте тартиптик, административдик же жазыктык жоопкерчиликке тартылышат.

Айыл өкмөтүнүн, мэриянын кызматкерине тартиптик жазаны колдонуу кызматчыны жумушка кабыл алууга жана бошотууга укукту кызмат адамы, б. а. айыл өкмөтүнүн башчысы, шаардын мэри тарабынан Кыргыз Республикасынын Эмгек кодексине ылайык жүргүзүлөт.

Кызматтык жоругу, айыл өкмөтүнүн, мэриянын аппаратынын кызматкери өзүнө жүктөлгөн милдеттерди аткарбагандыгы жана талаптагыдай аткарбагандыгы, эмгек тартибин бузгандыгы, жүктөлгөн кызматтык ыйгарым укуктарынан аша чапкандыгы, муниципалдык кызматка байланышкан мыйзамда белгиленген чектөөлөрдү сактабагандыгы үчүн айыл өкмөтүнүн, мэриянын кызматкерине (муниципалдык кызматчыга) төмөнкүдөй тартиптик жазалар салынат: 1) сын-пикир; 2) сөгүш; 3) катуу сөгүш; 4) кызматына толук ылайык келбей тургандыгы жөнүндө эскертүү; 5) класстык чинин төмөндөтүү; 6) кызмат ордунан төмөндөтүү; 7) ар айлык кошумча акысын азайтуу; 8) ээлеген кызматынан бошотуу («Муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамдын 18-ст.).

# 101. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШ АЙЫЛ СТАТУСУНА ЭЭ ЭМЕС, ӨЗҮНЧӨ ЖАЙГАШКАН КАЛКТУУ КОНУШТАРДА АЙЫЛ БАШЧЫСЫНЫН ШТАТТЫК БИРДИГИН КИРГИЗЕ АЛАБЫ ЖЕ АЙЫЛ БАШЧЫСЫНЫН КЫЗМАТ ОРДУ РАСМИЙ АЙЫЛ СТАТУСУНА ЭЭ БОЛГОН АЙЫЛДАРДА ГАНА КИРГИЗИЛИШИ КЕРЕКПИ?



Айыл башчысынын кызмат орду айылдык кеңештин чечими боюнча, жергиликтүү бюджеттин мүмкүнчүлүгү болгондо, расмий статусу бар айылдарда – өзүнчө жайгашкан калктуу конуштарда гана киргизилиши мүмкүн. Калктуу конушка «айыл» статусу – Жогорку Кеңеш тарабынан кабыл алынган мыйзам менен берилет. Демек, айыл башчысынын кызмат орду айыл статусуна ээ болбогон, өзүнчө жайгашкан кыштактарда, конуштарда же турактарда киргизилиши мүмкүн эмес.

Айыл башчысы айылдын жашоочуларынын жыйынынын макулдугу менен айыл өкмөтүнүн башчысы тарабынан дайындалат жана калктуу конуштун аймактык өзгөчөлүктөрүнөн, калыптанган үрп-адат жана салттарынан улам келип чыккан, айыл өкмөтүнүн чечими менен ага өткөрүлүп берилген функцияларды аткаруучу муниципалдык кызматчы болуп саналат.

Калктуу конуш деп, жарандардын туруктуу жашоочу орду болуп саналган, жарандардын турмуш-тиричилигин камсыздоо үчүн зарыл керектүү турак жайы жана курулмалары бар, өзүнүн аталышы жана тийиштүү тартипте белгиленген аймактык чектери бар, ошондой эле Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына ылайык айыл же шаар катары катталган Кыргыз Республикасынын аймагынын калк тыгыз отурукташкан бөлүгү саналат («Кыргыз Республикасынын административдик-аймактык түзүлүшү тууралуу» КР Мыйзамынын 5 жана 6-беренелери) . Калктуу конуштар шаардык жана айылдык болуп бөлүнөт. Шаардык калктуу конуштарга шаарлар (республикалык, облустук жана райондук маанидеги, шаар тибиндеги поселоктор), айылдыккалкту конуштарга – алардын административдик баш ийүүсүнө карабастан, айылдар кирет.

Ыңгайлуулуктардын белгилүү деңгээлине жетишкен, калкынын саны 50 адамдан кем болбогон, калктуу конуштар айыл категориясына киргизилиши мүмкүн. Айылдын курамында кыштактар жана конуштар уюштурулушу мүмкүн. Ошол эле учурда убактылуу маанидеги жана калкынын курамы туруктуу болбогон же кызматтык багыттагы анча чоң эмес конуштар, токойчулардын үйлөрү, талаа стандар, метеостанциялар, жол оңдоочулардын үйлөрү, алыскы жайыттардагы чабандардын үйлөрү ж.у.с. кызматтык багыттагы объекттер болуп саналган, ошондой эле жалгыз үйлөр өз алдынча калктуу конуш болуп саналбайт, алар чарбалык, административдик жана аймактык жактан байланышкан калктуу конуштардын эсебине киргизилет.



## 102. СОТТОЛГОНДУГУ ЖОЮЛГАН ЖАНА АЛЫП САЛЫНГАН АДАМДАР АЙЫЛ ӨКМӨТ БАШЧЫСЫНЫН КЫЗМАТ ОРДУНА ТАЛАПКЕР КАТАРЫ КӨРСӨТҮЛҮҮГӨ УКУКТАРЫ БАРБЫ?

Кылмыш жасагандыгы үчүн соттуулугу бар, соттуулугу жоюлганына же алып салынганына карабастан Кыргыз Республикасынын жараны айыл өкмөтүнө башчы болушу мүмкүн эмес («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамдын 48-бер., 2012-жылдын 10-августундагы № 164 редакциясында).

Бул ченем ошондой эле шаардын мэрине жана жергиликтүү мамлекеттик администрация башчысына - райондун акимине да тийиштүү.

Соттолгондугу бар адамдар, соттолгондугу жоюлганына же алып салынганына карабастан, мэр, айыл өкмөтүнүн башчысы же райондун акими боло алышпайт, субъекттин жогорку кызмат ордуна шайланууга укугу жок. Бул аргасыз чара жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарынын башчыларына жана райондордун жергиликтүү мамлекеттик администрацияларынын башчыларына карата талаптарды күчөтүү менен мындай кызматтарга абийири таза адамдардын келүүсүнө шарт түзүүгө багытталган.

# СТРАТЕГИЯ ЖӨНҮНДӨ

## 103. ӨНҮГҮҮНҮН СТРАТЕГИЯЛЫК ПЛАНЫН ИШТЕП ЧЫГУУДА ЖАНА БЕКИТҮҮДӨ ДЕПУТАТТАРДЫН РОЛУ КАНДАЙ? ДЕПУТАТТАР ӨЗДӨРҮ СТРАТЕГИЯ ИШТЕП ЧЫГА АЛЫШАБЫ?

«Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамга ылайык жергиликтүү кеңештин депутаттары өнүгүүнүн планын бекитүү боюнча ыйгарым укуктарга ээ. Эреже катары, стратегиянын долбоорун айыл өкмөтү иштеп чыгат. Ошол эле убакта мыйзамдар айылдык кеңештин стратегияны өз алдынча иштеп чыгуусуна же бул жумушту жергиликтүү өкмөттүк эмес уюмдарга же консалтингдик компанияларга тапшыруусуна тыюу салбайт.

## 104. ЭГЕРДЕ ДЕПУТАТТАРДЫН АР ТҮРДҮҮ ПИКИРИ БОЛСО, МУНИЦИПАЛИТЕТТИН ӨНҮГҮҮ СТРАТЕГИЯСЫНЫН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫ КАНТИП АНЫКТАЛАТ?

Стратегиянын артыкчылыктуу багыттары депутаттардын гана пикирине негизделиши мүмкүн эмес.

Өнүгүүнүн стратегиялык планы калктын түздөн-түз катышуусу менен иштеп чыгарылат. Стратегияларды иштеп чыгуунун ар түрдүү усулдары жана ыктары бар, алып айтканда, артыкчылыктуу багыттарды тандоо боюнча. Эң башкысы – артыкчылыктуу багыттарды талкуулоого жана тандоого мүмкүн болушунча жашоочулардын көбүн жана кызыкчылыктардын бардык топторунун өкүлдөрүн тартуу керек. Бул жашоочулардын стратегияны колдоого алуусунун жана анын аткарууга катышууларынын кепилдиги болот, ал эми муниципалитет ырааттуу өнүгөт.

Ошондуктан стратегияны иштеп чыгуу – бул кыйла узак процесс, өзгөчө ал жалпы стратегия болсо. Депутаттар, эреже катары, көптөгөн адамдардын катышуусунда даярдалган стратегиянын долбоорлорун талкуулашат, жана аны бекитүү жөнүндө чечим кабыл алышат.

Бирок, муниципалитетте кыйла тар стратегия болушу мүмкүн. Мисалы, жергиликтүү экономикалык өнүгүү стратегиясы, мадания-тарыхий мурастарды сактоо стратегиясы, үй-бүлөлүк же жаштар стратегиясы. Кыйла тар стратегияларды иштеп чыгуу процессине карата, биринчи кезекте артыкчылыктуу түрдө стратегия кызыкчылыктарын козгогон калктын максаттуу топторун тартуу максатка ылайыктуу болот. Бирок, бул жерде муниципалитеттин стратегиялары бири-бирине карама-каршы келбегени, бири бирин четке кагуучу максаттарды жана милдеттерди камтыбаганы маанилүү. Бул кыйла тар (же секториалдык) стратегиялардын баары чогуу мунуципалитеттин жалпы стратегиясын түзөт.

# ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТ ЖӨНҮНДӨ



## 105. БЮДЖЕТТИК ПРОЦЕССТЕ ДЕПУТАТТАРДЫН РОЛУ КАНДАЙ?

Аныктамага ылайык, жергиликтүү бюджет – түзүлүшүн, бекитилишин жана аткарылышын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы жүзөгө ашыруучу, айылдык аймактын жана шаардын жергиликтүү жамаатынын бюджети.

Депутаттардын бюджеттик процесстеги негизги ролу – айыл өкмөтү же мэрия даярдаган бюджеттин долбоорун бекитүү, ошондой эле бюджеттин аткарылышы жөнүндө отчетту кабыл алуу.

Жергиликтүү кеңеш чечимдерди кабыл алууда коллегиялдуулук принциби боюнча иштейт. Мисалы, бюджет маселелери боюнча чечим шайланган депутаттардын көпчүлүгү менен кабыл алынат. Жергиликтүү кеңештин депутаттары ошондой эле бюджеттин аткарылышын көзөмөлдөө процессине катышуулары тийиш. Жергиликтүү кеңештин депутаттары бюджеттик саясатты түзүшөт, б. а. колдонуудагы мыйзамдардын алкактарында эрежелерди аныкташат, алар боюнча жергиликтүү бюджет түзүлөт жана аткарылат. Мисалы, депутаттар аткаруучу органдан бюджеттик каражаттардын чыгымдалышынын натыйжалуулугун көрсөтүүнү талап кыла алышат.

Депутат, «Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамга ылайык, жергиликтүү кеңештин сессиясын даярдоодо күн тартибине бюджет маселесин киргизүүгө, бюджеттик маселе боюнча чечимдин же токтомдун долбоорун сунуштоого, бюджеттик маселелер боюнча аткаруучу органдын отчетун талап кылууга, шайлоочулардын кайрылууларын жарыялоо боюнча сунуштарды киргизүүгө укуктуу.



## 106. ДЕПУТАТТАР КАНТИП БЮДЖЕТТИН КИРЕШЕ БӨЛҮГҮНҮН КӨБӨЙҮШҮНӨ ТААСИР ТИЙГИЗЕ АЛЫШАТ

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүнүн долбоорун көрсөтүүдө жергиликтүү кеңештин депутаттары айыл өкмөтүнөн же мэриядан кирешелердин булактарын кеңири негиздөөнү (акчалар кайдан келерин?), кирешелердин келип түшүү болжолдорун (жергиликтүү бюджет канча алат?), алдыдагы өткөн жыл үчүн киреше бөлүгүнүн аткарылышын талдоону (өткөн жылы эмнеге жана канча корогонун) талап кылуулары керек.

Депутаттар айыл өкмөтүнө салык калдыктары боюнча, жергиликтүү бюджеттин карызкорлору пайда боло баштагандагы, мисалы, салыктарды өз убагында төлөшпөгөндөрдүн көйгөйлөрүн чечүүдө жардам бере алышат. Депутаттар өздөрү тараптан жергиликтүү бюджеттин каражаттары кайда багытталары жана бул иштин калк үчүн маанилүүлүгү жөнүндө маалыматтарды ачуу менен калк арасында салыктарды төлөөнүн зарылдыгын түшүндүрүү жумуштарын жүргүзө алышат.

Бюджетти сапаттуу пландаштыруу үчүн кирешелердин божомолдорунун эсебин жүргүзүү зарыл. Бул эсептөөлөр экономикалык көрсөткүчтөргө таянат (мисалы, биз-

нес-объекттердин саны, киреше салыктарын төлөөчүлөрдүн саны жана башкалар). Жергиликтүү бюджеттин көлөмү көп жагынан жергиликтүү экономиканын абалына көз каранды болорун эсте тутуу маанилүү, ошондуктан депутаттар жергиликтүү экономикалык өнүгүү үчүн шарттарды түзүүгө багытталган программаларды иштеп чыгуулары жана кабыл алуулары керек.

## 107. ДЕПУТАТТАР КАНТИП ИНВЕСТИЦИЯЛАРДЫ ТАРТУУГА ЖАНА ЖЕРГИЛИКТҮҮ ЭКОНОМИКАЛЫК ӨНҮГҮҮГӨ ӨБӨЛГӨ БОЛО АЛЫШАТ?



Жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү жана инвестицияларды тартуу милдети жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, анын ичинде жергиликтүү кеңештердин депутаттары чечүүсү тийиш болгон артыкчылыктуу маселелердин бири болуп саналат.

Жергиликтүү бюджеттердин иштеп жаткан киреше базасы жергиликтүү экономиканын абалына көз каранды болот. Жеке ишкердик объекттер, жумушчу орундар канчалык көп түзүлсө – жергиликтүү бюджетке ошончолук көп салыктар келип түшөт. Мисалы, киреше салыгынын 50%ы жана сатуудан алынуучу салыктын көлөмү түздөн-түз жумушчу орундарынын санына, кызматкерлердин айлык маяналарынын деңгээлине, сатып өткөрүлгөн продукциялардын жана кызмат көрсөтүүлөрдүн көлөмүнө жараша болот.

Депутаттар жер салыгынын чөлкөмдүк коэффицентин мааниси боюнча 0,3төн 1,2ге чейин деп чечим кабыл алуу менен, айыл чарба багытындагы эмес жер салыгы боюнча келип түшүүлөрдүн гана көлөмүн жөндөбөстөн, бизнес үчүн инвестициялык жагымдуулукту дагы аныктайт. Мындан тышкары, жергиликтүү экономиканы өнүктүрүү өз ыктыярдуу жана милдеттүү патенттөөдөн, 2- жана 3- топтогу (коммерциялык кыймылсыз мүлк) мүлк салыгынан, жер казынасына салыктан (роялти) кирешелерге түздөн-түз таасирин тийгизет.

Бизнестин өнүгүүсүнө өбөлгө түзүү менен, жергиликтүү кеңештин депутаттары ишкерлер үчүн жер, имараттар жана курулумалар, автоунаа, жабдуулар ж. б. түрүндөгү муниципалдык менчиктин объекттерин пайдалануунун ачык-айкын, түшүнүктүү эрежелерин түзүү менен, муниципалдык менчикти башкаруу боюнча стратегияны же программаны кабыл алышат.

Мындан тышкары, айыл жеринде жайыттар жана айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун (АЖМФ) жерлери түрүндөгү жер ресурстарын башкаруу боюнча саясат чоң мааниге ээ. Бул жерлерди бөлүштүрүү эрежелерин аныктоого жергиликтүү кеңештин депутаттары түздөн-түз катышышат, мисалы, АЖМФ жерлерин ижарага берүү боюнча конкурстук комиссиянын мүчөлөрү же жайыт билеттерин бөлүштүрүүдө жайыт комитеттеринин мүчөлөрү катары.

ЖӨБ органдары эконмикалык ишке түздөн-түз катышкан кырдаалдарда жергиликтүү кеңештин депутаттарынын ролу өзгөчө маанилүү. Жергиликтүү кеңештин депутаттары аткаруу органдары менен бирдикте акционердик коомдорду, өкмөттүк эмес уюмдарды түзгөн учурларда же мыйзамдардын талаптарына ылайык аларга белгилүү ыйгарым укуктарды өткөрүп бергенде, алар менен келишимдик мамилелерге кирүүдө бизнес менен жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өз ара аракетте-

нишуулөрүнүн формалары жөнүндө чечим кабыл алышат. Жергиликтүү кеңештин депутаттары өз чечими менен зарыл болгон учурда муниципалдык мүлктү пайдалануу укугун бекемдешет.

Көрсөтүлгөн кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатын жана натыйжалуулугун жакшыртуу, ошондой эле жергиликтүtү экономиканы өнүктүрүү максаттарында, жергиликтүү кеңештин депутаттары конкурстук негизде коммерциялык эмес же бизнес-уюмдар үчүн муниципалдык тапшырыкты түзүү жөнүндө чечим кабыл ала алышат.

## 108. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН КАРАЖАТТАРЫН КАЙДА БАГЫТТООГО БОЛОТ, КАЙДА БАГЫТТООГО БОЛБОЙТ?

«Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө» Мыйзамдын ченемдери жергиликтүү бюджеттин чыгымдары түзүлүүсү тийиш болгон эрежелерди аныктайт. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары финансылык ресурстарды «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамда аныкталган жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү боюнча функцияларга гана багыттай алышаары аныкталган. Ошентип, жергиликтүү бюджеттен төмөнкү функциялар каржыланышы мүмкүн:

- коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр (ичүүчү суу, канализация);
- жолдорду күтүү;
- жарык берүү;
- ритуалдык кызмат көрсөтүүлөр;
- көрктөндүрүү жана таштандыларды тазалоо;
- муниципалдык транспортту күтүү;
- башкалар.

Жергиликтүү бюджеттен каржылоо республикалык бюджеттен келген трансферттердин (гранттардын) эсебинен толукталганда жергиликтүү бюджеттен чектеш деп аталган милдеттенмелерди каржылоого уруксат берилет. Мисалы, балдар бакчаларынын тарбиячыларынын айлык маяналары трансферт аркылуу республикалык бюджеттен каржыланат, ал эми имаратты күтүү жана коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржыланат.

Жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен мамлекеттик органдардын карамагында турган: саламаттыкты сактоо, коргоо, коопсуздук ж. б. каржылоого тыюу салынат. Мамлекеттик органдарга гана тийиштүү функциялардын тизмеги «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамда жана «Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө» Мыйзамда көрсөтүлгөн.

## 109. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТКЕ АКЧА КАРАЖАТТАРЫ КАЙДАН КЕЛИП ТҮШӨТ, ЖАНА ДЕПУТАТКА МЫНДАЙ МААЛЫМАТТАРДЫ КИМ БЕРИШИ КЕРЕК?

Жергиликтүү бюджеттердин кирешелери төмөнкү булактардан турат:

1. Салык кирешелери – жергиликтүү салыктар, жалпы мамлекеттик салыктардан чегерүүлөр, анын ичинде атайын салыктык режимдер (патенттерди кошуп алганда). Салыктык кирешелер жеке менчик компаниялар, ишкерлер, фермерлер, бириккен

дыйканчылык чарбалары, өкмөттүк эмес уюмдар сыяктуу салык төлөөчүлөрдөн, б. а. муниципалитеттин аймагында кандайдыр бир ишти жүзөгө ашырып жаткандардын барынан келип түшөт.

2. Салыктык эмес кирешелер – бул жергиликтүү бюджетке жыйымдар, төлөмдөр, кирешелер жана санкциялар түрүндө келип түшкөн кирешелер. Жергиликтүү бюджеттерге келип түшүүчү салыктык эмес кирешелерге төмөнкүлөр кирет:

- муниципалитеттик мүлктү башкаруудан жана тескөөдөн кирешелер;
- жерлерди, анын ичинде Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин пайдалануу укугунан алынуучу, жер үчүн ижара төлөмдөрү;
- мамлекеттик алымдар;
- жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилген реестрге ылайык алар тарабынан көрсөтүлгөн кызматтар жана аткарылган иштер үчүн муниципалдык мекемелердин кирешелери;
- «Салыктык эмес төлөмдөр жөнүндө» Мыйзамда каралган башка салыктык эмес кирешелер.

Салыктык эмес кирешелер муниципалдык мүлктүн ижарачыларынан, АЖМФ жерлеринин ижарачыларынан, калкка кызматтарды көрсөткөн муниципалдык мекемелерден келип түшөт.

3. Трансферттер – бул белгилүү максаттарга же максаттуу байламтасы жок эле республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджетке берилген каражаттар. Трансферттер көптөгөн жергиликтүү бюджеттердин негизги булагы болуп саналат.

Азыркы учурда трансферттердин негизги 4 түрү бар: категориалдык, теңдөөчү, кызыктыруучу гранттар жана жогору турган деңгээлден төмөнкү деңгээлге берилүүчү каражаттар. 2013-жылдын 1-июлунан тартып категориалдык гаранттар трансферттердин тутумунан чыгарылып салынары, жана мектептик билим берүү толук көлөмдө республикалык бюджеттен каржыланары күтүлүүдө.

Азыркы учурда трансферттер түздөн-түз жергиликтүү бюджеттерге келип түшүүдө.

## 110. ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТЕН КАРЖЫЛАНУУЧУ ТАРМАКТАРДЫН ТИЗМЕГИ БАРБЫ? БЮДЖЕТТИК КАРАЖАТТАРДЫ ЧЫГЫМДООНУН АРТЫКЧЫЛЫКТУУ БАГЫТТАРЫН КИМ АНЫКТАЙТ?



Жергиликтүү бюджеттин чыгымдар бөлүгүн түзүүнүн тартибин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органы өзү аныктайт. «Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө» жана «Республикалык бюджет жөнүндө» Мыйзамдар биринчи кезекте корголгон статьяларды (айлык маяна, Социалдык фондго жана салыктык чегеримдерди, тамак-аш, мектеп жана мектеп жашына чейинки мекемелердин медикаменттери, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр) каржылоону гана сунуштамалайт.

Корголгон статьяларды жапкандан кийин жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары артыкчылыктуу иш чараларды каржылай алышат.

Чыгымдоолордун артыкчылыктуулугу айылдык аймактын же шаардын планына же өнүгүү стратегиясына байланыштуу болот. Башкача айтканда, өнүгүү планын кабыл алган жергиликтүү кеңештин депутаттары жергиликтүү бюджеттин артыкчылыктуу чыгымдоолорун да аныктайт.

Артыкчылыктуу багыттарды аныктоого муниципалитеттин жашоочуларынын катышуусу маанилүү. Жашоочулардын ой пикирлерин билүүнүн бир нече ыкмалары бар, анын ичинде коомдук угуулар, сурамжылоолор, айылдын муктаждыктарын биргелешип изилдөөлөр. Бул тууралуу кыйла кеңири маалыматтарды www.vap.kg сайтынан алууга болот.

Чыгымдоолордун тизмеги «Бюджеттик классификация» документинде аныкталат, анда чыгымдоолордун көптөгөн түрлөрү бар, алардын ар бири өзгөчө код менен белгиленген. Бюджеттик классификация ЖӨБ органдарына бюджетке кандай болбосун чыгымдоолорду киргизүүгө мүмкүнчүлүк берет. ЖӨБ органдарынын бюджеттик калассификацияны өзгөртүү жана коддорду кошумчалоо боюнча негиздеме менен КР Финансы министрлигине кайрылууга укуктары бар.



## 111. ДЕПУТАТ КАНДАЙ САЛЫКТАРГА ТААСИР ТИЙГИЗЕ АЛАТ?

Депутаттар Салык кодексинде аныкталган тизмектен жергиликтүү салыктарды киргизе алышат.

Ошондой эле Салык кодексинин алкактарында депутаттар муниципалитеттин аймагында жашаган салык төлөөчүлөр үчүн жеңилдиктерди белгилей алышат. Мисалы, жергиликтүү кеңештер жеңип өтүүгө болбос жагдайлардын кесепетинен жер пайдалануучу материалдык зыян тарткан учурларда, 3 жылдык мөөнөткө чейин айыл чарба багытындагы жерлерге жер салыгынан толук же жарым жартылай бошотуу укугун бере алышат. Өкүнүчтүүсү, ушул убакка чейин Кыргыз Республикасын Өкмөтү бул ченемди колдонуунун тартибин аныктай элек, ошондуктан иш жүзүндө мындай мисалдар дээрлик жок.

Мындан тышкары, жергиликтүү кеңештер төмөнкүлөргө укуктуу:

1) салык төлөөчү жеңип өтүүгө болбос жагдайлардын келип чыгуусунун кесепетинен материалдык зыян тарткан учурларда, 3 жылдык мөөнөткө чейин мүлк салыгынан толук же жарым жартылай бошотууга. Бирок, жер салыгынан бошотуу учурундагыдай эле КР Өкмөтү бул ченемди колдонуунун тартибин аныктай элек;

2) өндүрүштүн жана\же чыгарылып жаткан продукцияны кайра иштетүүнүн көлөмүн жылына 30,0 миллион сомдон кемитпөөнү камсыз кылган шартта, өндүрүш жана\же продукцияны кайра иштетүү ишин жүзөгө ашыруучу жаңыдан түзүлгөн уюм үчүн 5 жылдык мөөнөткө чейин мүлк салыгын төлөөдөн бошотууга. Бул ченем жергиликтүү экономиканы өнүктүрүүгө каражат салып жаткан инвесторлорго колдоо көрсөтүүгө багытталган.

Депутаттар өздөрүнүн жеке салык саясатын кабыл алууга жана бекитүүгө мүмкүнчүлүгү бар, анын ичинде Салык кодексине кийинки түзөтүүлөрдүн негизинде жергиликтүү бюджетке келип түшүүчү салыктардын айрым түрлөрүн администрирлөө боюнча дагы. Бул жер салыгына жана мүлк салыгына, ошондой эле өз ыктыярдуу жана милдеттүү патенттөө негизиндеги салыктарга да тийиштүү.

## 112. ДЕПУТАТТАР ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН ЧЫГЫМДООЛОРУН ТЕКШЕРЕ АЛЫШАБЫ?



Депутаттардын адепки бухгалтердик документтерди текшерүүгө укуктары жок. «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» Мыйзамда жергиликтүү бюджеттин чыгымдоолорун көзөмөлдөө боюнча жергиликтүү кеңешке ыйгарым укук берилген өзүнчө ченем жок. Мындай укук текшерүүчү органдарда гана бар.

Бирок депутаттардын бюджеттик чыгымдоолор менен тыгыз байланышкан социалдык-экономикалык өнүгүү пландарынын жана программаларынын аткарылышын көзөмөлдөөгө укуктары бар. Ошондой эле депутаттардын жергиликтүү кеңештин чечимдеринин аткарылышын, анын ичинде бюджет боюнча чечимдеринин аткарылышын көзөмөлдөөнү жүзөгө ашырууга укуктары бар.

Жергиликтүү кеңеш бюджеттик процесстин мониторингин жүргүзүү, натыйжалуулугун көзөмөлдөө жана баа берүү боюнча өзүнчө чечим кабыл алууга укуктуу.

Мындан тышкары, жергиликтүү кеңештин депутаттары аткаруу органынын ишин текшерүүнү демилгелөө үчүн КР Эсептөө палатасына же башка фискалдык органдарга кайрыла алышат. Бул учурда мындай  суроо-талаптар финансылык бузууларды эле табууга багатталбастан, ошондой эле андай бузуулардын алдын алуу боюнча профилактикалык чаралар катары демилгеленүүсү мүмкүн.

Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын суроо-талаптары боюнча текшерүүчү органдар аларды текшерүүнүн натыйжалар менен таашынтырууга милдеттүү.

## 113. ДЕПУТАТ ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН КАРАЖАТЫНА ТОВАРЛАРДЫ ЖАНА КЫЗМАТ КӨРСӨТҮҮЛӨРДҮ САТЫП АЛУУГА КАНТИП КАТЫШАТ?



Мыйзамдарда жергиликтүү кеңештин депутаттарын сатып алуу процессине тартуу жөнүндө талаптар камтылган эмес. Бирок жергиликтүү кеңештин депутаты жергиликтүү бюджеттин каражаттарына товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу процессине тендердик комиссиянын мүчөсү катары катыша алат, анткени «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» КР Мыйзамынын 13-беренеси жергиликтүү кеңештин депутаттарынын сатып алуу жолжоболоруна катышууларына тыюу салбайт.

Иш жүзүндө көпчүлүк учурларда бюджет, экономика жана муниципалдык менчик боюнча туруктуу комиссиянын курамында турган жергиликтүү кеңештин депутаттары жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын башчысынын тескемеси менен тендердик комиссиялардын курамына кошулушат. Жергиликтүү кеңештин депутаттарынын тендердик комиссиялардын иштерине катышуулары ЖӨБ өкүлчүлүктүү жана аткаруучу органдарынын ортосундагы өнөктөштүктү жана бири-бирине ишенүүчүлүк мамилени көрсөтөт. Жергиликтүү кеңештин депутаты белгилүү чөйрөдөгү кесипкөй тажрыйбага ээ адис болуу менен Тендердик комиссиянын ишине чоң пайда келтириши мүмкүн. Бир эле убакта жергиликтүү бюджеттин каражаттарына сатып алуулар жолжоболору боюнча ЖӨБ аткаруучу органдарынын ишинин ачык-айкындуулугун, тунуктугун камсыз кылынат.



## 114. КЕҢЕШТИН ТУРУКТУУ КОМИССИЯЛАРЫНЫН ЧЫГЫМДООЛОРУНУН ОРДУ КАНТИП ТОЛТУРУЛАТ?

Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында туруктуу комиссялардын ишин компенсациялоого карата бир беткей жооп берилбейт. Азыркы учурда депутаттык комиссиялардын жана топтордун ишин да, өзүнчө депутаттардын ишин да каржылоо боюнча ар түрдүү практика бар. Компенсациялардын практикасы азырынча шаарлар үчүн гана мүнөздүү. Өкүнүчтүүсү, укук коргоо жана фискалдык органдарда да бул маселени бирдиктүү чечмелөө практикасы жок.

Бирок «Жергиликтүү кеңештеридин депутаттарынын статусу жөнүндө» Мыйзамдын 16-беренесинде шайлоочулардын алдында отчет берүүгө даярданууда жергиликтүү кеңештин депутатынын чыгымдары жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен каржылануусунун мүмкүнчүлүгү аныкталган.

Мындагы негизги көйгөй «Муниципалдык кызмат жөнүндө» Мыйзамда жергиликтүү кеңештин депутаттары муниципалдык кызматчы болуп саналышарына так кесе жооп бербегендигинде, ошондуктан жогоруда көрсөтүлгөн карама-каршылыктар келип чыгууда.



## 115. КАНДАЙ УЧУРЛАРДА ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТКЕ ӨЗГӨРТҮҮЛӨРДҮ КИРГИЗҮҮГӨ ЖАНА КАРАЖАТТАРДЫН БИР СТАТЬЯДАНБАШКАСЫНА  КОТОРУУГА БОЛОТ?

Жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүмдөрүнө толуктоолор жана өзгөртүүлөр жыл ичинде өнүгүү программаларынын артыкчылыктуу багыттарын алмаштыруу зарылчылыгы пайда болгондо жана башка учурларда киргизилет. Өзгөртүүлөр талашсыз болуусу тийиш, чыгымдар кошумча же кайра бөлүштүрүлгөн киреше булактарына ээ болушу керек.

Бюджетти өзгөртүү тууралуу чечимди жергиликтүү кеңеш кабыл алат, андан кийин кирешелердин жана чыгымдардын сыпаттамасына өзгөртүүлөр киргизилет, алар финансылык оперецияларды жүзөгө ашыруу үчүн казыналыктын аймактык бөлүмдөрүнө берилет.

Корголгон статьялар: айлык маяна, социалдык жана салыктык чегеримдер, тамак-аш жана мектеп жана мектепке чейинки мекемелердин медикаменттери, коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр боюнча чыгымдоолордун көлөмүнүн азайып кетүү тобокелчилиги бар учурлардан тышкары, акча каражаттарын бир статьяданбашкасына которууга тыюу салынбайт.



## 116. БЮДЖЕТТИН РАЙОНДУК ФИНАНСЫ БАШКАРМАЛЫКТАРЫ БЕРГЕН «КОНТРОЛДУК САНДАР» БОЮНЧА ТҮЗҮЛҮШҮ ТУУРАБЫ?

Азыркы учурда жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн түзүү мезгилинде чынында эле райондук финансы башкармалыгы ЖӨБ органдарына  контролдук сандар деп аталган бир катар максаттуу көрсөткүчтөрдү берет. Бул учурда андай көрсөткүчтөр

категориалдык жана теңдөөчү гаранттардын көлөмү, ошондой эле жалпы мамлекеттик салыктардан бөлүнүп алынган үлүштөр катары «Республикалык бюджет жөнүндө» Мыйзамда белгиленет жана аткаруу үчүн милдеттүү болуп саналат.

Райондук финансы башкармалыгы ЖӨБ органдарынын деңгээлине көрсөткүчтөрдү кирешелер статьялары боюнча ажырымда беришет. Бул көрсөткүчтөр сунуштама мүнөзүндө болорун белгилей кетүү зарыл жана аларды эсептөөдө тигил же бул мунуципалитеттин өзгөчөлүгү дайым эле толук көлөмдө эске алына бербейт. ЖӨБ органдары реалдуу божомолдордун жана эсептөөлөрдүн негизинде киреше бөлүгүндө өздөрүнүн көрсөткүчтөрүн белгилөөгө укуктары бар. Бирок, бул көрсөткүчтөр негизделген, эсептелип чыккан болушу керек. Мындагы көйгөйдүн баары ЖӨБ органдары дайым эле талдоо жумуштарын жүргүзүүгө кызыкдар эмес экендигинде, ошондой эле аларга жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгүн пландоо боюнча билимдин жетишсиздигинде.

«Контролдук сандардан» кутулуу үчүн айыл өкмөтү кирешелердин божомолун эсептегенди жана бюджетти сапаттуу пландаштырууну жасай билүүнү үйрөнүүсү тийиш.

Чыгымдар бөлүгү боюнча – акыркы жылдары «контролдук сандар» белгиленбейт, жана ЖӨБ органдары чыгымдарды өз алдынча пландашат.

## 117. ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ БЮДЖЕТТИН КИРЕШЕЛЕРИНИН КЕЛИП ТҮШҮҮСҮН ТЕКШЕРҮҮГӨ УКУГУ БАРБЫ?



Жергиликтүү кеңештин депутаты депутаттык суроо-талаптын алкактарында кандай болбосун маалыматты, анын ичинде жергиликтүү бюджеттин кирешелеринин келип түшүүлөрү (мамлекеттик салык кызматынан жана Казыначылыктын аймактык бөлүмүнөн) боюнча маалыматтарды алууга укугу бар.

Мындан тышкары, азыркы убакта www.okmot.kg сайтында реалдуу убакыт тартибинде кирешелердин түрлөрүнүн катышында жана түздөн-түз салык төлөөчүлөр боюнча келип түшүүлөрдү көрүп турууга болот.

## 118. БЮДЖЕТТИ ТАЛКУУЛООНУН УБАГЫНДА АЗЧЫЛЫКТЫН ПИКИРИН КАНТИП ЭСКЕ АЛУУГА БОЛОТ?



Жергиликтүү кеңеш жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын көпчүлүк добушу менен, ал эми айрым маселелер боюнча жергиликтүү кеңештин депутаттарынын жалпы санынын үчтөн экисинин добуштары менен чечим кабыл алат («Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» КР Мыйзамы 2-бер. 9-абзац, 28-бер. 2-б.). Бюджетти көпчүлүк бекитет.

Бирок жергиликтүү кеңештин депутаттарынын азчылыгы да өздөрүн угузуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Алып айтканда, жергиликтүү бюджет маселелери боюнча депутаттардын азчылыгынын пикири, эгерде ал жүйөлүү жана негизделген болсо, , эгерде, азчылыктын пикири аны жергиликтүү кеңеште кабыл алганга чейин жергиликтүү бюджеттин долбоорун талкуулоо убагында калк тарабынан колдоого алынса көпчүлүктүн көңүлүнө алынышы мүмкүн.

Депутаттардын азчылыгынын пикири ошондой эле бюджет жана финансы боюн-

ча тутуктуу комиссиянын жыйналыштарында уктурулушу мүмкүн. Туруктуу комиссиянын мүчөлөрү макул болгон учурда, азчылыктын пикири туруктуу комиссиянын корутундусуна кошулат, андан кийин ал жергиликтүү кеңештин сессиясында талкууланат. Бирок азчылыктын сунуштары жүйөлөнгөн, реалдуу, негизделген жана жергиликтүү маанидеги олуттуу маселелерди чечүүгө багытталган болушу керек, ушул учурда алар жергиликтүү кеңештин көпчүлүгү тарабынан колдоого алынат.

Айылдык кеңештин депутаттарынан айырмалуу шаардык кеңештин депутаттары депутаттык фракцияларга же фракциялардын коалициясына биригишет. Мында шаардык кеңеште депутаттык мандаттардын жарымынан көбүнө ээ болгон фракция же фракциялардын коалициясы көпчүлүк болуп саналат. Көпчүлүктүн курамына кирбеген фракция же фракциялар азчылык деп эсептелет. Бул учурда фракциялардын же фракцияларынын коалициясынын азчылыгына бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссия берилет («ЖӨБ жөнүндө» КР Мыйзамы 21-бер. 5-б.). Шаардык кеңештеги депутаттардын азчылыгы бюджет жана финансы боюнча туруктуу комиссияны жетектөөгө укуктуу, бул бюджеттик маселелерди кароодо артыкчылык болуп саналат.

# МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК ЖӨНҮНДӨ

## 119. «МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК» ДЕГЕН ЭМНЕ, МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИККЕ ЭМНЕЛЕР КИРЕТ?



Кыргызстандын мыйзамдары боюнча муниципалдык менчик – бул жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын (айыл өкмөтү, айылдык кеңеш, мэрия, шаардык кеңеш) ээлигинде, пайдалануусунда жана тескөөсүндө турган, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун кирешелерин алуунун булагы катары кызмат кылуучу жана жергиликтүү өз алдынча башкарууну жүзөгө ашыруу үчүн зарыл болгон жергиликтүү жамааттын (жергиликтүү калктын) менчиги.

Муниципалдык менчикте төмөнкү мүлктөр турушу мүмкүн:

- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын, аларга караштуу ишканалардын имараттары, жабдуулары жана башка кыймылсыз мүлкү;
- билим берүү, саламаттык сактоо, маданият, спорт жана туризм объекттери;
- турак жай-коммуналдык, ремонттоо-курулуш жана транспорт чарбаларынын объекттери, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин камсыз кылууга зарыл болгон жабдуулар менен материалдар;
- тийиштүү аймакты тейлеген жана мамлекеттик, жеке менчикке таандык ишканаларга караштуу болбогон транспорт, энергетика, суу менен жабдуу, канализация курулуштары менен коммуникацияларынын тармактары жана инфратүзүм объекттери;
- соода, коомдук тамактануу жана турмуш-тиричилик ишканаларынын мүлк комплекстери, ошондой эле аларды пайдаланууга, күтүүгө жана тейлөөгө арналган курулуштар менен жабдуулар;
- жергиликтүү өз алдынча башкарууга караштуу болгон менчиктештирилбеген турак жай жана турак жайга кирбеген фонддор;
- калктуу конуштардагы көчөлөр, көпүрөлөр менен жолдор;
- коомдук сейил бактар жана сейил бактар үчүн бөлүнгөн жерлер, көрктөндүрүү жана жашылдандыруу чарбасынын башка объекттери;
- токойлор жана айыл чарба жерлери, көлдөр, суу булактары жана жергиликтүү маанидеги пайдалуу кендер чыккан жерлер, эгерде алар мамлекеттик табигый ресурстардын тизмесине киргизилбеген болсо;
- жергиликтүү маанидеги тарых жана маданият эстеликтери;
- жер участкалары, анын ичинде чек аралардын тиешелүү долбоорлорунда каралган муниципалдык мүлктүн объектинде жайгашкан, ошондой эле өздөштүрүлө элек жерлер;
- бүткөрүлө элек курулуш объекттери;
- тиешелүү аймактагы калктын турмуш-тиричилигин камсыз кылуу маселелерин чечүү үчүн зарыл болгон башка объекттер («Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамдын 3-ст.).

Жалпысынан муниципалдык менчиктин курамына төмөнкүлөр кирет:
- жер,
- кыймылдуу жана кыймылсыз мүлк,
- жергиликтүү бюджеттин каражаттары,
- муниципалдык баалуу кагаздар жана башка мүлк укуктары.



## 120. МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК КАНТИП ТҮЗҮЛӨТ?

Баштапкы баскычта муниципалдык менчик мамлекеттик менчикти жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүү жолу менен түзүлгөн. Адегенде ЖӨБ органдарына соцмаданий, турмуш-тиричилик объекттери, андан кийин инфратүзүмдүк курулмалар жана имараттар, коммуникациялар өткөрүлүп берилген.

Бирок муниципалдык менчикке толук кандуу менчик укугу пайда болушу үчүн жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары бир катар зарыл жолжоболордон өтүшү керек, алар из жүзүндө бул укукту бышыктайт. Муниципалдык менчиктин калдык наркын баалоо жана объекттерди реестрге киргизүүнү кошо алганда, айыл өкмөтүнүн же мэриянын теңдемине коюудан тышкары муниципалдык менчик объекттерине укукту биротоло бекитүү үчүн мамлекеттик каттоо органдарында мамлекеттик каттоодон өткөрүү зарыл.

Алып айтканда, «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамга ылайык муниципалдык менчиктеги кыймылсыз мүлккө карата укук, ошондой эле бул укуктар боюнча чектөөлөр, алардын келип чыгышы, өзгөрүшү, өткөрүп берилиши же токтотулушу тийиштүү аймактардын мамлекеттик каттоо органдарында Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген тартипте каттоодон өткөрүлөт. Объекттер мамлекеттик менчиктен муниципалдык менчикке өткөрүп берилген учурда мамлекеттик каттоого байланыштуу болгон бардык чыгымдар жергиликтүү бюджеттин эсебинен жумшалат («Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамдын 7-ст.).

Азыркы убакта мүлккө муниципалдык менчик төмөнкүчө түзүлөт:
- мамлекеттик менчик объекттерин мыйзамдарга ылайык жана Кыргыз Республикасынын Өкмөтү тарабынан аныкталган тартипте жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өткөрүп берүү аркылуу;
- жергиликтүү бюджетке жергиликтүү салык, жыйым жана Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген жана башка милдеттүү түрдөгү төлөмдөр түрүндө түшкөн каражаттардан; жарандар жана юридикалык жактар, мамлекеттик органдар жана ишканалар тарабынан мүлккө муниципалдык менчикти ижарага алгандыгы жана пайдалангандыгы үчүн төлөнгөн суммалардан; дивиденддерден жана пайыздардан, мыйзамда белгиленген тартипте конфискацияланган мүлктү сатуудан, кайрымдуулук иретинде жана мыйзамда тыюу салынбаган башкача түрдө түшкөн каражаттардан;
- объекттерди менчикке жарандардан жана юридикалык жактардан жарандык-укуктук бүтүмдүн негизинде сатып алуу (сатып алуу-сатуу, алмашуу, тартуу кылуу, экинчи жактын өзүнүн келишимдик милдеттенмелерин аткарбай коюшу) аркылуу;
- менчик укугунан ажыратуу же жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын алдындагы милдеттенмелери боюнча менчигин башкача түрдө мажбурлап же

соттун чечими менен башкача ыкмада алып коюу аркылуу;

- муниципалдык менчикке түшкөн ээсиз буюмду соттун чечими менен таануунун натыйжасында;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын каражаттарынын эсебинен жаңы объекттерди куруунун, өндүрүүнүн же түзүүнүн натыйжасында;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамында белгиленген башка учурларда («Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамдын 5-ст.).

## 121. КАНДАЙ УЧУРЛАРДА МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИККЕ УКУК ТОКТОТУЛАТ?



Кыргыз Республикасынын мыйзамдары муниципалдык менчикке укукту токтотуунун учурларын аныктайт. Алып айтканда, «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамга ылайык мүлккө муниципалдык менчик укугу төмөнкү учурларда токтотулушу мүмкүн:

- мүлктү мамлекеттин менчигине, юридикалык жактардын жана жарандардын менчигине ажыратканда;
- мүлк кыйраганда же жок кылынганда, болбосо мүлккө карата менчик укугу жоюлганда;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын милдеттенмелери боюнча мүлк укугунан ажыратылганда;
- мүлккө муниципалдык менчикке карата укугу бар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жоюлганда;
- Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында белгиленген башка учурларда («Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамдын 10-ст.).

## 122. МАМЛЕКЕТТИК МҮЛК ЭМНЕ ҮЧҮН МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИККЕ ӨТКӨРҮЛҮП БЕРИЛГЕН?



Мүлктү мамлекеттик менчиктен жергиликтүү жамааттын (ЖӨБ органдарынын) менчигине өткөрүп берүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары уюштурулгандан кийин, башкача айтканда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу принциптеринде айыл өкмөттөрү, кыштак башкармалыктары жана шаарлардын мэриялары уюштурулгандан кийин жүргүзүлдү. Бул өткөрүп берүүнүн натыйжасында айылдардын, кыштактардын жана шаарлардын жашоочулары өздөрү үчүн чоң материалдык жана функционалдуулук баалуулукка ээ болгон кыймылсыз мүлк объекттеринин менчик ээлери болуп калышкан. Ошентип, жергиликтүү жамаат өз менчигине: жалпы билим берүүчү жана адистештирилген мектептерди, балдар бакчаларын, маданий мекемелерди (мисалы, клубдарды), инженердик жана социалдык инфратүзүмдөрдү (жолдорду, суу менен жабдуу тутумдарын, эс алуу бактарын, стадиондорду, көрстөндөрдү), турак жай эмес имараттарды жана башка жайларды алышкан. Ошондой эле калктуу конуштардын ичиндеги мамлекеттик жана жеке менчик болуп саналбаган бардык жерлер муниципалдык менчик болуп калган.

Муниципалдык менчик жергиликтүү өз алдынча башкаруу функцияларын жүзөгө ашыруу, жергиликтүү маанидеги маселелерди чечүү үчүн зарыл. Ошондуктан

муниципалдык менчикти башкаруудан түшүүчү бардык кирешелер, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары өздөрүнүн компетенцияларына кирген калкка кызмат көрсөтүүлөрдү натыйжалуу көрсөтүүлөрү үчүн, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ээлик кылуусуна, пайдалануусуна жа тескөөсүнө өткөрүлүп берилген.

Ошондой эле муниципалдык менчик жергиликтүү экономикалык өнүгүү же жергиликтүү казынага (мисалы, объекттерди ижарага берүүдөн жана сатуудан кирешелер) кошумча кирешелерди алуу үчүн пайдаланылат. Бүгүнкү күндө мындай практика айылдарда жана шаарларда азырынча жетишсиз колдонулууда. Муниципалитеттердин көпчүлүгүндө муниципалдык менчик жетиштүү пайдаланылбаган жергиликтүү ресурстарга, анын ичинде финансылык жаатта дагы ойдогудай урунулбаган мүмкүнчүлүктөргө кирет. Муниципалдык менчикти пайдалануунун натыйжалуулугу аны башкаруунун сапатына да жараша болот.



## 123. «МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИКТИ БАШКАРУУ» ДЕГЕН ЭМНЕ?

Заманбап практикада муниципиалдык менчикти башкаруу дегенде мүлктү сатып алууга, ээлик кылууга, пайдаланууга жана ажыратууга байланыштуу чечимдерди кабыл алуу жана жүзөгө ашыруу түшүнүлөт.

Менчикти башкарууга жаткан бир нече типтүү кырдаалдарды карап көрөлү:

1-кырдаал. Айыл өкмөтүнүн менчигинде мурунку балдар бакчасынын жарым жартылай ээн турган имараты бар, анын жарымын айылдык почта бөлүмү ээлеп турат. Мындан ары эмне  кылуу керек экени жаатында чечим кабыл алуу керек. Почтаны башка бир кичинерээк имаратка которуп, бул имаратты конкурстук сатууга коюш керекпи? Кайсынысы жакшы: сатканбы же узак мөөнөттүү ижарага бергенби?

2-кырдаал. Жергиликтүү ишкер айыл өкмөтүнөн акылуу автоунаа токтотуучу жай куруу үчүн өзүнө муниципалдык менчикте турган дайындуу жер участогун берүүнү суроодо. Чечим кабыл алуу керек, бериш керекпи же жокпу. Участокту ушул ишкерге бериш керекпи же ачык аукциондо автунаа токтотуучу жай куруу укугун сатууга аракеттенип көрүш керекпи? Участокту берүүнү кандай жол-жоболоштуруу керек: жөн эле айыл өкмөтүнүн тескемеси мененби? Пайдалануу жөнүндө келишимге кол коюшуу керекпи? Ижара тууралуу келишимге кол коюшуу керекпи? Эгер ижарага бере турган болсо, анда кандай акы алуу керек?

3-кырдаал. Муниципалдык жер участокторун кантип берүү керек? Жеке адамдарга түздөн-түз ижарага берипби? Же конкурс боюнча ижарага берипби? Кайсыл жол жергиликтүү бюджет үчүн көбүрөөк пайда алып келет жана кыйла адилеттүү болот?

Бул үч кырдаалдын баары тең – «менчикти башкаруу» түшүнүгүнө кирген мүнөздүү мисалдар. Муниципалдык менчикти башкаруу деген жөнеле объекттерди күтүүнү жана пайдаланууну билдирбестен ошону менен бирге эле чечимдерди кабыл алууну жана аларды иш жүзүнө ашырууну билдирет.

## 124. ЭМНЕ ҮЧҮН ЖЕРГИЛИКТҮҮ ӨЗ АЛДЫНЧА БАШКАРУУ ОРГАНДАРЫНА МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИКТИ НАТЫЙЖАЛУУ БАШКАРУУ МААНИЛҮҮ?



Анткени, муниципалдык менчикти башкаруу усулдарын өркүндөтүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына, баарыдан мурда финансылык өңүттөн алганда, абдан пайдалуу. Бул айыл өкмөтүнүн, мэриянын кирешелеринин көбөйүүсүнөн жана чыгымдарынын төмөндөөсүнөн таасир тийгизет. Кошумча кирешелер түздөн-түз калктын керегине пайдаланылышы мүмкүн. Мисалы, эгерде айыл өкмөтү же мэрия муниципалдык мүлктүн ижарасынан кирешелерди көбөйтө алса жана аларды мектептин чатырын оңдоого пайдаланса, анда мындан жалпы калк пайда табат.

Муниципалдык мүлктү башкарууну жакшыртуу экономикалык ыңгайдан алганда бүтүндөй айылдык аймактын, шаардын экономикалык климатынын жакшыруусуна таасирин тийгизет, ал эми жеке ишкерлер бул муниципалитетке жан-дилдери менен инвестицияларын чегерет, бул өз кезегинде калктын жумуштуулугунун жана кирешелеринин өсүшүнө өбөлгө болот. Мисалы, эгерде айыл өкмөтү, мэрия капиталдык курулуштар үчүн участокторду жеке менчикке аларды ачык аукциондордо сатуу менен, участокто кандай көлөмдөгү курулуш болуусу керек экени жөнүндө ашыкча талаптарды койбостон бере баштаса – мындай кадам баарына пайдалуу болот.

Муниципалдык менчикти башкарууну жакшыртуу саясий көз караштан алганда да, жергиликтүү бийликтер үчүн пайдалуу болуп саналат. Муниципалдык менчикке байланыштуу маселелер калкка түшүнүктүү жана жакын, анткени ал жакшы көрүнөө материалдык дүйнөгө кирет. Ошондуктан ачык, демократиялуу, калк үчүн пайдалуу жана кирешелүү түрдө муниципалдык менчикти колдонуу талашсыз түрдө калктын жогорку ишениминин күчөтөт, акыры аягында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жетекчилиги үчүн саясий капитал алып келет.

## 125. «МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК ОБЪЕКТЕРИНИН КЛАССИФИКАЦИЯСЫ» ДЕГЕН ЭМНЕ?



Менчик дегеле эмне үчүн керек экенин туура көрө билүү муниципалдык менчикти натыйжалуу башкаруунун негизи болуп саналат. Жогоруда белгиленгендей, муниципалдык менчик барыдан мурда жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары алар өз калкына камсыз кылуу милдети болгон функцияларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашыра алуулары үчүн керек. Экинчиден, менчик жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына жергиликтүү экономикалык өнүгүүнү колдоо жана кошумча кирешелерди (мисалы, ижарадан кирешелер сыяктуу) алуу үчүн керек.

Муниципалдык менчик кызмат кылуучу максаттарды ушундай түшүнүү – бардык муниципалдык менчик объекттерин үч топко: негизги, кошумча жана ашыкча классификациялоонун негизи болуп саналат. Бирок, Кыргызстандын айылдык муниципалитеттерине аларда болгон объекттердин: негизги жана ашыкча, өзгөчөлүктөрүнөн улам өз объекттерин эки гана топко классификациялоо сунуш кылынат. Бул классификациялоо ар бир топ үчүн түрдүү бюджеттик жана келишимдик саясатты иштеп чыгуу үчүн керек. Башкача сөздөр менен айтканда, классификациялоо – бул объекттерди каржылоо жана күтүү боюнча андан аркы кадамдар үчүн, ошондой эле алардан кире-

шелерди алуу тууралуу маселелерди чечүү үчүн негиз болуп саналат.

Негизги объекттер

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органын башкаруу жана турмуш тиричилик функцияларын камсыз кылуу үчүн пайдаланылуучу объекттер. Мисалы, айыл өкмөтүнүн, мэриянын, жергиликтүү кеңештин имараттарынын өзү жана инженердик инфратүзүм объекттери.

Мыйзамдарда же жергиликтүү коомдоштук милдеттүү катары аныктаган кызмат көрсөтүүлөрдү берүү менен байланышкан объекттер. Мисалы, билим берүүчү мектептер, базалык медициналык тейлөөлөрдү көрсөтүү үчүн объекттер жана базалык инженердик инфратүзүм объекттери (жолдор, каналдар, суу түтүк линиялары). Ошол эле убакта бул топко жогорку билим берүү тутумунун мекемелери (университеттердин филиалдары, колледждер), адистештирилген билим берүү (мисалы, музыкалык мектептер) жана адистештирилген медициналык кызмат көрсөтүүчү (стоматологиялык бейтапкана) сыяктуу объекттерди бул топко кошпоо сунуш кылынат, анткени алар жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын милдети болуп саналган жана жергиликтүү бюджеттен колдоого алынган кызмат көрсөтүүлөрдүн милдетүү тизмесинин алкагынан тышкары турушат.

Ашыкча объекттер

Бул топко милдеттүүлөрдүн тобуна, алып айтканда колдо болгон коммерциялык жана турак жай эмес объекттердин тобуна кошулбаган бардык башка объекттерди киргизүү керек.

Мындай классификациялоо Кыргызстандын көптөгөн шаарларында эбактан бери колдонулуп келе жатат. Төмөндөгү таблица шаар башкармалыгы тарабынан иштеп чыгылган Өзгөн шаарынын муниципалдык менчигин классификациялоо долбоорун көрсөтүп турат. Бул классификациялоо Өзгөн шаардык кеңеши тарабынан (кеңештин сессиясынын 2000-жылдын 13-ноябрындагы №16-6/2 чечими) муниципалдык менчикти жалпы узак мөөнөттүү башкаруунун планы катары бекитилген.

***Үч негизги функционалдык топтор (негизги, кошумча жана ашыкча) боюнча Өзгөн шаарынын муниципалдык менчик объекттеринин классификациясынын долбоору (кыскартуу менен)***

| Объекттин аталышы | Тобу |
|---|---|
| С. Шарипов атындагы орто мектеп | А |
| №1 Бала бакча | Б |
| Балдар музыкалык мектеби | Б |
| Шаардык билим берүү жана маданият бөлүмүнүн имараты | Б |
| Балдар билим берүү борборунун имараты | Б |
| Стоматологиялык бейтапкана | Б |

| Объекттин аталышы | Тобу |
|---|---|
| Балдар бейтапканасынын имараты | А |
| «Айчүрөк» кинотеатры | В |
| Шаар башкармалыгынын имараты | А |
| «Мир» эс алуу багы | Б |
| ТТС унаа токтотмосу | В |
| «Верность» унаа токтотмосу | В |
| Шаардык суу канал администрациясынын имараты | Б |
| Насостук станция | А |
| Суу түтүк линиясы | А |
| 758д Скважинасы | А |
| Музей имараты (тарыхий-архитектуралык комплекс) | Б |
| Жолдор | А |
| Стадион | Б |
| Тротуарлар | А |
| Каналдар | А |
| Көпүрөлөр | А |
| Көрүстөн | А |
| Тышкы жарык берүү тарамы | А |
| Соцфонддун имараты | В |
| Жашыл чарба | Б |
| Турак жай эмес жай 1 (байланыш бөлүмү) | В |
| Турак жай эмес жай 2 | В |
| (кварталдык комитет/участкалык) | В |
| Турак жай эмес жай 3 (дүкөн) | В |
| Турак жай эмес жай 4 (почта) | В |
| Турак жай эмес жай 5 (участкалык инспектор) | В |

Ошондой эле муниципалдык менчик менен болуучу жагдай абдан кыймылдуу экенин көңүлгө алуу пайдалуу, анткени калктын коомдук кызмат көрсөтүүлөргө керектөөлөрү жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органынын мүмкүнчүлүктөрү убакыттын өтүшү менен өзгөрүлүп турат, жана бул чөйрөдөгү жергиликтүү саясат да өзгөрөт. Ошондуктан, бул топтор боюнча объекттерди классификациялоо да түр өзгөртүшү мүмкүн, жана объекттер топтон топко өтүп турат (мында адепки классификацияны кеңеште бекиткенден кийин анын ар бир өзгөрүүсү дагы бекитилиши керек).



## 126. МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК ОБЪЕКТТЕРИНИН КЛАССИФИКАЦИЯСЫН ИШТЕП ЧЫГЫШ ҮЧҮН ЭМНЕ КЫЛУУ КЕРЕК?

Биринчи кезекте, бардык кошумча жана көмөкчү жайларды кошуп алганда, бардык кыймылсыз мүлк объекттеринин толук жана так эсебин алуу, жана бардык объекттерге муниципалдык менчик укугун каттоо.

Андан кийин ар бир объекттин кирген функционалдык тобун көрсөтүү менен объекттердин инвентаризациялык тизмегин түзүү.

Реалдуу практикадан улам ар бир объектти күтүүнүн жана эксплуатациялоонун финансылык булактарын белгилөө.

Андан ары ар бир объекттин сунуш кылынган классификациясы жана аны күтүүнү жана эксплуатациялоону каржылоонун булактары бири бирине ылайык келээрин текшерүү.

Ушундай эле классификациялоонун курулбаган участоктор үчүн да жүргүзүү зарыл, анткени бул участокторду кандай укуктарда жана шарттарда берүүнү аныктоого жардам берет.



## 127. МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИКТИ БАШКАРУУ МАСЕЛЕЛЕРИНДЕ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТЕ ЖАНА АНЫН АТКАРУУ ОРГАНЫНДА КАНДАЙ ЫЙГАРЫМ УКУКТАР БАР?

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына өз менчигин натыйжалуу башкаруу үчүн колдонуудагы мыйзамдарга ылайык аткаруучу органдардын (айыл өкмөтү, мэрия) жана өкүлчүлүктүү органдардын (айылдык, шаардык кеңештер) ортосунда жоопкерчиликти туура бөлүштүрүү жана аны так сактоо маанилүү.

Жергиликтүү кеңеш өзүнүн ченемдик укуктук актылары аркылуу “оюн эрежелерин”, башкача айтканда бул жааттагы саясатты жана муниципалдык менчикти башкаруунун принциптерин, жана б.а. эмнени, кандай укуктарда жана кандай жолжоболор аркылуу менчикке же пайдаланууга, ижарага берүүнүн эрежелеринин жана жолжоболорун белгилейт.

Муниципалдык менчикке карата жергиликтүү кеңештин негизги функцияларына төмөнкүлөр кирет:

- ким объекттерди (мисалы, жергиликтүү бюджеттен кармалуучу жалпы билим берүүчү мектептер жана балдар бакчалары) акысыз пайдалануу укугуна ээ болоору, ал эми ким объекттерди (мисалы, мамлекеттик бийлик органдары жана жеке менчик сектор) акысын төлөп ижарага алары жөнүндө эрежелерди бекитүү;
- муниципалдык объекттерди, муниципалдык жерлерди жана АЖМФ жерлерин конкурстук ижарага берүү жолжоболорун жана ушул жолжоболор боюнча берилүүчү объекттердин жана участоктордун тизмесин бекитүү;
- приватташтыруу программалары жана башка документтер аркылуу муниципалдык менчик объекттерин сатуу жана сатып алуу жөнүндө чечимдерди кабыл алуу, мында жергиликтүү кеңеш ар бир дайындуу бүтүмдү өткөрүүгө кийлигишүүгө укуксуз;

- муниципалдык менчикти башкаруу боюнча ЖӨБ аткаруу органдарынын жылдык отчетун кароо жана бекитүү;
- приватташтыруу программаларын бекитүү;
- муниципалдык менчикти камсыздандыруу тартибин белгилөө;
- муниципалдык ишканалар жана мекемелер, ошондой эле муниципалдык менчикти пайдалануучу башка юридикалык жактар жана жеке адамдар тарабынан көрсөтүлүүчү коммуналдык кызмат көрсөтүүлөрдүн бааларын жана тарифтерин бекитүү;
- муниципалдык менчикти эсептен чыгаруу тартибин белгилөө;
- өлкөнүн мыйзамдарында жана жергиликтүү жамааттын Уставында каралган башка ыйгарым укуктарды жүзөгө ашыруу.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органы (айыл өкмөтү, мэрия) өз кезегинде жергиликтүү кеңештин бекитилүүгө жаткан бардык чечимдерин даярдоого катышат, ошондой эле өз ыйгарым укуктарынын алкактарында учурдагы маселелер боюнча чечимдерди өз алдынча кабыл алат.

Муниципиалдык менчикке карата ЖӨБ аткаруучу органдарынын негизги функцияларына төмөнкүлөр кирет:

- муниципалдык менчик объекттерине укуктарды берүү тартибин караган жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик укуктук актыларын, муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө тартиптерин белгилеген приватташтыруу программаларын жана башка ченемдик укуктук актыларды иштеп чыгуу жана жергиликтүү кеңештин кароосуна киргизүү;
- муниципалдык ишканаларды жана мекемелерди жетектөө, координациялоо жана түзүү, ишмердигин, кайра курууну жана жоюуну көзөмөлдөөнү жүзөгө ашыруу, ошондой эле муниципалдык менчикте турган акционердик коомдордун акцияларын башкаруу;
- мүлктүн эсебин алуунун жана көзөмөлдөөнү жүргүзүү, жергиликтүү кеңеш алдында үзгүлтүксүз отчет берүү. Алып айтканда муниципалдык менчикте турган бардык объекттерди жана жер участокторун эсепке алуу, эсепке алынган объекттердин реестрин жүгүзүү, алар боюнча бухгалтердик эсепти алып баруу, финансылык маалыматтарды жыйноо, пайдаланылуучулардын жана ижарачылардын эсебин жүргүзүү, муниципалдык менчикти башкаруу боюнча жылдык отчетту даярдоо жана берүү;
- жергиликтүү коомдоштуктун өз менчигине укугун коргоо: мамрегистрде муниципалдык менчик катары бардык муниципалдык имараттарды, жайларды, курулуштарды жана жер участокторун каттоо, талаш объекттерге муниципалдык укуктарды коргоо, объекттерди мыйзамсыз алып коюудан же пайдалануудан коргоо;
- чечимдерди кабыл алуу үчүн керектүү маалыматтарды жыйноо, колдоо жана талдоо (мисалы, объекттердин жүктөлүү деңгээлин, объекттерге жеке менчик сектордун суроо талабы, жеке менчик сектордогу ижара жана сатуу баалары);
- финансылык пландоо (эксплуатациялык чыгымдарга жана капиталдык оңдоолорго чыгымдарга, курулуш жана объекттерди сатып алуу чыгымдарына керектөөлөрдү пландоо);
- муниципалдык менчикти башкаруу жана тескөө, б.а. жергиликтүү кеңеш тарабынан

бекитилген Жобого ылайык муниципалдык менчикти пайдалануучулар менен бардык мамилелерди жүргүзүү. Мисалы, ижара келишимдерине кол коюуну кошо алганда, ижарага берүү; келишим боюнча пайдаланууга берүү; кеңеш тарабынан сатууга же сатып алууга бекитилген объекттерге кеңеш тарабынан бекитилген сатып алуу-сатуу жолжоболорунун алкактарында бүтүмдөрдү жүргүзүү;

- менчикти өзгөртүүлөргө карата, алып айтканда, объекттерди пайдаланууну алмаштыруу же аларды ажыратуу жөнүндө чечимдерди (же жергиликтүү кеңешке сунуштамаларды) негиздөө жаны кабыл алуу;
- жакшы эксплуатациялоону камсыз кылуу. Мында эксплуатациялоону камсыз кылуу деген аны менен түздөн-түз алектенүүнү билдирбейт. Эксплуатациялоону уюштуруу бир нече механизмдери бар, жана алар объектке жараша бир убакта колдонулушу мүмкүн: подрядчикти жалдоо, объекттин пайдаланылуучусуна тапшыруу (муну аны менен келишимге киргизүү);
- муниципалдык менчикти камсыздандырууну, муниципалдык менчиктин сакталуусун камсыздандыруу боюнча башка чараларды камсыз кылуу.



## 128. КАНДАЙ ЖЕРЛЕР МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК БОЛУП САНАЛАТ?

Кыргыз Республикасынын 1998-жылкы Конституциясы жерге карата жеке менчик киргизүү менен бир катар, жерге карата муниципалдык менчик болоорун дагы белгилеген. Кыргыз Республикасынын 2010-жылдагы Конституциясында (12-бер., 5-п) « жер менчиктин жеке, муниципалдык жана башка формаларында болушу мүмкүн» экени белгиленген.

Кыргызстандын мыйзамдарында жер маселелери Жер жана Граждандык кодекстери аркылуу жөнгө салынат. Практикалык көз караштан алып караганда, айылдык аймактын жана шаардын чектериндеги муниципалдык жерлерди эки түргө бөлүүгө болот:

1. Объектке (имаратка же курулмага) чектеш жаткан жер участоктору, башкача айтканда объекттке бекителгендер.

2. Имараттар жана курулмалар ээлеп турбаган жерлер.

Жерлердин биринчи түрү боюнча

Жергиликтүү жамаатка (элге) муниципалдык менчикке мектептер, ооруканалар, социалдык жана инфратүзүмдүк объекттер өткөрүлүп берилген. Ушул объекттерге чектеш жайгашкан жер участкалары өз ичине ушул объекттерди иштеши үчүн зарыл болгон аймактарды камтыйт. Мисалы, балдар бакчалары жөнүндө сөз болгон учурда – оюн аянттары, курулмалары жайгашкан аймактар.

КР Граждандык жана Жер кодекстерине ылайык (КР Жер кодекеси 44-ст.):

Имараттар менен курулуштар ушул имаратка жана курулушка бекитилип берилген жер участогуна укуктан ажыратылбайт.

Имараттын жана курулуштун менчиктөөчүсү ушул имаратка жана курулушка өзү каалагандай ээ болууга, пайдаланууга жана тескөөгө, анын ичинде эгерде ушул жер участогун пайдалануу шарттарына, мыйзамдардын жоболоруна карама-каршы келбесе, имаратты же курулушту бузууга укуктуу.

Эгерде тараптардын макулдашуусунда башкача каралбаса, имаратты жана ку-

рулушту же анын бир бөлүгүн башка бирөөгө менчиктөө укугу өткөрүлүп берилгенде, өткөрүүгө, ипотекалоодо ал имараттын жана курулуштун мурунку менчиктөөчүсү ээ болгон шартта жана ошондой көлөмдө аталган имарат жана курулуш жайгашкан жер участогуна болгон укукка ээ болот.

Жерлердин экинчи түрү боюнча

Жер кодекси «айылдык аймактын жана шаардын чектериндеги, жеке жана мамлекеттик менчиктеги жерлерден башка жерлер муниципалдык менчик болуп саналарын» белгилейт. Бул мындай курулбаган жерлер  өткөрүп берүүнүн кошумча жолжоболорусуз, муниципалдык менчикке катталуусу керек экенин билдирет. Бул жерлер юридикалык көз караштан алганда, өз ичине эки башка топту камтусун билүү маанилүү:

- жөнеле курулбаган жерлер, аларды жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жеке менчикке сатып жибере (приватташыра) же ижарага бере алышат, анын ичинде 50 жылга чейин дагы;
- жалпы пайдалануудагы жерлер (жолдор, тротуарлар, гүлзарлар, эс алуу бактары), алар приватташтырууга жатпайт жана беш жылдык мөөнөткө чейин гана ижарага берилиши мүмкүн.

## 129. МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК ОБЪЕКТТЕРИНИН ЭСЕБИН АЛУУ ЖАНА ИНВЕНТАРИЗАЦИЯЛООНУ ЖҮРГҮЗҮҮ КЕРЕКПИ?



Эсепке алуунун максаты – менчикте жана башкарууда кандай объект барын, алар канча экенин жана алардын кандай абалда экенин так билүү. Азыркыга чейин көптөгөн айыл өкмөттөрүндө жана мэрияларда мындай маалыматтарды жок экени, өзгөчө кароосуз калган имараттар жана курулмалар, анын ичинде турак жай үйлөрү, жер участкалары менен курулуп бүтпөгөн объекттер, бош жер учаткалар тууралуу маалыматтардын жок экени чоң көйгөй.

Объекттерди жакшы башкаруу үчүн алар жөнүндө маалыматтар керек, алар өз ичине төмөнкүдөй көрсөткүчтөрдү камтуусу тийиш: ал эмне болгон объект, качан пайда болгон (кайсы жылкы курулуш же мекеме), анын учурдагы абалы ж. б. Көптөгөн айыл өкмөттөрү жана мэриялар өзүнүн жергиликтүү жамаатынын (элдин)  менчигин түзүү процессинде объекттерди адепки инвентаризациялоону жүргүзгөн жана муниципалдык менчик объекттери тууралуу маалыматтар киргизилген реестрлерди түзө башташкан.

Муниципалдык объектерди эсепке алууну жолго коюу үчүн, иш жүзүндө колдо болгондорду инвентаризациялоодон өткөрүүдөн баштоо зарыл. Инвентаризация, барыдан мурда, мамлекеттик менчиктен муниципалдык менчикке өткөрүлүп берилген объекттердин тизмеси менен реалдуу кабыл алынган объекттердин тизмесинин ортосундагы айырманы көрсөтөт. Ашкереленген айырмачылыктарды себептери кандай?

Бул милдеттин маңызы мында: муниципалитеттер өздөрүнө муниципалдык менчикти түзүүдө эмнелер өткөрүп берилгенин, алар кандайдыр бир себептер менен эмнелерди жоготуп алышканын, жана жоготулган менчикке карата муниципалитеттин саясаты кандай болушу керек экенин түшүнүүгө аракет кылышат.

1996-жылы Өкмөт өзүнүн №531 токтому менен 30 муниципалитетке 504 объект

өткөрүп берген, 15 жылдан кийин, 2011-жылдын ноябрына карата айылдык аймактардын менчигинде 897 объект болгон, башкача айтканда өсүш 78 пайызды, үчтөн экиден көптү түзгөн. Мындан улам муниципалитеттер жарандардын мүлкүн жоготпостон, тескерисинче аларды сактап калгандай жана аны көбөйткөндөй таасир калтырат! Бирок иш жүзүндө кырдаал башкача: кошумча табылган объекттер көпчүлүк учурларда тим гана көрсөтүлгөн токтомго кирбей калган. Бул жергиликтүү адистердин ак ниетсиздикеринен улам болгон, алар 1996-жылы өкмөткө бардык объекттер боюнча так эмес маалыматтарды беришкен.

Эгерде алар ӨТ №531 кирбесе, эгерде аларга укук белгилөөчү башка документтер жок болсо, бул объекттерди кантип жана кайсы негиздерде айылдык муниципалитеттер өздөрүнө муниципалдык менчик катары өздүк кылып алышканына ар түрдүү жооптор берилет:

- көптөгөн объекттер колхоздордон айыл өкмөтүнүн чечими аркылуу автоматтык түрдө өткөн, бул толук мыйзам ченемдүү;
- де-факто муниципалдык болуп калган, бирок эч кандай укук белгилөөчү документтери жок, мурунку совхоздордун объекттерине тиешелүү болсо, муниципалитеттер ушул объекттерди муниципалитеттик менчикке өткөрүп берүү боюнча Токтом чыгаруу жөнүндө Өкмөткө кайрылуулары зарыл;
- эл аралык донор уюмдардын гранттарынын эсебинен жана башка методдор менен, мисалы ашар методу менен курулган жаңы объекттерге тиешелүү болсо, анда аларга кабыл алуу-өткөрүп берүү актылары бар, ошолордун негизинде объекттер муниципалдык менчикке өткөрүп берилген;
- эч кандай укук белгилөөчү документтери жок объекттерге тиешелүү болсо, анда муниципалитеттер ар кыл булактардан (архивдерден) издөөлөрдү жүзөгө ашыруулары зарыл, анткени кандай болбосун объект кимдир бирөө тарабынан курулган жана кимдир бирөөгө таандык болгон, демек, кайдандыр зарыл болгон укук белгилөөчү документтер сөзсүз табылары анык.



## 130. МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК ОБЪЕКТТЕРИН ЭСЕПКЕ АЛУУДА ЖАНА ИНВЕНТАРИЗАЦИЯЛООДО КАНДАЙ КӨЙГӨЙЛӨР БАР?

Иш жүзүндө бардык муниципалитеттердин негизги катачылыктары муниципалдык менчик объекттерин эсепке алуу жана инвентаризациялоо процессинде ар бир объекттин укук белгилөөчү жана укук ырастоочу документтерин эстеринен чыгарып коюп жатышкандыктары болуп саналат. Анан кеп укук белгилөөчү же ырастоочу документтин өзүнүн бар экендигинде эле эмес, иштин баары андай документтерде жалпы объекттин өзүн гана эмес, анын курамдык бөлүктөрүн дагы мүнөздөөчү маанилүү кеңири маалыматтардын камтылганында. Белгилүү болгондой, объект, мисал үчүн мектеп бүтүндөй бир имараттардын жана курулмалардын комплексинен, участкадан же жер участкаларынан турушу мүмкүн. Мында объекттин ар бир курамдык бөлүгү өз мүнөздөмөлөрүнө ээ болот, толук баалуу жана сапаттуу эсепке алуу үчүн аларды билүү зарыл.

Кандайдыр бир объектти көз жаздымында калтыруу менен, муниципалитет ар бир курулманын алдында жер бар экенин унуткан болорун эстен чыгарбоо маанилүү.

Ал эми жер – бул муниципалитеттин негизги ресурсу, аны иш билгилик менен башкарып жергиликтүү бюджетти толуктоо менен пайда көрө билүү керек.

Айыл өкмөтүндө муниципалдык менчикти эсепке алуунун бүгүнкү практикасы белгилүү кемчиликтерди айгинелеп көрсөттү:

- кээ бир объекттер боюнча айрым техникалык маалыматтардын жоктугу (жалпы аянты, жер участогунун аянты, имараттардын, курулмалардын техникалык көрсөткүчтөрү);
- болгон инвентардык маалыматтардын финансылык көрсөткүчтөр менен байланыштарынын жоктугу (кирешелер, эксплуатациялык сарптоолор, капиталдык оңдоо ж. б.);
- түзүлгөн келишимдердин эсебинин жоктугу (ижара, ыкчам башкаруу);
- курулбаган муниципалдык жерлердин эсебинин жана каттоосунун жоктугу – көпчүлүк айыл өкмөттөрүндө муниципалдык менчикте турган менчиктин тизмелеринин жана участоктордун карталарынын жоктугу;
- муниципалдык менчик боюнча жыйынды жана көрсөтмөлүү сандык картинанын жоктугу.

Мындан тышкары, Өкмөттүн 2001-жылдын 8-октябрындагы токтому менен муниципалдык менчик объекттери тууралуу маалыматтарды тутумдаштырууга багытталган «Муниципалдык мүлктү эсепке алуу жана муниципалдык менчик объекттеринин Ресстрин жүргүзүү тууралуу Типтүү жобо» бекитилген. Ушул документке ылайык, эсепке алуу реестринин объекттери болуп төмөнкүлөр саналат:

1) муниципалдык менчикте турган жерлер жана объекттер; муниципалдык ишканаларга чарба жүргүзүү укугунда же муниципалдык мекемелерге ыкчам башкаруу укугунда бекитилип берилген мүлктөр;

2) инженердик инфратүзүм объекттери;

3) кыймылдуу мүлктөр.

Муниципалдык менчик объекттерин эсепке алууну жүргүзүү үчүн аспап катары төмөнкүлөрдү өзүнө камтыган карточка тутуму пайдаланылат:

- муниципалдык менчик объекттеринин реестри;
- маалыматтык-маалымдама картотекасы.

## 131. МУНИЦИПАЛДЫК МЕНЧИК ОБЪЕКТТЕРИНИН РЕЕСТРИН КИМ ЖҮРГҮЗӨТ?



Мүлккө муницпалдык менчик объекттеринин реестрин түзүүнүн жана жүргүзүүнүн тартиби жергиликтүү кеңештер тарабынан бекитилет, реестр үчүн жоопкерчилик жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруу органдарына жүктөлөт.

Реестрде ар бир объект боюнча төмөнкү маалыматтарды камтыган каттоо жүргүзүлөт:

каттоонун катар номуру;

- объекттин коду;
- объекттин аталышы;
- дареги;
- объектти муниципалдык менчикке өткөрүп берүү күнү;
- объектти муниципалдык менчикке өткөрүп берүү үчүн негиз;

- объектти реестрге каттоо күнү;
- эскертүү.

Ар бир объекттин карточкасында объектти мүнөздөөчү маалыматтар болуусу тийиш: объекттин жана көмөкчү курулмалардын аталышы, пайдаланууга берилген жылы, объекттин жана көмөкчө курулмалардын аянттары, иш жүзүндөгү наркы, жылына жешилүүсү, теңдемдик наркы, рыноктук наркы, кубаттуулугу, пайдалануучусу, пайдалануу түрү, өткөрүп берилген күнү.

Реестрди жүргүзүү ага объекттерди жана алар жөнүндө малыматтарды киргизүүнү, маалыматтарды жаңылоону жана менчиктин формасы же эсепке алуу объектине башка буюмдук укуктар өзгөргөндө аларды алып салууну билдирет. Реестрге объекттерди эсепке алууда киргизүү (чыгарып салуу) үчүн мыйзамдар, Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн токтому, соттун чечими, алмашуу, белек кылуу, сатып алуу-сатуу келишимдери жана башка жарандык-укуктук бүтүмдөр негиз болуп саналат. Реестр ачык болуп саналат жана анда камтылган маалыматтар Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ченемдик-укуктук актыларына ылайык кандай болбосун кызыкдар болгон адамдарга таанышууга берилет.

Курулбаган жер участоктору үчүн каттоо маалыматы объекттерге караганда жөнөкөй болот, бирок бардык участокторду үзгүлтүксүз эсепке алуу зарыл, анткени жер участокторунун рыноктук нарктары муниципалдык менчиктин башка кандай болбосун объекттерине караганда жогору болот.

Муниципалдык менчик айылдык аймактын, шаардын бардык жашоочуларына таандык болот, демек ар ким өз менчиги жөнүндө бардык маалыматтарды билүүгө укуктуу. Анын үстүнө «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамда жергиликтүү жамаат үчүн муниципалдык менчик реестринин ачыктыгын жана тунуктугун камсыз кылуу жазылган («Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» Мыйзамдын 9-ст.).

# АЙЫЛ ЧАРБА ЖЕРЛЕРИНИН МАМЛЕКЕТТИК ФОНДУНУН (АЖМФ) ЖЕРЛЕРИ ЖӨНҮНДӨ

## 132. АЖМФ ЖЕРЛЕРИН ИЖАРАГА БЕРҮҮДӨ ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШТИН ДЕПУТАТТАРЫНЫН КАНДАЙ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ БАР?



Айылдык аймактын территориясында жеке жана юридикалык жактарга ижарага берилүүчү АЖМФ жер участокторунун ижара мөөнөттөрү жана көлөмдөрү айылдык кеңеш тарабынан мыйзамдарда белгиленген чектерде белгиленет.

Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фонду (мындан ары – АЖМФ) жерлердин төмөнкү категорияларынан турат: мамлекеттик менчик болуп саналган жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына башкарууга өткөрүп берилген сугат жерлеринен, кайрак аянттардар, көп жылдык чөптөрдөн жана бактардан. Ижара шарттарында жарандарга берүүнүн жана пайда алуунун тартиби Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык, түзүлгөн келишимдердин негизинде жана аларды мамлекеттик органдарда катоо менен жүзөгө ашырылат.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары АЖМФ жерлерин башкарууну Жер кодексине жана КР ЖК 2007-жылдын 29-июнундагы №1997-III токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу» Типтүү жобого ылайык жүзөгө ашырат.

АЖМФ жерлери жерлерди натыйжалуу пайдалануунун жана бардык агротехникалык талаптарды сактоонун милдеттүү шарттардында төмөнкүдөй берилет:

- кыска мөөнөттүү ижарага – 5 жылдан 7 жылга чейинки мөөнөткө,
- орто мөөнөттүү ижарага – 10 жылга чейин,
- узак мөөнөттүү ижарага – 50 жылга чейин.

Сугат жерлерине киргизилген жана Перспективалык планда калктуу конуштардын жерлерин кеңейтүү үчүн аныкталган АЖМФ жерлери ошондой эле 5 жылдан 7 жылга чейин кыска мөөнөттүү ижарага берилет.

АЖМФ жерлерин башкаруу Перспективалык пландын жардамы менен жүзөгө ашырылат, ал графикалык жана тексттик бөлүктөрдөн турат.

Перспективалык пландын тексттик бөлүгү АЖМФ жерлерин пайдалануунун Перспективалык планды түзгөн учурдагы абалы жөнүндө маалыматтарды камтыйт:

- АЖМФ жерлеринин жалпы саны тууралуу (жер участокторунун саны, алардын аянты, жерлерди түрлөрү);
- пайдалануудагы жер участоктору тууралуу (б. а. АЖМФ жерлерин ким пайдаланууда, алардын маалыматтары, жерлердин түрлөрү жана алардын жер участокторунун көлөмү, пайдалануу мөөнөттөрү, ижара акысынын көлөмү);
- пайдаланылбаган жер участоктору жөнүндө (жерлердин түрлөрү боюнча пайдаланылбоонун себептерин, мөөнөттөрүн көрсөтүү менен);

- калктуу конуштарды кеңейтүүгө сакталып коюлган жер участоктору жөнүндө.

АЖМФ жерлерин пайдалануу тууралуу маалыматтардын негизинде төмөнкү иш чаралар аткарылат:

- айыл чарба өндүрүүчүлөрүнүн керектөөлөрүн, торуктар аркылуу (аукцион же конкурс) жер участокторун алуу мүмкүнчүлүктөрүн аныктоо;
- жер пайдалануучулардын айрым категорияларынын: аз камсыз болгон үй-бүлөлөрдүн жана жарандардын, социалдык багытталуудагы субъектердин, мамлекеттик асыл тукум чарбалардын, үрөөнчүлүк чарбаларынын, тажырыйба-асылдандыруу жана эксперменталдык чарбалардын түздөн-түз берүү аркылуу АЖМФ жерлерин берүү үчүн керектөөлөрүн аныктоо;
- калктуу конушту перспективалуу өнүктүрүү үчүн АЖМФ жерлерин шарттуу аныктоо.

Анан, бул иш чараларды өткөргөндөн кийин, АЖМФ жерлери төмөнкүдөй жер-пландаштыруу чөлкөмдөрүнө бөлүштүрүлөт:

- аукцион аркылуу берилүүчү экономикалык жактан ыңгайлуу жерлердин чөлкөмү;
- конкурс аркылуу берилүүчү, инвестициялар талап кылынган жерлер чөлкөмү;
- жерлерди түздөн-түз берүү жолу менен берилүүчү, талап кылыныбаган жерлер чөлкөмү.

Жергиликтүү кеңеш экономикалык ыңгайлуу жерлердин чөлкөмүнөн түздөн-түз берүү жолу менен АЖМФ жерлерин ушул айылдык кеңештин аймагында жашаган социалдык багытталуудагы субъекттерге жана аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана жарандарга берүүгө укуктуу. Мында берилген жерлердин жалпы аянты АЖМФ жерлеринин бардык санынын 20 пайызынан ашпоосу тийиш. Социалдык багытталуудагы субъекттерге иши саламаттыкты сактоону, айыл калкынын жумуштуулугун камсыз кылууга, ошондой эле билим берүүгө, тарбиялоого (ооруканалар, үй-бүлөлүк врачтар тобу, мектептер, бала бакчалар ж.б.), социалдык тейлөөгө жарандардын коомдук керектөөлөрүн канааттандырууга багытталган жергиликтүү жана республикалык бюджеттерден каржыланган уюмдар кирет.

Перспективалык пландын графикалык бөлүгү жер-пландаштыруу чөлкөмдөрүн көрсөтүү менен картографиялык материалдар түрүндө түзүлөт.

АЖМФ жерлерин пайдалануунун Перспективалык планы райондук Мамкаттоо жана Айыл, суу чарба министрлигинин адистерин тартуу менен айыл өкмөтү тарабынан иштелип чыгылат, андан кийин жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилет.

Айылдык кеңеш кароосуна киргизилген Перспективалык план менен макул болбогон учурда, айылдык кеңеш аны кайра иштеп чыгууга жөнөтүүгө же ага өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду киргизүү менен бекитүүгө укуктуу.

Жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилгенден кийин АЖМФ жерлерин берүүнүн перспективалык планы Типтүү жобого ылайык жүзөгө ашырылат.

Мындан тышкары жергиликтүү кеңеш ар жыл сайын айыл өкмөт башчысынын перспективалык пландын аткарылышы, АЖМФ жерлерин ижарага берүүдөн түшкөн каражаттардын келип түшүшү жана пайдаланышы тууралуу отчётун угат.

## 133. АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫ АЖМФ ЖЕРЛЕРИН ЖЕКЕ ЖАНА ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА ӨЗ АЛДЫНЧА БЕРЕ АЛАБЫ?



Айыл өкмөтүнүн башчысы АЖМФ жерлерин жеке жана юридикалык жактарга жеке өз алдынча ижарага берүүгө укугу жок. Бул үчүн айыл өкмөтүнүн башчысы курамы жети кишиден кем болбогон Жер комиссиясын түзөт, анын курамына жергиликтүү кеңештин депутаттары – үч кишиден кем эмес, айыл өкмөтүнүн башчысы, айыл башчысы (айыл старостасы), коомчулуктун жана коомдук уюмдардын өкүлдөрү кирет.

Жер комиссиясынын төрагасы Жер комиссиясына кирген депутаттардын ичинен шайланат. Жер комиссиясынын катчылыгына айыл өкмөтүнүн катчысы дайындалат. Райондук агрардык өнүктүрүү башкармасынын өкүлү Жер комиссиясынын жыйналыштарына байкоочу катары катышууга укуктуу.

АЖМФ жерлери торуктар жана түздөн-түз берүү жолу менен ижарага берилет. Торуктар аукцион же конкурс формаларында өткөрүлөт.

Жер комиссиясынын курамы жана анын ишинин регламенти жергиликтүү кеңеш тарабынан сессияда бекитилет.

Жер комиссиясы:

- лотторду түзөт;
- ижарага акысынын башталгыч же бекитилген көлөмдөрүн белгилейт;
- аукциондун, конкурстун шарттарын аныктайт;
- кепилдик төлөмдөрдүн көлөмүн белгилейт;
- лоттордун чек араларын аныктайт;
- ар бир лот боюнча башталгыч ижара акысынын көлөмүн белгилейт;
- ар бир лот боюнча аукциондун «кадамынын» көлөмүн белгилейт;
- ижара акысын төлөөнүн формасын жана мөөнөттөрүн аныктайт;
- торуктардын натыйжаларынын протоколдоруна кол коёт;
- типтүү жободо белгиленген башка функцияларды жүзөгө ашырат.

Мында АЖМФ жерлерин берүү боюнча торуктарга төмөнкүлөр талапкер катары катыша алышпайт:

- Жер комиссиясынын мүчөлөрү;
- аукциончу.

## 134. АЖМФ КАНДАЙ ЖЕРЛЕРИ АКЦИОН АРКЫЛУУ БЕРИЛЕТ, АЛ КАНДАЙ ӨТКӨРҮЛӨТ?



Экономикалык жактан ыңгайлуу катары аныкталган АЖМФ жерлери Перспективалык планга ылайык жер-пландаштыруу чөлкөмдөрүнүн алкактарында, алардан жергиликтүү бюджет үчүн максималдуу пайда алуу максаттарында аукцион аркылуу ижарага берилет.

АЖМФ жерлерин ижарага берүү үчүн айыл өкмөтүнүн башчысы аукциончуну дайындайт.

Аукцион аукциончу тарабынан лоттун жана аукцион «кадамынын» негизги мүнөздөмөлөрүн, башталгыч ижара акысын жарыялоо менен башталат.

Аукциондун катышуучуларына номурланган билеттер берилет, алар кезектеги

баалар жарыялангандан кийин аны көтөрүшөт.

Ар бир кийинки баа учурдагы бааны аукциондун бир «кадамына» көбөйтүү менен дайындалат. Кезектеги баа жарыялангандан кийин аукциончу өз көз карашынан билетти биринчи болуп көтөргөн аукциондун катышуучусунун билетинин номурун атайт. Анан аукциончу аукциондун «кадамына» ылайык кийинки бааны жарыялайт.

Эгерде кезектеги бааны үч жолу жарыялаauthor ордон кийин катышуучулардын ичинен бири да жогорку бааны сунуш кылбаса, акыркы бааны сунуш кылган катышуучу жеңүүчү болуп жарыяланат.

Аукциондун жеңүүчүсү аукцион өткөрүлгөн күнү аукциондун натыйжалары жөнүндө протоколго кол коюусу тийиш. Протокол ошондой эле аукциончу жана Жер комиссиясынын мүчөлөрү тарабынан кол коюлат.

Протоколдо төмөнкү маалыматтар келтирилет: ижара акысынын баштапкы жана акыркы көлөмү, жер участогун ижаралоо келишимине кол коюу боюнча тараптардын милдеттенмеси, лоттун номуру, ижара мөөнөтү ж.б. Аукциондун натыйжалары жөнүндө протоколдун көчүрмөсү аукциондун жеңүүчүсүнө берилет.

Аукциондун жеңүүчүсү аукциондун натыйжалары жөнүндө протоколго кол коюудан баш тартканда Жер комиссиясы протоколго кол коюуну экинчи жеңүүчүгө сунуш кылат. Эгерде аукциондун экинчи жеңүүчүсү аукциондун натыйжалары жөнүндө протоколго кол койсо, ал аукциондун жеңүүчүсү деп таанылат.

Протоколдун негизинде аукциондун натыйжалары жөнүндө протоколго кол коюлган күндөн тартып он жумушчу күндүн ичинде айыл өкмөтү менен ижарачынын-аукциондун жеңүүчүсүнүн ортосунда жер участогун ижаралоо келишими түзүлөт.

Аукцион төмөнкү учурларда өткөрүлбөгөн болуп таанылат:

а) эгерде бир катышуучу катышса;

б) эгерде экинчи жеңүүчү аукциондун натыйжалары жөнүндө протоколго кол коюудан баш тарткан учурда;

в) эгерде аукциондун катышуучуларынын эч кимиси ижара акысынын баштапкы көлөмү үч ирээт жарыялангандан кийин билетин көтөрбөсө.

Аукцион болбой калды деп таанылган учурда, типтүү жобого ылайык белгилүү лот боюнча кайра аукцион дайындалат.

Кайра аукцион өткөрүлгөндө Жер комиссиясы баштапкы ижара акысынын көлөмүн төмөндөтө алат, бирок 15 пайыздан көп эмеске гана.

Эгерде кайра торуктар болбой калган деп таанылса, анда Типтүү жобого ылайык Жер комиссиясы жер участогун кайра торуктун жападан жалгыз катышуучусуна берүү жөнүндө чечим кабыл алууга укуктууу.

Аукционго катышууга талапкерлер жок болгон учурда, кайра аукционду болбой калды деп тааныганда Жер комиссиясы жер участогу конкурс аркылуу берүүгө укуктуу.

Аукцион өткөрүүнүн шарттары жана тартиби менен кыйла кенениреэк КР Жогорку Кеңешинин 2007-жылдын 29-июнундагы № 1997-III токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу» Типтүү жободон таанышууга болот.

# 135. КАНДАЙ АЖМФ ЖЕРЛЕРИ КОНКУРС АРКЫЛУУ БЕРИЛЕТ, АЛ КАНДАЙЧА ӨТКӨРҮЛӨТ?



Жакшыртуу үчүн инвестицияларды талап кылуучу жерлер катары аныкталган АЖМФ жерлери жер-пландоо чөлкөмдөрүнүн алкактарында, Перспективалык планга ылайык ижарага конкурс аркылуу берилет.

Конкурс ижарачы конкурстун шарттарында белгиленген белгилүү милдеттенмелерди өзүнө алган, АЖМФ жерлерин ижарага берүүнүн усулу болуп саналат.

АЖМФ жерлеринин ижарачысына коюлган талаптарга жараша Жер комиссиясы конкурсту төмөнкүдөй өткөрө алат:

- конкурстун шарттарынын бири катары ижара акысынын көлөмүн белгилөө жолу менен, анда баштапкы ижара акысы аныкталат. Ижара акысынын көлөмү жана формасы, ижара акысын төлөө мөөнөттөрү боюнча кыйла жакшы шарттарды сунуштаган катышуучу жеңүүчү деп табылат;
- конкурстун шарттарынын бири катары ижара акысынын көлөмүн белгилебөө жолу менен, анда ижара акысы шарттуу болот, жер участогун жакшыртуу үчүн кыйла жакшы инвестициялык милдеттенмелерди сунуштаган катышуучу жеңүүчү деп таанылат. Мында баштапкы ижара акысынын көлөмү тиешелүү жердин жер салыгынын көлөмүнөн төмөн болушу мүмкүн эмес.

Конкурс болбой калды дел төмөнкү учурларда таанылат, эгерде:

- бир катышуучу катышса;
- экинчи жеңүүчү Типтүү жобонун 48-пунктуна ылайык ижара келишимине кол коюудан баш тартса.

Белгилүү лот боюнча конкурс болбой калды деп таанылган учурда, ошол лот боюнча кайра конкурс дайындалат.

Кайра конкурсту өткөрүүдө Жер комиссиясы конкурстун шарттарын өзгөртүүгө укуктуу.

Эгерде кайра конкурс бир катышуучунун катышкан себеби боюнча болбой калды деп таанылса, жер участогу ага кайра конкурстун шарттарында берилет.

Эгерде кайра конкурс катышуучулардын болбогон себеби боюнча өтпөй калса, жер участогу түздөн-түз берүү жолу менен берилиши мүмкүн.

Конкурс өткөрүүнүн шарттары жана тартиби менен кыйла кененирээк КР Жогорку Кеңешинин 2007-жылдын 29-июнундагы № 1997-III токтому менен бекитилген «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу» Типтүү жободон таанышууга болот.



# 136. АЙЫЛДЫК КЕҢЕШТИН ЖЕР КОМИССИЯСЫ ӨТКӨРГӨН АЖМФНУН ЖЕРЛЕРИ БОЮНЧА АУКЦИОНДОРДО ЖАНА КОНКУРСТАРДА СООДАЛАР ӨТКӨРҮЛҮП ЖАТКАН АЙЫЛДЫК АЙМАКТЫН ЖАШООЧУЛАРЫ ГАНА КАТЫШУУСУ ЖӨНҮНДӨ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШ ЧЕЧИМ КАБЫЛ АЛАЛАБЫ?

Тилекке каршы, айылдык кеңеш мындай чечим кабыл алууга жана АЖМФ жерлерин ижарага берүүдөгү тooруктарга (аукциондорго, конкурстарга) айылдык аймактын территориясында жашабаган жарандардын катышуусун чектөөгө укуксуз.

Анткени, Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин жана КР ЖК 2007-жылдын 27-июнундагы №1997-III токтому менен бекитилген “Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү жобонун (мындан ары – Типтүү жобо) колдонуудагы жоболору АЖМФ жерлерин ижарага берүүдөгү тooруктарга (аукциондорго, конкурстарга) катышууларында Кыргыз Республикасынын жарандарына жашаган жерине жараша кандайдыр бир чектөөлөрдү карабайт.

Эгерде типтүү жобонун 25-31-пункттарына көңүл бура турган болсок, анда торуктарга катышуу үчүн жеке жана юридикалык жактар жашаган жерине көз карандысыз арыз беришет жана документтердин төмөнкү тизмегин гана көрсөтүшөт:

- инсандыгын ырастоочу документтин көчүрмөсүн же өкүлдүн ыйгарым укуктарын ырастоочу документти;
- кепилдик төгүмдөрдү төлөгөндүгү тууралуу квитанциянын көчүрмөсү;
- кепилдик катты же АЖМФ жерлерин ижарага алган учурда, КР мыйзамдарына ылайык жер салыгын төлөйтургандыгы тууралуу милдеттенмени.

Конкурска катышуу үчүн жеке жана юридикалык жактар жогоруда көрсөтүлгөн документтерден тышкары, колу коюлуп, конвертте чапталган конкурстун шарттары боюнча өздөрүнүн сунуштарын көрсөтүшөт.

Юридикалык жактар кошумча нотариалдык жактан күбөлөнгөн уюштуруу документтеринин көчүрмөлөрүн, ошондой эле юридикалык жактын кызыкчылыктарынын атынан чыккан адамдардын ыйгарым укуктарын бышыктоочу документтерди көрсөтүшөт.

Жеке жана юридикалык жактарга торуктарга катышууга жол берүүгө төмөнкү үч учурда гана баш тартылышы мүмкүн, эгерде:

- арыз торуктарды өткөрүү жөнүндө кабарламада көрсөтүлгөн арыздарды кабыл алуу мөөнөтү аяктаганда берилсе;
- арыз, арыз берүүчүнүн атынан аракеттенүүгө ыйгарым укук берилбеген жак тарабынан берилгенде;
- торуктарды өткөрүү жөнүндө кабарламада жарыяланган тизмек боюнча зарыл болгон бардык документтер берилбегенде, же болбосо берилген документтер талаптагыдай жол-жоболонбогондо.

Баяндалгандын негизинде, мыйзамдар жеке жана юридикалык жактар АЖМФ жерлери боюнча торуктарга катышуу үчүн алардын жашаган жерин ырастоочу документти (же маалымкатты) талап кылбайт. Демек, КР жарандарынын жашаган жерлери алар үчүн тooруктарга катышуу үчүн арызды жана документтерди берүү үчүн

чектөө болуп саналбайт, тек кана АЖМФ жерлери чет өлкөлүк жактарга берилбейт.

Ошону менен бирге, Жер Кодекси ага ошондой эле АЖМФ жерлери да кирген (Жер Кодексинин 30-ст. 2-б.), айыл чарба багытындагы жерлерди менчикке же пайдаланууга берүүдө тиешелүү айылдык аймактын территориясында жашаган Кыргыз Республикасынын жарандарына артыкчылыктуу укук берет.

Жергиликтүү жашоочулардын ушул артыкчылыктуу укугу Типтүү жобонун 14-пунктунда чагылдырылган, анда жергиликтүү кеңеш ошол айыл өкмөттүн аймагындагы социалдык багыттагы субъекттерге жана жакыр үй-бүлөлөргө жана жарандарга Перспективалык пландын жер-пландоо аймактарына ылайык экономикалык жактан кызыктырган жерлердин аймагынан түздөн-түз берүү аркылуу АЖМФ жер участокторун бергенге укуктуу. Мында бериле турган жерлердин жалпы аянты АЖМФ жерлеринин бардык жеринин 20 процентинен ашпашы керек.

Ошентип, мындан тиешелүү айылдык аймактын территориясында жашаган Кыргыз Республикасынын жарандары башка жарандарга караганда аукциондорго жана конкурстарга катышпастан  берилип жаткан АЖМФ жерлеринин жалпы аянтынын уруксат берилген бөлүктөрүнөн экономикалык жактан ыңгайлуу жерлерди түздөн-түз берүү жолу менен ижарага алуу артыкчылыкукуктарына ээ экендигин жыйынтык чыгарса болот.

## 137. АЖМФ ЖЕРЛЕРИ ТООРУКТАРДЫ ӨТКӨРБӨСТӨН ТҮЗДӨН-ТҮЗ БЕРҮҮ ЖОЛУ МЕНЕН КАНДАЙ УЧУРЛАРДА ЖАНА КИМГЕ БЕРИЛИШИ МҮМКҮН?



“Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу” Типтүү жобого ылайык АЖМФ жерлери тооруктардан тышкары тикелей сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү аркылуу төмөнкү субъектерге берилиши мүмкүн:

- ошол айылдык аймактын территориясында жашаган аз камсыз болгон үй-бүлөлөргө жана жарандарга;
- талап кылынбаган АЖМФ жерлерин, ошондой эле жакшыртуу үчүн инвестицияларды талап кылган жерлер катары аныкталган, бирок конкурстун натыйжалары боюнча эч ким тарабынан алынбаган АЖМФ жерлерин ижарага алууну каалаган жактарга;
- мамлекеттик асыл тукум чарбаларына, үрөөнчүлүк чарбаларына тажрыйбалык-асылдандыруу жана эксперименталдык чарбаларга КР мыйзамдарында каралган көлөмдөрдө;
- социалдык багытталуудагы субъекттерге.

Талап кылынбаган АЖМФ жерлерин ижарага берүү тийиштүү жер-пландаштыруу чөлкөмдөрүнөн, ошондой эле жакшыртуу үчүн инвестицияларды талап кылган жерлер катары аныкталган, бирок конкурстун натыйжалары боюнча эч ким тарабынан алынбаган жерлерден Перспективалык планга ылайык жүзөгө ашырылат.

Ушул жер участокторун алууга талаптанган жактар айыл өкмөтүнө арыз беришет. Андан кийин Жер комиссиясы арыздарды карайт жана ушул жерлерди тооруктардан тышкары, түздөн-түз берүү жолу менен ижарага берүү шарттары боюнча сүй-

лөшүүлөрдү жүргүзөт, андан тышкары айылдык кеңеш ижара акысын төлөө боюнча жеңилдиктерди белгилей алат.



## 138. АЖМФ ЖЕРЛЕРИН ПАЙДАЛАНГАНДЫГЫ ҮЧҮН ИЖАРА АКЫЛАРЫНАН ТАБЫЛГАН АКЧАЛАЙ КАРАЖАТТАР КАЙДА КЕЛИП ТҮШӨТ?

АЖМФ жерлерин тооруктарда жана түздөн-түз берүү жолу менен ижарага берүүдөн табылган акчалай каражаттар, ошондой эле кепилденген төгүмдөрдүн кайтарылбаган суммалары тийиштүү жергиликтүү бюджетке келип түшөт.

АЖМФ жерлерин пайдалангандыгы үчүн ижара акыларынын суммасынан АЖМФ жерлерин жакшыртуу боюнча иш чараларды өткөрүү үчүн багытталган акчалай каражаттардын көлөмү жергиликтүү кеңештер тарабынан аныкталат.



## 139. АЖМФ ЖЕРЛЕРИН МАКСАТТУУ ПАЙДАЛАНУУНУ КӨЗӨМӨЛДӨӨНҮ КИМ ЖҮЗӨГӨ АШЫРАТ?

АЖМФ жерлерин максаттуу жана натыйжалуу пайдаланууну көзөмөлдөөнү Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги жүзөгө ашырат, ал бул жерлерди башкарууга усулдук жардам көрсөтүүнү, алып айтканда, Перспективалык план түзүүдө, көрсөтүлгөн жерлерди башкаруу боюнча тооруктарды жана башка иш чараларды өткөрүүдө усулдук жардам берүүнү жүзөгө ашырат.

Айыл өкмөтү ар бир квартал сайын милдеттүү түрдө Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин райондук башкармалыгына АЖМФ жерлерин пайдалануу тууралуу отчёт берет. Отчёттуулуктун формасы Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлиги тарабынан иштелип чыгат жана бекитилет.

Ошондой эле Типтүү жобого ылайык жергиликтүү кеңеш ар жыл сайын айыл өкмөтүнүн башчысынын Перспективалык планды пайдалануу, АЖМФ жерлеринин ижарасы үчүн каражаттардын келип түшүшү жана пайдаланылышы тууралуу отчётун угат.

Жеке жана юридикалык жактардын тооруктарды өткөрүү, түздөн-түз сүйлөшүүлөрдү жүргүзүү аркылуу жерлерди берүү боюнча даттанууларын Кыргыз Республикасынын Айыл, суу чарба жана кайра иштетүү өнөр жай министрлигинин райондук башкармалыгы тарабынан каралат, ал айылдык аймактын Жер комиссиясынан даттанууларды кароо жана анын компетенциясынын чектеринде же КР мыйзамдарында белгиленген сот тартибинде чечимдерди кабыл алуу үчүн бардык зарыл болгон документтерди суратып алууга укуктуу.

## 140. ЖЕР КОМИССИЯСЫНЫН САЛЫКТАР БОЮНЧА КАРЫЗДАРЫ БАР ЖЕКЕ ЖАНА ЮРИДИКАЛЫК ЖАКТАРГА ТООРУКТАРГА (АУКЦИОНДОРГО, КОНКУРСТАРГА) КАТЫШУУСУНА БӨГӨТ КОЮУГА УКУГУ БАРБЫ?



Жер комиссиясы салыктар боюнча карыздары бар жеке жана юридикалык жактарга аукциондорго, конкурстарга катышууларына карата бөгөт коюуга укугу жок, анткени чектөөнүн бул түрү КР ЖК 2007-жылдын 27-июнундагы №1997-III токтому менен бекитилген "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" Типтүү жободо каралган эмес.

Типтүү жобонун 31-пунктуна ылайык Жер комиссиясы төмөнкү учурларда гана арыздарды кабыл алуудан баш тартууга укуктуу, эгерде:

- арыз тоорук өткөрүү жөнүндө билдирүүдө көрсөтүлгөн арыздарды кабыл алуу мөөнөтү өтүп кеткенде берилгенде;
- арыз ээсинин (талапкердин) атынан кайрылууга ыйгарым укугу жок адам тарабынан арыз берилгенде;
- тоорук өткөрүү жөнүндө билдирүүдө жарыяланган тизме боюнча зарыл болгон документтердин бардыгы берилбесе (28-пункт боюнча) же болбосо берилген документтер тиешелүү түрдө таризделбесе.

Типтүү жобонун 28-пунктуна ылайык жеке жана юридикалык жактар тооруктарга катышуу үчүн төмөнкү документтерди беришет:

- аукционго, конкурска катышууга арыз;
- инсандын ким экендигин күбөлөндүрүүчү документтин көчүрмөсү же өкүлдүн ыйгарым укуктарын күбөлөндүрүүчү документ;
- кепилдик төлөмдү төлөгөндүгү жөнүндө квитанциянын көчүрмөсү.
- АЖМФ жерлерин ижарага алган учурда жер салынган төлөө тууралуу кепилдик кат же милдеттенме.

Жер комиссиясынын катчысы берилген арыздарды кабыл алат жана атайын журналда каттайт, арыз берүүчүгө каттоо күнүн жана номурун көрсөтүү менен документтердин кабыл алынгандыгы жөнүндө кабарлама берет.

## 141. АЙЫЛ ӨКМӨТҮНҮН БАШЧЫСЫ ЖЕР КОМИССИЯСЫНЫН МҮЧӨСҮ БОЛУУ МЕНЕН БИР ЭЛЕ УБАКТА АУКЦИОНЧУ БОЛО АЛАБЫ ЖАНА АУКЦИОН ӨТКӨРӨ АЛАБЫ?



Айыл өкмөтүнүн башчысы КР ЖК 2007-жылдын 27-июнундагы №1997-III токтому менен бекитилген "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" Типтүү жобонун 43-пунктуна ылайык аукциончуну дайындайт.

Документтин мазмунунан көрүнүп тургандай айыл өкмөтүнүн башчысы аукционду өткөрүү үчүн башка адамды аукциончу дайындайт, анткени айыл өкмөтүнүн өзү Жер комиссиясынын мүчөсү болуп саналат, демек жалпы аукционду уюштуруу жана өткөрүү менен байланышкан бир катар милдеттенмелерге ээ болот.

Айыл өкмөтүнүн башчысы бир эле убакта эки милдетти айкалыштырууга укуксуз, бул кызыкчылыктардын карама-каршылыгын жаратат же тооруктардын катышуучулары тарабынан аукциончуга (айыл өкмөтүнүн башчысына) ишенбөөчүлүктү пайда кылат.



## 142. ЖЕР КОМИССИЯСЫ ТООРУКТАРДЫН КАТЫШУУЧУЛАРЫ БОЛУП САНАЛБАГАН АДАМДАР ҮЧҮН АУКЦИОНГО КИРҮҮ АКЫСЫН БЕЛГИЛЕЙ АЛАБЫ?

Жок, бирок мындай мүмкүнчүлүк мурда бар болчу (“Айыл чарба жерлерин карай бөлүштүрүү фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби тууралуу” мурунку Типтүү жободо, ал КР Жогорку Кеңешинин 2007-жылдын 29-июнундагы № 1997-III токтому менен бекитилген жаңы Типтүү жобонун кабыл алынышы менен өз колдонулуусун токтоткон).

Анткени КР Конституциясынын 33-беренесине ылайык ар бир жаран мамлекеттик бийлик органдарынын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын иштери тууралу маалыматтарды алууга укуктуу. Ар кимге мамлекеттик органдардын, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана алардын кызмат адамдарынын карамагында болгон маалыматтарды алууга кепилдик берилет.

Мыйзамдар жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары, алардын түзүмдүк бөлүмдөрү жана комиссиялары тарабынан өткөрүлгөн ачык жыйналыштарга жана иш чараларга түздөн-түз катышуу жолу менен, ачык (жашыруун сырдуу эмес) жыйналыштарга же иш чараларга катышып  маалымат алууну каалаган адамдардын маалыматка жетүүсү үчүн акы белгилөөнү камтыган чектөөлөрдү карабайт.

Ошондуктан Жер комиссиясынын тооруктардын катышуучулары болуп саналбаган адамдар үчүн аукционго, конкурска кирүү акысын белгилөөсү Конституциянын жана мыйзамдын ченемдерине карама каршы келет, анткени жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары ал маалыматтарды пайдалануучулардын кандайдыр бир өзгөчө категорияларын бөлбөстөн, бардык жарандар жана уюмдар үчүн маалыматтын толук ачыктыгын камсыз кылуулары тийиш.

# ЖАЙЫТТАР ЖӨНҮНДӨ

## 143. КАНДАЙ ЖЕРЛЕР ЖАЙЫТТАРГА КИРЕТ, АЛАР ЭМНЕГЕ АРНАЛГАН?



Жайыт – бул чөп баскан, чабынды тоют түрүндө, мал жайып оттотулуучу, жана аңчылык, аарычылык, дары чөптөрдү, мөмөлөрдү жана жемиштерди жыйноо, чөп жана отун даярдоо, туризм жана жарандардын эс алуусу сыяктуу максаттарда пайдаланылуучу айыл чарба жерлеринин бир түрү (“Жайыттар жөнүндө” Мыйзамдын 2-бер.).

Айылдык калктуу конуштардын жайыттары, интенсивдүү пайдалануу чөлкөмдөрүндөгү жайыттар, ошондой эле алыскы жайыттар мамлекеттик менчикте турат жана жеке менчикке же ижарага берилиши мүмкүн эмес (Жер кодекси 4-ст.).

Маданий жайыттар, чөп чабыктар жана түп тамырынан жакшыртылган жайыттар өзгөчө баалуу айыл чарба жерлерине кирет, аларга гидротехникалык курулуштардан башка имараттарды менен курулуштарды курууга жол берилбейт (Жер кодекси 74-ст.).

Өзгөчө баалуу айыл чарба жерлерин (айдоо аянттарын, көп жылдык чөптөрдү, кысыр аңыздарды, маданий жайыттарды, чөп чабыктарды жана түп тамырынан жакшыртылган жайыттарды) башка азыраак баалуу жерлердин же жерлердин башка категориясына которуу КР Өкмөтүнүн өзгөчө компетенциясына кирет.

Ошондой эле малдын менчик ээлери чоң жол менен малдарын айдап өтүүдө, жер участокторунун менчик ээлерине жана жерди пайдалануучуларга зыян келтирсе, алардын алдында жоопкерчиликтүүлүгүн эсте тутуусу керек (Жер кодекси 75-ст.).

## 144. АЙЫЛДЫК АЙМАКТА ЖАЙЫТТАРДЫН ТАЛАШ-ТАРТЫШ УЧАСТОКТОР БАР. МЫНДАЙ МАСЕЛЕНИ КАНТИП ЧЕЧҮҮ КЕРЕК?



“Жайыттар жөнүндө” Мыйзамга ылайык жайыттардын чектери учурдагы айылдык аймактардын чектерин эске алуу менен, мурдагы советтик жана коллективдик чарбалардын чектери боюнча бөлүштүрүүнүн негизинде белгилениши керек (“Жайыттар жөнүндө” Мыйзамдын 3-бер.).

Эгерде чек араларды белгилөө процессинде талаш-тартыш жаралган учурда, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилүүчү жайыт участокторунун чек аралары төмөнкүдөй белгиленет:

- мамлекеттик акты боюнча колхоздорго жана совхоздорго берилген жерлердин чек араларында;
- чарбакер субъекттердин чек араларын белгилөө боюнча материалдарга ылайык, узак мөөнөттүү пайдалануу негизинде колхоздор жана совхоздор пайдаланып келишкен мамлекеттик жер запасынын курамына кирген жерлердин чек араларында.

Жайыттардын чек аралары жергиликтүү мамлекеттик администрация түзгөн

жергиликтүү комиссия тарабынан белгиленет. Комиссиянын курамына айылдык аймакка чектеш ар бир айыл өкмөтүнүн башчылары, жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аймагына чектеш жайыт пайдалануучулардын өкүлдөрү, областтын мамлекеттик администрациясынын жана кыймылсыз мүлккө укукту каттоо чөйрөсүндөгү ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдын жер курулушу боюнча адистери кирет.

Өкмөт тарабынан ошондой эле жергиликтүү комиссия, же болбосо областтык жумушчу топторунун комиссиялары чечпеген талаш-тартыштарды чечүүгө ыйгарым укуктуу Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча мамлекеттик комиссия түзүлүшү мүмкүн, ал жайыттардын чек араларына карата Өкмөткө акыркы сунуштамаларды даярдоону камсыз кылат. Мамлекеттик комиссия ар бир облустта жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы жайыттардын чек араларына тийиштүү талаш-тартыштарды жөндөөгө, жергиликтүү комиссиялар тарабынан аныкталган жайыттардын чек араларын Мамлекеттик комиссияга көрсөтүүгө жана бекитүүгө ыйгарым укуктуу жумушчу топторду түзүүгө укуктуу.

Жайыттардын чек араларын бекитүү жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча Мамлекеттик комиссиянын сунуштамаларынын негизинде Өкмөт тарабынан жүзөгө ашырылат.

Жайыттардын чек араларында талаш-тартыштуу участкалар болгон учурда, мындай маселени туура чечүү үчүн айыл өкмөтү жергиликтүү мамлекеттик администрация тарабынан түзүлгөн жергиликтүү комиссияга, ал эми ушул маселе жергиликтүү комиссия тарабынан чечилбеген учурда областтык жумушчу топко же болбосо жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча Мамлекеттик комиссияга кайрылуусу зарыл.

Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча жергиликтүү (райондук) комиссиялар айылдык аймактын жайыттарынын чек араларын аныктоого байланышкан талаш-тартыштарды кароого ыйгарым укуктуу экенин эсте сактоо керек.

Жайыттардын чек аралары белгилөө боюнча маселелерди чечүү үчүн түзүлгөн областтык жумушчу топ жергиликтүү (райондук) комиссиялар чечпеген жайыттардын чек араларына тийиштүү жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ортосундагы талаш-тартыштарды кароого ыйгарым укуктуу.

Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча Мамлекеттик комиссиянын компетенциясына жергиликтүү мамлекеттик администрациялар тарабынан түзүлгөн жергиликтүү комиссиялар, же болбосо областтык жумушчу топтор чечпеген талаш-тартыштарды чечүү кирет.

Кошумча:

- “Жайыттар жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамы;
- Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча областтык жумушчу топтор же болбосо жергиликтүү комиссиялар (райондук) тууралуу жобо (КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы № 386 токтому менен бекитилген);
- Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча Мамлекеттик комиссия жөнүндө жобо (КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы № 386 токтому менен бекитилген).

## 145. ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ МАСЕЛЕЛЕРИ БОЮНЧА ДЕПУТАТТАРДЫН КАНДАЙ ЫЙГАРЫМ УКУКТАРЫ БАР?



Тескөө укугунан тышкары, жайыттарды башкаруу үчүн жоопкерчилик жана көзөмөлдөө жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарына берилет. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жайыт жерлерин сатууга, категориясын өзгөртүүгө, менчикке берүүгө укуксуз.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жана жайыт пайдалануучулар жайыт жерлерин малды откоруп жаюу жана "Жайыттар жөнүндө" Мыйзамда каралган башка максаттарда, мисалы аңчылык, аарычылык, дары чөптөрдү, мөмөлөрдү жана жемиштерди жыйноо, чөп жана отун даярдоо, туризм жана жарандарды эс алуусу үчүн пайдалана алышат.

"Жайыттар жөнүндө" Мыйзамдын ченемдерин иш жүзүндө пайдалануунун маанилүү өзгөчөлүктөрү бар. Мисалы, жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча ыйгарым укуктарды жайыт пайдалануучулардын бирикмесине өткөрүп берүүгө укуктуу. Ошону менен бирге, жайыттарды башкаруу боюнча негизги ыйгарым укуктар, алып айтканда, жайыт билеттерин берүү – бул жайыт комитетинин – жайыттарды пайдалануучулар бирикмесинин аткаруучу органынын гана өзгөчө ыйгарым укугу. Ошондуктан айылдык аймактын территориясында жайыт пайдалануучулардын бирикмелери милдеттүү түрдө түзүлүүсү керек.

Жергиликтүү кеңеш ар жыл сайын төмөнкүлөрдү бекитет:

- жайыттарды пайдалануу боюнча жамаатын планын, алардын аткарылышы жөнүндө отчетторду;
- ар бир жайыттык тутум үчүн жана жайыттарды пайдалануунун ар бир түрү үчүн жайыт жерлерин пайдалануу укугу үчүн төлөмдөрдүн көлөмүн кошо алганда, жайыттарды пайдалануу планын.

Жайыт-комитетинин курамына жайыт пайдалануучулардын бирикмесинин Уставында аныкталган сандагы жергиликтүү кеңештин депутаттары милдеттүү түрдө кирүүлөрү керек экенин белгилей кетүү маанилүү.

Мында жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана жайыт пайдалануучулар бирикмесинин жайыттарды пайдалануу боюнча ишине, Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында каралган учурларды кошпогондо, мамлекеттик органдардын жана жергиликтүү мамлекеттик администрациялардын кийлигишүүсүнө жол берилбейт ("Жайыттар жөнүндө" Мыйзамдын 4-бер.).

## 146. ЖАЙЫТ ПАЙДАЛАНУУЧУЛАР БИРИКМЕСИНЕ ЖАНА ЖАЙЫТ-КОМИТЕТТЕРИНИН КУРАМЫНА КИМ КИРЕТ?



Жергиликтүү калк, мал ээлеринин жана жайытты башка максаттарда (аңчылык, аарычылык, дары чөптөрдү, мөмөлөрдү жана жемиштерди жыйноо, чөп жана отун даярдоо, туризм жана жарандарды эс алуусу үчүн) пайдалануучу адамдардын жайыттарды пайдалануу жана жакшыртуу үчүн кызыкчылыктарын жактоочу жайыт пайдалануучулар бирикмесин түзөт.

Жайыт пайдалануучулар бирикмеси аймактык коомдук өз алдынча башкаруу органы катары түзүлүшү мүмкүн жана юстиция органдарында юридикалык жак ката-

ры милдеттүү каттоодон өтүүгө жатат.

Жайыт пайдалануучулар бирикмелеринин мүчөлөрү бирикмеден “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамдын жоболорунун аткарылышын жана ошондой эле аларга бирикменен иши жөнүндө кандай болбосун маалыматты берүүнү талап кылууга укуктуу.

Жайыт пайдалануучулар бирикменин алдында жайыттарды пайдалануу пландарынын аткарылышы үчүн жооп берет (“Жайыттар жөнүндө” Мыйзамдын 5-бер.).

Жайыт-комитети жайыт пайдалануучулар бирикмесинин аткаруу органы болуп саналат, ал жайыт пайдалануучулардын өкүлдөрүнөн, жергиликтүү кеңештин депутаттарынан, айыл өкмөт башчысынан турат.

Жайыт-комитети жайыт пайдалануучулар бирикмесинин учурдагы иштерине жетекчиликти жүзөгө ашырат. Жайыт комитетинин мүчөлөрү бирикменин жалпы чогулушунда жайыт пайдалануучулардын өкүлдөрүнүн ичинен 3 жылга шайланат. Айыл өкмөтүнүн башчысы Жайыт комитетинин кеңешинин төрагасы болуп саналат. Мында Жайыт комитетинин мүчөлөрүнүн саны так эмес болушу керек.

Жайыт комитетинин ыйгарым укуктарына төмөнкүлөр кирет:

- жайыттарды пайдалануу боюнча жамааттын планын иштеп чыгуу;
- жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планын иштеп чыгуу;
- жайыттарды пайдалануу боюнча жамааттын планынын жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планынын жоболорун ишке ашыруу;
- жайыттардын абалына мониторинг жүргүзүү;
- жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планына ылайык жайыт белеттерин берүү, ошондой эле жайыттарды башка максаттарда пайдалануу жөнүндө келишимдерди түзүү;
- жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө жана жыйноо, аларды жергиликтүү кеңеште милдеттүү бекитүү;
- өзүнүн ыйгарым укуктарынын алкагында жайыттарды пайдаланууга тийиштүү талаш-тартыштарды чечүү;
- жайыттарды жана башка ресурстарды пайдалануу үчүн акы төлөөдөн түшкөн, жайыт инфратүзүмүнө инвестиция катары жөнөтүлгөн, аларды күтүүгө, башкарууга жана жакшыртууга жиберилген кирешелерди башкаруу;
- бирикменин жалпы чогулушунун компетенциясына гана таандык маселелерди кошпогондо, бирикменин учурдагы ишин жетектөөнүн башка маселелери.

Жайыттарды пайдалануу боюнча пландарды иштеп чыгууда жана ишке ашырууда жайыт комитети квалификациялуу адистерди, ошондой эле тийиштүү мекемелерди жана уюмдарды тартууга укуктуу.

Жайыт комитети өз ишинин бардык маселелери боюнча жайыт пайдалануучулардын жалпы чогулушуна отчет берет. Бирикмеге кирген жайыт пайдалануучулардын чейрегинин талаптары боюнча, жайыт комитетинин компетенциясына тийиштүү болгон кандай маселе болбосун жайыт пайдалануучулардын жалпы чогулушунун кароосуна киргизилиш мүмкүн (“Жайыттар жөнүндө” Мыйзамдын 6-бер.).

## 147. ЖАЙЫТТАРДЫ ПАЙДАЛАНГАНДЫГЫ ҮЧҮН АКЫНЫ КИМ БЕЛГИЛЕЙТ?



Жайыт комитети жайыт пайдалануучуларга алар жайыт жерлерин пайдаланган-дыгы үчүн тийиштүү акынын төлөгөндөн кийин жайыт билеттерин берет.

Жайыттарды пайдалангандыгы үчүн акынын көлөмү жайыт аянтынын бирдиги-не оптималдуу жүктү, алардын инфратүзүмдөрүнүн абалын, ошондой эле алардын азыктуулугун, алыстыгын жана башка факторлорду эске алуу менен жыл сайын бел-гиленет, жайыттарды пайдалануу боюнча ар жылдык планга киргизилет жана жерги-ликтүү кеңеш тарабынан бекитилет.

Жайыт жерлерин пайдалануу укугу үчүн акынын көлөмү ар бир жайыт тутуму жана жайыт пайдалануунун ар бир түрү үчүн, жыл сайын, жер салыгынын базалык коюмунан төмөн эмес деңгээлде белгиленет.

Мал башы үчүн акынын көлөмүн аныктоо КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнун-дагы № 386 токтому менен бекителген "Жайыттарды пайдалангандыгы үчүн төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Типтүү жободо белгиленген бир нече баскычтардан турат, анда ошондой эле мал башына төлөнүүчү акынын көлөмүн аныктоо боюнча мисалдар каралган.

Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин бюджетинин өзгөчөлүгү аны түзүүнүн тартиби болуп саналат. Адегенде жайыттарды пайдалануу боюнча планды жана жай-ыт комитетинин операциялык чыгымдарын ишке ашыруу үчүн зарыл болгон сарпто-олордун көлөмү эсептелип чыгат. Керектөөгө жараша мал башы үчүн төлөнүүчү акы-нын көлөмү  эсептелет. Жайыттарды пайдалангандыгы үчүн акы ар жыл сайын жайыт комитети тарабынан аныкталат, жергиликтүү кеңеште бекитилет жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планында көрсөтүлөт.

Жайыт пайдалануучулардан салык алуу Кыргыз Республикасынын Салык кодек-сине ("Жайыттар жөнүндө" Мыйзамдын 9, 10, 11-бер., КР Өкмөтүнүн 2009-жылдын 19-июнундагы № 386 токтому менен бекителген "Жайыттарды пайдалангандыгы үчүн төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө" Типтүү жобо) ылайык жүзөгө ашырылат.

## 148. ЖАЙЫТ ЖЕРЛЕРИН ПАЙДАЛАНУУДАН ТҮШКӨН КАРАЖАТТАР КАЙДА БАГЫТТАЛАТ?



Жайыт жерлерин пайдалануудан келип түшкөн каражаттар төмөнкүдөй сарпта-лат:

- жайыт комитетинин үлүшүн түзгөн, жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн төлөмдөрдүн бөлүгү аны күтүүгө, жайыттарды жана жайыт инфратүзүмдөрүн жакшыртууга жана өнүктүрүүгө;
- жергиликтүү өз алдынча башкаруунун үлүшүн түзгөн жайыт жерлерин пайдалангандыгы үчүн төлөмдөрдүн бөлүгү жергиликтүү бюджетке жиберилет.

Төлөмдү жыйноону жайыт комитети жүзөгө ашырат. Жайыт билети үчүн төлөмдөрдү бөлүп төгүүгө  жол берилет, бирок үстүдөгү жылдын 1-октябрынан ке-чиктирбестен.



# 149. ЖАЙЫТТАРДЫ БАШКАРУУ ЖАНА ПАЙДАЛАНУУ БОЮНЧА ЖАМААТТЫН ПЛАНЫНЫН ЖАНА ЖАЙЫТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУНУН ЖЫЛДЫК ПЛАНЫНЫН ОРТОСУНДАГЫ АЙЫРМАЧЫЛЫК ЭМНЕДЕ?

Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планында жайыттарды туруктуу пайдаланууну үчүн бардык негизги маалыматтар, ошондой эле жайыт пайдалануучулар үчүн жайыттарды пайдалануу жана малды откоруп жайуу маалыматтар камтылган. Жалпы жетекчилик мүнөздө жана стратегиялык планда болот.

Жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планында жайыт пайдалануучуларга жана алардын малына тийиштүү бир кыйла конкреттүү маалыматтар, ошондой эле үстүдөгү жылга уюштуруучулук иш чаралары камтылат. Оперативдүү жылдык план мүнөзүндө болот.

Жамааттын жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планы жайыт комитети тарабынан түзүлөт, документ жамааттын планын иштеп чыгуу жана бекитүү убагында ошол органдардан келип түшкөн маалыматтарга ылайык, айлана чөйрөнү коргоо жаатындагы ыйгарым укуктуу мамлекеттик органдардын планын эсепке алууга милдеттүү.

Жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча жамааттын планы төмөнкү компоненттерден турат:

- жайыттардын чек аралары белгиленген карталар,
- пайдалануудан чыгарылган аянттар,
- кайтаруудагы аймактар,
- мал айдоочу тилкелер,
- жайыт инфратүзүмүнүн башка маанилүү объекттери,
- жайыттардын абалы, бардык жайыт участокторунун сапаты,
- оптималдуу жүк,
- жайыт инфратүзүм объекттерин өнүктүрүү жана кайра куруу боюнча план,
- жайыттарды башкаруу жана пайдалануу, аларды жакшыртуу жана беш жылдык мөөнөткө чейин реабилитациялоо боюнча орто мөөнөттүү план,
- жайыттарды башкаруунун жана пайдалануунун жылда жаңылануучу планы,
- жайыттарды башка максаттарда башкаруу жана пайдалануу планы ("Жайыттар жөнүндө" Мыйзамдын 7-бер.).

Жамааттын жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планынан тышкары жайыт комитети жыл сайын жайыттарды пайдалануу планын иштеп чыгат, ал жамааттын жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планына тиркелет жана анын ажырагыс бөлүгү болуп саналат.

Жайыттарды пайдалануунун жылдык планы төмөнкүлөрдү камтышы керек:

- пландаштырылган жылга жайыт белеттери бар жайыт пайдалануучулардын тизмесин;
- пландаштырылган жылга жайыт белети берилген малдын тизмеси жана алардын ээлеринин-малчыларынын тизмесин;
- жаныбарлардын ылаңдуу, ылаңдуу эместигине (эмдөө, дары сууга чөмүлтүү ж.б.) карата чаралардын тизмегин, аларды жайыт пайдалануунун шарттары катары

жайыт пайдалануучулар сактоого тийиш;

- мал жаюунун мезгилдүү маршруттарын, жайыт жүгүртүүнү, малдын кыймылын, мал айдап өтмө жолдорду жана пайдаланылуучу кашааларды белгилөөчү картаны жана календардык графикти;
- ишмердиктин аларга уруксат берилген түрлөрүн, ошондой эле аларга аталган иш-чараларды жүргүзүүгө уруксат берилген жерлерди көрсөтүү менен жайытка чыгаруу максатынан тышкары пайдаланылуучу адамдардын тизмесин;
- жайыт пайдалануунун бардык түрлөрү боюнча акы төлөө графигин.

Жамааттын жайыттарды башкаруу жана пайдалануу боюнча планы жана жайыттарды пайдалануунун ар жылдык планы аны жайыт комитети даярдагандан кийин жергиликтүү кеңеш тарабынан бекитилүүгө жатат жана бардык жайыт пайдалануучулар үчүн аткарууга милдеттүү (“Жайыттар жөнүндө” Мыйзамдын 8-бер.).

## 150. ЖАЙЫТТАРДЫ ПАЙДАЛАНУУ УКУГУН МАМКАТТООДО КАТТООНУН ЗАРЫЛДЫГЫ БАРБЫ?



Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жайыттарды пайдалануу укугу аларга берилген башкаруу жана пайдалануу чектеринде милдеттүү түрдө мамлекеттик каттоодон өткөрүлүүгө тийиш.

Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары тарабынан айылдык аймактын чек араларында өздөрүнө башкарууга берилген жайыттарды пайдалануу укугун мамлекеттик каттоону жүзөгө ашырууда мамлекеттик каттоо органы кошумча изилдөөлөрдү жүргүзбөстөн, б. а. кошумча иликтөөлөрсүз, алынган маалыматтарга ылайык чек араларды белгилеп каттоону жүзөгө ашырат.

Жайыт белеттеринин негизинде жайыттарды үч жылдан ашык пайдалануу укугу Мамкаттоодон (кыймылсыз мүлккө укуктарды каттоо боюнча райондук башкармалыкта) милдеттүү түрдө өткөрүлүүгө тийиш.

Жайыт белеттеринин негизинде жайыттарды үч жылга жетпеген мөөнөткө пайдалануу укугу белет кармоочунун каалоосу боюнча катталышы мүмкүн (“Жайыттар жөнүндө” Мыйзамдын 16-бер.).

# Ченемдик укуктук актылардын тизмеси

1. Кыргыз Республикасынын Конституциясы
2. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарын шайлоо жөнүндө» 2011-жылдын 14-июлу N 98
3. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Кыргыз Республикасындагы географиялык аталыштар жөнүндө» 1997-жылдын 25-сентябры N 67
4. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Кыймылсыз мүлккө жана аны менен болгон бүтүмдөрдү укуктарды мамлекеттик каттоо жөнүндө» 1998-жылдын 22-декабры N 153
5. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Юридикалык жактарды, филиалдарды (өкүлчүлүктөрдү) мамлекеттик каттоо жөнүндө» 2009-жылдын 20-февралы N 57
6. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Эркектер менен аялдар үчүн бирдей укуктар менен бирдей мүмкүнчүлүктөрдүн мамлекеттик кепилдиктери жөнүндө» 2008-жылдын 4-августу N 184
7. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» 2004-жылдын 24-майы N 69
8. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өзалдынча башкаруу органдарынын карамагында турган маалыматтарга жетүү жөнүндө» 2006-жылдын 28-декабры N 213
9. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жамааттар жана алардын бирикмелери жөнүндө» 2005-жылдын 21-февралы N 36
10. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жергиликтүү мамлекеттик администрация жөнүндө» 2011-жылдын 14-июлу N 96
11. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө» 2011-жылдын 15-июлу N 101
12. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Тынч чогулуштар жөнүндө» 2012-жылдын 23-майы N 64
13. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Муниципалдык кызмат жөнүндө» 2004-жылдын 21-августу N 165
14. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө» 2002-жылдын 15-марты N 37
15. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жер казынасы жөнүндө» 2012-жылдын 9-августу N 160
16. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Салыктык эмес төлөмдөр» 1994-жылдын 14-апрели N 1480-XII
17. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Кыргыз Республикасынын ченемдик укуктук актылары жөнүндө» 2009-жылдын 20-июлу N 241
18. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Нотариат жөнүндө» 1998-жылдын 30-майы N 70
19. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жайыттар жөнүндө» 2009-жылдын 26-январы N 30
20. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Ичүүчү суу жөнүндө» 1999-жылдын 25-марты N 33

21. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жарандардын кайрылууларын кароо тартиби жөнүндө» 2007-жылдын 4-майы N 67
22. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Кыргыз Республикасынын прокуратурасы жөнүндө» 2009-жылдын 17-июлу N 224
23. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жергиликтүү кеңештердин депутаттарынын статусу жөнүндө» 2000-жылдын 13-январы N 3
24. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Аксакалдар соттору жөнүндө» 2002-жылдын 5-июлу N 113
25. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасы жөнүндө» 2004-жылдын 13-августу N 117
26. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун финансы-экономикалык негиздери жөнүндө» 2003-жылдын 25-сентябры N 215
27. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Кыргыз Республикасынын администрациялык-аймактык түзүлүшү тууралуу» 2008-жылдын 25-апрели N 65
28. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Билим берүү жөнүндө» 2003-жылдын 30-апрели N 92
29. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Сууну пайдалануучулардын бирикмелери (ассоциациялары) жана сууну пайдалануучулардын бирликтери жөнүндө» 2002-жылдын 15-марты N 38
30. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Кыргыз Республикасындагы бюджеттик укуктун негизги принциптери жөнүндө» 1998-жылдын 11-июну N 78
31. Кыргыз Республикасынын Мыйзамы «Айыл чарба багытындагы жерлерди башкаруу жөнүндө» 2001-жылдын 11-январы N 4
32. Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодекси (I-бөлүк) 1996-жылдын 8-майы N 15
33. Кыргыз Республикасынын Граждандык Кодекси (II-бөлүк) 1998-жылдын 5-январы N 1
34. Кыргыз Республикасынын Жер Кодекси 1999-жылдын 2-июну N 45
35. Кыргыз Республикасынын Балдар жөнүндө Кодекси 2012-жылдын 10-июлу N 100
36. Администрациялык жоопкерчилик жөнүндө Кодекси 1998-жылдын 4-августу N 114
37. Кыргыз Республикасынын Салык Кодекси 2008-жылдын 17-октябры N 230
38. Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси 2004-жылдын 4-августу N 106
39. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүү боюнча 2013-2020-жылдарга карата чаралар жөнүндө» 2013-жылдын 28-июну N 383

    a. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын эмгек акы төлөө системасын өркүндөтүүнүн 2013-2020-жылдарга карата программасы

    b. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчысынын типтүү кызматтык нускамасы

    c. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жана муниципалдык кызматчыларынын ишине натыйжалуулуктун негизги көрсөткүчтөрүн пайдалануу менен баалоо жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө жобо

40. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнө караштуу Архитектура, курулуш жана турак жай-коммуналдык чарба мамлекеттик агенттиги жөнүндө» 2013-жылдын 24-июну N 372
41. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Кыргыз Республикасынын жалпы билим берүү уюмдарын каржылоонун ченемдик принцибине которуу жөнүндө» 2011-жылдын 20-сентябры N 563
42. Постановление Правительства Кыргызской Республики «О порядке передачи объектов в коммунальную собственность местных сообществ Кыргызской Республики» от 11 ноября 1996 года N 531
43. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүү тартиби жөнүндө» 2013-жылдын 13-сентябры N 515
    a. Жайыт ресурстарын мал жаюу менен байланышпаган башка максаттарга пайдалануу укугун берүүнүн тартиби жөнүндө типтүү жобо
44. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Муниципалдык менчик объекттерине инвентаризациялоо жүргүзүү жана мамлекеттик каттоону аяктоо жөнүндө» 2008-жылдын 16-октябры N 580
    a. Муниципалдык менчик объекттерине инвентаризациялоо жүргүзүү тартиби
45. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Кыргыз Республикасынын нормативдик укуктук актыларын расмий жарыялоо булактары жөнүндө» 2010-жылдын 26-февралы N 117
46. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишинин натыйжалуулугун баалоо жөнүндө» 2012-жылдын 17-февралы N 105
    a. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишин баалоо методикасы
    b. Кыргыз Республикасынын аткаруу бийлигинин мамлекеттик органдарынын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын ишине "Калктын ишеним индекси" жөнүндө жобо
47. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү өз алдынча башкаруусунун аткаруу органынын типтүү түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө» 2011-жылдын 4-августу N 451
48. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «"Жайыттар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча чаралар тууралуу» 2009-жылдын 19-июну N 386
    a. Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча мамлекеттик комиссия жөнүндө жобо
    b. Жайыттардын чек араларын белгилөө боюнча облустук жумушчу топтор жана жергиликтүү (райондук) комиссиялар жөнүндө жобо
    c. Жайыттарды пайдалануу үчүн акы белгилөө тартиби жөнүндө типтүү жобо
49. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Калктын ишке орношуусуна көмөк көрсөтүү жана кедейчиликти кыскартуу боюнча чаралар жөнүндө» 2012-жылдын 12-апрели N 240

a. Айыл аймагынын кредиттик кеңеши жөнүндө жобо

50. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана рефрендум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын Токтому «Кыргыз Республикасынын жергиликтүү кеңештеринин депутаттарынын күбөлүгү жана төш белгиси тууралуу жоболорду бекитүү жөнүндө» 2012-жылдын 16-марты N 49

    a. Положение о нагрудном знаке депутата местного кенеша Кыргызской Республики

    b. Положение об удостоверении депутата местного кенеша Кыргызской Республики

51. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы «Жергиликтүү маанидеги иштерди башкарууда Кыргыз Республикасынын жергиликтүү жамааттарынын өкүлдөрүнүн элдик курултайынын ролун жогорулатуу боюнча чаралар жөнүндө» 2001-жылдын 2-майы ПЖ N 152

    a. Жергиликтүү жамааттын өкүлдөрүнүн элдик курултайы жөнүндө жобо

52. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын ченемдик укуктук актыларын каттоонун тартиби жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу» 2010-жылдын 25-марты N 184

    a. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун өкүлчүлүктүү органдарынын ченемдик укуктук актыларын каттоонун тартиби жөнүндө типтүү жобо

53. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Кыргыз Республикасынын Нормативдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө» 2009-жылдын 8-декабры N 743

    a. Кыргыз Республикасынын Нормативдик укуктук актыларынын мамлекеттик реестрин жүргүзүү тартиби жөнүндө жобо

54. Кыргыз Республикасынын Шайлоо жана рефрендум өткөрүү боюнча борбордук комиссиянын Токтому «"Айыл өкмөтүнүн башчысын шайлоонун тартиби жөнүндө" Жобону бекитүү тууралуу» 2011-жылдын 27-декабры N 423

    a. Положение «О порядке избрания главы айыл окмоту»

55. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Айыл чарба багытындагы жер участокторун сатып алуу-сатуу тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» 2001-жылдын 13-августу N 427

    a. Айыл чарба багытындагы жер участокторун сатып алуу-сатуу тартиби жөнүндө жобо

56. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге бюджеттик ссудаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» 2011-жылдын 20-июну N 331

    a. Республикалык бюджеттен жергиликтүү бюджеттерге бюджеттик ссудаларды берүүнүн тартиби жөнүндө жобо

57. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Асылдуулугу төмөн айыл чарба жерлерин өздөштүрүүгө жана айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүгө берүүнүн тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу» 2008-жылдын 17-июну N 306

    a. Асылдуулугу төмөн айыл чарба жерлерин өздөштүрүүгө жана айыл чарба өндүрүшүн жүргүзүүгө берүүнүн тартиби жөнүндө Жобо

58. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Үлүштүк (түрткү берүүчү) гранттардын эсебинен каржылоо тартиби жөнүндө жобону бекитүү тууралуу»

2012-жылдын 29-июну N 462

a. Үлүштүк (түрткү берүүчү) гранттардын эсебинен каржылоо тартиби жөнүндө жобо

59. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобону бекитүү тууралуу» 2011-жылдын 23-сентябры N 571

a. Муниципалдык менчикте турган жер участокторуна менчик же ижара укугун берүүнүн тартиби жана шарттары жөнүндө типтүү жобо

60. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүүнүн шарттары жана тартиби жөнүндө типтүү жобо тууралуу» 2007-жылдын 22-июну N 243

61. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы «Жергиликтүү өз алдынча башкаруу чөйрөсүндө мамлекеттик саясатты жүзөгө ашыруунун кээ бир маселелери жөнүндө» 2012-жылдын 17-февралы ПЖ N 44

62. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдарынын кызмат адамдарынын нотариалдык иштерди жүргүзүүсүнүн тартиби жөнүндө Инструкцияны бекитүү тууралуу» 1999-жылдын 29-ноябры N 650

a. Жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу-тескөөчү органдарынын кызмат адамдарынын нотариалдык иштерди жүргүзүүсүнүн тартиби жөнүндө инструкция

63. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Теңөө гранттарын эсептөө ыкмасын бекитүү жөнүндө» 2011-жылдын 16-июну N 321

a. Теңөө гранттарын эсептөө ыкмасы

64. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн Токтому «Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама жөнүндө» 2012-жылдын 23-июлу N 517

a. Кыргыз Республикасында иш кагаздарын жүргүзүү боюнча типтүү нускама

65. Кыргыз Республикасынын айылдарынын жана поселкаларынын жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын кызматкерлеринин типтүү кызматтык нускамалары

66. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы «Кыргыз Республикасында муниципалдык кызматты камсыз кылуунун жана уюштуруунун негизги маселелери жөнүндө» 2006-жылдын 28-июну ПЖ N 327

a. Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызматчыларын аттестациялоону өткөрүү тартиби жөнүндө жобо

b. Положение о порядке проведения конкурса на замещение вакантной административной должности муниципальной службы Кыргызской Республики

c. Кыргыз Республикасынын администрациялык кызматты ээлеген муниципалдык кызматчыларына класстык чендерди берүү тартиби жөнүндө жобо

67. Кыргыз Республикасынын Президентинин Жарлыгы «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик кызмат орундарынын Реестрин жана Кыргыз Республикасынын муниципалдык кызмат орундарынын Реестрин бекитүү жөнүндө» 2013-жылдын 26-июну ПЖ N 145